Эл, эл болуш үчүн: жашоосун камсыздоочу, жолго коюучу, сактоочу инструменттери болуш керек. Өзүн сактоо үчүн кайсы бир эл салт, дагы бирөө дин, үчүнчүсү мыйзам жараткан. Аларды ойлоп таба албаган адамдар, өзүнчө эл болуп түзүлүп тарыхта кала алышпаган. Каада-салты күчтүү башка элдерге сиңип кетишкен. Ошондуктан, дүйнөдө ар түрдүү салттар, диндер жаралган. Бирок, алардын баары ар түрдүүчө жол менен бир Кудайга келишкен. Аалам боюнча бир эле Кудай бар экендигин түшүнүшкөн. Бул китепте болсо, ошол элдердин ичинен кыргыздар өз Кудайын кантип тапкандыгы, Кудайга кантип келгендиги жөнүндө, кыргыз каада-салттарынын адамды адам кылып, кыргыз кылып тарбиялоого кантип катышып жаткандыгы, салт менен диндин айырмачылыктары, алардын улуттун улут болуп турушундагы мааниси жөнүндө сөз болот.

Ошентип, буга чейин адамдын, коомдун жашоосун тейлеп келген Кудай жөнүндөгү түшүнүк, ага болгон ишенимди калыптоочу салт жана дин – ушул үч негиз болсо, эми төртүнчү болуп санарип кошулду. Санарипти коомдун жашоосун жакшыртуучу эң жогорку технология боюнча калтырбастан, аны адамзатка жаңы Кудай кылып бергени жатышат. Бирок, бул адамдардын колунан жаралган жакшы эмес кудай. Ал, адамдардын ичинен адамдык касиеттердин баарын кубалап чыгып, аны кубарган гана бир керектөөчүгө айлантуу максаты менен ойлоп чыгылган. Дүйнөдөгү эң кыйын адамдар (алардын бирөө Ч.Айтматов) санарип кудайдан сактап калчу эң күчтүү инструмент ар элдин өз эне тили менен элдик салттары экендигин билишкен жана ар түрдүү жолдор менен адамзатка айтып чыгышкан.

Бул китепте: санариптин адамдын өзөгүнө кирип алуудан сактап калчу эң күчтүү технология кыргыздарда, биздин – маркумду тиги жайга узатуу, аш-той берүү, жаңы туулган бөбөктү, жаңы келинди, жаңы күйөө баланы кабыл алуу ж.б.у.с. күнүмдүк жашоону тейлөөчү салттарыбыз, манасчылык, төкмөчүлүк өнөрлөрүбүз жана комуз күүлөрүбүз экендиги көрсөтүлдү. Анткени, санарип, адамдарды бири-биринен обочолонтуунун, бири-бирине болгон муктаждыктарды жок кылуунун, адамга адамдык сапат жөнүндө ойлонтпоонун, адамдык функцияларды болушунча азайтуунун технологиясы болсо, кыргыздын каада-салттары – мунун тескерисин жасоочу, адамдарды бириктирүүчү, бир-бирине муктаж кылуучу эң бир мыкты методдордун жыйындысы да. Ошондой эле биздин запасыбызда – оккульттук илимге болгон жөндөмдүүлүктүн каныбызда бар экендиги да турат. Ошондо айрымдардын "дүйнөнү кыргыздар сактап калат" деген фразасы жөн эле келжирегендик эмес болуп чыгат. Биздин негизги кенибиз Кум-Төрдүн алтыны эмес, ал биздин кыргыздыгыбыз экендигин түшүнүүгө убакыт келди. Китепте мына ушулар жөнүндөгү билимдер берилет...

ЧОКОЕВА Д.М.

# Кудай, дин, салт жана санарип

ЧОКОЕВА Д.М.

# Кудай, дин, салт жана санарип

УДК 63.5
ББК 39

**Эмгек Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин илимий кеңешинин уруксаты менен басмага берилди.**
**5-март, 2021 жылдын №6 протоколу.**

*Рецензенттер:* *филология илимдеринин доктору* **Д.Ж. Асакеева**
*филология илимдеринин кандидаты, доцент* **А. Оморов**

Чокоева Д.М. Кудай, дин, салт жана санарип.
Илимий популярдуу басылма. Жалал-Абад, 2021. -22 б.

**Акыл-эси жайында Адам чындыкка муктаж. Анткени, чындыкка негизденген жашоо гана маңыздуу, мазмундуу жана келечеги чексиз болот! Жалганга таянган жашоонун бир күнү сөзсүз кыйсыпыры чыгат.**

**Тамыр, тереңге кеткен жана туш-тарапка чартактаган тамырдан өсүп чыккан даракты шамал, добул тургай бороон-чапкын да аңтара албайт. Кыргыз эли ушундай тамырыбыз тереңге кеткен жана туш-тарапка чартактаган элбиз. Биздин тамырыбыз – тарыхыбызда, каада-салттарыбызда, нарк-нускаларыбызда чагылдырылган улуттук чындыгыбыз, улуттук билимибиз менен бекем байланышта турат. Бул китеп ошол улуттук чындык жөнүндө. Ким бул китепке каршы чыкса, демек, ал, улуттук чындыкка каршы. Демек – улуттун өзүнө, анын атындагы мамлекеттүүлүккө каршы.**

УДК 63.5
ББК 39

© Чокоева Д.И.

## Мазмуну

**Алгы сөз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 7**

### I БАП
### КУДАЙ – АБСОЛЮТ

Кыргыз элинин динге чейинки
Кудай таануусу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .17

Асмандан түшкөн ыйык китеп түрк тилинде болгон... . . .19

Бир Кудайга сыйынуу теңирчиликтен
башат алат... . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .20

Кудай менен диндин ажырымы . . . . . . . . . . . . . . . . .21

Теңирчиликтин келечеги алдыда . . . . . . . . . . . . . . . .22

Адамдарга дин эмес сүйүү жана билим керек . . . . . . . . .22

КУТ деген эмне? . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .27

"Шумер тили, бул түрк тили..." . . . . . . . . . . . . . . . . .28

Кыргыз салттарынын башка элдердин тарыхында
ойногон ролу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .29

Элчи М.Абыловдун айткандары менен профессор
С.Кайыповдун жазгандарынын дал келиши . . . . . . . . . . .35

### II БАП
### ТОТЕМИЗМ ЖАНА КЫРГЫЗДАР

"Манас" жана теңирчилик. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .41

Теңирчилик жана буддизм . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .45

Дагы бир жолу Теңирчилик жөнүндө же
Ватиканда эмне болду эле? . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .47

Мухаммед пайгамбардын Меккеден куулгандыгынын
чыныгы себеби . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .49

Теңирчиликтин – кыргыз
философиясындагы орду .....................52
Теңирчиликтеги Аккан Суу жайы.... .....................56
Теңирчилик жана Саймалуу-Таш .....................60
Сафед Булан – кимдер үчүн
ыйык болууга тийиш?.....................63
Чубак ажы Жалилов исламдын
Орто Азия боюнча эң кубаттуу түркүгү эле... .....................65
Баягы түгөнгөн сайын түтөгөн
кыргыз кайда? .....................68
Дүйнөнү дүрбөлөңгө салган алааматтан
сактачу күч кайда?.......................70
Кыргыз эли сырттан кирген диндерге
карата кандай мамиледе болгон?.....................72
"... Араптар алып келген ислам
Орто Азиядагы аялдарды күңдүн
деңгээлине түшүрдү".....................79
Кыргыздардын азыркы учурдагы
диний абалы, же, молдолордун
теңирчиликке коркунучтуу түр берүүгө
аракеттенүүлөрүнүн түпкү себептери.......................80
Манасты мусулман кылуу аракетинин
артында эмне жатат?.....................83
Иудаизм, христианчылык, ислам жана
алардын проповедниктеринин
моралдык жүзү .....................88
Адам, Лилит, Ева – үч бурчтугу.....................91
Кудай менен эркиндиктин эгиздиги жана
диндин аларды ажыратууга болгон аракети .....................92
Мухаммед пайгамбар жана
анын кураны .....................94

Кыргызга пантеисттик жана оккульттук
билим көбүрөөк жеткиликтүү .................... 113

Кыргыз калпагын тааныган чөйрөдөн,
кыргыздын руханий башатын издөө керек.............. 116

радикалдык Исламдын зыяндары .................... 118

Депутаттарга, өздөрүнүн иши жүрүшүп,
иттери чөп жеп турса гана болгону.................... 121

Курандын эне тилге зыяндуулугу, же,
сыйынуу сөздөрүн эне тилде
жүргүзүүнүн мааниси................................ 122

Кыргыз адабиятында пантеизмдин
чагылдырылышы .................................. 124

Чыңгыз айтматовдун улуттук
рух таржымалына киргизген оңдоосу .................. 126

Кыргызстанда мусулмандардын өздөрүнө
ашыкча укук ыйгарып алышына эмне үчүн
жол берилип жатат?................................ 129

## III БАП
## САЛТ

Салт дегенибиз эмне? .............................. 131

Өлгөнгө кошок кошуп, өкүрүү керекпи, же.............. 133

Элмирбектин эрте өлүмүнүн
философиялык мааниси ............................ 137

Ч.Айтматов таап чыккан биринчи
улуттук чындык.................................... 140

Абиш Кекилбай уулу .............................. 143

Ювеналдык юстициябы, же, кыргыз салтыбы?......... 145

## IV БАП
## САНАРИП ДЕГЕН ЭМНЕ?

Төкмөчүлүк, манасчылык жана санарип . . . . . . . . . . . . . . . . 150
Маңкурт жасоонун азыркы технологиясы . . . . . . . . . . . . . 158
Көчмөн духтун жаңы формасы жана мазмуну . . . . . . . . . . 159
Эсил кайран СССР, эми кайдан көрөлү... . . . . . . . . . . . . . . . . . 160
Суверендүүлүктүн бийик баасы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 162
Адам боюнча калуу үчүн күрөшүү керек... . . . . . . . . . . . . . . 165

Шилтемелер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 166
Колдонулган адабияттардын тизмеси . . . . . . . . . . . . . . . . . . 167

# Алгы сөз

Элдин турмушу дайыма улуттук архетип менен утурумдук саясаттын тынымсыз күрөшүнүн аренасы болуп келген. Бирок, тилекке каршы, андай түбөлүк согуштук абал бардык адамдардын көзүнө урунуп, акыл-сезимдерине туюла бербейт. Атышуу, чабышуу болбосо эле, көпчүлүк адамдар: тынчтыкта жашап жатабыз деп ойлошот. Күрөшсүз жашоо жок. Ал дайыма жүрүп турат. Бул күрөштө мамлекет жеңилип калбаш үчүн: карапайым адамдардан турган көпчүлүк масса – улуттук архетиптен (улуттук түп аң-сезимден деген мааниде) ажыратылып калбашы керек. Алар архетипке каада-салттар, аларды ишке ашыруучу ритуалдар аркылуу байланышта болушат. Ошондуктан, улуттун ичинде: улуттук каада-салтка каршы турган күчтүн пайда болушу, этносту алсыздандырат, ал эми этностун алсызданышы – адамдын денесин акырындык менен жок кылган рак шишиги сыяктуу, улутту жок кылуучу коркунучтуу ооруга дуушар кыла тургандыгын профессор Л.Н.Гумилев өзүнүн этногенез жөнүндөгү көлөмдүү эмгегинде жетишээрлик ачык-айкын көрсөткөн. Азыр кыргыз мамлекетинде көрүнүш ушундай: улуттук жашоону кимдир-бирөөлөр учка (дүйнөлүк түрдүү тенденцияларды ээрчип, ошолорго берилип алган учурдагы утурумдук жашоо философиясына, модага), кимдир-бирөөлөр түпкө (түп үлгүгө, архетипке, каада-салтка) сүйрөсө, ал эми дагы бир топтор (молдолор) кыргыздарды кыргыздыгын унуттуруп, зилин араб кылууга аракеттенишүүдө (алар максатына жетүүгө аз эле калышты, дал ушундай кырдаал, мени ушул китепти жазууга мажбурлады). Ар бир топтун өзүнүн идеологиялык, саясий, экономикалык, географиялык, маданий жана башка кы-

зыкчылыктары бар. Ушул жүрүп жаткан күрөштөрдү карап турсаң, эң алсыз звено – улуттук, мамлекеттик кызыкчылыкты коргоочу топ экендиги байкалат. Анткени, алардын артында коргон болуп турган бийлик да, акча да жок. Карандай патриоттук сезимге таянып гана иш жүргүзүп келе жаткандар. А бийликчи? Бийликтегилердин арасында кыргыздарды мусулман кылууга ашкере умтулуп жаткандарга лоялдуу карагандар көп. Ошондуктан, исламды рекламалоодо биздин мамлекетте эч кандай чек жок, аларга бардык деңгээлдеги трибуналарда ээн-эркин, каалашынча, улуттук баалуулуктарды жактоочулардан мурда жол берилет...

Кыргыз мамлекетинин идеологиялык майданында – исламчылардан кийинки эле таасирдүү оюнчулар – бей өкмөт уюмдар. Мамлекетибизде алар киришпеген тармак жок. Булардын эң коркунучтуу жагы – мыйзамдарга көптөгөн сунуштарды берип, өткөрүп да жатышкандыгында. Ушулардын сунушу менен кабыл алынган билим берүүгө киргизилген өзгөртүүлөр, билим алуучунун пайдасына эмес жакка өзгөрүлүп жатканына өзүбүз күбө болуудабыз. Ошондой эле алар тарабынан: түпкүлүктүү элдин дүйнө таанымына, маданиятына, менталдык өзгөчөлүгүнө жат көрүнүштөгү ар кандай иш-аракеттер ашкере ойлук менен, эч кандай этияттануусуз, коомчулукту "жаакка чапкандай" одоно түрдө өткөрүлүп жатышы, бул күчтүн дагы биздин мамлекеттеги таянган тоосу бийик экендигин айгинелейт, мисалы, мамлекеттик башкы музейде (байкалбаган булуң-бурчта эмес) жылаңач аялдардын көргөзмөсүнүн өтүшү, "мен чай куйбаймдардын" ызы-чуулуу парады, сексуалдык азчылыкты колдоо иш-чараларынын тез-тез болуп турушу, ал эми америкалык каралардын өкүлү Жорж Флойддун өлүмүнө карата бир кишинин болсо да пикетке чыгышы, кыргыз мамлекетинин борбордук аянты – ар түрдүү максаттагы дүйнөлүк саясий оюндардын майданы экендигин ашкере далилдеди. А чындыгында кандай болушу керек эле: **"Белгилүү болгондой мамлекет мамлекеттүүлүгүн өтө кыйкымчылдык жана өзүмчүлдүк менен коргобосо – ал мамлекет эмес. Эгерде мамлекет күчтүү болгусу келсе, өз күчү менен жашагысы келсе, анда ба-**

**рып турган кыйкымчылдык жана өзүмчүлдүк менен мамлекетин күн сайын, саат сайын куруп жүрүп отуруушу керек**", – деп жазат эксминистр М. Иманалиев.

Биздин мамлекет башчылардын жогоруда аталган үч топтун кайсынысына приоритет берип жаткандыгы билинбейт. Кырдаалдарга жараша ар кандай мамиледе болуп эле келатышкансыйт. Ошондуктан, мамлекетибизде улуттук идеология жүргүзүлүп жаткандыгы эч сезилбейт. "Ата Мекен" партиясы шайлоого катышарын билдирип чыккан платформасында: **"биз ата-бабаларыбыздын каада-салтына келгенде консерваторбуз"** деп белгилегендиги, алардын учурдагы эң көйгөйлүү проблеманы көрө алгандыгын көрсөттү. Эми бул маселе, беш-он жылдан кийин гана ачыкка чыкчу, азыр инкогнитый (көмүскө) абалда жаткан жери жок, апазыр эле, апачык эле көрүнүп турат. Бирок, баары бир, ал көрө ала турган көздөргө гана көрүнөт (илим менен куралданган адамдарга гана дегеним). М.Иманалиевдин биздин мамлекеттин башында тургандар эске алууга тийиш болгон дагы бир таамай оюн келтире кетейин: "**Мамлекет-коом-индивид деген белгилүү "үчтүктө", кээ бир өнүккөн мамлекеттерде индивид эң маанилүү субъект болуп эсептелет. Анан коом, мамлекет акыркы гана орунда. Бирок, турмуш практикасы, айрыкча кризис жана коллапс убактары мунун тетирисин көрсөтүүдө. Демек, ал өлкөлөр сунуштаган амалдуу иерархияга байланып отурбай, өзүбүздүн азыркы кыйчалыш мезгилге ылайыкталган улуттук схемабызды иштеп чыгуубуз керек".** Ал эми Ч. Өмүралиев: "Адам укугу баарынан бийик, эл, улут, мамлекет укугунан да бийик" деп, ичтен элди курутууга багытталган азыркы амалпараздардын бет пардасын көчмөн демократия эчак эле жылаңач сыйрып: "Жок, улут, эл баарынан бийик, эл аман болсо гана, эл ичинде сен аман!" деп тарыхтын кашка Жолу алда эче жолу какшап айткан ашкан диалектикалуу ачык жоопту алда эбак айтып салган" [1, 134] дейт. Демек, дин эркиндигин улуттук кызыкчылыктарга каршы пайдаланып жаткандарга, демократия деп анархия менен охлократияга жол берип жаткандарга карата адекваттуу мамлекеттик мамиле иштелип чыгуусу керек.

Дагы бир мамлекетибизди артка тартып жаткан субъект – жалпы **кайдыгердигибиз** жана өз абалыбызды терең **аңдабандыгыбыз**. Негизи, кайдыгердик жана аңдабоо – экөө эгиз бир тууган. Бирисиз экинчиси жок. Абалды терең аңдай албоо – бул, билимсиздиктен келип чыгат. Ал эми аңдабагандык адамдарды кайдыгердикке түртөт. Демократиялык өлкөдө: көпчүлүк акылдуу, билимдүү, демек аңдагыч болсо, ал мамлекет өсөт-өнүгөт. Көпчүлүк биздегидей болсо, мамлекеттин тагдыры биздикиндей болот. Жанагы Сыймык Жапыкеев деген жигит биздин улутка укмуш туура аныктама берди: "кыргыз деген кеп жебейт да" – деп. "Бир тупой кыргызды көргөн жокмун, баары эле гений" деп. Сыймык Жапыкеев өзү көтөргөн маселелердин себеп-натыйжаларын так аныктап, алардын ортосундагы байланыштарды ачып жана аларга туура баа бере алгандыгы үчүн (билим менен аңдоо катар жүрө тургандыгы ушундан көрүнүп турат), анын сөзү убагында көпчүлүккө жетип, популярдуу боло алды. Ошондуктан, Ө.Текебаев бул кубулушту "Сыймыктын феномени" деп баа берди. Сыймык какшыктагандай, бизде караңгы, наадан, бирок, өздөрүн гений сезген адамдардын көптүгүнөн демократиянын жоопкерчилик жагы такыр элес алынбай, демократия деген ар ким каалаганын кылуу деп түшүнгөн – анархиялык, демагогдордун ширин тилине алданган охлократиялык түшүнүктөгү адамдардын үстөмдүгү көп жылдар бою жүрүп келди. Биздин коомчулукта "Менин пикирим жаңылыш болуп калышы мүмкүн" деген шектенүүсүз, чындыкты түз айткан адамга, демагогдордун көзү менен карап жатканын түшүнбөстөн "баланча мага жакпайт" деген субъективдүү пикирин айныбас көз караш катары жылдап-жылдап тутунуп жүргөн, көзү, көкүрөгү жабыктар өтө көп. Адам өзүнүн билбегенин билиш үчүн да оңор эмес билимдүү болушу керек. Биздин улуттун көпчүлүгү, ошол билбегенин билген билимден өтө алыс калгандыгы, ушунча мезгил социалдык, экономикалык, идеологиялык туташ кризистен чыга албаганыбыздын негизги себеби болуп келди деп ойлойм. Казанда эмне болсо, чөмүчкө ошо чыгат дегендей, бийликке дагы негизинен: билимге маани бербегендер, илимге таянып иш жүргүзүүнүн терең сырын түшүнбөгөндөр келип

алып, дөдөмөл-жоромол менен башкарып отуруп, бүгүнкү күндө, эл эле эмес бийликтин өзү идеологиялык, моралдык-нравалык терең кризиске батканын түшүнбөй отурат. Эгемендүүлүк алгандан бери чейрек кылымдан ашуун убакыт өтсө деле, башкаруунун бекем принциптери иштелип чыгылбады. Тескерисинче, мурда бар принциптердин баары талкаланып, азыр бизде бузууга болбой турган мыйзам, андан аттап кетүүгө болбой турган чектер калбады. Бийлик ээлеринин каалоосуна жараша баары боло бере турган болуп калды. Мындай абал, башкаруунун туруктуу принциптеринин жоктугу чындыгында абдан коркунучтуу. Ал эми президентикке, депутаттыкка улам барган сайын билими тайыз, интеллектиси төмөн адамдар талапкер болуп жатышкандыгы, шайлоочулар айласыздан ошолордун ичинен президентти жана депутаттарды тандоого аргасыз болуп жаткандыгы, бул коркунучту жүз эселентип көбөйтөт (2020-жылдын 5-6-октябрь күндөрүндөгү бийлик алмаштыруу, түбөлүккө орноп калгандай сезилип жаткан бул системаны биротоло талкалады, улуттук аңдообуз алдыга карай бир чоң секирик жасады деп үмүттөнгүбүз келет). Биз бул абалдан чыгыш үчүн, жок дегенде, элдин 70-80 пайызы кризистин себептерин терең түшүнүүсү керек. Ошондуктан, мамлекетибиздин улуттук идеологиясы кандай болуш керек эле, а чындыгында кандай болуп жатканын ачып берүү максатында колуңуздагы китеп жазылды урматтуу окурман. Биз илимге бет буруп, жагдайыбызды тереңден аңдап билбесек, адашуунун чытырманынан чыга албайбыз, ушул жаатта менин китебим Сизге анча-мынча билим бере алса, мен көздөгөн максатыма жеткен болом.

Китепте: Кудай-Абсолют, эң байыркы кыргыздардын Кудайды табышы жана таануусу, башкача айтканда, улуттун өздүк рухий дүйнөсү алгач кандай болгондугу көркөм чыгармачылыгында жана каада-салттарында, турмуш-тиричилигинде жана дүйнө таануусунда кандайча чагылдырылгандыгын изилдеген окумуштуулардын ой-пикирлери комментарияланат, улутубуздун тарыхый жолунда жолуккан диндер жана аларга карата элдин мамилеси, улуттук салттар, алардын азыркы учурдагы актуалдуулугу жана мусулманчылыкка жаштардын жапырт радикал исламдын

жолуна түшүүсүнүн коркунунчтуулугу аргументтер менен бекемдеп берүүгө аракет жасалат, акырында санариптин маңызы жөнүндө түшүнүк берүүгө аракеттендим. Кандайча жаңы жогорку технологиялардын ээлери, санарипке адамдын сырткы жашоосун эле эмес, ички дүйнөсүн багындырып, аны жаңы кудайга айлантуу аракеттерин көрүп жаткандыгын жана андан сактануунун жолдору жөнүндө маалыматтарды бердим. Мында, биз, **бул маселелердин тарыхын жана теориясын айтып отургандан качып**, чоң окумуштуулардын пикирлерин, илимий ой-корутундуларын жана эң акыркы маалыматтарды калктын калың катмарына багыттап, ошолорго түшүнүктүү тил менен жалпылап берүүгө аракеттендик.

Теңирчилик менен мусулманчылыктын айрым негизги принциптери: Ч.Өмүралиевдин "Теңирчилик", С. Алескеровдун "Великий пародокс, или, Два почерка в Коране" деген китептеринен кеңири мисалдар менен берилди.

# I БАП

# Кудай – Абсолют

Дүйнө өзгөрүп жатат. Ал өзү өзгөрмөйүнчө турбайт. Себеп: дүйнө дайыма диалектикалык мыйзам боюнча аракетте болот. Ал эми диалектиканы эч ким жараткан эмес. Ал дайым бар болгон. Демек жок да болбойт. Жаңы төрөлгөн бөбөк билинбей чоңоюп отуруп өспүрүмгө, уланга, жигитке, кишиге, мойсопутка, карыяга айланып анан акырындык менен жоктукка төнүп кетет эмеспи. Бар болуудан жок болууга чейинки ушул жол жаралгандын баарына таандык. Жаралгандын үстүнөн жаралбаган, дайыма бар болгон нерсе гана үстөмдүк кыла алат. Себеби, ал түбөлүктүктүн эсебинен утат. Ошондуктан, жаралбаган, өзүнөн-өзү бар болгон нерсеге эч ким, эч нерсе үстөмдүк кыла албайт. Анткени, ага үстөмдүк кылганга эч кимдин, эч нерсенин өмүрү жетпейт. Дүйнөдө андай нерсе бирөө гана: ал Кудай. Ал эми диалектика физикалык мыйзам катары кыргыз аң-сезиминде – Кудайдын бир аспектидеги персонификациясы катары болгондугу оозеки көркөм чыгармачылыгында кеңири чагылдырылгандыгы китепте Жеңижоктун ырларынын мисалында берилет.

Кудайды, ар бир эл, эл болуп жаралгандан баштап эле тааный баштайт. Ошондуктан, дүйнөдө Кудайдын аталышы өтө көп. Кээ бир элдер болсо аны эч бир атабай, эч нерсе дебей туруп тааныйт. Ошондуктан, Кудайды таанызбаган атеисттик дин деп эсептелген буддизмдин негизин да абсолюттук аң-сезимдин бардыгы, ал адамдын өзүнүн аң-сезиминин терең түпкүрүндө жайгашкандыгы жөнүндөгү философия түзөт. Ал эми кыргыздардын, дегеле, түрктөрдүн Кудайынын эң алгачкы аты Теңири болгон деген көз караш жашап келген. Бирок, бүгүнкү күндө бул түшүнүккө өзгөртүүлөр, тактоолор киргизилүүдө: “Кудайдын Теңир деген аты – адамзатка белгилүү болгон Кудайдын эң байыркы

аты. Бирок, мындай деп айтуу да кайсы бир деңгээлде шарттуу. Бул ишеним – кайсы бир өзүнчө элдин, коомдун маданиятына таандык эмес, ал планетанын кандайдыр бир өзүнчө аймагы, ал тургай кайсы бир пайгамбардын же пайгамбарлардын аты менен байланышы жок. Бул дин ишеними универсалдуу, ал Жашоонун өзүнүн уңгусун түзөт жана анын тарыхы бардык адамзатка таандык. ... Кудай-Теңир бул абсолют, андан башка бир дагы Кудай жок. Ал Өзү Өзүнөн жана Өзү Өзүндө жараткан Дүйнөдөн башка эч кандай абалдагы Дүйнө да жок. Демек, Жаратkандын образы улуу Космос мейкиндиги менен ажырагыс байланышта экендиги бул дин ишениминде табигый нерсе болгонун эске алуу керек"[1]. Ушундай себептен улам: Теңир түрк тилиндеги Кудайдын аталышы деп энчилеп алганыбыз туура болбойт. Теңири – бул Кудайды билдирет, кудайдын синоними деген түшүнүк менен катар Теңири Кудайга чейинки түшүнүк же шаты болгондугу жөнүндөгү көз караш да байыртан эле жашап келгендиги көрүнөт. "Жараткандын образы улуу Космос мейкиндиги менен ажырагыс байланышта экендиги бул дин ишениминде (теңирчиликте-Ч.Д.) табигый нерсе болгонун эске алуу керек" деп физик окумуштуунун жогоруда эскерилген эмгегинде айтылгандай, Мухаммед пайгамбардын: Ибрагим пайгамбардын да кудайды таануу жолунда мындай баскычтан өткөндүгү жөнүндө куранда сөз кылган жери бар.

Дүйнөдөгү бүткүл нерсе Кудайдын курсагында, т.а. өзүндө турат. Же тагыраак айтканда, Кудай курчап турбаган эч нерсе жок. Ошол бүткүлдүн ичинен бир гана адам айлана-чөйрөсүн, өзүн Кудайдын курсагында турганын тааный алган аң-сезимдүү жаныбар. Ошондуктан, адамзаттан чыккан акылдуулар Кудайдын кандай экендиги жөнүндө төмөнкүдөй түшүнүктөрдү калтырышкан: "Бул жердеги, адамдагы рух жана тигил жактагы, Күндөгү рух – карап көрсөң: бул Бирдиктүү рух жана эч кандай башкасы жок", – Таиттирийя Упанишада. "Ал жада калса ташта да бар", – Риг Веда. "Бардык нерседен Мени көргөндөр жана Мендеги бардык нерселерди көргөндөр үчүн Мен эч качан жоголбойм жана ал

[1] Кадыров Д. Уңгу талаа таануу. Б.: 2014, 40-б.

Мен үчүн эч качан жоголбойт" –Дьяхна Йог. "Кудай ар түрдүү жол менен бардыгында болот", – 1.Кор.Евангелие[2]. ЖАМУнун кыргыз тили кафедрасынын доценти, филология илимдеринин кандидаты А.Оморов дайыма айтат: "менин бир тууган агам Абсамат Оморов, совет мезгилинде эле Бухарадан ислам дини боюнча билим алган адам болгон. Кийин орто мектепте тарых мугалими, мектептин директору болуп өмүрүнүн акырына чейин иштеди. Ал кезде дин жагынан эң илимдүү деп биздин чөлкөмдө Мусулманкул ажы эсептелчү. Бирок ошол Мусулманкул ажы "Куранды" таржымалоодо "Абсамат менден мыкты, анткени араб тилин кадимкидей билет", – дечү. Бирок, агамдын айылдын молдолору менен такыр ыркы келишчү эмес, эч нерсе билбей туруп молдо болуп алгандарды, анан оронуп алгандарды жининдей жаман көрчү. Кыздардын ичинен оронуп алгандарды мектепке киргизчү эмес: "бул арабдардын кийими, алардын климаты, географиялык шарты ушул кийимге ылайык. Анын үстүнө, кайсы бир деңгээлде улуттук менталитети", – дечү. Өзүн аябай эркин тутчу. Анан ошол агам айтат эле: "Кудай бардык жерде. Башыңдын эле эмес, бутуңдун айланасында да Кудай турат" –деп. Кудайдын жайы дал ушундай, анын баарында адамдар үчүн жыргал, бейиштей гана жайлар бар жана алар Кудайды тааныгандар жана тааныбагандар үчүн бирдей. Кудай өзүн тааныбаганды (таанууга жетише электи), же, аны "жок" деп кабыл албаганды деле курчап тураарын ушундан билсе болот. Бирок, адегенде ошол Кудайдын кооз жерлерин бейиш деп эч ким атаган эмес, антип атоону эч ким билген да эмес. Бара-бара адамзаттын ичинен Кудайга жеке ээ болуу, аны менчиктеп, өз кызыкчылыгына кызмат кылдыруу аракети башталган. Алар адамдарды Кудайды тааныган жана тааныбаган деп бөлө башташкан. Кудайдын жерин бейиш-тозок деп бөлүп, адамдарды бири менен коркутуп, экинчиси менен алдап киришкен. Кудайды тааныйбыз деп эсептегендер, бири-биринин Кудайды таануу жолун жактырышпай, өз араларын катуу чектер менен бөлүшкөн. Ар кимиси өз тарабына көбүрөөк адамдарды тартууга аракет кылышкан. Ар түрдүү

[2] Ошондо. 41-б.

(тили, дини, расасы боюнча) элдерди Кудайды таануунун ошолорго гана туура келген жолун кабыл алууга мажбурлашкан. Мындай кыл чайнашкан кырчылдаштын жолунда жеке адамдар эле эмес, элдүү эли менен кырылып жер жүзүнөн жок болушкан, этностор өзгөргөн (мисалы, арабдар согдиан элинин эркектеринин баарын кырып салышып, перстердин эркектерин сүрүп келип, согдианкаларды ошолорго тийүүгө мажбурлагандын негизинде, тажик эли келип чыккан деп жазылат илимий булактарда). Жер планетасында мындай кыргындын себепкери кайсы дин болгондугун түшүнүп турасыздар да. Ооба, албетте, ислам. Исламды жайылтуу максатынын айынан абыгер чеккен элдердин катарында биздин ата-бабаларыбыз да бар жана алар, исламдын айынан өзүнүн тарыхынан, маданиятынан, китептеринен жана эң негизгиси жазуусунан кол жууган. Ислам момунчулукту пропагандалаганы менен дүйнөгө үстөмдүк орноткусу келген жоокердик дин катары белгилүү[3].

Ааламдын бир жакка аңтарылып кетпей кармалып турушунда ошол физикалык кубулуштун (Кудай аталган ) объективдүүлүгү, анын күчтүү менен алсызга, бай менен кедейге, оору менен соого бипбирдей, алардын ниети кандай болсо, ошондой гана жооп кыла алышы себепкер экендигин бардык адам терең түшүнгөнгө жетишсе, бирөөгө жамандык жасаган адамга, ал жамандык кандайдыр бир жол менен качандыр бир кезде, сөзсүз түрдө, кайрылып өзүнө келерин түшүнсө гана дүйнөдө жамандык азаймак. Диндердин түпкү максаты ушул чындыкты адамдарга жеткирүү болгону менен диний тапсирчилердин көпчүлүгүнүн бул жолдо түз кетпегендигининин натыйжасында, дин Кудайдын жолунан башка багытка бурулуп, "Кудай башка, дин башка" экендигин далилдеген, баш айлантма лабиринтке айланып кеткендиги, динге ишенгендердин көпчүлүгүнүн тагдырын жеңилдеткендин ордуна оорлотуп, аларды жакшырткандын ордуна агрессивдүүлүгүн ашынтып: мусулманчылыкты мурдагыдай чени менен кабыл алгандар

[3] Куранды араб тилинде 50 жолу кайталап окуп чыккан Самир Алескеровдун пикири боюнча исламды жоокердик дин кылып калыптандырган дал Мухаммед пайгамбардын өзү болгон. Ошентип, ал, курандагы өзүнүн сөзүнө дагы, кудайдын эркине дагы каршы чыккан (Булак: интернет: С.Алескеров. Великий парадокс, или два почерка в Коране).

менен кабыл албагандарга каршы жан дүйнөсүндө согуш жарыялаган (кыргызстанда ал согуштун сыртка чыгаар мезгили күн сайын жакындоодо) сакалчан, чапанчан, хижапчан исламдын фанаттарына айлантууда. Аларды жөнжай турмушта, өз жашоосу менен жашай албай тургандай психоздук абалга жеткирип коюуда...

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ДИНГЕ ЧЕЙИНКИ КУДАЙ ТААНУУСУ

*"Былк этпейт дүйнө Чын кеме*
*Баарыбызга Жер эне"*
*Жеңижок*

**Кыргыздардын Күн, Асман, Жерди ыйык катары тааныган мезгили.** Философия илимдеринин доктору, профессор Ш.Акмолдоева: "...Манас эмнеден жаралса, же, эмнеден төрөлсө ошонун баары жогорку дүйнө – Асманга, төмөнкү дүйнө Жерге тиешелүү болуп айтылаарын: Манастын "Айдыңынан ай корккон//Күлпөңүнөн Күн корккон" же, "Айың менен күнүңдүн//Бир өзүнөн бүткөндөй// Алды калың кара жер//Жердигинен түткөндөй" [2, 25] деген сыяктуу эпостогу айтылуу саптарды мисалга тартат.

Ушундай эле маанидеги пикирлер Кыргыз илимдер академиясына мүчө-корреспендент, профессор Р. Кыдырбаева тарабынан мындай деп билдирилген: "Төбөсү ачык көр урсун//Төшү түктүү жер урсун" деген, эпосто көп айтылган антты келтирүү менен "Байыркы кыргыздар асман, жер, сууну ыйык тутуп сыйынышкан, алар жөнүндөгү өздөрүнүн мифтерин жаратышкан" [3, 18]. Ал эми профессор М. Борбугулов: "Алп Манас белгилүү бир мезгилде жан-жаныбарга өмүр берген күндүн образы болсо, б.а. мифтик образ болсо, бара-бара ал көп ирет өзгөрүп, кайра иштелип, терендеп жана кеңий берген" [4, 17]. Байыркы грек булактарында "... түрк тилдүү уруулар байыркы учурда жерди ыйык тутуп, анын урматына гимндерди жаратышкан" деп жазылганын, ошондой эле "912-922-жылдары Волганын боюнда жашашкан түрк тилдүү элдердин арасында болгон

араб саякатчысы Ахмед ибн-Федлан алардын (түрктөрдүн) көпчүлүгү Жерди Кудай тутуп сыйынышат” деп жазганын келтирет. Профессор М.Борбугулов жогоруда сөз болгон изилдөөсүндө: Манастын кудайлык касиеттери “Манас” эпосунун кийинки варианттарында “Айың менен күнүңдүн//бир өзүнөн бүткөндөй” деген сыяктуу, каарманды (Манасты) шөкөттөөчү көркөм каражаттарга айланып кетсе, эпостун көөнө варианты “Алып Манашта” чүмбөттөлбөстөн ачыктан ачык эле, алп Манас (Алып-Манаш) жерге жарык, турмуш берген Күн түрүндө көрүнөт. Каардуу Акандын (кыштын) туткундарына ал минтип кайрылат:

Азат бердим силерге,
Турбагыла бу жерде.
Катын-бала – баары калбастан
Баргыла өз жериңерге кеткиле.
Жер дагы, азык дагы
Жетет анда баары

Ушинтип, Алп Манас (Алып-Манаш) жөн эле баатыр эмес, дүйнөдөгү бардык нерсенин булагы. Андай булак бирөө гана – Күн” [5, 18].

“Чыгыш менен Батыштын элдери баары бирдей: эң байыркы кездерде Жерди өздөрүнүн энеси катары таанышкан” – жазылат илимий булактарда (грек мифтери Жерди баар-жокту өзүнөн чыгаргандыгы үчүн, аны төрөгөн аялга, ал эми асманды – жер үстүнө көмкөрүлгөн эркекке салыштырган-Ч.Д.) ... Ошондой элдердин катарында кыргыздар (түрктөр) да болгондугун, кыргыз адабиятынын азыркы өкүлү Ч.Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестиндеги “Жер-Толгонай” параллели тастыктап турат. Повесттеги бул линияны, дал ушул элдик эс-тутумдун уландысы катары кароого толук негиз бар жана мындай көрүнүштөр: жер-сууну, ата-баба арбактарын ыйык көрүп, ага сыйынган аң-сезимдеги адамдарды каарман кылып алган мазмун – профессионал кыргыз адабиятынын көркөм материалынын негизин түзүп тургандыгын, фольклорубуз эле эмес, улуттук жазма адабиятыбыз дагы накта пантеисттик көз караштагы адабият экендигин танууга мүмкүн эмес.

## АСМАНДАН ТҮШКӨН ЫЙЫК КИТЕП ТҮРК ТИЛИНДЕ БОЛГОН...

Филология илимдеринин доктору, профессор А.Эшиев өзүнүн **"Манас" эпосундагы эң байыркы семантикалык катмарларды иликтөөгө алган эмгектеринде дин маселесинен четтеп өтө албагандыгы абдан кызыктуу илимий факт...** Тактап айтканда, окумуштуу А.Эшиев келтирген фактылар: орус жазуучусу М.Аджиевдин иудаизм, христианизм жана исламдын түпкү булагы катары, эң байыркы мезгилде жаралган ("асмандан түшкөн") Алтай тексттери кызмат кылган – деген көз карашы жөнү жок жерден чыкпагандыгын – бекемдеп турат. Мисалы, М.Аджиев минтип жазат: "Алтайлык түрктөрдө асмандан түшкөн ыйык китеп жөнүндөгү легенда, эмгиче сакталып келет. Легенданын христианчылык менен байланышы жок, ал Христос төрөлгөндөн 7-8 кылым мурда эле бар болгон. Ал мезгил жөнүндөгү эстемдер алтайлыктар менен буряттардын "Гэсериадасында", якуттардын "Олоңко" аттуу элдик эпосунда, кыргыздардын "Манасында" сакталып калган... Библияга, куранга жана буддисттердин ыйык текстерине кирген "түбөлүктүү сюжеттердин" көпчүлүгү, ошол түрк тилиндеги Ыйык китептен алынган"[4].

Профессор А.Эшиевдин ою боюнча кыргыз эли эң байыркы, Иисус Христос төрөлгөнгө чейинки мезгилде эле өзүнүн ак, бар, эге, илая (эл), алда таала, Жапар сыяктуу аталыштагы теонимдерине (Кудайларына), рухий дүйнөсүнө сыйынышкан. Окумуштуу булардан сырткары кыргыз элинин эң байыркы мезгилдерде төмөнкүдөй эпонимдерди колдонулганын далилдейт: Эл (Кудай, мамлекет, саясий элита-эпоним); (Эл-илая-эллохим-аллах-Алла-Таала Ч.Д.). Аз (ыйык рухий дүйнө; эпоним); Ок (стрела; уруу; эпоним); Бёру-Бөрү (бөрү, курт, карышкыр, эпоним, тотем); Куw (ку, ху, куу, лебедь: эпоним; тотем); Эр жана Алп (каарман, баатыр-эпонимдер); Он (сан, он ок уруулук биримдигинин бирин билдирет – Он Ок (Эл, Будун), Бай Байат; буй, май, пай; Кудай, эпоним); Бар (биринчи материя, субстанция-маңыз,

[4] Аджиев М. Без вечного синего неба. (Ж.С.48).

субъект-адамдык аң (түшүнүүгө болгон жөндөмдүүлүк); Ман (Ааламдык айкөл ой, эпоним); Жапар (“жараткан Жапар кудурет”), Жакып, Ошпур, Бай болушу мүмкүндүгүн божомолдойт[5] Ушул эле автор Эл – байыркы шумерлер менен аккаддардын, гректердин, римдиктердин, арабдардын жана еврейлердин тилдеринде Кудай деген маанини билдирсе (Эллохим-Allax), немец тилинде All – ааламды, космосту билгизген учурлар болгондугун кеп салат[6].

## БИР КУДАЙГА СЫЙЫНУУ ТЕҢИРЧИЛИКТЕН БАШАТ АЛАТ...

Кийинки кезде калыптана баштаган “Теңирчилик бир Кудайга ишенүүнүн башатында турат” деген көз караштар пайда болгонго чейин деле иудаизм баштаган семит диндеринин түпкү башаты Чыгышка барып такалат деген пикир жашап келгендиги белгилүү. Мындай авторлордун пикирлерин жазуучу жана философ Д.Казакбаев төмөндөгүдөй жалпылаган: “Зоростризм көчмөн малчы уруулардын диндеринин негизинде жаралып, башталышында Кудайга табынуучу салтанаттуу жайы да, кандайдыр культтук имараттары дагы болгон эмес. Ачык асман астында, адырлардын, тоолордун чокусунда, тамдын коломтосунда жагылган оттун алдында, дарыялардын, көлмөлөрдүн жээктеринде, булактардын жанында өскөн дарактардын түбүндө сыйынышкан...”[7] Окумуштуулар, зоростризм башат алган “**көчмөн малчылардын диний элементтери” деп белгилешкен элементтердин көпчүлүгүнүн бүгүнкү күнү да кыргыздардын турмушунда орду бар жана кадимкидей колдонулат**. Демек, С.Каменский, В.Бычковдор “көчмөн малчылардын диний элементтери” деп, түрктөрдүн диний

[5] Эшиев А.: Древний SACRI мир, Б.: 2014; ушул эле автор: Манастын улуу кыргыз мамлекети, Б.: 2014; ушул эле автор: Эпос “Манас” и исторические источники. Параллели Аналогии. Б.: 2018.

[6] С.Алескеров Название «Аллах» не имеет ни иудейских, ни каких-либо других корней, кроме арабского. Оно образовалась от артикля «аль» и слова «илах», потом сочетание Аль-Илах слилось в единое слово «Аллах». Правда, «илах» иногда относят к вавилонскому слову, означающему «господин». Бирок, Самир кыргыз тилин билбейт да. “Эл” деген сөзүбүз аркылуу Аллах термининин башаты бизде жаткандыгы өзүнөн-өзү такталып турат.

[7] Д.Казакбаевдын мындай пикирге келүүдө профессорлор И.М.Стеблин-Каменский, В.В.Бычковдорго таянгандыгын көрсөткөн. Д.Казакбаев Чыгыштан чыккан Жети Ген 8-.,Б.: 2006.

ишениминин элементтери жөнүндө гана айтышы мүмкүн. Ошентип, алардын теориясы дагы М.Аджи жана башка окумуштуулардын Торада, Ветхий Завет менен Библияда жана куранда колдонулган көчмө сюжеттер Алтай түрктөрүнө асмандан түшкөн "ыйык китептен" тарагандыгы жөнүндөгү ойлоруна логикалык жактан жалгашып тургандыгын байкоо кыйын эмес.

## КУДАЙ МЕНЕН ДИНДИН АЖЫРЫМЫ

*"... мы бродяжим по разным маршрутам//*
*Как бог и религия"*
*Олжас Сулейменов.*

Орустун XX кылымдагы атактуу окумуштууларынын бири, философ А.Ф.Лосев: "Миф дин эмес, ...... динсиз мифтер бар, бирок, мифсиз дин жок, дин мификалык чыгармачылыктын жардамысыз жашашы мүмкүн эмес" деп жазган. "Адамдын жүзүн мораль, Кудайдын жүзүн дин бузат" М.Бубер. "... такыбасынуучулук пассионардуулуктун басаңдашынан улам пайда болот" Л.Гумилев – деген сыяктуу окумуштуулардын ойлору, диндин тапсирчилеринин кызыкчылыктары: пайгамбарлардыкынан, ал эмес Кудайдыкынан да жогору чыгып кетүү кубулушу дайыма орун алып келгендиги жөнүндөгү ойдун туура экендигин тастыктап турат. **Мындай кызыкчылык аралашпагандыктан теңирчилик адепки башатында кандай болсо, ошол тунук боюнча бүгүнкү күнгө чейин сакталган. Ал азыр да табияттын өзүндө турат. Ошондуктан, кыргыздардын аң-сезиминин тереңинде асман, күн, ай, жер-суу жана бүтүндөй табият ыйык сезилет. Жана бардык ырым-жырымдары ушул ыйыктарына багытталып аткарылат. Кытай теңирчиликтен "сууруп" алып өзүнүн куңфучулук философиясын негиздеди. Тактап айтканда, башаты теңирчиликте жаткан принциптерди өздөрүндө коомдук илим катары жетилдирди. Алар инь-янды, дүйнө ак-карадан тураарын бүткөн ой таризине жеткирсе, кыргыздардын "бадам оюусу" ошого (инь-янга)**

**бараткан жолдо экендигин "Теңирчилик" аттуу китебинде Ч.Өмүралиев абдан жакшы ачып берген.**

## ТЕҢИРЧИЛИКТИН КЕЛЕЧЕГИ АЛДЫДА

"Кыргыз космологиясынын түпкү тамыры адамзаттын биологиялык башталышына барат. Анын физикалык маңызын ошол тараптан издөө керек. Кыргыздар бардык байыркы элдер сыяктуу эле Дүйнөнү катмарларга – "жандуу асмандарга" бөлүнгөн Аалам деп кабылдаган. Бүгүн бул руханий-космологиялык доктрина кайтып келүүдө. Убакыт келди. Бүгүн бүткүл дүйнө: илимдеги кризис гана эмес, **дүйнөлүк диндин да кризиси тууралуу айтып жаткандыгы бекеринен эмес.** Бул нерселер бири-бири менен байланыштуу. Бардык түрк элдеринин арасынан биз күчөп жаткан дуулдоону байкап жүрөбүз – алардын аң-сезиминин түпкүрүндө Теңир-атанын "жандуу асмандын", Космостун (бирдиктүү алгачкы материянын) ишеничи уламдан улам катуулап "жанданып" жатат" Демир Кадыров.

## АДАМДАРГА ДИН ЭМЕС СҮЙҮҮ ЖАНА БИЛИМ КЕРЕК

**Адам дагы Кудай сыяктуу эч качан төрөлгөн эмес, эч качан өлбөйт. Ошондуктан, мен үчүн дин эмес, сүйүү гана кызыктуу. Анткени, сүйүү – бул бардыгы. Качан сүйүү келгенде – калгандардын баары келет. Ким сүйүүнү түшүнсө, ал сөзсүз сүйүүгө жолугат. Кудай бул табыйгаттын чыныгы мыйзамы. Ал сен көтөрө ала турган гана жүктү берет –** СадхГуру (Вахисава – индиялык азыркы йог). Ал эми бүт дүйнөнүн окумуштуулары оозун карап отурган Далай Лама болсо: **"Адамдарга дин эмес, билим керек" –** дейт. **Кудай менен диндин ажырымы, динге пенделик кызыкчылык аралашкан чекиттен, өз кызыкчылыгын кудайдын атына жамынып ишке ашыра баштоодон башталат.** Билимдүү адамга ортомчунун кереги жок, ал Кудайды илим аркылуу түз тааный алат.

**Элчи, экономист, коомдук ишмер М.Абыловдун кыргыздардын байыркы тарыхы боюнча айткандары.** Элдин өтмүшүнө кээде – профессионал тарыхчыларга караганда дилетант тарыхчы көбүрөөк тактык киргизген учурлар бар. Себеби, ал тарыхка карата тапталган илимий концепцияларды анча моюндай бербей, ага өзүнүн жеке түшүнүгүнөн чыгып эркин мамиле кылган жана бул, кээде аларды болуп көрбөгөндөй ийгиликке алып келген фактылар бар. Мисалы: коммерсант Шлимандын бүтүндөй "Микен маданиятын" ачышы... Шлиманга караганда М.Абылов кантсе да окумуштуу, кыргыз мамлекетинин башка өлкөлөрдөгү башкы өкүлүнүн, элчисинин милдетин аткарып жаткан, башка мамлекеттик чоң кызматтарда иштеп жүргөн убактарында кызматтык кызыкчылык менен кыргыз тарыхын, айрыкча анын байыркы мезгилдеги рухий дүйнөсүнүн тарыхын көп жылдар бою үйрөнгөн адам. Ошондуктан, анын кыргыз тарыхы боюнча ой жүгүртүүлөрүнө кулак салып, атайлап көңүл бурсак, улуттук рухий дүйнөбүздүн тарыхында буга чейин белгисиз болуп келген көп жагдайлар ачылаары көрүнүп турат. Мындай дегенимдин себеби: М.Абыловдун евразиянын байыркы тарыхы боюнча абдан көп булактар менен тааныш болгондугу жана аларды кыргыз элинин рухий дүйнөсүнүн изин издеген атайы багыт, максат менен, ой жүгүртүү менен изденип окугандыгы. Белгилүү болгондой: кыргыз тарыхынын бир топ спецификалуу өзгөчөлүктөрү бар, алар: элдин тарыхынын өтө узактыгы, Евразиянын эбегейсиз чоң территориясы боюнча жылып жүргөндүгү, абдан көп элдерге аралашкандыгы, анын ичинде кытай, түркия, Россия сыяктуу чоң мамлекеттердин тарыхына өзүнүн таасын изин калтыргандыгы, өзүнчө чоң мамлекет курганга жетишкендиги, таң каларлык прогрессивдүү салттарды жараткандыгы (ушул маселе боюнча төмөндө М.Абыловдун абдан кызыктуу байкоолору келтирилет), өзүнүн көлөмү эбегейсиз фольклорун, искусствосун, маданиятын жаратканы – булардын баары жөн жерден болбойт да. Тактап айтканда, булар, кыргыздардын эл катары самоактуализациясы ар замандарда күчүндө болгондугун далилдейт... Дагы бир өзгөчөлүк: профессионал тарыхчылардан айырмаланышып

кызмат адамдары: М.Абылов, Д.Сарыгулов, окумуштуу С.Кайыпов, Ч.Шамшиев, искусство адамдары Болот Шамшиевдер – **кыргыз элинин рухий дүйнөсүнүн тарыхына кызыгышкандарында...**

Отставкадагы генерал-майор М.Абыловдун кыргыз тарыхы боюнча байкоолорунун дагы бир кызыктуу жагдайы: анын оозеки аңгемелеринде берилген маалыматтар, жазуучулар М.Аджинин, О.Айтымбет уулунун, кинорежиссер Б.Шамшиевдин, анын уулу Ч.Шамшиевдин, акын О.Сулейменовдун жана профессорлор Ш.Акмолдоеванын, М.Борбугуловдун, Р.Кыдырбаеванын, С.Кайыповдун, А.Эшиевдин, Ж.Сааданбековдун илимий иликтөөлөрү, айрыкча, алардын кыргыздардын байыркы Кудай таануусу жөнүндөгү илимий теориялары менен жана Д.Сарыгуловдун дүйнө боюнча көптөгөн илимий булактарды аңтарып жүрүп кыргыздар жөнүндө тапкан табылгалары менен түздөн-түз үндөшүп жана алар келтирген фактыларды деталдар, аргументтер менен толуктап турушу. Тактап айтканда, М.Абылов дагы жогорку окумуштуулар сыяктуу эле **кыргыздар монотеисттик диндин эң башкы башатында турушкан** деген көз карашты практика түрүндө бекемдейт. Анын айтуусу боюнча: Библияда самаритяндар гутийлердин (гутьяны) тукумдары деп берилет. Гутьяндар (тарыхчылардын айтуусу боюнча кутийлер), еврейлердин байыркы шаары Манассиянын тургундары болгон жана алар тарыхта үч: гергистер, гутьяндар жана самаритяндар деген аталыш менен белгилүү. М.Абылов бул үч аталышты алып жүргөн эл кыргыздар болгондугун тастыктоо үчүн бир канча негиздүү мисалдарды келтирет. Биринчи негиз: топонимикалык аталыштардын жакындыгы же дээрлик бирдейлиги, мисалы, библия боюнча гутийлер башкарып турган мезгилде Израилдин борбору Самара деп аталган. Кыргыздардын кыз-эркегине карабай балдарына Самар деген ысымды ыйгарып келаткандары (Самаргүл, Самарбек ж.б.), дал ушул байыркы тарыхка барып такалат. Экинчи негиз: Ысык-Көлдө өздөрүн кыргызбыз деп эсептеген кутий (кутчу) уруусунун бардыгы, үчүнчү негиз, азыркыга чейин сакталып, колдонулуп келаткан кыргыз салттарынын, ошол байыркы кутийлердин салттары менен дээрлик бирдейлиги...

(Ырас, профессионал тарыхчылар, М.Абылов менен макул болбошу мүмкүн. Бирок, кыргыз элинин издери Евразиянын байыркы тарыхынан улам көбүрөөк табылып жатышы, алардын көпчүлүгү дүйнөлүк аты-жөнү бар окумуштуулар тарабынан кадыр-барктуу басылмаларда жазылып калтырылганы улам ачыкка чыккан сайын кыргыз тарыхы, тарыхчы эмес кыргыздардын да бүйүрүн кызытууда. Мунун дагы бир себеби, элибиздин көпчүлүгү, айрыкча жаштардын мусулманчылыкка тереңдеп кире баштагандыгына байланыштуу, улуттук идентификацияны жоготуу коркунучу күндөн-күнгө реалдуулукка айланып баратышы – ой жүгүртүүгө жарамдуу бардык кыргыздардын тынчын алып, аларды, элдин кечээгиси жөнүндөгү далилдерге өтө ынтаалык менен мамиле кылууга аргасыздантып жатат. Ал эми тарыхчылар болсо, тарых илиминин спецификалык бөтөнчөлүгүнө ылайык, аттап-буттабай, артты көздөй кылымдардан кылымга өтө акырындык менен жылууда. Ошондой эле, тарыхчы-окумуштуулар үчүн бир кылымга жакын убакыт бою өнүктүрүлүп келген коньюнктуралык тарыхтан таптакыр кол үзүп кетүү кыйындыгынын объективдүү жана субъективдүү себептери бар. Ал эми тарыхчы эмес адамдар тарых илиминин авторитеттерине кылчаңдап отурбай, тапкан далилдерине түз мамиле кылышат. Ошондой эле, тарых жалаң эле тарыхый документтерден турбайт, фольклористика, лингвистика, элдик философия, этнография, этнология сыяктуу коомдук, социалдык, филологиялык булактарда берилген маалыматтардын да тарыхты тактоодогу мааниси, тарыхый документтерден кем эмес. Тарыхчы эмес адамдар тапкан фактыларын көпчүлүк учурда ушул булактардан алынган мисалдар менен бекемдөөгө аракеттенишет. Ошондой эле булар, өздөрүнө кесипкөй тарыхчылардын жана жалпы эле улутташтарынын абдан кыйкымчыл көз менен карап турушкандарын сезишкендиктен, өздөрүнүн дилетанттык теорияларына абдан сактык менен мамиле кылышат. Ошондуктан, чындыгында, алар деле тарыхый чындыктан алыс кетишпей тургандыгы эчен ирет далилденген. Болгону, алар тарыхты фрагментардуу чагылдырышат. Ушундай ойлордон улам, М.Абыловдун кыргыз тарыхы боюнча табылгалары-

на жана ой корутундуларына олуттуу мамиледе болуудабыз. Бирок ошондо да анча-мынча текшерип көрө турган болсок: библияда самаритяндардын бийик адамгерчилик сапатка ээ адамдар экендиктери жөнүндө атайын притча бар экен… “Самаритяне, они же Кутии”, “Самаритяне поклонялись Богу не по божеским правилам”, “Самаритяне были язычниками” деген маалыматтар кездешет. Ал эми Кадочников Яков Ильичтин “Обожествление царей в Месопатомии эпохи саргонидов” аттуу илимий ишинде байыркы шумер көркөм чыгармачылыгы иликтенет. Анда эки чыгармада Кутийлерди месопатомиялыктар Нарам-Суен менен согушууда жардамга чакыргандыгы үчүн тоодон түшүп келишкендиги жөнүндө айтылса, башка бир чыгармада Нарам-Суенге каршы чыккан көптөгөн шаарлардын катарында Кут (же Куты) шаарынын ээлери кутийлер дагы болгондугу айтылат. “Интересно, что главными противниками Нарам-Суэна изображены не восставшие шумерские города, а кути.. При этом кутии в тексте, вероятно, изображены как существа не из мира сего, “не из плот и крови” деп жазат И.Кадочнинов. М.Абылов да дал ошол: Нарам-Суйон өзүн кудай деп алганы үчүн кутийлер ага каршы көтөрүлүш чыгарышып, анын башында турушкан деген көз карашты айтат. Андан ары Кадочников “Детерминатив DINGIR с именем Нарам-Суэна отсутствует, хотя есть множество аллюзий на его сопоставление с солнцем и светом, а также на то, что он становится звездой после смерти” деп, абдан кызыктуу фактыларды келтирет. Дал ушул DINGIR деген детерминатив үчүн балким Нарам-Суэн менен кутийлердин ортосунда согуш чыккандыр. Анткени, “Перед именами богов, как правило, употреблялисы детерминатив DINGIR, который являлся изображением звезды. Этот знак использовался для обозначения неба. Имена богов записывались с детерминативом DINGIR начиная с самых ранних текстов” дейт И.Кадочников. Буга себеп балким, Нарам-Суэндин семиттик теги болушу мүмкүн. Анткени, ушул эле И.Кадочников семиттик астралдык кудайлардын астына жогорку детерминатив колдонулбагандыгын белгилейт. Ошондой эле “В тексте имя Гильгамеша передается практически всегда с детерминативом DINGIR” деп жазат.

Манасты эң байыркы мезгилде Күн кудайы болгон деген окумуштуулардын ырастоосу жана ага карата байыркы варианттарда “Теңир” детерминативинин колдонулушу (“Теңир кут Манас теңирсип// Ааламга батпай кеңирсип”) М.Абыловдун “Гильгамешти” шумерлер эмес же еврейлер, же кутийлер жараткан” деп, Манас менен Гильгамештин тамыры бир дегенге ишаарат жасап турушу бекеринен эмес го деген ойго түртөт.)

## КУТ ДЕГЕН ЭМНЕ?

М.Абыловдун айтуусуна караганда: Кут деп байыркы кыргыздар кадимки сымапты айтышкан. Ата-бабаларыбыз сымапты тоо-таштан сыгылып чыккан жеринен көрүп калышса алып, жумшак чүпүрөккө ороп, сандыктын түбүнө катып, сымап турган үйдө кут турат деп белги кылышчу экен. Кээде, аба кирип кеткенде сымап бууга айланып жок болуп кеткен. Аны кыргыздар кут учту (кутчу) деп айтышкан. “Кут уюду” деп кут учпаган (сымап учуп кетпей сакталып калган) үйдү айтышкан. Кийин-кийин алар асмандагы Меркурий жылдызын кут деп кабыл алышкан. Ал эми англис, француз тилдеринде Меркурий-сымап (ртуть) дегенди билдирет. Меркурийге сыйынуу кийин-кийин айга сыйынууга өткөн. Жаңырган Айга жүгүнүп: “Ай көрдүм, аман көрдүм// Айдан аман, жылдан эсен кыла көр” – деп, азыр деле айтабыз. Мурда айга жүгүнүп “Кут ай боло көргүн” деп суранышчу экен. “Кут ай” бара-бара Айга сыйынууну жараткан жана Кудай деген сөз да ошол Кут айдан келип чыгат. Орустар аны Всевышный деген, “Көктөгү көрөгөч” деп аташкан элдер да бар, англичандар, немецтер Кудайды Гууд дешкен. Перстер Худо, арабдар Иерусалимди Али-Куд, өздөрүн байыркы убакта Аль-Кудус деп, орозо бүткөндөн кийин Аль-Кудус майрамын майрамдашкан.

Ошентип, монотеизм Куттан башат алган дагы, еврейлерге, христиандарга, арабдарга тараган. Бул диндердин башаты самаритяндардын Беш китебинен алынган деп, жогоруда келтирилген окумуштуулардын көз караштарын М.Абылов өз аргументтери менен деталдаштырып бе-

рет. Моисейдин беш китебинен мурда, самаритяндардын Беш китеби жаралган. **Кут-монотеизмдин өзөгү, ал эми иудаизм, христианство жана ислам болгону аны таратуунун түрдүү формалары гана.** Диндин тили шумерлердики деп айтылат, бирок, **Кудай деген Кут дегенден келип чыгып жатса, демек, дин тили бул кутийлердин тили.** Дүйнөдө шумер деген эл болгон эмес. Бул байыркы ылай доскаларга жазылган тил кимге таандык экендигин жазгыруу үчүн жасалган. Шумер-Химер деген сөзгө байланыштуу чыккан. Химеранын бир мааниси: кайдан чыкканы белгисиз балыкты (Акула менен скатка окшош, бирок, кайсынысынын тукуму экендиги такталбаган балык) жана хазарларды (хазар элинин да кайдан чыкканы белгисиз, алардын түрү түрккө окшош болгону менен дини иудаизм-М.А.) түшүндүргөн. Химера – ата теги белгисиз дегенди билдирсе, шумер – тукуму белгисиз дегенди билдирет. Илимий чөйрөдө неологизм деп айтылат. М.Абылов: белгилүү окумуштуунун шумерлер жөнүндөгү "Ушундай жазууну түзгөн эл жок болуп кетиши мүмкүн эмес" деген сөзүн келтирүү менен "Гильгемашти" шумерлерге эмес, еврейлерге, же кутийлерге таандык деп эсептөөгө болот – дейт. Гильгамеш менен Манастын, Алмамбет менен Энкидунун образдары абдан окшош экендиги, "Манас" менен "Гильгамеште" эгиздей окшош каармандар менен катар окшош сюжеттер көп экендигин "Гильгамешти" кыргызчага которгон акын Баяс Туралга таянуу менен айтат.

## "ШУМЕР ТИЛИ, БУЛ ТҮРК ТИЛИ..."

Ал эми мурдагы мамлекеттик катчы Д.Сарыгуловдун: "Америкадан чыккан "Генезис тюрки и тюркского языка" деген 2 томдук китептин 2-томунда, 150 жылдан ашуун убакыттан бери окумуштуулар талашып келатышкен: Шумер тилинин кайсы элге таандыктыгы боюнча талашка чекит коюлуп, шумер тили деп аталып келген тил түрктөргө таандыктыгы биротоло аныкталды. Ал талашты аягына

чыгарган “Бир аары он алты ок барабар”[8] деген жазуусу бар глинописьттин табылышы болду, окумуштуулар ушундан кийин **шумер тили, бул түрк тили** экендигин биротоло түшүнүштү” деген билдирүүсү, М.Абыловдун айткандары туура экендигин тастыктап турат десек болот[9].

**Суроо: “А.Акаевдин Иерусалимде кыргыз элчилигин ачам деп айтканы, элдин арасында исламга карата чыккынчылык катары каралды эле – буга көз карашыңыз кандай?”.** М.Абылов: “А.Акаев чоң окумуштуу, интуициясы күчтүү адам. Анда толук маалымат болбосо дагы ички туюму менен Иерусалим менен кыргыздардын байланышы бар экендигин туйган. Чындыгында, А.Акаевди ошондо элдин баары эмес, элдин мусулманчылыкка абдан берилген бөлүгү гана “чыккынчы” дешкен” (А.Акаевдин ошондой эле теңирчиликти кыргызстандын официалдуу дини катары кабылдоо жөнүндө да ою болгон. Мында да анын интуициясынын күчтүүлүгү көрүнөт, себеби, ал кезде теңирчиликке тиешелүү көп маалыматтар азыркыдай ачыктала элек болучу-Ч.Д.). Бирок, кичинекей бир элдин мусулман жана теңирчи деп бөлүнгөнү туура эмес. Минтип бөлүнбөш үчүн ар бир адам өз элинин тарыхын билиши керек. **Өз тили менен салтын жериген эл өзүнөн адашат.** Азыр кыргыздар мусулманчылыкка берилип, кыргыз салтын жерип жаткандыгы, кыргыздын бүтүн эл катары жоголушуна алып баруучу жол.

## КЫРГЫЗ САЛТТАРЫНЫН БАШКА ЭЛДЕРДИН ТАРЫХЫНДА ОЙНОГОН РОЛУ

**Суроо: “Тарыхта кутийлерге карата “Кудайга кол көтөргөн эл” деген сөз айтылып калган да?”.** Ооба, мындай фразаны окугандан кийин мен тарыхый маалыматтарды лупа менен карап чыктым: кандайча кутийлер өздөрү Ку-

[8] “Бир бал челек он алты жебеге барабар” – натуралдык соода баасы

[9] Дүйнөдөгү таланттуу 100 режиссордун катарына кирген, Манас темасына өмүр бою кызыгып келген Б.Шамшиевдин төмөнкүдөй ой жоруулары дагы М.Абылов менен Д.Сарыгуловдун ойлору менен үндөшүп турат: “... мен “Манас” – бул улуу эпос экендигин жакшы түшүнчүмүн, бирок 40 жылдан ашуун изденүүдөн кийин анын эң байыркылыгын жана таң каларлыктай улуулугун түшүнө баштадым. “Манас” бир жагынан дастан, бирок түпкүлүгүндө культтук нерсе. “Манас” илгерки бардык диндерге чейинки биринчи культ. Башкалар Адам, Ева дешет. Манас ата, Манас Адам, Каныкей эне – бул илгерки шумердик проформа”.

дайды жаратып алып, анан ага кол көтөрүп калат деп. Көрсө мындай болуптур: шумерлерди аккаддар басып алгандан кийин шумеро-аккаддык мамлекет пайда болот. Ошол мамлекеттин падышасы, Саргон падышанын небереси Нарам-Суйон бийлигине манчыркап, "мен Кудаймын" деп чыгат. Ага каршы чыккан адамдарды өлтүрүп, каалагандай жазалайт. Мисалы, түрктөр "Азиретаалынын кылычынын астында мусулман болгон" деген сөз бар го. Нарам-Суйон да ошондой зордук менен өзүн элге кудай катары кабыл алдырмак болот. Анын мындай кылыгы, тескерисинче адамдардын Кудайга болгон ишенимин талкалайт. Кутийлер ошол падышага каршы өз Кудайын коргоо үчүн көтөрүлүп чыгып, аны жеңип, 125 жыл бою башкарган. Ошол Нарам-Суйонго каршы согуш башталганда, падышанын кызматкерлеринин бири: "Ал Кудай, силер Кудайга кол көтөрүп жатасыңар" деген. Кийин анын сөзү лакапка айланып кеткен.

**Суроо: Кыргыздар Теңир ишенимине кантип келген?** Нарам-Суйон менен согушка кутийлер "Кудай баарыбыздан бийик, Кудайдын алдында баарыбыз теңбиз" – деген девиз менен чыгышкан. Ошол согуш теңчилик үчүн болгон согуш болот. **Кутийлер Кудайды тапкандан кийин**[10]**, алар, Кудайдын пирлери болуш керек деген ойго келишкен.** Нарам-Суйон менен болгон согуш учурунда теңирчилик келип чыккан[11]. Кудайдын жер тыңшар, жел жетпес ж.б. пирлери болгон ("Эр Төштүктөгү төрт Маамытты эске салбайбы?"- Ч.Д.). Теңир жана Манас Кудайдын пирлери деп табылган. Теңдиктин пири Теңир деп аташкан[12]. Кутийлер Нарам-Суйонду жеңгенде "Бизди Теңир колдоду", "Бизди Манас пирим колдоду" деген терең ишенимге келишкен. Кутийлер бийликте турган 125 жыл элдин баары бир Кудайга баш ийишкен. Кийин жатак (отурукташкан) элдердин баш көтөргөн адамдарынын баары Кудай болгусу келген тенденция кайра башталган жана ал абдан жугуштуу болгон. Еги-

---

[10] Адегенде Кудайды табышкандыгы, андан кийин гана Теңири (теңдик, адилеттик, эркиндиктин маңызы катары) жөнүндө түшүнүккө келишкендиги ушундан байкалат.

[11] Бирок М.Абыловдун бул сөзү жогоруда И.Кадочниковдун изилдөөсүндө келтирилген маалыматка каршы чыгат. Ал 1Нарам-Суен убагында эле DINGIR деген детерминатив кеңири колдонулгандыгын айтат.

[12] "Тең жегенди теңирим сүйүптүр", "Теңдик теңирге жагыптыр", "Теңир жолу баар жокко текши жааган алтын жамгыр" деген сыяктуу ж.б. макал-лакаптарда жалаң теңдиктин жолу айтылып жатышы, бул макалдардын келип чыгыш тарыхы ошол байыркы мезгилге барып такалаарын байкагандырсыз.

петтиктер фараондорун, еврейлер пайгамбарларын Кудай дешсе, Александр Македонский өзүн “Кудайдан бинаага келгемин, бойго бүткөмүн” деп жарыялайт...

Анткени, Кудай деген биринчи иретте “кол тийбестик” деген түшүнүк, ал эми кол тийбестикке бийликте тургандардын баары ээ болгусу келген. Отурукташкан элдерде бул адат абдан күчөгөндүгүн көргөндөн кийин, мындай процессти баса албай калганына көзү жеткен кутийлер тоого, көчмөндөргө кетишкен экен. Алардын кантип Алтайга келгендиги англис тилдүү булактарга деталдуу жана аргумуенттүү жазылган. Ошентип алар (куят-гергистер) Алтайга кетип, Алтайды теңиризмдин (теңдиктин) бешигине айлантышкан. Тоолук элдердин эч кимиси өзүн Кудай деп эсептегенге барбагандыгы, аларга Кудай сөзүнүн мааниси башынан терең түшүнүктүү болгондугу менен байланыштуу. Кутийлердин айланасына таасири күчтүү болгондугу ушунча, алар көчүп кеткенден кийин, калган элдердин баары 100 жылга чейин кутийлердин салты менен жашоону улантышкан. (мусулмандар шариятты барган жеринин баарына күч менен таңуулап келатышса, кутийлердин каада-салты адилеттүү жана эркин болгондуктан, башка элдер өз каалоолору менен кабыл алгандыгы жөнүндө сөз болуп жатат-Ч.Д.).

**Суроо: Кыргыздардын ата арбагына сыйынгандыгы кайдан келип чыккан?** Бул да кутийлерден келген. Нарам-Суйонду басып алгандан кийин аккад-шумерлердин ичинен элам деген эл наар азы болуп, кутийлерге каршы чыгышкан. Кутийлер аларды баскандан кийин кутийлер менен эламдардын каада-салттары аябай аралашып кеткен. Эламдар аябай билимдүү эл болушкан жана Күнгө сыйынышкан, өздөрүн митраисттер деп аташкан. Адам өлгөндөн кийин арбакка айланат деген көз караш эламдарга таандык болгон. Адамдын сөөгүн өрттөгөндө, анын көкүрөгүндөгү жаны бошоп чыгып асманга учуп кетет деп эсептешкен. Эгерде өлгөндөрдүн арбагын урматтаса, алар тирүүлөрдү колдойт деп ойлошкон, ушундан улам **Кудайдын көктөгү пири Теңир, жердеги пири Манас, көрдөгү пири – арбак деген көз караш калыптанган.** Ошондуктан, өлгөндүн сөөгүн жерге таштабай, кайсы жерден өлсө да жоо-

керлердин сөөгүн өз Ата журтуна алып келип көмүү салты келип чыккан. Эламдар азыркы перстердин ата-бабалары болушкан, ошентип, эламдар кутийлерден Кудайды (монотеизмди) алган жана аны өздөрүнүн тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүнө ылайыктап Худо деп аташкан. (Ошондо М.Абыловдун версиясы боюнча Кудай деген сөз тажиктердин Худо деген сөзүнөн эмес, "Кут ай" деген түрк сөзүнөн келип чыккан жана перстерге (тажиктерге) Худо болуп тараган-Ч.Д.).

**Суроо: Манихеизмдин кыргыздарга кандай тиешеси бар?** Тарыхта манихеизм кыргыздарга уйгурлардан келген деп жазылат. Манихеизмдин башаты Месопотамиядан башталат. Эламдар менен кутийлердин өз ара мамилелери тыгыздашкан учурунда, салттарынын аралашып кеткенинен келип чыккан. Кутийлер да, эламдар да "ман" деп адамды айтышкан, кыргыз тилинде алигиче "ман" деген мүчө адамдын сапатын билдирип келет: акылман, көрөрман, билерман, курман, мансап, душман, иштерман. Окумуштуулар маниехизмди өзүнчө дин катары эмес, түрдүү салттардын, диндердин айкалышуусунан чыккан кубулуш катары карашкандыгы ушундан улам. Христианчылыктын негизи Библияда, исламдын негизи Куранда жаткандай эле, манихеизмдин негизи "Манас" эпосунда жатат. Себеби, манихеизм – жамандык менен жакшылыктын күрөшү. Ал эми "Манаста" баштан-аяк жамандык менен жакшылыктын күрөшү берилет. Христианчылык, ислам сыяктуу Кудайдын үйүн курган диндерден айырмаланышып, манихеисттер Кудайга, кутка, арбакка, теңирге сыйыныш үчүн, эч кандай храмдарды тургузуп, кимдир-бирөөнү Кудайга айланткан эмес. Анткени, теңиризм менен манихеизм боюнча Кудайдын атынан сүйлөөгө эч кимдин акысы жок. Демек, теңиристтер менен манихеисттер бир эле.

**"Жерде кыргыз, асманда жылдыз көп" – деген фраза кантип пайда болгон?** Кыргыз (гергис, кутий (кутчу) калкы саны боюнча эч качан көп болгон эмес, бирок ошого карабай, ар замандарда эле кыргыздын саны көп деп эсептелип келген. Себеби, кыргыздын салтын кабыл алган элдердин баарын "кыргыз", "алар кыргыз болуп калды" деп эсептешкен. Кыргыздар Алтайга кеткенден кийин, түзөң-

дө калып жашоосун уланткан элдер кыргыздын каада-салтын колдоно берүүнү улантышкан. "Бардыгы кыргыздан тараган" деген сөз ушундан улам чыккан. Башка элдердин кутийлердин салтына баш ийип, аны тутунуп келгендигинин себеби, анда идея, чоң моралдык кодекс бар. (Убагында айтылуу М.Ауэзов: "Кыргыздар кандай бактылуу элсиңер. Элдин жашоосу үчүн эмне керек болсо, ошонун баары "Манасыңарда" турат" деп суктанганын айтышат-Ч.Д.).

Кыргыз эмес элдердин өздөрүн кыргыз деп атоосунан улам, кыргыздардын саны көбөйгөндүгү жөнүндөгү ойду, бир профессионал тарыхчы мындан башкача чечмелеп: "кыргыз деген башкаруу чөйрөсүн, элдин элитардык бөлүгүн билгизгендиктен, көп уруулар кадыр-баркын көтөрүш үчүн өздөрүн "кыргызбыз" деп, атап алгандыктарынын эсебинен кыргыздардын саны көбөйүп кеткен" – дейт. Кыргыз тарыхы менен көптөн бери олуттуу түрдө иришип келе жаткан Д.Сарыгулов дагы ушундай пикирди кармап жүрөт. Кандай болгондо да бийликти сүйүү, бийликке чоң дөөлөт катары кароо элибизге таандык сапат экендигин тануу кыйын. Азыр улуттун психологиялык кемчилиги катары бааланып келаткан бул сапатынын башында, балким, чын эле элибиздин эс-тутумунун түп үлгүсүндө (архетибинде) жаткан, бийлик эзелки негизги профессиясы болгондугунан уламдыр, башкача айтканда, бийликке умтулуу кыргыздык этностереотипдир... Экинчиден, улам барган сайын кыргыздын салт-санаасы, каада-нускалары классикалык экендиги, мезгилдер өтүшү менен улам жаңы мааниге ээ болуп чыга келгендиги байкалып баратышы, кыргыздын каадасын кабыл алып, ошону менен жашаган элдер болгондугу жөнүндө фактыны да жокко чыгарууга болбойт. Кыязы, ушул экөө биригип келип, аз кыргыздын саны дайыма көп болуп көрүнүүсүн шарттап келсе керек.

**Суроо: Кыргыздар кантип эле дин жаратып калсын деген суроо ар бир адамда пайда болбой койбойт. Буга эмне деп жооп берет элеңиз?** Ислам деген сөз "покорность" "кыңк этпей баш ийүү" дегенди билдирет. Момундукту пропагандалайт. Кыргыздар болсо эч нерсеге баш ийбей, өзүнүн гана мыйзамын жараткысы келген Манасты туу тутабыз. Негизи, биз өз Манасыбызды ыйык тутабыз

да, анын себебин, эмне үчүн Манасты ыйык тутаарыбызды түшүнбөйбүз... Тегерегиндеги көпчүлүк элдер кыргыздын салтын кабыл алышып, ошону менен жашагандыгы, кыргыздардын мораль түзө ала тургандыгынын далили. Мен ошол мусулман болуп кеткен кыргыздарга айткым келет: эмне үчүн арабдар өздөрүн Аль-Кудус деп аташкан? – деп сурагым келет да.

**Суроо: Тан империясынын убагында кытайдын элитасы кыргыз тилинде сүйлөгөн деген маалыматты окудум эле. Мисалы, XIX кылымда орустун элитасы француз тилинде сүйлөгөн сыяктуу, кытайдын элитасы кыргыз тилине артыкчылык берген убагы болуптур?** Кыргыз тили эл аралык тил болгон учур болгону чын. Дүйнө боюнча кыргыздан калган издер өтө көп. Бул ошолордун бирөө гана. Месопотамиядан баштап кыргыздар кай жакка, кантип агылгандыгын тактоо үчүн, мен, "Кут" жана "Манас" деген сөздөрдүн колдонулушун изилдеп жүрүп отурдум, кыргыз тарыхын изилдөөдө ушундай методду колдондум. Россияда: Манас көлү, дарыясы бар, Иркутски деген шаары, Усть-Кут деген порту бар. Кыргыздар кутмандуу деп ыйык жерди айтышкан, ал эми Тибетте, Катманды деген шаары, Манасаровар көлү, Гималайда Манас-улу, Индияда Манас деген дарыясы, улуттук паркы бар, кытайга келсек Манас деген дарыясы, Манас деген шаары бар. Мына ушулардын баары кыргыздардын дүйнөгө калтырган издери болуп эсептелет (албетте, мында дагы тактала турган маселе бар: ошол Манаска байланышкан эпоним, теоним, топоним, гидроним ж.б. баары биздин Манаска байланыштуубу, же, санскрит тилиндеги мааниге карап коюлганбы?[13] Бирок,

[13] Кыргыз тарыхына абдан скептикалуу караган окумуштуулардын бири О.Сооронов мындай деп жазат: "Жер, суунун аталышына келсек, ааламдын ар түрдүү бурчтарындагы Манас, Манис, Манасэ деп же ушуга жакындаштырылып аталгандардын баарын эле биздин Манас баатырыбыздын атынан аталган дегендин өзү, бери болгондо билимсиздик, караңгылык деп түшүнүү керек. Анткени, "манас" деген сөздүн байыркы, башкы негизинде диний түшүнүк жаткандыктан будда, христиан же булардан да мурдагы диндердин учурунда деле бул ат менен ар кандай нерселер атала бериши мыйзамдуу көрүнүш эмеспи" ("Тарыхтардын жыйнагы" 7-б.). Бирок, ошол Сайфаддин Аксыкенти 16-кылымда жазып калтырган, О.Сооронов менен Молдосабыр Досболовдор которгон вариантта: "Токтомуш хан Манаска арнап бир шаар курдуруп, Манасия деп атап койду" деп жазылат (58-б.). "Манаска арнап шаар курган" фактынын алдында жатпайбы бардык табышмак-Ч.Д. Ал эми романтик деп айтууга такыр болбой турган, темирдей логик Б.Шамшиев минтип ой жүгүртөт: "... мындан 6 миң жыл мурунку акыркы муз каптоо дооруна чейин азыркы Такла-Макан чөлүндө өздөрүн "эр" деп атаган арийлер-кыргыздар укмуштуудай цивилизациянын ээлери болушу мүмкүн. Ал өлкө илимде Шамбала деп аталып, так ошол өлкөдө Биринчи адам кудай – Манас төрөлгөн болуу керек, ошондуктан Тибетте "Манастын" руху жана духу сакталып, ал Индиянын философиялык окууларынын негизин түзгөн болуу керек" деп, О.Сооронovдун тескерисинче Манаска тиешелүү теоним, эпоним, топоним, гидронимдердин бардыгы так

кантсе да кыргыздардын негизги чыгармасынын "Манас" деп аталышында, ал чыгарманын башкы каарманынын аты Манас болушунда жана эпостун окуялары ушунчалык деңгээлде интенсивдүү жана масштабдуу өөрчүгөндүгүндө катылуу жаткан абдан көп сыр бар... Ошондуктан, элчи өзүнүн ойлорун айтып чыгуудан мурда жети өлчөп, бир кескенге аракет кылып, келтирген далилдери, топонимикалык, семантикалык, логикалык жактан биздин азыркы жашообуз, ой жүгүртүүбүз ж.б. белгилерибиз менен көз көрүнөө жалгашып турса деле, профессионал тарыхчы айтпаганы үчүн эле ишенбей күмөн санай берсек, биздин тарых жакын арада такталбайт. Ал арада маңкурттугубуз тереңдеп отуруп, артка кайтууга мүмкүн эмес чекиттен өтүп кетишибиз мүмкүн-Ч.Д.).

## ЭЛЧИ М.АБЫЛОВДУН АЙТКАНДАРЫ МЕНЕН ПРОФЕССОР С.КАЙЫПОВДУН ЖАЗГАНДАРЫНЫН ДАЛ КЕЛИШИ

Экс элчи айтып жатпайбы Кудайды кутийлер (кыргыздар) тапкан деп, анын бул айтканы көптөгөн жазуучу-акын жана окумуштуулардын изилдөөлөрүнө дал келет деп жогоруда аргументтүү жаздык. Кыргыз дегенде ичкен ашын жерге коюп, элим оңолсо дегенде эки көзү төрт болгон, кыргыздын дагы бир патриот окумуштуусунун төмөндөгү ою да М.Абыловдун айткандарынын дал үстүнөн түшүп жатпайбы, андыктан бул дал келишүүнү да айта кетпесек болбос: **С.Кайыпов:** "Кээде, кыргыз эл оозеки чыгармачылыгындагы санат, насыят ырлары баш болгон дидактикалык мазмундагы тексттерди окуп жатып: ушу тапта башкалардан үйрөндүк, китептерден окуп билдик дегендерибизди, белгисиз бир убактарда ошол бизге үйрөтүп жаткандардын өздөрүнө биз үйрөткөн, окуткан болбойлу деп; илгери бир чактарда ой асылын (оригиналын) аларга берип алып, эми азыр, ошол ойдун саркындысын, жасалмасын, калдыгын кайра өзүбүз "сатып" алып жатпайлы деп;

биздин Манас менен байланыштуу болуу мүмкүндүгү жөнүндө айтат.

азыркы алган билим, окуп билген ойлордун түптеги, нак-тасы, эң баштагы турпаты ушул ыр саптарынын арасында жашырынып жатпасын деп; башкалар бизден алган бир тал чырпыгын чынар кылып өстүрүп, биз болсо, чынар эмес, чытырман токойлорду өрткө алдырып жиберип, анан ээн талаа, эрме чөлдө эңгиреп кала бергенбизби деп; эми, тигилер бизден алып, бапестеп чынар кылган, учу аларда, тамыры бизде турган чырпыктын ала-телек саясына койдой болуп корголоп жатабызбы деп... ойлоп кетем; заманам куурулганын айта көрбө. Акыйкаттык деген неме кол узатсаң жетчүдөй, баскан-турган шарпасы угулаардык жакын жерде тургандай эле сезилет. Бирок аны качан, ким, кандай кылып жылоолойт, биле албадым. Дегиңкиси, кийинчерээк, негедир, **кыргыздын ойчулдугу, улуттук чын келбети тууралуу ээнбаш ойлор мезгил-мезгил мээге баткан тикен сымал, кыжаалат ойго салып турчу болду"** [6, 100]. Кыргыздын тарыхына тереңирээк үңүлгөн ар бир адамга мындай ой-сезимдер келбей койбойт. М.Абыловдун сөздөрүнөн, ал да С.Кайыпов кабылган сезимдерге туш болгондугу даана сезилип тургандыгы үчүн, алардын ушундай параллел ойлорун жанаша бердим. Жаштарыбыздын акыл-ойдун ушундай жайкалган жашыл жайытын таштап, жапырт түрдө, эчендеген бузугу бар, түзүгү бар элдердин көкүрөгүнө түнөп чыгып, мутацияланган, бурмаланган, бузулган, ылайланган ислам философиясына үзүлүп түшүп, баш-оту менен кирип бараткандыгын көрүп туруу трагедиясы буйруптур биздин муунга. Бул ойлордун башкы башаты туптунук боюнча өзүбүздүн каада-салттарыбызда, фольклорубузда, көркөм адабиятыбызда, искусство-маданиятыбызда, күнүмдүк жашоо философиябыздын тереңинде тунуп жаткандыгын, бу маңкурттарга кантип жеткиребиз, кантип аларды бу жолдон кайра кайрып, өз башатыбызга алып келебиз. Бүгүнкү күндөгү эң көйгөйлүү маселе мына ушул...

# II БАП

# Тотемизм жана кыргыздар

Окумуштуулар тотемизмдеги үч негизги принципти белгилеп келишет: **1**-табу (аталышты атоого тыюу салуулар); **2**-экзагамия (жети атанын тукумдарын бири-бирине үйлөнтпөө принциби); **3**-уруулардын келип чыгышын, кайсы бир жаныбар менен байланыштыруу – үчөөнү тең азыркы ар бир кыргыз өз аң-сезиминин бир жеринде сезип турушат. Андан кийинки: жанды денеден бөлүп караган анимисттик принцип биздин аң-сезимибизде андан бетер жандуу бойдон. Арбакты сыйлоо, аны ыраазы кылууга аракеттенүү (өлгөнгө жылкыдан баштап койго чейинки мал жандыктарын курмандыкка чалуу, аны мактап кошок кошуу), болбосо тирүүлөргө зыяны тийиши мүмкүн деп коркуу сезими (“өлүү ыраазы болмоюн, тирүүнүн иши жүрүшпөйт”) бизде дагы деле күчтүү. Бул экөөнү тең тейлеген магиянын (шаманчылыктын) гана айрым жерлерине мусулманчылыктын кээ бир элементтери аралашты (жаназа түшүрүп, куран окуу). Ошондой эле асманды, жер-сууну, алардын айрым бөлүктөрүн ыйык деп эсептеп, ага сыйынуу да бүгүнкү күнгө чейин жандуу бойдон. **Азыркы молдолор, исламды сырткы оформлениеден өткөрүп, кыргыздын аң-сезимине тереңдетип киргизүү процессинин үстүнөн иштеп жатышат. Бул алардын өлгөнгө мал союуну жана кошок айтканды, жер-сууга сыйынууну токтотууга жасаган аракеттеринен көрүнөт...**

Белгилүү болгондой, санжыра көпчүлүк учурда көп варианттуу жана анда жогоруда келтирилген эки мисалдан көрүнүп тургандай тиги же бу жаныбар, кандайча ошол уруунун тотемине айлангандыгы жөнүндөгү уламыш камтылат. Мисалы, биздин колубузда, өлкөбүздүн белгилүү социологу Кусейин Исаевдин өзүнүн ата-тегинин, бостериликтердин санжырасы боюнча жазган “Бостери жана бос-

териликтер" аттуу китеби турат. Китебинин баш жагында автор, өзүнүн турмуштук жана илимий тажрыйбасынан алган жыйынтык ойлорун берет. Анда: кыргыз элинин адамзаттын дүйнөлүк рух дөөлөтүнө, маданият мухитине кошкон салымдарын бир нече пункт менен көрсөткөн. Экинчи пунктунда **"Кыргыздын дүйнө мамилеси, дүйнө кабылдоосу, дүйнө көз карашы, даанышмандык ойлонуусунун туу чокусу "Теңирчилик" философиясы"** деп белгилесе, 4-пунктунда: Кыргыз санжырасы (ааламда эң сейрек, кайталангыс, ар адамдын ата-бабасынын түбүн кыргызга такаган тирүү тарых)" деп жазат. ("... кыргыздардын өз санжырасын сактап калгандыгы, улуттук генетиканы калыбына келтирүүдө аларды артыкчылыкгарга ээ кылат" – деп, казак окумуштуусу Жаксылык Сабитов да жазып жүрөт, ал эми фольклорист, этнография илиминин доктору С.Кайыпов: азыр дүйнөлүк гуманитардык илимдери боюнча окумуштууларда жазма тарыхка болгон мамиле өзгөрүлүп, оозеки айтымдарга артыкчылык бериле баштагандыгы жөнүндө журналист Нарын Айып менен курган маегинде кеп салды). Ошентип, социлог Кусейин Исаев аталган китебинде өз уругунун жана ал уруктун жашаган жеринин Бостери аталып калышына токтолгон. Бостери Жалдуу Кабадан тараган экен – деп сөз кылат. Жал айбандарда гана болот эмеспи. Ошондой эле Каба деген сөзгө окумуштуу төмөнкүдөй түшүнүк берген: "Мурунку эл аңдын түлөгөндө жерге түшкөн даакысын "каба" дешчү экен. Ошого ырым кылып баланын атын Каба коюшат" (аталган китептин 81-бетинде). Каба Арка менен Анжыянга кеңири тараган ысым, мисалы, Базар-Коргон районунун тоо тарабында Каба (өзбек чалыштар Гава дешет) деген жер бар, анын өз ысымы эле эмес, ысымына жанаша келүүчү лакап "жалдуу" аныктамасынын дагы айбанга (жаратылышка) байланыштуу айтылышы, андан тарагандардын эл тери (Элтери), бос тери (Бостери), ак тери (Актери) деген ысымдардын берилиши, элибиздин өзүн табият менен бир бүтүндүктө деп түшүнгөн же ошондой деп элесткен аң-сезимдеги мезгили кечээги жакынкы убакка чейин эле абдан бекем болгондугун көрсөтөт. Ушул ысым (Каба) менен бостериликтердин келип чыгышы түздөн-түз байланыштуу

экендигин К.Исаев фактылар менен жазып чыккан. Бул мисалдан дагы бир нерсе ачык байкалат: байыркы кыргыздар менен азыркы кыргыздардын балдарга ысым берүүсүндө катуу айырмачылыктын бар экендиги. Белгилүү болгондой, мурдагы кыргыздар балдарына жаратылыштын өзүнө (Жайлообай, Кыштообай) жана анын стихияларына (Жаанбай, Боронбой), жапайы айбандарга(Арстан, Жолборс, Барс), Жер-суута (мындай ысымдар өтө көп), баланын өзүнүн өзгөчөлүү белгилерине (Сыргак, Сыргабү, Анарбек, Анарбү, Калбек, Калбү ж.б., ж.б.) байланышкан ысымдарды ыйгарышса, азыркы кыргыздарда ислам пайгамбарларынын аттары менен модалуу көрүнгөн чет элдик ысымдар кыргызча ысымдарга салыштырмалуу көбүрөөк берилип жаткандыгы абдан өкүнүчтүү. Демек мындан, биздин, тотемисттик доордон эле эмес, өзүбүздөн, кыргыздыгыбыздан алыстап, адашып бараткандыгыбыз көрүнөт. Эгерде, азыркы кыргыздар балдарына кыргызча ат беришсе, алар баары бир биринчи иретте табиятка кайрылышаары байкалат. Мисалы, Жаз+гүл (табияттын мезгили менен өсүмдүгү), Айгүл (космос+табият), Айбек (космос+бийлик иерархиясы), Чолпон (космос), Самаргүл=Самарбек (тоо, шаар+өсүмдүк жана б.и.).

**Теңирди Кудай катары аныктаган илимий көз караштар.** Теңир тууралуу маалыматтарды жыйнаган жана корутундулаган немец окумуштуусу Г.Дерфер: бул жерде "... адамзаттын алгачкы, балким, эң биринчи бир Кудайга сыйынуучулук дини тууралуу сөз жүрүп жатат" – деген. (Д.Кадыров 72-б.). Ал эми Н.Будаев болсо мындайча жазат: "Байыркы түрк элдеринин дин ишенимдеринин маалыматтарынын эң кызыктуусу Михаил Сирийскийдин (XII кылым) айткандары болуп саналат: "Түрктөр бардык убакта бир Кудайды жар салган... Алар асман – жалгыз Кудай "Тенгри хан" дешет". **"Ташка жазылган эстеликтер байыркы түрктөрдун "Тангри" түшүнүгүнүн мааниси асман Кудайынан да кеңири болгон** деген жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет. Бул жогор жактагы Кудай бардык астралдык көрүнүштөрдүн синтези түрүндө чыгуусу керек эле, ал "Аалам" түшүнүгүнө окшош". Байыркы ирандыктар тууралуу Геродот мындай деп жазган: "... алар адат-

та эң бийик тоого чыгып, Зевске (Зевсти этимологиялык жактан Теңири менен байланыштырып, түбү, экөө бир маанидеги сөз – деп караган окумуштуулар да бар-Ч.Д.), аларды курчап турган асман мейкиндигин анын ысымы менен атап алышканга курмандык чалышкан". "Байыркы мезгилдер тууралуу жыйналган тарыхый-археологиялык материалдар бизге бир гана пикирди билдирет **– ал мезгилде жердеги бардык адамдар, бардык адам уруулары Бир Кудайга сыйынышкан, ошол "жандандырылган асмандагы" Бир Кудайды гана таанышкан"** (Д.К.70-б.). Буга төмөнкү малыматтар мисал боло алат: "Азыркы африкалык уруулардын жана элдердин дининин издерин изилдөө менен А.Б.Эллис мындай деп жазат: "Сук уруусу өзүнүн Жогорку Кудайын Тororут, б.а. "Асман" деп аташат... Негро уруусу өз Кудайын Ньяме демек "асман" дешет... Эве уруусунун көпчүлүгү Жогорку Кудайын Маву (бул ат "ву" – "төшөлүү", "жамынуу" деген сөздөн чыккан) "асман" деп аташат. Акпосо негрлеринде Жогорку Кудай Уволуву – "жогорку чөйрө". Жогорку асман Кудайы тви жана анзамбе урууларында – Ньянкопон, банту элинде – Наам. Африкалыктар Кудай эбегейсиз бийликке ээ, бирок аны жөн-жай эле колдоно бербөө керек деп эсептешет". Башка континенттердин байыркы адамдарынын деле түшүнүктөрү ушундай болгон, мисалы, Түндүк Америка урууларында да улуу Асмандагы Космос мейкиндиктеринин издери табылат. Байыркы ацтектерде асман Кудайы Тонатиу Жогорку деп эсептелген. Кийин ал Күн менен да теңештирилген. Индеецтердин сиу дакота Асман Кудайын Вакан деп аташкан" (бул маалыматтар Д.Кадыровдун "Уңгу талаа таануу" аттуу китебинен келтирилди).

**Олжас Сулейменов** Ал эми бүт дүйнөгө ысымы белгилүү, казак элинин улуу уулу О.Сулейменов Теңирчилик тууралсында төмөндөгүдөй ойлорун айткан: "Жер планетасындагы эң байыркы дин Теңирчилик, бардык семиттик диндердин башаты болгон христиан Кудайына чейин 4 миң жыл мурда пайда болгон"[1] – (биз котордук-Ч.Д.) деп жазса, философия илимдеринин доктору, профессор Ж.Сааданбе-

[1] Сулейменов О. Аз и Я. Алма-Ата "Жалын" 1990. 567-б.

ков кийинки табылган булактарга таянуу менен Теңирчилик – бир Кудайга болгон ишенимдин башатында турган эң байыркы дин экендигин мисалдар менен бекемдеп, Теңирчиликтин тарыхын О.Сулейменов көрсөткөндөн ары дагы тереңдетет: "кыязы орус окумуштуусу М.Аджинин Кудайга сыйынган эзелки текст түрк тилинде пайда болгон ("Бир Тенгриге, Атага... Огул Тенгриге (Христке) сыйынабыз")[2] деген көз карашы жөн жерден келип чыкпагандай. Жазуучу О.Айтымбет **теңирчиликти** – баар-жокко өмүр берген Күн деп, Күндү Кудай катары тааныган ишеним деп чечмелейт. Ушундан улам, "Манас" эпосун прозага айланткан жазуучу Ашым Жакыпбеков өзүнүн вариантына "Теңири Манас" деген аталыш бергени эске келет. Демек, кеменгер жазуучу "Манасты" проза кылып жазаардан мурда эпостун мазмуну менен эле эмес, илимий изилдөөлөр менен да кеңири таанышып чыккан болсо керек.

## "МАНАС" ЖАНА ТЕҢИРЧИЛИК

"Теңири – жарык дүйнө дегенди билдирет" – деп белгилеген окумуштуу Алексей Образцов. Байыркы кыргыз үчүн: Манас (Теңири Манас) жана теңирчилик – баар-жоктун башталышында турганды, жаратуучуну, жарыкчылыкты, күндү түшүндүргөн синонимдер болгон деген окумуштуулардын көз караштарын жана "Теңир Кудайдын асмандагы пайгамбары болгон" деген М.Абыловдун версиясын жана ушуга жакын, т.а. Теңир кудайга чейинки баскыч болгон деген көз караштагы окумуштуулардын пикирлерин жогоруда келтирдик. Олжас Сулейменовдун бир кезде СССР деген чоң державаны титиреткен атактуу "Аз и Я" аттуу китебиндеги теңирчиликке арналган бөлүмүндө мындай сөздөр бар: "Казактарда "тамыз, тамыз, тамузук!" деген кайрык сакталып калган. Ал элдик ырлардын ар бирин, маанилик жактан байланышпаса да коштоп келет. Мен ойлойм, бул сап күн Кудайга, Тамузга сыйынуу сөздөрүнүн эң активдүү колдонулган бөлүгү болгон деп" [7, 571].

[2] Ошондо 53-б.

География илимдеринин доктору, профессор, К.Матикеев кытай тарыхчысы Зайыр Жуманинин “Хан” жазмасындагы кыргыз тарыхына таянып Балта Баракан, Ысак Коңко деген манасчылардын вариантында Манас – Теңиркут деп берилген деп жазат дейт:

“Теңиркут Манас теңирсип,
Ааламга батпай кеңирсип,
Болуп турган кези экен.
Айкөлүң Манас кеңирсип,
Айды чапчып төбөсү,
Толуп турган кези экен” (булак-Ютуб “Бир мисал”)[3].

Өзүнүн “Манас” эпосунун философиясы” аттуу китебинде профессор Ж.Сааданбеков да теңирчиликке абдан көп токтолгондугу, теңирчиликти ачпай туруп “Манас” эпосунун философиясын ачуу мүмкүн эместигинен улам болуп отургандыгы, “Манас” эпосу теңирчилик дүйнөтаанымдын негизи, т.а. теңирчиликтин библия, куран сыяктуу негизги китеби экендигин тастыктайт деген жыйынтыкка келүүгө толук негиз болуп берет. “Мындан 3000 жыл илгери Байыркы Алтайдагы ар түрдүү этникалык топтор Теңирге болгон ишенимдин тегерегине баш кошушкан. ... Буларды бир туунун алдына тил эмес, ишеним (архетип), башкача айтканда, бир Кудай Теңиринин колдоосу жыйнаган” деп жазат Ж.Сааданбеков. Ал эми ортоазиялык кыргыздар исламды абдан эле кошкөңүл кабыл алышкан: “Эшегин эптеп токуйбуз//Куранын кантип окуйбуз”-дешкен. – Как религия и идеология, ислам последовательно распространялся, но ритуалы и обряды в образе жизни народа оставались тенгрианские... Все это особенно рельефно отражается в эпосе “Манас”. Так, при проведения поминки Кокетая, где присутствовали сотни и тысячи людей, мы не находим и не видим отправление центрального, главного исламского обряда – чтение курана. ... не отправляется и такой важный образ как бата кылуу...” [8, 62]. **Теңирчилик – адамзаттын эң алгачкы монотеисттик диндеринин бири. “Кудай жалгыз” деп – Иисус Христос төрөлгөнгө чейинки мезгилде бир гана түрктөр эсептеген.** М.Аджинин айтуусу

[3] М.Абыловдун Манас менен кутту биримдикте карагандыгын эстейли.

боюнча: түрктөрдүн ичинен кыпчактар биринчи болуп язычестводон кетишип, диний көз карашка: предмет эмес, рух биринчи турат деген жаңы философиялык түшүнүккө адамзат ичинде эң биринчи болуп келишкен. Анын мындай көз караштарында рационалдуулуктун үрөнү бар экендигин академик Окладниковдун археологиялык табылгалары да бекемдеген. Ошондой эле, Теңири Кудайдын өзүбү же анын пайгамбарыбы? – деген суроо дагы тактоолорду талап кылары шексиз. Мындай кубулуш христиан, ислам диндеринде деле бар, мисалы, Иисус Христосту кудайдын өзү, же, уулу катары кабыл алдырууга болгон аракет, ал эми исламда Мухаммед пайгамбарга карата талап кылынган урмат-сыйларга сын көз менен караган адам өз ичинен болсо да: ислам философиясында өзү ким улук: Кудайбы же Мухаммед пайгамбарбы деген суроого кептелбей койбошу сыяктуу маселелер. Ал эми коомдук ишмер М.Абыловдун: байыркы түрктөрдүн (кутийлердин) түшүнүгүндө: Кудайдын асмандагы пайгамбары (пири) Теңири, жердеги пири Манас, тиги дүйнөдөгү пири арбак болгон – деген түшүндүрмөсү, ата-бабабыздын рухий тарыхында мурда-кийин айтылбаган кызыктуу ойдун учугун кылтыйтып турат... Бул ойдун кызыктуулугу: Теңириде да Кудай сыяктуу: адамдык обликтин жоктугу, бирок, ошого карабастан, Теңири түшүнүгү адамдардын (бир эле түрктөрдүн эмес, жер шарындагы адамзаттын көптөгөн бөлүгүнүн) аң-сезиминин терең жеринен орун алып, анын жашоосун рухтуу кылууга ар тараптан катышып тургандыгы. Мисалы, кыргыздарда теңири – теңдиктин, адилеттүүлүктүн башаты катары көрүнүшү. Бир эле “Тең жегенди теңирим сүйүптүр” деген макалда: теңдик болгон жерде адамдардын ортосунда чыр-чатак болбой тургандыгынан башталып, ынтымак алып келүүчү көптөгөн ырыскыларды жана адамдардын өз ара мамилесиндеги жакшылыктарды жар салып турушу... Демек, Теңирге жагыш үчүн теңдикти сактоо зарыл. Ансыз болбойт деп, ата-бабабыз бул сөздү моралдык кодекс катары кабылдаган. Бирок, барып-келип мунун тереңинде теңдик бузулган жерде нравалык кыйроодон качып кутулууга мүмкүн эместиги жөнүндөгү коомдук эле эмес физикалык түзүлүштөгү дагы кыйроо, табият кубулушунун дагы сыры

катылып жатпайбы. Демек, "Тең жегенди теңирим сүйүптүр" – теңиричиликтин доктринасы. Ал кыргыздын элдик оозеки чыгармачылыгында кеңири чагылдырылган. Манастын өлүмүнүн сыры, Кожожаштын өлүмүнүн сыры ушунда катылган... Ошондой эле кыргыздардын аң-сезимине Манас колдоочу рух катары да терең сиңгендигин жокко чыгара албайбыз. Дүйнөнүн бардык жеринде Манас гидроним, топоним катары жолукканы менен бир гана кыргыздар, аны руханий жөлөгү, колдоочусу, биринчи адамы катары (санскриттеги манас сөзүнүн маанисинде) таанышынын түбүндө улутубуздун рухий дүйнөсү боюнча дагы ачыла элек чоң илим жаткандыгын боолголоого болот. Ал эми көзү өткөн жакындарынын элесин бардык эле адамдар жүрөгүндө урматтап сактаары белгилүү. Бирок, казак-кыргыздар гана арбакка колдоочу да катары караары чындык экендигин кимибиз тана алабыз. "Тануу" жөнүндөгү сөздүн айтылып калышы, "ширк" түшүнүгүнө байланыштуу болууда. Кудайдан башкадан медет күтүүнүн баары "ширк", аны кылгандар кудай тарабынан жазаланат деген арабдык көз карашты кыргыз элинин, айрыкча кыргыз жаштарынын аң-сезимине сиңдирүү менен **улутубуздун: ата-баба сөөгү жаткан жер катары – ата-журттун ыйыктыгы жөнүндөгү түшүнүгүнө өзгөртүү киргизилип жатканын өтө кеч болуп кала электе аңдаганыбыз оң. Кыргыздын аң-сезимин, башка элдин философиясына ориентирлеп корректировкалоо процесси – күндөн-күнгө интенсивдүүлүгүн күчөтүп жатат...** Кесе чаап кыскарта айтканда: теңирчиликти кыргызга чоочун, жаман илдет катары көрсөтүп, "Манас мусулман болгон" деген, кыргыздын чыныгы рухий тарыхый таржымалына такыр туура келбеген абсурд ойлорду жаштардын мээсине сиңдирүүгө аракет кылып жаткандар, кыргыз улутунун бүтүндүгүнө жарака кетирүүчү коркунучтуу тип катары таанылып, мындай сөздөрдү айтууга тыюу салынышы керек.

## ТЕҢИРЧИЛИК ЖАНА БУДДИЗМ[4]

Кийин, качан теңирчилик дин катары калыптанган кезде, сакталып калган Индраны ардактаган көптөгөн салттар Теңирге ыйык катары сыйынуу ритуалдарына айланган. Мына ошондуктан окумуштуулар Орто Азияга эки жарым миң жылдай мурда жайылтылган буддизм менен теңирчиликтен көптөгөн окшоштуктарды табышат. Ошол мезгилден бери карай **Түштүк Тибет** – монгол, түрк жана башка элдердин сыйынуучу жайына айланат. Тибетке барган ар бир адам, Кайлас тоосуна барууну гана эңсешкен, себеби, Кайласка жеткен адам өмүр бою бактылуу болот деп эсептелген. Бирок тоого чыкмак турсун жакындап барууга да эч кимиси дааган эмес, Кудайдын ачуусуна тийип алуудан коркушкан. Адамдар ыйык Манас көлүнө барып Кайласка алыстан сыйынышкан, философиялык темаларда сүйлөшүшкөн, сыйынуу үчүн ээн жайларды издешкен. Монахтык жалгыздыкка төнүү идеясы ушинтип пайда болот. Манастир (монастрь) түркчө "Сыйынуу үчүн Манастын жанына жыйналуу" дегенди түшүндүргө [9, 46-47]. Ж.Сааданбеков М.Аджинин "...түрк дүйнөсү: антикалык доорду жыйынтыктап, анын ээк алдында доордун жаңы барагын ачкан" деген оюн келтирет: тактап айтканда "...түрктөр мезгилди жаңы жана эски деп экиге бөлүп ташташты. Окуучу эски доордон жаңы доордун айырмасы эмне деп сураганга акылуу. Жооп бирөө гана: **дин.** Адамдарга Кудай-Рух ачылды. Континентте Асман Кудайына болгон ишеним жаралды. Аны Элдердин улуу көчү бекемдеп турат. Бул ыйык миссияны аткаруучулардын авангарды түрктөр болушту. Римдиктер Аттила падышаны "Бичом Божьим" деп, кокусунан аташ-

[4] Кинорежиссер Б.Шамшиев: "Байыркы мезгилде Атлантида сыяктуу жок болуп кеткен адамзатка тиешелүү улуу цивилизациянын бири бул, белгилүү орус сүрөтчүсү Н.К.Рерих издеген табышмактуу Шамбала өлкөсү болушу мүмкүн. Н.К.Рерихтин Шамбаланы Тибет тоолорунун арасында жашаган Куэнь Лунь кыргыздарына байланыштырган жол эскермелери сакталып калган" (Ал эскермеден улуу сүрөтчүнүн кыргыздарга болгон өзгөчө симпатиясы байкалат-Ч.Д.("Семь великих тайн космоса"М.:2009,820). Чынында кыргыздардын Тибет менен болгон болгон этногенетикалык тарыхый жана маданий байланышы I чи миң жылдыкта эле калыптанышы мүмкүн экендигин белгилүү этнограф, кыргыз таануучу С.М.Абрамзондун "...кыргызда жылан, курт чакканда, алардын уусун кайтаруу үчүн "Көкүнөрдүн көлүнө көч, какшаалдын чөлүнө көч" деп айтылган ырымы бар" деген маалыматы далилдеп турат. Сөз түндүк-чыгыш Тибеттин этегиндеги Цинхай провинциясында жайгашкан Кукунор көлү жөнүндө болуп жатат. А.Н.Бернштам дагы өз мезгилинде Тибеттин этегиндеги аймактарда жашаган 8-9-кылымдарга таандык кыргыз уруулары туурасында белгилеген. Ал эми лингвист С.Е.Маловдун изилдөөсү боюнча Лобнор тили түздөн-түз байыркы кыргыздардын тилинен улам келип чыккан делет".

кан эмес. Аттиланын туусунда төрт тарабы бирдей крест жаркырап турушу да кокусунан эмес. Мындай кокустуктар болбойт" [10, 53-54].

Теңирчиликте канондорсуз (китепсиз) жана пайгамбарларсыз (ортомчуларсыз), адамдардын Кудай менен түз же жаратылыш аркылуу байланышка чыгуусу шартталган. Жана бул шарт бардык эле теориялардын (мында: диний окуулардын теориялары эске алынып жатат) адамдар тарабынан бурулуп-бурмаланып, кимдир-бирөөлөрдүн жеке кызыкчылыгына кызмат кылууга баш ийдирилип калаары, ал эми мындай канондорсуз Кудайды түз таануу адамдарды кимдир-бирөөлөрдү эмес, Кудайдын өзүн, же анын бир атрибуттарын (жер-сууну же ушулардын бир бөлүктөрүн: жалгыз булак, жалгыз дарак сыяктуу) культ тутуусун көпкө чейин сактаары биздин элибиздин (бизге окшоп өнүккөн диндерден көпкө чейин алыс калган дагы көптөгөн уруулардын) тарыхынан көрүнүп турат. Теңирди улук катары (Асмандын руху катары) туткан түрктөр жана монголдор теңирдин жүзүн эч ким сүрөттөй албайт деп эсептешкен. Анткени, ал материалдуу эмес түшүнүк. Ал рух түрүндө, адамга да, жаныбарга да окшобойт, ал бардыкта бар жана Асман менен Жерди башкарып турат деп эсептешкен. Тактап айтканда, монотеисттик диндердеги Кудайдын образына жакын, же ошонун эле өзү. Болгону анын (теңирдин) жерде шайланган пайгамбарлары жок. Теңирчилик боюнча Аааламды 17 кичи кудайлар башкарат: Теңир, Жер-Суу, Умай, Эрлик, Жер, Суу, От, Күн, Ай, жылдыздар, Аба, Булут, Шамал, Куюн, Күлдүрөк, Чагылган, Жамгыр, Жаануру (Асан-Үсөн, Радуга). Ал эми Көкө Теңир Чоң Кудай (Верховный бог-Зевс) катары ушулардын үстүнөн бийлик кылат деген түшүнүк бар экендиги жөнүндө жазуучу О.Айтымбет жогоруда эске алынган "Көкө Теңир" аттуу китебинде сөз кылат. Тактап айтканда, жазуучу О.Айтымбет кыргыздарда 17 Кудай (божество) Баш Кудайга (Теңирге) алып баруучу негизги түркүктөр экендигин көрсөтөт. Христианчылыкта, мусулманчылыкта да андай түркүктөр бар экендигин, ал түркүктөрдүн ролун пайгамбарлар аткараары өөн эмес, Иисус Христос, Мухаммед пайгамбарларга Кудайдан кем эмес сыйынууну талап кылуу өөн эмес, анда эмне үчүн кыр-

гыздардын Кудайга сыйынуу жолу, Кудайга алып барат деген ишеним жолу өөн көрүнүп, четке кагылыш керек. Менимче, Теңирчиликтеги эң кызыктуу көрүнүш: Умай-Эрлик (аял менен эркек) ааламды башкарып турган Кудайлардан деп кабыл алынгандыгы. Мындай дүйнө түшүнүк, байыркы мезгилде эң өнүккөн маданиятты жараткан гректерге да тиешелүү, т.а. байыркы грек рапсод Гесиод дүйнө Эростон келип чыккан, же, ааламды ушундай космоско (иретке, тартипке) келтирген Эрос деп эсептесе, анын артынан грек окумуштуусу Платон: Сократтын оозу менен баар-жоктун башында турган чоң Кудай Эрос деп жарыялайт. Теңиризмдин мындай позициясы, анын буддизм менен болгон жакындыгын дагы таасыныраак байкатат. Жана аялдын (Умай) эркек (Эрлик) менен тең катар Кудай катары кабылданышы теңирчиликтин мыкты жагы катары эсептөөгө болот жана ал аял эркектен кийин, анын кабыргасынан жаралган деген семиттик диндердин принцибине туура келбейт. Тескерисинче, кыргыздар, аялга коомду алдыга сүрөөчү прогрессивдүүлүктүн башталмасы катары карагандыгын, байыркы кыргыздын аң-сезиминин көркөм туундулары болгон Каныкей, Айчүрөк, Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза жана башка аялдардын көркөм образдарынан көрүнүп турат. Жана бул позициянын башаты теңирчиликте жаткандыгын далилдөө кыйын эмес.

## ДАГЫ БИР ЖОЛУ ТЕҢИРЧИЛИК ЖӨНҮНДӨ ЖЕ ВАТИКАНДА ЭМНЕ БОЛДУ ЭЛЕ?

О.Сулейменов: “Семиттик жана индоирандык диндердин башаты болгон, христиандык Кудайдан 4 миң жыл мурда жаралган, планетадагы эң байыркы дин, философиялык окуу Теңирчилик өзүнүн изилдөөчүлөрүн качантан бери күтүп жатат”[11, 567] деп жазат жогоруда аты аталган китебинде. Теңирчиликти баштаган биринчи философиялык ойдун жыйынтыгы катары эң байыркы мүрзөлөрдөн табылган маркумдардын тизеси ээгине карай бүгүлүп кырынан жаткырылышы – деп белгилейт акын. Алгач адамдар өлүмдү кышкы чээнине кирип уктап, кайра жазында тири-

лип, жашоого киришкен айбандардын кышкы уйкусу деп үмүттөнүшкөн. Бирок, бара-бара өлгөн адам тирилбестигин түшүнүшкөн жана мындай ойдон алысташкан. Ошого жараша өлүк коюу расмиси да өзгөргөн. Бирок, өлгөн адамдын кайра тирилүү идеясы биротоло жоголбогондугун, ал башка бир элдер тарабынан өлбөс-өчпөс идеяга айланып, эки миң жылдан ашуун көптөгөн элдерге үмүттүн шооласын чачып келген дүйнөлүк негизги диндердин биринин, христианствонун негизги ишеним отуна, үмүт шooласына айланган. Христианствонун чыныгы башаты кайда жаткандыгын, Ватикандын өтө кылдаттык менен абдан коркунучтуу сыр катары жети кабат дубалдын ичине жашыргандагы максаты Иисус Христосту Кудай катары көрсөтүп келаткан ишенимдин храмын кыйратпай сактоого негизделген. Жана бул дагы эле ушундай болоруна (чээнге кирип уктап, кайра чыккан айбандай болуп өлгөн адамдын да жашоого кайра келерине) ишенген карапайым адамдардын үмүтүн кыйратпоого, алардын акыркы ишене турган улуу касиеттин бар экендиги жөнүндөгү бекем ишенимден айрылтпоого, христиандык ишеним түптөлгөн сюжеттердин, айтымдардын көпчүлүгү чындыгында оңдолуп-түзөлүп чыккандыгын жана христиандык философияга туура келбеген көпчүлүк маалыматтарды жашырууга эле багытталган эмес. Чындыгында христианчылыктын тарыхында көпчүлүктүн билиши кажет эмес дагы көп маалыматтар жашырылып жатат. Мисалы, алардын бири: ушунча узак убакыт ичинде Ватикан өзү болуп көрбөгөндөй коррупциялашып бүткөндүгү, ошондуктан, ар бир жаңы шайланган папа реформа жүргүзөм деп келип эле жүргүзө албай калгандыгынан, ал эми чындап Ватиканды реформалоого киришкен кезектеги папа Иоанн Павел II кызматына киришкенине 33 күн араң толгондо эртең мененки саат 4.30 да өз кабинетинде өтө кыйноо менен өлтүрүлгөндүгү сыяктуу маалыматтар. Мына ааламдагы бир Кудайга болгон ишенимдин тиреги катары көрүнгөн Ватикандын ички абалы...

Ватиканды “Мамлекет ичиндеги мамлекет” болууга чейин жеткирген күч-кубат орустун мистик-окумуштуусу Н.Левашев айткандай: карапайым христиандардан топтолгон эсепсиз акчалар да. Акча бар жерде “баш көтөрө” турган

адамдардын ичиндеги шайтанын (антихристти) тыя албагандан кийин Ватикандын христианчылыктын тиреги катары, ал эми Папанын дүйнөдөгү бирден-бир таасирдүү адам катары эсептелүүгө моралдык укугу барбы?!

## МУХАММЕД ПАЙГАМБАРДЫН МЕККЕДЕН КУУЛГАНДЫГЫНЫН ЧЫНЫГЫ СЕБЕБИ

Билбегени жок, уникум-личность деп табылган А.Вассермандын айтуусуна караганда Мухаммед пайгамбар кааба ташынын сыйкырдуулугуна ишенген эмес экен. "Кудай асманда, кааба таштын асмандан түшкөнүнө карабай, эч кандай сыйкыры жок, анын сыйкыры жерге жеткенче эле жок болгон" деген экен. Ошондо, кирешелүү бизнесинен айрылгысы келбеген уруулаштары аны Меккеден кууп чыгышат. Ал Ястрибге (азыркы Мединага) келип, күч топтоп, Меккеге кайра барат. Бирок, меккеликтер, өздөрүнүн жападан-жалгыз киреше алып келчү бизнесин коргоого болуп көрбөгөндөй болуп биригишкенин көргөндө, пайгамбар алар менен келишиш үчүн каабанын сыйкырдуулугун таануга аргасыз болот (албетте, исламдын тапсирчилери бул тарыхты башкача интерпретациялашат). Анткени менен Мухаммед пайгамбар "Меккеге сыйынуу – тегерек-четинде жардамга муктаждыгы жок адамга гана буйрат" деген, өзүнүн жобосун калтырыптыр. Ал да барган сайын унутулуп бататат. Ал эми 18-кылымда жашаган Мухаммад Вахкабович (вахкабиттик сектанын негиздөөчүсү) каабаны талкалоого аракет кылып, бирок, колунан келбептир. Себеби, анын оюнча, материалдык предметти сыйынуунун объектисине айлантуу, адамдардын ниетин кудайдын өзүнөн алаксытат. Бул, исламдын негизги жобосу, Мухаммед пайгамбардын бирден-бир принциби экендигине карабай, акча үчүн, ал жобону "унуткарып" койгулары келген меккелик арабдардын бизнеси күн өткөн сайын гүлдөп бараткандыгынын бир гана себеби бар. Ал – барган сайын адамдардын караңгылыгынын күчөп баратышы. Ыйык деп каабага сыйынууга баргандардын "акча", "акча" ("бакшиш", "бакшиш") деп, жанын сууруп алгыдай болуп акылынан кетип алкын-

ган тейлөөчү арабдарды, ар бир кадамын, оозунан чыккан ар бир сөзүн акчага айланткан молдолордун аракетин ачык жазып чыккандыгы үчүн өмүрүнөн айрылган Фазлиддин Мухаммадиевдин "Путешествие на тот свет, или Повесть о великом хадже" деген көркөм чыгармасында баяндалган. (Азыр кыргыздарда 100 эркек бала төрөлсө, анын жарымы баласына ислам пайгамбарларынын ысымын ыйгарып жаткан кыргыздардын эсине: Ислам (Ислам Каримов - радикал исламга каршы күрөшкөн өзбек республикасынын президенти, Мухаммад Вахкабович кааба ташын талкалагысы келген адам, Ф.Мухаммаддиев каабага сыйынууга баргандарды арабдардын кантип уят-сыйытсыздык менен "тоной" тургандыгын ашкерелеген адам) аттарына заттары каршы туруп калган адамдар жана дүйнө боюнча мындайлар өтө көп; силер билбейсиңер, балаңар эртеңки күнү кандай көз караштагы тутунаарын, ошондуктан, саясий эмес, мааниси кыргызча татынакай ысымды эле ыйгар).

Кыргыздардын рухий караңгылыгы эмнеден көрүнөт: кыргыздын тоо-ташка сыйынгандыгын: "мунуңар жапайылык" деп коюшуп, аравиядагы бир ташка сыйынып келүүнү "бул силердин парзыңар" деп койсо, ошого макул болуп, маңдай тери менен тапкан акчасын барып аравияга төгүп берип жаткан, ошол жакка барууну бир өмүрдүк максатына айлантып алган кыргыздардын укмуштай көп экендигинен көрүнүп турат. Ошондуктан, кыргызстандын дин башкармалыгынан сурангым келет: ырайым кылып, кыргыздын тоо-таштарын деле реабилитациялап койгула, аравияга барганга алы келбеген жана ал жакка баргысы келбеген кыргыздар сыйына беришсин да. Кыргыздардын баштагыдай эле өз жериндеги ыйык жайларга ээн-эркин сыйына баштashы, бир жагынан өлкөнүн экономикасын үнөмдөө болмок, элдин акчасы өз чөнтөгүндө калышы жеке адамдар үчүн да, мамлекет үчүн дагы финансылык жактан абдан эле өнөгөлүү эмеспи, экинчи жагынан, кыргыз мамлекетинин өзөгүн түзгөн титулдук улуттун – философия, мораль, нравалык маселелери өз нугуна келе баштамак. Тактап айтканда, эл өзүнүн философиялык башатына, теңирчилигине кайта баштамак. Теңирчиликтин тереңинде жаткан теңдик, эркиндик түшүнүктөрү терең уйкудан

ойгонуп, өз баралына келмек. Бул процесс бир кезде улуттун идеологиялык, моралдык-нравалык жактан туура өнүгүүсүнө жана гүлдөөсүнө алып келмек. Байыркы мезгилдегидей кыргыздардын моралдык кодекси менен жашоого өз эрки менен умтулган элдер пайда болмок. М.Абыловдун идеясынын өзөгүндө ушул нерсе жатат. Тактап айтканда, кыргыздар өздөрү мораль иштеп чыккан эл жана ал жоголгон жок. Кыргыздардын моралдык кодексинин негизи – теңирчилик менен "Манаста" жатат. Эмне үчүн исламдын азыркы тапсирчилери, кыргыздын ушул эки негизине – Манасы менен Теңирчилигине асылып жатышат. Анткени, бул экөөнү көкүрөгүндө алып жүргөн кыргыз эч качан башкалардын үйүтүнө кошулбайт, үгүтүнө кирбейт. Кыргыз боюнча кала берет жана башкаларга да таасирин тийгизет. Бул болсо, исламдын кызыкчылыгына каршы келет. Маселе мына ушунда...

**О.Сулейменов** түрктөрдүн тарыхын күкүмдөп чогулткан жана аны өзүнүн генийалдуу акыл тегирменине салып, эчен жолу тегеретип көргөн, алган жыйынтыгын тарыхый фактылар, акылмандардын, илимпоздордун айткандары менен салыштырып чыккан акын, өзүнүн тарыхый макалалар циклинин, "Тенгрианство" деген тема астындагы фактылар аркылуу ой жорууларында, байыркы түрктөр дүйнөсүндөгү аялдардын ордун көрсөткөн көптөгөн археологиялык казуулардын жыйынтыгын, орто кылымдагы ортоазиялык ири акын Низаминин сөзү менен жыйынтактаган: "Низаминин билдирүүсү боюнча көчмөн түрктөр, мусулманчылыкты кабыл алганга чейин чөйчөк кармаган аялга Кудай катары сыйынып келишкен" [12, 570]. Акын колуна кубок түрүндөгү чөйчөк же кумура карматылып көмүлгөн аялдардын сөөгү (Шумер, Алтай, Алатаудан табылган) өлбөстүктүн символу болгон деген ойду берет. "... У руки или изголовья устанавливали полную чашу – гарантию воскрешения"[13, 571]. О.Сулейменов бул тексттерди жазган кезде Святой Грааль жөнүндөгү азыркы христиан дүйнөсүндөгү ызы-чуу мынчалык катуу чыкпаган болуш керек. Эгерде акындын бул жөнүндө маалыматы болгондо, эки миңден ашуун жыл айтылып келаткан, бирок, эч ким көрбөгөн Иисус Христостун "канын куюп" алып Мария Маг-

далина Францияга алып качып келген чөйчөк жөнүндөгү христиандык сюжеттин баштапкы башаты: түрктөрдүн аялдын колуна карматып көмгөн чөйчөгүнөн башталгандыгын дагы көрсөтмөк болсо керек эле...

## ТЕҢИРЧИЛИКТИН – КЫРГЫЗ ФИЛОСОФИЯСЫНДАГЫ ОРДУ

*"Көзүңдү ачып, өзүңдү тааны оболу"*
*Сократ*

Теңирчилик жөнүндө кеп кылып жатып, кыргыздын улуттук илимин иликтөөчүлөрдүн чоюн кулак алпы **Чоюн Өмүралиевдин** Теңирчилик жөнүндөгү айткандарына токтолбой өтүү, алабармандык болор. Анткени, акыры, айтаар сөзүбүздүн башкы максаты: **өзүбүздүн дүйнө таануучулук акыл-эсибиздин, рухий дүйнөбүздүн түбү, кайдан агып келгени, башталган башаты, башкы булагы кайда жаткандыгын жаштарга билдирүү болуп жатпайбы.** Анткени, ал (теңирчилик) баары-жокто эле: көзгө урунуп, бутка чалынып, “мен мындалап” ыйлактап турса деле, көзүбүздү баскан диний чылаңгыр чылпактын кесепетинен карайлап көрбөй жатпайбызбы. Дал ушунетип, өзүбүздү өзүбүз таанproblem кашайган абалыбызды Чоюн агабыз төмөнкүчө ташка тамга баскандай кылып айткан экен: “Теңирчилик жөнүндө сөз козгош бүгүнкү күндө иши кылып эле бирөөгө окшобогон оригиналдуураак ой айтып коюштун мүмкүнчүлүгү эмес (а азыр далайыбыз ушуга машталып албадыкпы) ал бая айткандай **Ким болорубузду ойлоштон оболу Ким болгонубузду да билүү зарылдыгынан жаралып отурат.** Ал эми өз элиңдин не тарыхына, маданиятына, адебине, ишенимине, ыймандык дөөлөттөрүнө, бай руханына, айтор, материя-идея деп аталган Уч-Түптүн арасында жаадай керилген жашоосунун кай-кай салаасына кайрылба **Теңиртааным турат.** Каякка бассаң да, каякка кайрылсаң да, турат. Басасың – урунасың. Кол сунасың – кармайсың. Анан кантип аны так кесер эзелки өткөн чак санап айтпай дебей кое аласың. Ал көчмөндөрдүн кылымдарды тепчип

кыйкуулап чапкан Жолунда жышылып бүткөн, иштелип бүткөн, соңунда **ТЕҢИРЧИЛИК** деген чулу бир системага өсүп жеткен универсалдуу диалектикалык таанымга айланыптыр. ... **Эмесе Теңирчилик деген эмне?** Ал чындык, ал идея – Көкө Теңир философиясы. Ооба, көрсө Теңиртааным ким бирөөлөр буга дейре жеңил-желпи түшүндүрүп келишкендей качанкы бир караңгы замандардын бир бучкагында өнүкпөй унут калып кете берген примитив дин эмес экен, көктү карап Күнгө, Айга табынуу же жер-суу тайуу эле эмес экен, жан жаратылышка ызаат менен эле чектелбейт экен ал. Ал тээ алмустактан үзүлбөй уланып келген, узаакы жолунда иштелип бүткөн керемет философиялык система да экен. ... тагыраак айтканда, таң каларлыктай кишичиликтүү, Адам турмушун, жүрүм-турумун, адеп-ахлагынын бардык тарабын жөнгө салган, аны улуу Теңирдин ыкыбал-ритмине жууруп салган, ажайып гармония жарлаган, конкрет маңызга каныk, турмуштук керемет окуу да экен! Кыргызды кыргыз кылып келген теңирчиликтин философиясын терең түшүнгөндө гана кыргыздын өзү менен манасынын ортосундагы тосмо жоюлар.

“Өз ордуңду бил”, “Өз жолуңду тап” – Теңирчиликтин унгулуу принциптеринин айрымдары ушулар. “Төгөрөктүн төрт бурчу”- кыргыз дүйнөнү кандай элестетээрин ушул үч сөзгө батырган. Умай – умаа – кыргыз оймолорунда чагылдырылган эненин жатыны (“бадам ою”, “кыргоол ою”) менен эркектин ыйык мүчөсүн бирдейинен чагылтып турган бул белгилер, Мухит өзү гана тил оозсуз ийрилип турган тушта коюнунда Эрбашат менен Кызбашат жаралып, экөө жалгашып ааламдагы бардык жан, кубулуштун жолуна нук чапканын билдирет. Илгерки гректер Сократ, Платондор сыяктуу окумуштуулардын: дүйнөнүн башталышында Эрос кудайы тураары жөнүндөгү көз караштары – кыргыздын да оюнда болгондугун (балким дүйнөгө кыргыздан тарагандыр) “бадам оюудан” көрүнүп турат. “Умайканат бир улуу шилтенди да аралык, мезгил эрип кетти. Асман жарылды, Жер бөлүндү! Кайра ошол саат сом ширелди! Түн койнунан Күн суурулду! Эрбашат, Кызбашат жуурулду! “Инь-Янь” таралды! Ана... көчмөн журтта жаралды. Төбөйлөрдөн табылган көөкөрдүн боюндагы оюм-

ду эми окуй бер Кыргыз. Баарында Теңиртааным турат” (Ч.Өмүралиев, мындан ары: Ч.Ө.). Кыргыздын бардыктын башында ак-кара турат деген түшүнүгү ушуну билдирет. “Ала жипти аттаба!” – деген сөздүн түбүндө да элдин ушу түшүнүгү катылган. Илгери, кыргыз эли исламды тааный электе нике кыюу ырымынын башында ак-кара болуп эшилген жип менен кыз-уланды бириктирүү ырымы жасалгандыгы этнографиялык изилдөөлөрдөн белгилүү. Нике кыюунун бир бөлүгү – үйлөнүп жаткан эки жашты оттон аттатуу ырымынан турган. Кыргыз үй-бүлө куруу ырым-жырымында ошентип, өзү ыйык туткан нерселерин: дүйнө ак-карадан турат деген түшүнүгүн, отту, очокту ыйык деп эсептеген түшүнүгүн бириктирип бериптир. Ошондуктан, салтты бурмалабай сактоо мыйзамы иштеш керек. Мисалы, үйлөнгөндөрдү оттон аттатуу ырымынан кийин-соңкуга (бизге) “отко кийирүү” деп, туугандар тобуна келип кошулган жаңы келинди же күйөө баланы кайын журт менен аралаштыруу үчүн болгон экинчи бөлүгү, уландысы гана калыптыр. Ал эми үй-бүлө куруунун башатында от (очок) тураарын эстеткен биринчи бөлүк ошентип, эстен чыгып кетиптир. Үй-бүлө институту мурдагыдай улуу баалуулук катары таанылбай баратышына балким негизги себептердин бири ушу: теңирчилик дүйнө таанымы кыргыздардын үй-бүлө куруу философиясында таанылбай, иштебей баратышы болууда. Ошентип, "кыргыздын шырдак-кийиздерине түшүрүлгөн оймолору – Үч ыйык негизди: Көк Теңир, Жер жана Киши уулун чагылдырып турганы ушундан: кыргызда “жан”, “арбак”, “Теңир” жайындагы түтөгөн түшүнүктөрдүн бүтүндөй системи жашагандыгынан (Саймалы Таш эстеликтеринде байма-бай кезиккен арабада турган Күнбаш адамды эстейли – Жер, Адам жана Күндү бириктирген). **Теңирчилик дегенде ириде дал ушу түшүнүктөрдүн системин, улуттун жашоосун бүтүндөй камтыган системин түшүнүш керек.** Теңирчилик жашоо системин кыргыздар оюм-чийимдеги мааниге сыйгызып гана тим болбой океандай оожалган оозеки мурастарына да батырып дилден-дилге чачыратып тирүү мурастап бергендигин түшүнүш керек” (Ч.Ө.).

"Башкы жараткан Теңир, Теңирден кийинки орун Жер – Сууга таандык, же "... астыда Кара Жер жаралганда..." деп атпайбы түрк жазуусу бу тууралуу. Андыктан байыркы баба: учу Теңир тиреген улуу тоолордо, кыры **көккө жанашкан кыраңдарда Теңирге багыштап, Ай, Күнгө атап айтуяк курман чалган соң паска түшүп асмандан кут түшкөн айдыңга, ыйык жайларга, булактардын көзүнө, арчалуу жышка, бир сөз менен айтканда Жер Суунун ээсине атап курман чалган, же Жер, Суу тайыган** (Биз карайттык-Ч.Д.). Жер, Суунун ээси ар башка. Куланак айлымдын ээси Ак Кулан дешчү эле илгеркилер. Үч Терек мазарымдын ээси Ак Тайлак дешчү эле улуулар. Да бир жердин ээси Ак Бака, да бириники Ак Буура, Ак Торпок, Ак Бугу, Сары Багыш, Көк Бөрү... Атаң Жакып, Энең Чыйырды мазар тайып бала тилеп зардап барганда түнү бою кабылан ыркыраган касиеттүү түн эсиңдеби. Кан Манастын жылоосу жадыңдабы боорум... ... Бул байыркы көчмөн үчүн азыркы аалымдар "анимизм", тотемизм" деп бөлөк-салак бөлүп салгандай ажырым түшүнүк болгон эмес, чулу биримдик же улуу Учтуктүн бир тарабы болгон. Касиеттүү Жер Суу гана болгон. "... Ортосунда Киши уулу жаралган" дейт көөнө жазуу. Киши уулунун бу Үчтүк иерархиясында алган орду айырмалуу. Ал Учту Түпкө жалгап турган тирөөч мисал. Андыктан көчмөн **бабанын сыйынганы арбак болгон, колдоо тутканы да арбак болгон"** (Ч.Ө. Биз карайттык-Ч.Д.). Чоюн акенин теңирчилик жөнүндөгү ырдан бүткөн ушул чулу текстин окуган сайын орус окумуштуусу жана фантаст жазуучу, публицист С.Переслегиндин "Ислам мамлекеттеринде фантазия жок. Фантазиясы жок элдин келечеги жок" деген сөзү эске келе берет. Не деген ажайып дүйнө бул теңирчилик дегениң. "... бабаларыбыз аска таштарга чегип калтырган Сакраль белгилерге саамга бир үңүлөлү. О Теңири! О Дүйнө! Күн алдында Киши уулуна Кудай эрегиш күч берген не? Бу не деген ажайып аалам, улуу сыр. Ай алдында адамдын эс чабыты мынча ажайып, мынча батыл эргирби. Жылдызга эргип жылдызданган бу өңдөнгөн элести ким көргөн да, ким уккан!" дейт го Чоюн акебиз. Анын "Теңирчилигин" бир сыйра абдан көңүл коюп окуп чыксаң анан, кылымдарды карыткан кыргыздын кара күүлөрү эмнени айтып күң-

гүрөнүп жатканы көз алдыңа кадимкидей элестейт экен. О Ата арбагы! Улутуңдун жан-дүйнөсүнө азык берип, тээ адамдык акыл-эске келгенден бери карай кыргыз уулун коштоп келген ыр-күүлөрүңө тыюу салып таштап, кыргыздын канат-бутагын кыркып салгысы келген, Ала-Тоонун чокусунан Көк Асманга кол сермеп эргиген учкул кыялын кыл жылдырбай басып салгысы келген кара-санатайларды ээрчип Теңирим өзүңө, Ата-баба арбагына, Ата салтына шек келтирип жаткан маңкурт тукумдарыңа таарынба, алардын билбестиктен улам өзүңө карай жасап жаткан кесирлүү мамилесин кечире көр, алардын кыянатын жалпы элге, жерге тийгизе көрбө оо Теңири, о Ата арбагы, Өзүн жалгап, Өзүң колдой көрөгөр тукумдарыңды – деп, аргасыздан ичимден күбүрөнүп жатканымды сезбей калам.

## ТЕҢИРЧИЛИКТЕГИ АККАН СУУ ЖАЙЫ...

... Алты катар асманды
Жарып чыккан аккан суу
Адам менен Обону
Багып чыккан аккан суу
... Зоодон сынбай бир жери
Кулап түшкөн аккан суу
Аяк-башын үзүлтпөй,
Улап чыккан Аккан суу
... Жайык жерге барганда,
Жаркыраган аккан суу
Эңкейишке киргенде
Аркыраган аккан суу
... Жайы-кышы барабар,
Саан алган аккан суу
Асмандан булут күбүлүп
Жаан алган аккан суу

Эки миң жыл мурунку Кытай битигинде тымып калган бир духту эсил Жеңижок эми ушинтип дилинде толкутуп, чачыратып көчмөн журтка төгүп берип жатпайбы! (Ч.Айтматовдун Өтө ырчыны өтө жогору баалаганында кеп бар да – Ч.Д.). Тараза жылдыз бөлүнүп, ой тоонун баары көрүнүп,

сүрүлүп жылдыз качканын, таңкы Чолпон батканын, өзөндөн ак шамал жүрүп ыркырап, Суудан кара буу чыгып буркурап, асмандан жылдызы качып дыркырап турган саатын туйлатып, типтирүү кармап, шыргалаң-оту менен жүрөгүңө бүркүп-бүркүп турбайбы кайран Өтө! Бая **"оозеки рух – олжобуз"** деген сөздүн бир мааниси ушерден чечилет. Куң-фу-зы (Конфуций) "баары агат... агат... өзүнүн Башатына барат" – дейт күңгүрөнүп. Лао "... О үн десең үнү жок! О түр десең түрү жок! Жапжалгыз жана өзгөргүс! Бар тарапка багыт алган – жолу ачык! Оңу дагы, Солу ачык! Түбөлүктүн түбүнө арылдайт, жок, түбү ансайын аңылдайт. Жан-жагына жайылып кеткен, жок, жайылып атып жыйылып бүткөн..." деп түбөлүктүү мыйзам – Даону (Жолду-Ч.Д.) тапкан чакта, шамалдай үнүң куулдап, шаңшыган кундуз чуулдап турган сенин шаңында агып турду бекен Аккан суу?

Тиктеп туруп байкасам,
Калыбынан жазбаган
Канаты бар аккан суу...

Кыргыз рухун мындан артык эч ким, эч качан айта албайт. Мындан учкул, мындан чулу жана кыска бир ирмемге жалт батырып эч бир дух жаңшай албайт. **Бул Жеңижок акын аркылуу агып келген кыргыз руху.** Канчалык бирибиринен алыс качса, ошончолук утур зыргыган дух, куйрук улаш куушуп бир-бирине өткөн чындык, ар ирмеминде карама-каршысына айланып барган диалектика как ушунда кармалган! Анткени ал – Аккан Суу бир эле ирмеминде калыбын жазбай катып да турат, канатын жазып зыргып да барат. Анын шыңгыр үнүндө Теңирчиликтин түпкү чындыгын көчмөндух ээ-жаа бербей көмөкөйдөн төгүп турат. Жок, бул кокустуктан бир чыгып кеткен сап эмес, мыйзам. "Аккан суунун" абазына дил төшөп барсак, анда Даосизм философиясынын дабышы укмуштуудай кубаттуу шаалдайт. Тек, "мен шар суумун кулагыңды тундурган, кантмек элем какшаганды билбесең" дегендей, **өзүбүздү чылк ороп жашап келген Теңирчиликтин кубаттуу доошунан кулак тунуп укпай калган бизде айып**.

Лао зы Дао-Жолдун маңызына жакындаш үчүн сууга кайрылат: "Кундуу сапат суу таризде. Суу баарына жакшылык кылып атып, эч кимге каршылык кылбайт. Эч ким

даабас ыплас жайга да ылгабай агат. Андыктан ал Даого окшойт. Кундуу сапатка эгедер жан, суудай мөлтүр болгону ийги; жүрөгүндө изгилик, мамиледе ысыктык, сөздө чынчылдык, калк башкарса калыстыкка ыктап, ыгына ылайык иш кылып, жагдайга жараша аракети шарт. Суу сыңары каршылыгын жакшылыгы жеңип кеткен жашоого өткөнү – пенденин Даого көчкөнү". "Таза болсоң, суудай бол" дейт кыргыз, кылычтай бир шилтеп" (Ч.Ө.). Өтө акын ырдайт:

Арам, адал дебеген,
Асылдансың аккан суу.
Өз башыңан күнөөнү,
Арылткансың аккан суу.
Кимге болсо макул деп,
Баш ургансың аккан суу,
Бирдей болуп баарына.
... Камчыланбай тез кеткен,
Мудаасына бат жеткен,
Жийиркенбей ичине,
Кырк аяктуу курт күткөн...
Арам менен адалды,
Ылгабайсың аккан суу,
Бир адамды жаман деп,
Булгабайсың аккан суу...

Даос менен Жеңижокто аккан суунун маани-маңызы бипбирдей туюлуп турушунун сыны менен сыры каякта десең чиркиндики? "Табияттын өзүндөй таза, зыянсыз, адил, анын улуу мыйзамына эрип төп жашаш үчүн, анын мыйзамын билип сыйлаш керек. Даос Аккан суудан дал ушул **Үлгүнү** көрсө" (Ч.Ө.), суу жөнүндөгү жогоруда келтирилген саптарында **Жеңижок да дал ушуну көргөнүн көрсөтүп турганы – Жеңижоктун эле эмес жалпы улуттук кыргыз адабиятынын улуу Сыры. Кыргыз адабиятынын пантеисттик адабият экендигинин улуу сыры. Ал табиятты таанып, ага баш урат. Бардык жашоону табияттан алган сымал, акылды да табияттан табат.**

Боору менен сойлогон,
Буту менен баскан да,
Асман менен учкан да

Мурду менен тынган да
Баары өзүңө келишкен
АСИЛДЕНСИҢ Аккан Суу... Кыргыз адабияты дүйнөнү ушундай тааныйт. Адамдын жаралып келишине, өсүп-өнүгүшүнө, жашап кетишине табияттын ролу зор экендигин билет. Аны Күндөн баштайт, анан Жер, Суу, Жолго келет. Ошондуктан, Манастын башында Күн кудайы болгондугу жөнүндөгү окумуштуулардын илимий жыйынтыктарын китебибиздин башында келтиргенбиз. Теңирчиликтин негизин түзгөн пантеисттик философия – улуттук көркөм адабиятыбыздын дагы негизин түзөт.

**Теңирчиликтеги Жол категориясы: Баары агат...** Конфуций.

**Жеңижок:**
Байыстабай бир азга,
Өткөнүн көрчү дүйнөнүн.
Артынан жоо куугансып,
Көчкөнүн көрчү дүйнөнүн.
Кирген суудай шаркырап,
Акканын көрчү дүйнөнүн.
Көзүңө жылуу көрүнүп,
Жакканын көрчү дүйнөнүн.
Түгөнбөгөн МЕЗГИЛДЕН
АШКАНЫН көрчү дүйнөнүн

**Барпы** атабыз айтат:
Айт, айт десе
Ааламды айт.
Аалам алга кадамдайт.
– деп, кат тааныбаган Барпы ата табияттын улуу диалектикасын мынчалык терең түшүнгөнүн айт окумуштуу болсоң.

Кайра **Жеңижок:**
Кыдырсын деп ааламды,
Шамал кылган дүнүйө,
Оргон буудай өзөгүн
Саман кылган дүнүйө
Түрдөн-түргө өткөрүп,
Амал кылган дүнүйө.

Табиятты жашаткан мыйзамдарын түшүнүү, аны адам коомуна алып өтүү кыргыз фольклорунан ташка тамга баскандай так, түшүнүктүү, бардык тереңи жана жайыгы менен көрүнөт. Ошондуктан, атактуу фольклорист С.Кайыпов китебибиздин баш жагында келтирилген сөзүн таш жарган оор үшкүрүк менен айтып отурат. Окумуштуунун үшкүрүгү эмнеден чыгып жатат? Элибиздин залкар мурастары өзүнүн эмдиги урпактары үчүн чоочун, түшүнүксүз болуп жатканынан, өз элинин философиясын танып, кыргыз жаштары жапырт башка элдин көйүнөн кетип жаткандыгынан чыгып жатат.

## ТЕҢИРЧИЛИК ЖАНА САЙМАЛУУ-ТАШ

**Окумуштуу Лютфилла Жусупакматовдун баяны:** Саймалуу-Таш Фергана кыркаларынын баш айланткан бийик чокусунда (деңиз деңгээлинен 3,500 м. жогору): Көкарт ашуусунун Бообек жайлоосунда жайланышкан. Саймалуу-Таш Орто жана Борбордук Азиядагы эң алгачкы адамдар жашаган жай. Төмөнүндө түштүк тараптан Сузакты көздөй агымы катуу Көк-Арт дарыясы, ал эми түндүктөн Тогуз-Торо тарапка Согот дарыялары агып чыгышат. Саймалуу-Таштын жаратылышынын феноменалдуулугу: аба ырайынын туруксуздугу, жайыттын кенендиги менен суунун өтө молдугу, мал үчүн тоют чөптүн арбындыгы болуп эсептелет. Саймалуу-Таш – табияттын ажайып сулуулугу, Кыргыз Республикасынын улуттук паркы, биологиялык көп түрдүүлүктүн: дары чөптөрдүн, гүлдөрдүн сейрек каталогу. Барган адамды алар өздөрүнүн аңкыган жыттары менен эле дарылап коюшат. Адам алардын арасында өзүн абдан кайраттуу сезген сезимге дуушар болот. Ошондой эле Саймалуу-Таш булак сууларынын көптүгү менен айырмаланат. Ээлеген территориясы: абдан кенен, алар илимпоздор тарабынан Саймалуу-Таш 1,2,3,4,5,6 деген бөлүктөргө бөлүнгөн.

Саймалуу-Таш петрогрифтик пиктографиясы – Орто жана Борбордук Азиянын эң байыркы тургундарынын антикалык (Орто Азиянын таш доорунан бери карай), байыркы

жана орто кылымдык доорлорунун диний ырым-жырымдары жана мифофилософиялык чыгармачылыгы чагылдырылган өз алдынчалуу сүрөт искусствосу. Анда байыркы бабаларыбыздын культтары, белгилери, жарыкчылыктын символдору, уруулардын, элдердин жана түшүмдүүлүктүн колдоп-коргоочуларынын сөөгүн көмүү ырымдары көрсөтүлгөн. Аска таштарга сүрөт тартуу (кат жазуу) искусствосунун салттары түрк жана кыргыз чөйрөлөрүндө көпкө сакталып, ал монгол доорунда дагы улантылган (Щер А.Я.). Бирок акырындык менен петроглифтик пиктография – таш эстеликтерди пайдалануу менен алмашкан. **Искусствонун петроглифтик түрүн орто азиялыктардын унуткарышына, орто кылымдарда, ошол территорияга мусулманчылык салттарынын кириши жана жайылтылышы себеп болгон.** Анткени, петроглифтерде чагылдырылган каада-салттар мусулманчылыктын заңына (шариятына) таптакыр чоочун болчу. Мисалы, **ортоазиялык алгачкы адам үчүн – Аял Эне катары негизги культ, ыйык жана сырдуу кудайлардын эң чоңу болгон жана эч кандай эротикалык объект болгон эмес.**[5] Ошондой эле: "Таш бетине байыркы сүрөтчүлөр чеккен сүрөттөрдөгү мазмундун – "Авеста", "Ригведа" жана "Махабхаратанын" сакталып калган бөлүктөрүндө жана алдыңкы азиянын жазма булактарында, Орто жана Борбордук Азия элдеринин мифтеринде параллелдери бар" [14, 279]. Пиктографиялык жазуу – ойду берүүдөгү логикалык багыттуулук, системалуулук, конкреттүүлүк, реалдуулук, примитивдүүлүк жана конкреттүү-жалпылоочулук сапаттары менен башка семиотикалык жазуулардан (идеограмма жана логограммалардан) айырмаланып турат. Так ушул сапаттары петроглиф жазууларын окууга карата өзгөчө мамилени талап кылат. Тактап айтканда, пиктографиялык жазуу – белгилүү бир сүрөттү – белгилүү бир сөз менен окшоштурууну адамзат аң-сезиминин эң байыркы мезгилинде өздөштүргөндүгүн көрсөтөт.

[5] Ал эми Мухаммед пайгамбар жарыкчылыкка келе электе, арабдар сабеизм динин тутунушкан жана үй-бүлөдө кыз төрөлсө, тирүүлөй жерге көмүшкөн, себеби, эгер душман тарапка колго түшүп кетсе, алар ага денелик зомбулукту жасашса, биздин абийрибиз тебеленет деп ойлошкон. Т.а.байыркы арабдар үчүн аял – сексуалдык гана обьект болгон. Ошондуктан, Мухаммед пайгамбар аялдардын коомдогу ордун жогору көтөрүүгө аракет кылган... Кыргыз молдолорунун аялдарга кыжына бергендиги, аялдарга хижапты пропагандалап жаткандары – алар Мухаммед пайгамбардын илимин эмес, сабеисттик мизогнизмди гана өздөштүргөндүктөрүн көрсөтөт.

Ушундай окшоштуруунун жардамы менен, Саймалуу-Таш петроглиф пиктографиясында – байыркы бабалардын дүйнө таануу жана өздөштүрүү сезим-туюму реалдуу чагылдырылган. Демек, Саймалуу-Таштагы петроглифтик белгилер – биздин байыркыбызды таанып-билүүбүзгө салынган эң ишенимдүү жол десек болот. Т.а. Саймалуу-Таш, бул – Күндү Кудайлаштырган теңирчилик көз караш түрк элинин дүйнөнү тааный баштаганда башталган рухий ишенимми экендигин дагы бир жолу танууга мүмкүн эмес кылып, бекем тастыктайт. Ошентип, Саймалуу-Таш китепканасы, кыргыз комузунун 5 миң жыл мурда эле бар болгондугу жөнүндө далилдер – сүрөт тартуу, ыр-күү чыгаруу сыяктуу өнөрлөргө каршы турган ислам философиясы, биздин рухий башатыбызга карама-каршы экендигин далилдеп, мусулманчылыктын азыркыдай фанаттык тейде өнүгүшүн ооздуктабаса, исламдын фанаттары менен улуттук баалуулуктарды алып жүргөн кыргыздардын ортосунда чыгуучу атуулдук согуш күндөн-күнгө жакындай берээрин дагы бир жолу эскерткибиз келет. "Бийлик башында башка элдин өкүлдөрү турса, ал өлкө ичинен сөзсүз жарака кетет, дүйнөдөгү бардык империялардын тагдыры ушундай"[6] деп, Мурад Аджи жазгандай, бир эл, эки башка рухий дүйнөнү тутунса, бир эл катары жалпылыгынан ажырайт, ачуу чындык мына ушундай экендигин билип койгула, бөтөн элдин динине "уугуп" өз элинин тарыхын унутуп бараткан улутташтар ("Дин элдин башын айланткан апийим" деген В.И.Лениндин сөзүнүн туура экендиги бул жолу: бүгүнкү күндөгү кыргыз-казак, дегеле түрк элинин реалдуулугу тастыктоодо). Мен улутташтар дегенде бир тууган өзбек, казак элин да айтам. Биздин түбүбүз бир түркпүз. Баарыбыздын арабдарга эч кандай жакындыгыбыз жок. Болсо тарыхтан издери чыгат эле да. Алар басып алганга чейин түрктөр араб деген эл бар экендигин билген да эмес. Бардык элдин тарыхын, салтын жок кылуу мусулман арабдардын (арабдардын ичинде исламды этибар албаган, анын бар экендигин сезип да койбогон арабдар да толтура) максаты, бардык элдин ичинде өздөрүнө 5-колония даярдоо,

[6] Мурад Аджи Кыпчактар Москва, 1994, 70-б.

алардын дүйнөнү басып алууга карата эң мыкты иштелип чыккан согуштук тактикасы. Көчө-көйлөрдө кацактар[7] менен "көрдөйлөрдүн"[8] күндөн-күнгө көбөйүп жаткандыгы – бул тактиканын кыргызстанда да өтө катуу иштеп жаткандыгын билдирет.

## САФЕД БУЛАН – КИМДЕР ҮЧҮН ЫЙЫК БОЛУУГА ТИЙИШ?

Менин баамымда: азыркы кыргыздын руханый турмушунда дагы бир такталбаган, логикага анча сыя бербеген кубулуш бар. Ал: Ала-Бука, Чаткал тараптагы мусулманчылыктын баскынчылык согуштарынын изи калган тарыхый эстеликтерге карата так эмес мамиле. Биз Сафед Буланга барганыбызда, бизди коштоп барган аял (акимчиликте иштесе керек эле) гиддин ролун аткарып, Сафед Булан (Ак чач кыздын) тарыхын айтып берди. "Арабдын аскерлери саждага башын койгондо келип, 2 миң аскердин башын кесип кетишкен, ошондо азыр "Ак чач кыз" (Сафед Булан) деген ат менен тарыхта калган кыз, түнү менен эки миң аскердин башын жууп чыккан, эртең мененге чейин чачы аппак болуп калган". Аларды ким, эмне үчүн кырган? – деген менин суроомо, тиги аял, "тоолуктар" деп жарым-жартылай гана жооп берди. Демек, бир канча кылымдар илгери тарыхта: ошо **Ала-Бука жергесинде биздин ата-бабаларыбыз менен арабдардын ортосунда Рух талаш, Жер талаш, Так талаш жүргөн. Тоолуктар араб аскерлеринен өзүнө тиешелүү менчигин коргошкон. Муну эки миң араб аскердин сөөгү кыргыз жергесинде жатканынан билсе болот.** Араб аскерлердин, жөн жай саякатчылардын же соодагерлердин эмес, аскерлердин сөөгүнүн кыргыз жергесинде жатышы – ушунун өзү дал ушул жерде тоолуктар менен арабдардын ортосунда тагдыр талаш болгонун болгонун

[7] Кацак – унутулган түрк сөзү, "сакалчан эчки" дегенди билдирет. Сакалга карата кыргыздын өзүнүн улуттук чоң философиясы бар. Сакал жашы улуулукту эле эмес, ошого жараша турмуш тажрыйбасынан топтолгон акылынын дагы жогорулугун көрсөтүп туруусу керек. Ошондуктан, кыргызда атасынан, агасынан озунуп сакал койгонго жол берилген эмес. Бирок жашы чоңойгону менен акылы өспөгөн адамды "эчки сакалда да бар" деп, кыргыз сыйлабайт.

[8] Оронуп-чулганып, өздөрүнө кийимден "көр" жасап алгандар.

көрсөтүп турат. Албетте, араб же ислам дүйнөсүнүн саясаты боюнча – алар (кыргыз жергесинде сөөгү калган араб аскерлери) баатырлар. Ошондуктан, аравияда Сафед Булан – кичи ажы катары кабылданат имиш. 2 000 аскердин сөөгү бир жерде жатышы, бул күрөш оңойго турбагандыгын жана натыйжалуу болгондугун (орто-азиялык түрктөрдүн баары азыр өзүн мусулман деп эсептеши ошол күрөштүн натыйжасы да) көрсөтөт. Ошондуктан Сафед-Буландын тарыхы жөнүндө кабарды бүт дүйнө жүзүнүн мусулмандарына рекламалап, бүт дүйнө жүзүнүн мусулмандары сыйына турган ыйык жайга айлантыш керек. **Бирок, кыргыздар үчүн ал акча табуучу туризм гана болуш керек.** Бизге, баскынчылык максаты менен келип кырылган жоокерлер жаткан жерге кыргыздар (жалпы түрктөр) эмне үчүн сыйыныш керек? Ата-бабабыздын принциби андай болгон эмес да, ошондуктан, Манас Бээжинге баскынчылык менен барып, баарынан айрылып келип, ошол жараттан өзү да өлөт. "Бээжинди билди дегиче, Манасты өлдү десеңчи", – деп Каныкей: "кытайды жеңдик, Манас Бээжинге хан болду" деп, сүйүнчүлөп келген аскерге так ушинтип зыркырап айтат эмеспи, баскынчылыктын арты баскынчынын өлүмү менен гана бүтөт (бүтүшү керек), кыргыз философиясы ушундай. Ошондуктан, **тарыхка туура мамилени улам калыптандырып, туура эмес жерин оңдоп, жетилбеген жерин жетилдирип жүрүп отурушубуз керек.** Кыргыздын жашоо философиясы, психологиясы, улуттук билими, этикалык принциптери менен эстетикалык табити кандай болгондугун ошол Манас баштаган кыргыз баатырларынын жүрүм-турумун, поступкасын, жасаган иштерин ырга айланткан фольклордук чыгармалардан билебиз, Мухаммед пайгамбардын тарыхынан эмес, ошондуктан, бизге ошол өзүбүздүн элдик баатырлар гана үлгү боло алат, мисалдарды ошолордун жашоо образынан гана алышыбыз керек. Жогоруда биз эскерген Саймалуу-Таш китепканасы – биздин рухий тарыхыбыздын көөнөрбөс булагы, аны изилдөөчүлөрдүн бири Л.Жусупакматов: "Искусствонун петроглифтик түрүн орто азиялыктардын унуткарышына, орто кылымдарда, ошол территорияга мусулманчылык салттарынын кириши жана жайылтылышы себеп болгон, антке-

ни, анын мазмуну шариятка карама-каршы келген" десе, Ч.Айтматов менен М.Шакановдун аңгеме дүкөнүндө ("Аскада калган аңчынын ыйы" Кылым кыйырындагы сыр ачуу), ата-бабаларыбыздын жазуу-сызуусун, китептерин жок кылып, дал ушу арабдар түрк тарыхын үзгүлтүккө учураткандыгы жөнүндө айтылат. Бирок, азыр, көпчүлүк кыргыз жаштары үчүн, айрыкча улуттун уңгусун түзгөн айылдык жаштар үчүн жогорудагы гениалдуу түрк тукумдарынын сөзү эмес, ошол, өзүнүн билими кандай экенинин дайыны жок молдонун сөзү артык жана жеткиликтүү, андан башканын сөзүнө акылы да, түшүнүгү да жетпейт. Биздин улуттук чоң көйгөйлөрүбүздүн бири ушул. Биз жаш муунубузду колдон чыгарып жатабыз...

## ЧУБАК АЖЫ ЖАЛИЛОВ ИСЛАМДЫН ОРТО АЗИЯ БОЮНЧА ЭҢ КУБАТТУУ ТҮРКҮГҮ ЭЛЕ...

Билгенге Чубак ажы Орто Азия боюнча исламдын азыркы кездеги күчтүү тиреги болгон. Ислам боюнча терең билиминен сырткары дагы энергиясы күчтүү, креативдүү ой жүгүртө билген, адамдарды өзүнүн артынан ээрчите алган харизматик, лидердик касиети жана жеке симпатиясы күчтүү инсан эле. Бирок, ушул сапаттарынын баарын ал исламдын пайдасына жумшады. Төрт-беш кылымдан бери, молдо аттуулардын баары жабылып жасай албаган ишти, кырылып, Сафед-Буланда сөөгү калган 2 000 араб аскерлери жасай албаган ишти, кыргыздын жан-дүйнөсүнөн теңирчиликти айдап чыгып, мусулманга айлантуу ишин Чубак жалгыз өзү аз убакытта ишке ашырып коё жаздады. Буга, ал өлгөндө карантинге карабай, ошончо элдин чогулгандыгы, кыргызга окшоп өкүрбөй, эркектердин улуп-уңшуп ыйлагандары, "алло акбарлап" хор менен кыйкырып, кыргызда жок кылык менен, кыргызга жат чоочун салт менен Чубак ажыны акыркы сапарга узатканынан көрүнүп турду жана бул көрүнүш, Чубак ажы өзү айткандай, башкалар ал жөнүндө айтып жүргөндөй, анын салттуу дин менен гана алектенип жүргөндүгүнө шек калтырды. Бул көрүнүштүн кыргызга канчалык жат экендигин, карантиндин

баш жагында каза болгон Элмирбек Иманалиевди узатуу зыйнаты менен салыштырып көрүп билсеңиздер болот. Экөө таптакыр эки башка көрүнүштө ишке ашып жатат... Чубактын жакын соратниктери: “бийлик тарабынан шейхтин өлүмүнө өз даражасына ылайык маани берилбеди, сөөгүн алып келгенге самолёт бербеди” – деген сыяктуу наразылык сөздөрүн сүйлөштү. Бирок, Чубак кимге кызмат кылды? Маселе ушунда да. Мисалы, бир жолку сабагында Чубак жаштарга минтип кайрылып жатат: “Кыргыздын алтын жаштары силерсиңер...” деп сөзүн баштап, алар исламдын парыздарын так аткарып жүргөндүктөрү үчүн, “золотая молодёжь” деген чоңдордун балдары эмес, так ошолор экендигин түшүндүрүү менен, исламга берилген силер бар, намаз окуган президентибиз бар, ошондуктан, биздин келечегибиз Кудай буйруса жакшы болот – деген мааниде сүйлөп жатса, кыргыздын жаштары ушунчалык шүйшүнүп угуп отурушат. Көрүнүп тургандай, Чубак ажы кыргыздын келечегин исламга гана байланыштырып көрө алган. Кыргыздын баары исламдын программасын ишке ашырууга өтүп кетсе, анда кыргыздын өзүнүкү каякта калат? – деген суроону өз алдына койбогондугу, кыргыз элинин өзүнүн исламга чейин эле абдан бай улуттук рухий дүйнөсү бар болгондугун (башкалар үйрөнүп, жашоосун оң жолго салып жүргөн), кыргыз деген кечээ эле исламдан кийин пайда боло калган, кайдан учуп чыкканы белгисиз камгак эмес, узак тарыхы бар, тамыры тереңде жаткан жана туш-тарапка чартактап кеткен түптүү эл экендигин, ислам деген түшүнүк бул дүйнөгө пайда болгондон эчен кылым илгери убакта эле кыргыз, кыргыз болуп тургандыгын, аны ушунча мезгил жашатып, эл катары уюмдаштырып, өзүнүн улуу мамлекетин, өзүнүн улуу маданиятын жаратууга жараган элдин салт-санаасы, каадасы, нарк-нускасы, өзүнүн улуттук билими, философиясы, этикалык принциптери менен эстетикалык табити бар эле эмес, абдан өнүккөн жогорку формада болгондугун Чубактын эске албагандыгы, анын максат-мүдөөсү такыр башкача болгондугун, ал мүдөөдө кыргыздык касиет-сапаттарга такыр орун жок болгондугун, ошондуктан, анын креативдүүлүгү, харизмалуулугу бир гана исламга кызмат кылгандыгын тастыктап

турат. Ооба, кыргыз мамлекетинин Базар-Коргон районунун мазарларынын биринде ислам ааламы үчүн дагы бир өтө ыйык жай пайда болду. Исламда, дегеле динде Чубактын деңгээлиндеги проповедник дайыма эле пайда боло бербейт. Ошондуктан, ислам дүйнөсү: өзүнө ушунчалык берилген, ислам үчүн өз элинин буга чейинки тарыхы менен келечек тагдырын курмандыкка чалууга даяр турган, мындай чаалыкпаган пропагандистине, бүтүндөй Орто Азия чөлкөмү боюнча чоң авторитетине даражасына, кылган кызматына ылайык урмат-сый көрсөтөбү, же жокпу, ошол тараптан күтүшүбүз керек. Анткени, **кыргыздарды чыныгы мусулманга айлантуу кыргыз мамлекетинин эмес, ошол ислам дүйнөсүнүн мүдөө-талабы, ошол дүйнөнүн заказы болгон,** Чубак ажы өлгүчө ошол мүдөөнү ишке ашырууга кыйшаюсуз түрдө, талбастан кызмат кылды...

Албетте, Ала-Букадагы ыйык мазар Сафед Буланды, Чубак ажынын бейитин дүйнөнүн мусулмандары сыйына турган ыйык жайга айлантуу мүмкүн эмес, себеби, аны ислам дүйнөсү, жөнөкөй гана бизнестик кызыкчылыктан улам жасабайт. Мусулмандар сыйыныш үчүн аравияга гана барыш керек жана алардын акчалары ошол аравияда гана калыш керек... Ошентип, Чубак Жалилов кыргыз тарыхында күчтүү, бирок, өз күчүн туура эмес багытка короткон трагедиялуу личность катары калды. Ал, эгерде жогоруда саналган мүмкүнчүлүктөрүнүн баарын кыргыз элинин өздүк рухий өнүгүүсүнө кызмат кылууга жумшаса, мисалы, Э.Иманалиев, З.Ажыматовдорго окшоп, Кыргыз Республикасынын Баатыры же эмгек сиңирген ишмери деген наамдарды ыйгарса болор эле[9]. Себеби, кыргыз мамлекети

[9] Куранды араб тилинде 50 жолу кайталап окуп чыккан С.Алескеров жазат: «Итак, одна точка зрения на происхождение Корана: он от первой до последней запятой ниспослан Аллахом, люди были не в состоянии что-то туда дописать, что-то исказить. Другой взгляд: ту часть Корана, когда Мохаммед читал суры неосознанно, порой даже во вред себе и своим сподвижникам, можно считать ниспосланными свыше, а осознанно читаемые куски, в которых были даже положения о том, как делить добычу, как разрешать гаремные скандалы – это уже продукт ума Мохаммеда. Да и, кроме того, при составлении Корана, как книги, выяснилось, что разные люди, слышавшие Мохаммеда при его жизни, после смерти пророка по-разному читают те или иные фрагменты книги. «Редакторам» приходилось выбирать – что из разных вариантов правдивее. Поэтому, как ни крути – в создании Корана принимали участие люди со своими взглядами и страстями” (“Великий парадокс, или два почерка в коране”(35-б.) – ал эми 5 тонна китеп окуган биздин Чубак ажы өз улутташтары үчүн курандагы кудайдын сөзүн, башка арабдардын кызыкчылыктарын чагылткан ыпыр-сыпырдан бөлүп бербей (жогорудагы автордой болуп курандагы эки почеркти бири-биринен ажыратып бербей), арабдар куранга киргизген шатырактын баарын светтик кыргыз мамлекетинин башынан ылдый “куюп” таштап туруп кете берди. Же, балким, ал, мындай деңгээлге (С.Алескеровдун деңгээлине) жетпей туруп кетти. Кандай болсо дагы улуттун жаштарын ата-баба жолунан азгырып, чоочун, жаңылыш жолго салууга эбегейсиз рол

– светтик өлкө. Анын светтүүлүгү, жасалма эмес, кыргыз элинин рухий жашоосунун буга чейинки тарыхы менен тагдырына бекем таянуу менен, көптөгөн талаш-тартыштардын негизинде, абдан объективдүүлүк менен бааланып, көпчүлүктүн жактыруусу менен гана кабыл алынып, Конституцияда белгиленген. Ошондуктан, кыргыз мамлекетинин светтүүлүгүнө карама-каршы сөз айткандар, аракет кылгандар: кыргыз мамлекеттүүлүгүнө коркунуч келтирген шектүү субъект катары каралууга тийиш...

## БАЯГЫ ТҮГӨНГӨН САЙЫН ТҮТӨГӨН КЫРГЫЗ КАЙДА?

Ар бир диндин же этикалык системанын борборунда турган жашыруун доктринанын сыры болот. Мындай сырдуу докторина бир эле динде болбойт. Ал улуттардын (ал тургай ар бир адамдын) жашоосунда да болот. Айрыкча кыргыз сыяктуу көп кылымдарды карытып атын-затын сактап келген чыныгы улуттун (жасалма улуттар да бар эмеспи) сөзсүз жашыруун доктринасы болот. Көптөгөн карама-каршылыктарына карабай эчендеген кылымдар өтсө да күчүн жоготпой барган сайын адамдарды өзүнө көбүрөөк тартып бараткан куран сыяктуу эле "Манас" эпосунун да койнуна каткан табышмагы көп. Ошондуктан, "Манас" да тилди билген-билбегенине карабай уккандын баарын өзүнө тарта алган. Курандын касиети анын кыраатында дешкен билермандар, анын чындык экендигин биз, баарыбыз жакшы билебиз. Анын сыңарындай "Манастын" күчү да анын айтуу методунда болгон. Биздин улуттук арман – ошол айтуучулукту бара-бара күчүнөн тайдырып алганыбызда. Бирок эпостун эбегейсиз боюна сиңдирилген жапан күч дагы деле бизге дем берип тургандыгы кантип сезилбейт. Сезилиш керек, аны сезбеген адам өзүн кыргыз катары сезе албайт, кыргыз болуунун маанисине жете албайт. Кыргыздын кыргыздыгы эмнеде экендигине түшүнө албайт. Кыргыздын кыргыздыгы Феникс куш сыяктуу күлдөн кайра бар болуп, баш көтөрүп чыга келгендигин-

---

ойноду... Эми муну оңдош мамлекет үчүн оңойго турбайт. Чубак Жалиловго мамлекеттик сыйлык сурап жүргөндөргө муну түшүндүрүү мүмкүн эместиги, албетте өтө өкүнүчтүү...

де. Баягыда, Тонукөк, Култегиндер улуу кар басып жаткан убакта, кыргыз жоо күтпөй беймарал уктап жаткан мезгилде басып, эзели баш көтөрө албай тургандай кылып кырганы эсиңердеби? Тарыхчы жазат: ошондон кийин кыргыздар көпкө чейин тарыхый аренадан көрүнбөй кетишип, бирок, чейрек кылымдын ашуун убакытта (кырк жылдан кийин) алар жаңы күч, жаңы дем менен кайрадан чыга келишкендигин. Ошондой эле кыргыздар уйгурлар тарабынан да дээрлик башма-баш кыргын тапкан учур болгонун (700-800-жылдар аралыгында) тарых саймедиреп келет. Анда да жоктон кайра бар боло алганын бүгүнкү кыргыз мамлекети көрсөтүп турат. Ал эми эчен элдерди ырайымсыздык менен кырып-жоюп жер бетинен жок кылган уйгурлардын бүгүнкү абалы – өзүңөн алсызга кордук көрсөтпөө жөнүндөгү кыргыз философиясынын канчалык туура экендигин – тарыхый сабак катары эске салат. Демек, феникс куш сымалдуулук кыргыздын бир сыры деп түшүнгөнүбүз, бизди, өзүбүздүн улуттук докринабыздын сырын ачууга жакындатат. Ал "Манаста" "Түгөнгөн сайын түтөгөн кыргыз" деген саптар жөн жай айтылып калбаганын кабарлайт. Экинчи сыры: философ С.С.Иманалиев белгилегендей тагдырдын Чакырыгына жооп берүүгө, ар заманда кыргыз элинин күчү жеткенинде[10]. Ушулардан көрүнүп тургандай биздин улуттук сырыбыз жана сыныбыз өзүбүздүн тарыхта экен да. Аны өзүбүздүн салт-санааларыбыз менен кайра жаңыртып турганыбызда экен. Хандын эшигинде эчтемеден кем болбой эркелеп чоңойгон Семетей өзүнүн кыргыз экенин билээр замат, "Катыгүн эне эл кайда// Элге жетээр күн кайда" деп, жаштыгына карабай, жанын тобокелге салып жалгыз жер кезип жөнөйт эмеспи. Кандай эне жөнөтөт баласын ошондой катуу багытка. Каныкей жалгызынын жанында жүргөнүнө эмес, кайрылып элин тапканына гана кызыкдар. Ал үчүн энесинин этегинен чыкпаган уулдун дегеле кереги жок. Андай нерсе оюна да келбейт. Кыргыздын улуттук жашоосунун маани-маңызы ушундай экендиги, ушул саптардан көрүнөт. Бул улуу сабакты эске салып

[10] "Философ, социолог А.Тойнбинин пикири боюнча тарыхтын мүнөзүнүн башатын табияттык же коомдук Чакырык аныктайт. Дүйнөнүн тарыхында Чакырыктын сыноосуна туруштук бере албаган этностор, элдер жок болуп кетишкен" (4-б. С.С.Иманалиев "Манас" эпосундагы адам болмушу. Б.:2014).

жатканым: исламдын, Мухаммеддин жакшы экендигинде (аларга жамынган түрдүү секталарды эске албаганда) шек жок. Кеп биздин өз тамырыбыз башкада экендигинде. Өз тамырыбыздан уланып өскөндө гана күч-кубаттуу болорубуздун сырында. Алдыда дагы өтө катаал күндөр келе жатат. Алты миллион кыргыз эмес, 140 миллион орус, эртеңибиз кандай болот, балдарыбыз, ааламды оп тартып бараткан бир ууч байлардын кызматына гана жарап, жарабаса андан да жок калабы деп зырылдап, жандарын коерге жер таппай жатса, биз жаштарыбызды, кара жандарынын камынан башканы ойлобогон молдолордун алдына салып берип коюп камырбай басып жүргөнүбүз кандай гана өкүнүчтүү атаганат. Азыр орустун мен деген окумуштуулары айтып, жазып жатышат: өзүбүздү сакташ үчүн орустугубузду сакташыбыз керек деп, орустукту сакташ үчүн орус тилин, салтын сакташ керек деп. 140 миллиондун тегерегиндеги орустар ошентип жатканда, биз 6 миллиондун айланасындагы кыргыз кантип сактамак элек өзүбүздү, андан көрө жарымыбыз арабдардын, жарымыбыз орустардын, калганыбыз кимдин этегине колубуз жетсе, ошону кармап кете берелиби? Же, мындан жаманымда да тойго барганмын дегендей, мындан да оор тарыхый учурларды жеңип аман калган, күлдөн кушка айланган кашкөйлүгүбүздү карматалыбы? Ошентүүгө алыбыз жетеби? Алдыбызда ушул суроолорго кааласак, каалабасак да жооп берүүчү күн келе жатат жана ал анча деле алыс эмес. Азыртан катуу камынбасак, ошол күнгө даяр турбасак эртеге кеч болуп калат...

## ДҮЙНӨНҮ ДҮРБӨЛӨҢГӨ САЛГАН АЛААМАТТАН САКТАЧУ КҮЧ КАЙДА?...

Кыскасы, дүйнө кадимкидей дүрбөлөңгө түшүп баштады. Анткени, жалпы адамзаттын, ар бир мамлекеттин алдына тарыхый Чоң Чакырык ташталганы кадимкидей көз-көрүнөөгө чыкты. Кеп адамдарды электрондук кулга айлантуу аракетинин ачыкка чыккандыгы жөнүндө болууда. Мындайда биринчи жардам каяктан, кандай жол

менен келиши мүмкүн? Бир гана ички улуттук күч жардам берип, ички күч гана сактап кала алат (ошондуктан орустар жогоруда айткандай өздөрүнүн тилин, салт-санаасын эстеп жатышат), башка эч нерседен айла же чара таба албайбыз, албетте, кимде, кайсы улутта ал күч бар болсо. Себеби, улуттун эне тилинин, салт-санаасынын, улуттун өзүнүн калыптанышына жана сакталып келишине канча энергия, канча айла-амал, Кудайдан берилген жардам катылган. Ал бир жакка жок болуп кетиши мүмкүн эмес. Ал бар. Ал улуттун ар бир мүчөсүнүн ДНК-сында катылган. Болгону көпчүлүгүбүздүкү уктаган, дагы көпчүгүбүздүкү үргүлөгөн абалда. Ал күчтү такыр жоготуп алган жана ошонун артынан өздөрү да жок болгон улуттар, этностордун тизмеси узун экендигин билебиз. Тагдыр канча сыноо салса да өжөрлөнүп баш бербей, тагдырдын улам таштаган биринен бири оор Чакырыктарына адекваттуу жооп берип отуруп кыргыз деген элди ушу күнгө чейин сактап келген, аны улутка айлантуу мүмкүнчүлүгү келгиче, чымырканып сактаган ата-бабаларыбыздын арбагынын алдына терең таазим кылуу менен ар бирибиз улуу Чакырыкка жооп берүүгө олуттуу даярдыкты баштайлы. Бул маселеде кыргыз эли абдан утуштуу жагдайда турабыз. Бул биздин кылымдарды карыткан абдан бай улуттук салттарыбыз. Ошо салттарда элдин сакталуу сыры катылган. Ошондуктан, ар ким азыр Өзүн табыш керек, өз тамырына кайтыш керек. Ошондо, анан, дүйнөнү буга чейин кармап келген табышмактуу сыр жанданып, күчкө кирип, дүйнөлүк Адилеттүүлүк мыйзамы иштеп баштайт. Ал күчтү ишке киргизүүнүн эң оптималдуу жолу – улуттун ар бир мүчөсүн ал Күчтү сезип тургандай кылып тарбиялоо. **Ал дегенибиз "Манасты" жапырт үйрөнүү жана үйрөтүү. Анын субстанциясына катылган жашыруун доктринанын сырын түшүнгөнгө чейинки билимге жетүү. Элди сактаган ошо көркөм сөздүн күчү болсо, жерди сактаган ошол көркөм сөздүн күчүнө каныккан элдин күчү болгон. Эл күчтү Сөздөн алган. Ал эми Сөз күчтү кайдан алган – ушул Улуу Табышмактын жандырмагын табуучу билимге жетүү...** Ушуну ушу туюк боюнча сактап, байыркы бабаларыбыз "Манас" баштаган элдик оозеки чыгармачылык жана каада-салттар аркылуу

жаш муундарын кантип тарбиялап келсе, биз өз муунубузду тарбиялоо жана билим берүү ишинде дал ушул кыртыштан, ушул фундаменттен баштоону жолго коюшубуз, тактап айтканда, мамлекеттик билим берүүбүздү переформаттоо ишин биз да кечикпей башташыбыз керек. Улуттук билим чыныгылыгы, нукуралыгы менен күчтүү. Кыргызга денелик жактан: кымыз, максым жарма менен бозо жана эт жагымдуу, тоюмдуу, дарылык касиети жогору тамак-аш катары ашказанына сиңимдүү болсо, улуттук билим: **адамда адамдыкты, инсандыкты, патриоттуулукту калыптоону көңүлдүн борборуна койгондугу менен өзгөчөлөнөөрүн, ушул өзгөчөлүк: билим берүүдөгү эч качан өзгөртүүнү талап кылбаган (эгерде адамдын адамдыгы ордунда турса) күчтүү классикалык башталгыч экендигине тереңден баа беришибиз, жаш муундарыбызга билим берүүдө жана тарбиялоодо аларды кеңири пайдаланууну мындан ары кечиктирбей, аң-сезимдүү түрдө колго алганыбыз оң. Адамдарды билимден эле эмес, акылдан, адамдыктан адаштырууну колго алып жаткан, дүйнөгө жаңы тартип орнотобуз деп жаткан трансгуманисттерге, биз, кыргыздар, өзүбүздүн күчтүү салттарыбызды каршы коё ала турган сейрек улут экендигибизди кеч болуп кала электе тереңден аңдашыбыз керек.**

## КЫРГЫЗ ЭЛИ СЫРТТАН КИРГЕН ДИНДЕРГЕ КАРАТА КАНДАЙ МАМИЛЕДЕ БОЛГОН?

Ошентип, канчалаган изилдөөлөр жүргүзүлгөндүгүнө карабастан бул дүйнөдөгү эң кызыктуу, эң табышмактуу эки фигуранын бири Кудай, экинчиси Адам боюнча кала берди. “Адамды көрүү жөндөмү гана жерден жогору көтөрө алат. Ошондуктан, теория, адам көзү асманга тигилген жерде гана башталат. Ошондуктан, биринчи философтордун баары астрономдор болушкан. Асман гана адамга, анын функциясы бир гана иштөө эмес, байкоо да экендигин эсине сала алган” [15, 88]. Кыргыздар асманды Кудай (Теңири) катары таанышкандыгынын сыры ушунда. Өзүнө энчи-

лүү дини бар, же, жок экенине карабай (ислам арабдарга, буддизм-индиялыктарга тиешелүү болгондой), эзелтеден эле Кудайды таанымаган, ал жөнүндө ойлобогон эл болгон эмес. Муаммар Каддафи айткандай: "Ар кандай коомдун же чыныгы мыйзамы, же үрп-адаты, же дини болот". Анткени, баар-жокту толтуруп турган нерсени, же, айланасын бүт курчап турган нерсени, же, физиктерче айтканда Уңгу талааны, аң-сезимдүү боло туруп, адам таанымай, сезбей, байкабай, аны менен мамиледе болуп жатканын билбей, сезбей коюшу мүмкүн эмес. Мына ошол байкоо, сезүү-билүү, таануу кайсы элде кандай жүргөндүгү, кандай деңгээлде таанылып, эмне деген аталыштарга ээ болгондугу жөнүндө көбүнчөсү этнографиялык материалдар айтып берет. Себеби, ар кандай коомдо Кудай таануу үрп-адаттардан башталат. Адам аң-сезимдүү жаныбар катары ээ болуунун кубанчын жана жоготуунун азабын сезген, ал жөнүндө ар кандай маалыматтарды бере алган. Мисалы, уй, айрыкча төө баласын жоготсо кайгыраарын билебиз, бирок, ал кайгы кандай процессте өтүп, канча убакытка созулаарын биле албайбыз, анткени, алар бизге эч убакта өз ооздору менен маалымат бере алышпайт. Булар жөнүндө эмпирикалык байкоолор же илимий гипотезалар гана болушу мүмкүн. Ал эми адамдыкы башкача. Эң негизгиси адам жоготуунун түрлөрүн билип, андан сактануунун аракеттерин көргөн. Мында адамдын биринчи кайрылаары Кудай болгон. Ал көптөгөн элдердин түшүнүгү боюнча бардык жерде, адам (аң сезим) бар жердин бардыгында болууга, баарын көрүп турууга, эгер каалаunion сактап калууга жөндөмдүү нерсе. Кудай жөнүндөгү эмпирикалык түшүнүк ушуларга барып такалат. Философ Н.Асанбеков: "Көчмөн кыргыз элинин эмпирикалык дүйнө таанымында тоолор, аскалар, булак суулары, дарактар колдоочу рух катары кабылданган" деп жазат. Демек, кыргыз эли Кудайды бардык нерседен көргөн жана аны Теңир (Көкө Теңир) деп таанып, Көкө Теңир ошол бардык сактоочулардын, жалгоочулардын башында турат деп эсептешкен. Бирок жогорудагы автор: **"Кыргыз элинин диний аң-сезиминде ортодоксалдуу ислам менен байланышкан көз караш негизги болбостон, исламга чейинки диний ишенимдер жана**

**ата-бабалардын арбагына сыйынуу сыяктуу диний ырым-жырымдар үстөмдүк кылуучу абалда кала берген**” деп белгилейт. Окумуштуулар ошол исламга чейинки диний элементтердин арасында элибиздин басып өткөн жолунда аралашкан элдердин диний түшүнүктөрүнүн (мисалы, бутпарастардын) дининин элементтери бар экендиги жөнүндө сөз кылып келатышат (философ Б.Аманалиев ж.б.). Чоочун элемент аралашпаган таза тилди кезиктирүү мүмкүн эмес сыяктуу эле, диний ишеним да таза түрүндө кезигиши мүмкүн эместиги ырас. Алардан Кудай жөнүндөгү түшүнүк жок дегенде эмпирикалык деңгээлде ар бир элде, алардын катарында биздин элде да болгондугу байкалат. Кыргыз Кудайды көкүрөгүндөгү туюк туюму менен тааныган, ага ишенген, керек учурунда жардам сурап кайрылган. Же, философ Ж.Бөкөшов жазгандай: **“Көрсө, кыргыздын байыркы ой-санаасында дүйнө Кудай берген бак экен же дүйнөнүн өзү Кудай экен. Адистер билет, дүйнөнү Кудай санаган көз караш жомок-миф жыттанган тээ байыркы аң-сезимде гана эмес, логикалык пайдубалга негизделген, теориялык тактамалар менен куралданган философиялык окуу-көзкараштарда да кезигет. Ал “пантеизм” деп аталат. Ал эми Спинозанын онтологиясында: жаратылыш бул Кудай деп айтылган** (17-кылым). Мындай ой-түшүнүктү кыргыз эпосунда сактап, тилинде каткан экен” [16, 144].

Жеке эле исламга карата эмес, өзүнүн көп кылымдык тарыхында бардык диндерге карата кыргыз нейтралдуу мамиледе болгондугу жөнүндөгү төмөнкү ойлор абдан кызыктуу: “Элдин маданиятына көп кылымдар илгери зороостризм, буддизм, индуизм жана христианчылык, ислам сыяктуу кийинчерээк пайда болгон көз караштар киргизилген. Кыргыздар анын баарын сынап көрүшкөн, бирок кийин аны кабыл албай коюшкан. Акыркы мезгилге чейин **эзелки эрежелерден башка эч кандай эреже элдин канына сиңбей койгон**. Кыргыздар үчүн Жазуулар жана пайгамбарлар анча маанилүү болгон эмес, алар үчүн **Кудайдын маңызы жана образы, биздин руханий-физикалык дүйнөбүз кандай түзүлгөн, анда кандай мыйзамдар иштеп жатат, тиги дүйнө кандайча түзүлгөн, бул**

**бардык чектер өз ара кандайча, кандай күчтөр менен байланышкандыгы тууралуу маселелер гана маанилүү болгон. Ошондуктан, бир жактан келген маданияттардын көп миңдеген жылдык кысымына карабастан, кыргыздардын руху өзгөргөн эмес, алардын дүйнө таанымы мурункудай эле калган (кыязы, кыргыздын эл катары көп кылымдар сакталып калышынын себеби ушундай сапатында болгон-Ч.Д.). Башка маданияттарга мындай өжөрлүк менен каршылык көрсөтүү, эгер элде кең ойлуу жана кубаттуу өз кечилдеринин, көзү ачыктарынын, ар кандай деңгээлдеги ойчулдарынын, анын ичинде жөнөкөй адамдардын да катмары болсо гана ишке ашырылат. Аларсыз бардык эле элдин маданияты өтө тез жоголот"** [17, 393]. "... кыргыздар анын (исламдын) эзелтен элде ансыз деле жашап жүргөн Дүйнөнүн маңызы тууралуу исламдын окуу бөлүгүн гана кабылдаганын кыйынчылыксыз эле байкоого болот" (ошондо).

Бирок, азыр абал кыйла өзгөрдү. Эч качан диний фанаттар чыкпаган улутубуздан азыр исламдын фанаттары боо-боо болуп оргуштап чыгып жатат. Себеби, **ошол атадан балага берилип келаткан улуттук илим ("пантеизм") кыргыз улутунун муундар аралык байланышы өтө начарлап кеткенине байланыштуу кыргыз жан дүйнөсүндө соолуп, түгөнүп бара жатат, көкүрөгү бош калган кыргыз жаштары аны эптеп бирдеме менен толтурууга умтулуп жатышат.** "Ыйык орун бош калбайт" дегендей, дал ушул кезеңди Кыргыз мамлекетинин дин башкармалыгы бекем кармап алып, кыргыздын өзүнөн даярдалган маңкурттар аркылуу кыргыздын өзүн согуп жатат. Дайым ушундай: токойду жыгач менен сапталган темир балта гана кыйрата алган сыяктуу, өзөктүү нерсени – өзүнөн чыккан жоо гана кыйрата алат... Эптеп молдо атыгып айылдагы мечиттерде жан багып жүргөн бирөөлөр эмес, элге билимдүү-илимдүү интеллектуал катары таанылган Абдышүкүр Нарматовдун чоң трибунадан "Теңирчилик болгону бир көз караш. Манас мусулман болгон" деген сыяктуу жоопкерсиздик менен айтылган сөздөрүн байма-бай угуп келатабыз. Кыргыздын турмуш-тиричилигинин жана негизги эпосунун маңызы теңирчиликтен тураарын далилдеген

эчен мисалдарды жогоруда келтирдик. Ал эми кыргыз элинин этникалык тарыхын абдан тереңден изилдеп чыккан орус элинин атактуу окумуштуусу, этнограф, түркolog Саул Матвеевич Абрамзондун жазганы боюнча кыргыздын ислам менен мамилесинин жагдайы кечээ жакынкы тарыхка чейин төмөнкүдөй болгон: "Бул дин (ислам) кыргыздардын арасында бир кыйла кечирээк тараган. XVI-XVII кылымдарга тийиштүү болгон тарыхый булактарда кыргыздар али да "капырлар", б.а. мусулман эместер же "капыр да мусулмандар да эмес" деп айтылат[11]. Исламдын кыргыздардын арасына бир кыйла ургаалдуу түрдө жайылышы болжол менен XVII кылымдын экинчи жарымына – XVIII кылымга дал келет деп эсептөөгө болот. Бул процесс, сыягы, кыргыз жерлерин Кокон хандыгы тарабынан басып алышынан баштап бир кыйла активдүү жүргөн"(187). Азыркы молдолор "Манас мусулман болгон" деген орду жок ойду таңуулаган сыяктуу, ал мезгилде исламды таратуучу кожо-молдо, эшендер жана аларды колдооого алган кыргыз бай-манаптары "кыргыз эли Мухаммеддин туу көтөрүүчүсү Эркештин тукумдары" деген маалыматты элдин жан-денине сиңдирүүгө, ошону менен ислам дини башка жактан келген эмес, элдин өзүндө атам-замандан бери эле бар экендигине ишендирүүгө аракет кылышкан"-деп белгилеген окумуштуу С.Абрамзон. Ислам проповедниктеринин мындай трюгу өтпөгөндүгүн (ар бир кыргыз жети атасын санап отурса кантип өтөт-Ч.Д.), бүгүн мындай кеп-сөздүн айтылбагандыгы көрсөтүп турат.

Бирок кожо-молдолор канчалык катуу жанталашса деле М.И.Венюков, Г.Е.Грумм-Гржимайло ж.б. окумуштуулар кыргыздарды "... диний үрп-адаттарды жылына бир жолу – Рамазанда айылга молдолор келгенде гана колдонуша турган өтө начар мусулмандар катары" сүрөттөшкөн. Башкача айтканда, кыргыз элинин ислам динин кабылдоосу XIX кылымда деле XVI кылымдагы Аксыкентинин сүрөттөөсүнөн бир кадам алга жылбагандыгын, элдин арасында даарат алуу, намаз окуу, орозо тутуу сыяктуу исламдын негизги

[11] Автор текстинин ушул жерин М.А.Аристовдун "Түрк уруулары менен элдеринин этникалык курамы жана алардын саны жөнүндө жазмалары" жана "Живая старина" аттуу эмгектерине таянып жазгандыгын көрсөткөн.

парзы быякта калсын, Мухаммеддин атын билбегендер XIX кылымда деле көп болгондугун көрсөтүшкөн. Мына ошол мезгил "Манас" эпосунун күнү тууп турган убак экендигин эске алсак, жогоруда Д.Кадыров белгилегендей эл ичинде өз идеологиясынын күчтүү болгондугу, исламдын эл ичинен кенен-кесири орун алышына жолтоо болгондугун билдирет. Ч.Валиханов: "кыргыздарда өлүк көмүү, үйлөнүү шаман ырым-жырымдары боюнча өткөрүлөт[12]. Куран Орто Азиялык же татарлардан сабаттуу бирөө келип калган учурда гана окутулат" дейт. Ч.Валиханов белгилүү болгондой кыргыз жергесине XIX кылымдын экинчи жарымында келген. Албетте, мындай факты азыр көпчүлүк кыргыздардын кулагына абдан эле өөн учурашы, кыргыз өзүнүн жапайычылыгын моюнга алуусундай сезилиши ыктымал. Анткени, азыр ошол арабча бирдеме окулмайынча өлүк да көмүлбөйт, нике да кыйылбайт. Булардын кыргызча да жолу бар экендиги көпчүлүккө жайылтылса, Чубак ажы (маркум) сыяктуу молдолор жаназасын пеш кылып, өзүнчө монстр боло албай калмак[13].

Элдин ислам пропагандисттерине каршы көз-караштары өз Кудайына (Теңирге) сыйынган дубаларына чейин орун алган:

"Ала чапан кожодон сакта,//Жыла баскан молдодон сакта"

Исламдын кыргыздар арасында таралуу абалы XIX кылымда деле анча жакшы эмес болгондугунун дагы бир негиздүү себеби катары: дин ишмерлеринин Кокон хандыгынын колонизатордук саясатын жүргүзүүгө жеке кызыкчылыктарын кошууга абдан кызыкдар болгондугуна байланыштуу экендигин бир катар окумуштуулар белгилеп келишет. Ошондуктан, айрыкча карапайым эл молдо-

[12] Кыргызча нике кыйууда, ак-кара түстөн эшилип жасалган ала жип менен үйлөнүп жаткан кыз-уланды бириктирип байлоо ырымынан улам "Ала жипти аттабоо" деген, никеге кыянаттык кылбоону билдирген түшүнүк калыптангандыгын азыр көптөр билбегендиктен, эки жашты никелөөнүн мусулманчылыктан башка жолу жоктой көрүнүп калган. Ошондой эле эки жашты бири-бирине антташтыруу убагында оттон да аттатышкан, бирок кийинкиге "отко кийирүү" деген, жаңы келинди тууган-урукка аралаштыруунун ыгы болгон экинчи этабы гана сакталып калган.

[13] Чубак ажы жаш депутат Ж.Акаевди "өлсөң жаназа окуганга молдолор барбайт" деп коркутууга аракет кылганы, буга Т.Чоротегин деген тарых илиминин доктору "мен өлсөм да ошол молдолор келбей эле койсун" деген билдирүү менен чыккандыгы, кыргыз коомчулугунун ичинде мусулманчылык позициясынла тургандар менен кыргызча дүйнө таанымды алып жүрчүлөрдүн (алардын көпчүлүгүн интеллигенция, негизинен окумуштуулар түзөт) ортосунда ачыкка чыкпаган катуу тирешүү бар экендигин көрсөтөт. Кыргыз өкмөтү ушул тирешүү ачыкка чыкпастан адамдардын ичинде эле күчүн жоготуунун камын көрүшү керек.

лорду жаман көрүшкөн. Ал эми кыргыз бай-манаптарынын исламды жайылтууга карата өз кызыкчылыктары болгондугун С.М.Абрамзон мындайча белгилеген: “Өз букараларынын дүйнө-мүлкүнө жана өмүрүнө кожоюндук кылган, мурдагы уруу аксакалдарынын бийлигин толук тартып алган манаптарга ийкемдүү, жакшы жолго салынган идеологиялык аппарат керек эле, мындай аппарат бул дүйнөдө элдин тагдырын тескөөчү катарында манаптардын кадыр-баркын колдоого, ал эми баш ийбегендерди теске салууга кызмат кылууга тийиш эле. Бул ролду массага таасир берүүнүн зор тажрыйбасы бар молдолордон жана үгүтчүлөрдөн турган зор “штаты” бар ислам гана ийгиликтүү аткара алмак” [18, 187]. Молдо-кожо, эшендер болсо ошондо деле дал азыркыдай бакшыларга өздөрүнүн атаандашы (болгондо дагы күчтүү жана таасирдүү) катары карап, аларды жек көрүшкөн жана аларга карата элдин ишенимин кетирүү үчүн болгон аракеттерин көрүшкөн. С.Абрамзон Түштүк жергесиндеги чөл тараптагы кыргыздарга исламдын кеңири таркашын XVII кылымда ойроттордун кыргыз жерлерин басып алган тарыхый окуялар менен байланыштырат. Ошондо кыргыздардын кыйласы Фергана аймагына көчүп барышат да исламга болгон ишеним терең орун алууга үлгүргөн өзбек элинин таасири астында калышкан[14]. Саул Матвеевичтин билдирүүсүнө караганда: кыргыздардын жогорку катмарынын ичинде да исламды кабыл албагандары болуптур, мисалы, хан Ормондун уулу Умөтаалынын өзүнүн Талканчы деген “ордолук” шаманы молдо ордуна руханый жол баштоочтун ролунда болгон, ал эми Ч.Валиханов: “Сарбагыштардын азыркы жол башчысы Умбет-Алинин “бакшы” деген ардактуу наамы бар” деген маалымат калтырган.

[14] (убагында исламга катуу каршылыкты дал ушул өзбектер көрсөткөнү тарыхтан маалым. Ошондон улам “өзбек таяктын күчү менен мусулман болгон” деген ылакап кеп айтылып калган. Ислам Каримовдун исламга категориялык түрдө каршы болгондугунун ушундай тарыхый негизи болгондугун жалпы түрк эли көңүлүндө тутса, келечекте руханий адашуунун чытырман токоюнан чыгууга маяк болуп бермек. Себеби, жалпы түрктөрдун масштабынан алганда биз адашуунун чытырман токоюнда калдык деп толук ишеним менен айтууга болот. Кыргыз-казак жергесин кыдырган европалык саякатчылар ислам динине болгон ишеним кыргыздарга караганда казактарда алда канча терең экендигин белгилешкен. Бүгүнкү күндө да казактардын абалы улуттук ишенимден адашуусу кыргыздарга караганда алда канча терең экендиги көрүнүүдө. Ал эми Турцияда бул маселеде абдан чоң проблемалар жаралып жаткандыгы белгилүү. Өзбек, казак, кыргыз муфтийлери Айт намазында чоң таякты кармап тургандары дал ушул тарыхтан калган символ экен. Ошондуктан, КРнын президенти кыргыз туусун өөп ант берип алып, анан айт намазында чоң таяктын алдында намаз окуп отургандыгын улуттук символдорго маани бербегендиги катары кароого болот.

Кыргыздарды мусулмандаштыруунун экинчи толкуну Түндүк кыргыздарынын орус букарачылыгын кабыл алуу менен байланыштуу болот. Орус дыйкандары менен катар кыргыз жергесине татар-башкыр молдолору агылып келе башташат. Албетте, бул факты орус падышачылынын кийлигишүүсү менен ишке ашкан. Кыргыз бай-манаптары сыяктуу эле орус падышасы дагы жергиликтүү элди тезирээк кынына киргизүүнүн кылыч менен балтадан башка дагы, зомбулуктун анча таасын көрүнбөгөн жолун тапкысы келген. Бул маселеде ислам дини алмашкыс курал экендигин падышачылык байкабай койгон эмес. Ошентип, XIX кылымда кыргыз элин мусулмандаштырууга үч-кабат (Кокон хандыгы, орус падышачылыгы жана кыргыз бай-манаптары тарабынан) эң күчтүү кызыкчылыктар пайда болот. Ошондуктан, элибиздин интенсивдүү түрдө мусулмандашуусу негизинен XIX кылымга туура келери тарыхый чындык. Бирок, ошол заманда да элдин көпчүлүк бөлүгү, негизинен карапайым адамдар ислам боюнча сабатсыз бойдон кала бергендиги, ал тургай Мухаммед пайгамбардын ысымын укпагандар кыргыздардын арасында XIX кылымда деле көп болгондугун жогоруда аттары аталган чет элдик саякатчылар жазып кетишкен.

## "... АРАПТАР АЛЫП КЕЛГЕН ИСЛАМ ОРТО АЗИЯДАГЫ АЯЛДАРДЫ КҮҢДҮН ДЕҢГЭЭЛИНЕ ТҮШҮРДҮ"

Ошондой эле саякатчылар, айрыкча Европадан келген саякатчылар кыргыздарга мусулманчылыктын эркектер менен аялдарды эки бөлөк кармоо адаты жайылтылбагандыгын, кыргыз аялдары эркек конок барса, өзү атын алып, өзү коноктоп кайра атказып жибере тургандыгын таң калуу менен белгилешип, мындай нерсе мусулман өлкөлөрү үчүн ойго келбеген иш экендигин, алардын аялдары чоочун эркектер алдынан чыга калса кыйкырып качыша тургандыгын жазышат (немец саякатчысы М.Ханттын белгилөөсүндө: бул окуя Чоң Алайда болуп жатат, ислам дини салыштырмалуу көбүрөөк жайылтылган чөл тараптардын айрым жерлериндеги кыргыздарда дагы "аялдар чоочун

эркектер чогулган жерге келбеш керек" – деген көз караш кадыресе адатка айланган). "... Ислам пришедший в Среднюю Азию с арабами, низводил женщину до уровня рабыни" деген Низаминин сөзүндө акыйкаттык бар. Ал аракет кыргыз-казакта толук максатына жетпесе да ислам кеңири жана терең кирген коңшулаш өлкөлөрдүн аялдарынан күңдүк абалдын ачык белгилери байкалып эле турат. Мындай көрүнүш негизинен социалдык жактан төмөнкү топторго тиешелүү. Өзүн мусулман катары эсептеп, беш убак намазды жазбай окуган Курманжан датка дагы мусулманчылыктын айрым обряддарына баш ийбөөчүлүк менен же накта кыргызча эркин мамиле жасагандыгы тарыхый булактардан белгилүү. С.Абрамзон кыргыз бай-манаптары ислам динине кирүү өнөктүгүн жүргүзүү менен катар, өздөрүнө пайда алып келе турган элдик диний ырым-жырымдардан да баш тартпай, тескерисинче, эки тараптан пайда көрүүгө умтулушкандыгын, ыйык деп эсептелген мазарларга, булактарга, арча, тал-теректерге жана түлөө, аш өткөрүү сыяктуу элдик адаттардын да ээси болуп алууга аракеттенишкендигин көргөзгөн.

## КЫРГЫЗДАРДЫН АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ ДИНИЙ АБАЛЫ, ЖЕ, МОЛДОЛОРДУН ТЕҢИРЧИЛИККЕ КОРКУНУЧТУУ ТҮР БЕРҮҮГӨ АРАКЕТТЕНҮҮЛӨРҮНҮН ТҮПКҮ СЕБЕПТЕРИ...

Р.Н.Безертинов "Древнекыргызская религия тенгрианство" аттуу окуу куралында (коомдук-гуманитардык окуу жайлардын студенттери жана мектептин жогорку класстары үчүн жазылган) "Теңирчилик боюнча адам тирүүсүндө Асман менен Жерге баш иет, ал эми өлгөндөн кийин алардын бийлигинен эркин болуп, өзү Кудайга (рухка, кыргызча айтканда арбакка) айланат" деп жазган [19, 107]. Муну автор теңирчиликте христианчылык менен мусулманчылыктан айырмаланып "Адам – күнөөкөр пенде" катары кабыл алынбагандыгы менен түшүндүргөн. Ал (теңирге сыйынган адам) мал-жанына залал келбесин деп жаман иштен сактанат-дейт. Жана бул адамдын тиги дүйнөдөгү

жашоосуна жайылтылбайт. Анткени, теңирге ишенгендер үчүн өлүм жок. Адам башка формага өтүп (өлбөй эле) Асманга учуп кетет. **Кыргыз элинин азыркы учурдагы өлүк коюу ырым-жырымдардын баары теңиричилик көз караштарга байланыштуу келип чыккандыгын төмөнкү мисалдар аркылуу далилдесе болот деп берилет аталган китепте: адам өлгөн күнү курмандыкка мал союу, бетти тытып өкүрүү (байыркы мезгилде эркектер да бетин кесип кан чыгарып, ат коюп өкүрүп келчү экен), аялдардын кошок кошуусу, кырк күнгө чейин күн чыкканча, чак түштө жана күн батаарда кошок кошуп өлгөндү жоктоо, өлүктү сөзсүз боз үйгө жаткыруу, беш стадиядан турган (өлгөндө курмандык союу (кара аш берүү), үчүлүк, жетилик, кыркылык жана аш берүү) кааданы өткөрүүнүн баары теңирчиликке тиешелүү (Күнгө байлыныштырылып жасалган) ырым-жырымдар.** Исламдын жайылтылгандыгына байланыштуу айрым бир өзгөрүүлөрдү[15] эске албаганда, жогоруда Р.Безертинов теңирчиликке тиешелүү деп келтирген мисалдагы үрп-адаттардын баары бизде бүгүнкү күнгө чейин сакталып, аткарылып келаткандыктан, молдолор алардын теңирчиликке тиешелүү экендигин билип туруп каршы чыгып жатышат.

**Молдолордун теңирчиликке каршы күрөшү төмөнкүдөй ырааттуулукта жүрүүдө:**

**Биринчи**: теңирчиликке коркунучтуу түр беришип, аны өз контингентинен (молдолордун сөзүнө ишенген массадан) болушунча алыстатышты, бул масса эми бир кыргызды **теңирчилер** жана **мусулмандар** деп экиге бөлүп карай башташты (дал ушул бөлүнүү атуулдук согушка алып келүүчү өтө коркунучтуу сигнал, өздөрүн мусулман эсептеген жаштар башка көз караштарга толеранттуулукка эмес, чыдамсыздыкка тарбияланып, фанатчылыктын барып турган коркунучтуу түрүнө өтүп жатышат).

[15] Жетилик эмес пайшамбалик өткөрүү, 3 айттык өткөрүү сыяктуу, булар да кыргыздардын өз каада-салтын исламга байланыштырып ойлоп чыккан салттары, арабдар мындайды кылбаса керек. Алар ал тургай “куранды тоготпойт – дейт профессор С.Кайыпов: миң кыргыз отурган жерде куран окулса, чымындын канатынын дирилдегени угулуп турат, ал эми арабдар куран менен тең жарышып кажылдап сүйлөй беришет, эй куран окулуп жатат – деп эскертсең, “куран өлүктөргө эмес, тирүүлөргө түшүрүлгөн” деп коюшат. Ошондуктан, дүйнөдөгү эң мыкты мусулмандар, булар кыргыздар деп эсептейм” – дейт окумуштуу.

**Экинчи:** теңирчиликке байланышкан каада-салттардын артынан түшүү. Өлүккө жумшалган чыгымдын, өкүрүп-кошок кошуунун, ыйык деп эсептелген жерлерге сыйынуунун туура эместигин жаштарыбыздын кулагына куюу. Минтип отуруп акыры, өлүктү боз үйгө жаткырбай, өлөрү менен ыссыгында көмүүгө да жеткиришет кыргызды. Анткени, чөл тараптагы кыргыздардын ичиндеги кыргыздык пружинасы эчак эле сынган. Алар каада-салтты эмес шариятты туу тутуп жашап калышкан. Эми бул адат тоолук кыргыздарга өтүүдө. Ошентип, жоодон жеңилбеген кыргыз өз ичинен чыккан ийри жыландарга (молдолорго) жеңилип, кыргыздык позициясын тездик менен жоготуп баратат...

**Үчүнчү: "Манас мусулман болгон" деген күлкүлүү, абсурд ойлорун** тынымсыз таңуулап, көпчүлүктүн кулагына сиңирүүдө. "Манас" эпосу бүтүндөй түрк элинин философиялык дүйнө таанымын, ошол дүйнө таанымдан келип чыккан жашоо принциптерин чагылдырат. Ислам болсо семиттик көз-караштардын, принциптердин жыйындысы. Албетте, экөөнүн көз караштарынын бирдей чыккан жерлери бар. Бирок, түпкүлүгү эки башка: ислам момунчулукту пропагандаласа (а иш жүзүндө атырылган фанаттарды чыгарып атышпайбы, исламдын кризиси ушунда: сөзү менен ишинин эки башка чыгып жатышында), ал эми **"Манас" эпосунда Адам жан-дүйнөсүнүн эркиндиги ырдалат. Бирок, ал эркиндик чексиз эмес. Ал эркиндик ар бир адамдын өз туулган жеринде, өз мамлекетинде гана ишке ашуучу нерсе.** (И.Канттын эркиндик жөнүндөгү философиясына жакын). Манас муну түшүнгөндө калмактардын жеринен, өз жерине Ала-Тоого жөнөйт, кийин Семетей атасынын жолун кайталайт. Ушундан кыргызда өз мекенин туу тутуу адаты, өз максатын өз жеринде гана ишке ашыруу философиясы калыптанган. Ошондуктан, "Манас" эпосунда ар кимге өз жери Мекке экендиги даңазаланат. Ошондуктан, өз жеринин ар бир тоосу эле эмес ташы, булагы, дарагы ыйык катары сыйынуучу жай болуп эсептелип калган. "Меккеге гана барып сыйынышыңар керек" – деген молдолордун талабы, кыргыздын кыргыздыгына антогонисттик карама-каршылыкта турат. Манастын өлүмү – "өз жериңди көзүңдүн карегиндей сакта, бирок, башканыкына

көз артпа” деген кыргыздын улуу философиясын чагылдырып турат. Ушундай. Кыргыздын өзүнүн дүйнөдө эч кимде жолукпаган гуманизмге ширелген улуу моралдык Кодекси бар. Анын баары чыпчыргасы коробой Манастын тулку боюна сиңирилген философия болгон. Ал философия бүтүн бойдон баатырдын атындагы кыргыз элинин коллективдүү эпопеясында чагылдырылган.. Эми түшүндүңөрбү “Манас мусулман болгон” деген сөздүн канчалык сандырак, канчалык абсурд экенин.

Кыргызды өз жолунан адаштыруунун үстүнөн күрөштү ушундай системалуу жүргүзүүгө аларга ким жол көрсөтүп жатат? – деп сурагың келет. Мындай элдин элдүүлүгүн жоюунун (**теңирчиликти четке кагуу, ага чочулоо менен кароону барган сайын күчөтүү)** артында кыргыз дин башкармалыгынын өз кызыкчылыгын (жем жээчү акурун) коргоо, ислам мамлекеттеринен алган акчаларын актоо сыяктуу кыргыз мамлекеттүүлүгүнө каршы келе турган иш-аракеттери, мектеп жашындагы балдардын диний иш-чараларга: эркек балдардын жума намазына, кыздардын “Таалим” сыяктуу окууларга барышына катуу тыюу салыныш керек (дин эркиндиги жөнүндөгү мыйзам 18 жаштан жогоркуларга гана жайылтылышы эч кимдин эсине келбегендиги кызык). Айт намазын борбордук аянтта окууга тыюу салынышы (кыргыз мамлекетинин борбордук аянтында Манас гана айтылышы керек), азан айтууларга чектөө киргизилип, тартипке келтирилиши керек.

## МАНАСТЫ МУСУЛМАН КЫЛУУ АРАКЕТИНИН АРТЫНДА ЭМНЕ ЖАТАТ?

Теңирчиликти түрктөрдүн руханый тарых-таржымалынан кабарсыз адамдарга мокочо кылып көрсөтүүнүн алдында кандай чоң максат жаткандыгы жогоруда чечмеленди, азыр, молдолордун баары “Манас мусулман болгон” дегенге жармашып алышкандыгынын себеби жөнүндө дагы кеңитип, жогоруда айтылбай калган жерлерине токтололу. Бул фразаны башкаларды мындай коелу: билимдүүлөрдөн деп эсептелген Чубак ажы (азыр маркумга айланган), Аб-

дышүкүр Нарматовдон бери айтып жүрүшөт. Ал эми кыргыздын катардагы жөнөкөй эле филологу: Манас бул көркөм образ экендигин, эбегейсиз көлөмдөн турган эпостун мазмунунда түрдүү кылымдардын айтуучулары тарабынан киргизилген зороостризмден бери карай пайда болгон көпчүлүк диндердин элементтери бар экендигин, бирок, эпос таянган негизги түркүктөр теңирчиликтин түркүктөрү экендигин, эпостун маңызы теңирчилик экендигин, Манас кыргыз элинин рухий башаты экендигин далилдеген эчендеген окумуштуулардын илимий корутундулары далилдейт. Ал эми Чубак, Абдышүкүр баштаган кыргыздын исламчыл "авторитеттерин" угуп, ошого шүйшүнүп, Манастын "мусулманчылыгын" өзүнө эш туткусу келгендер: айрым манасчылардын Манасты намаз окутуп, Меккеге бардырып, исламдын кээ бир элементтерин аткартып койгон эпизоддор бар экендигин элдир-селдир бири билсе, миңи билбеген маалыматсыз чөйрө. Тилекке каршы, алар ушунчалык көп. Аларга окшогондорго, Абдышүкүр, Чубак турсун өз айылынын молдосунун айтканын закон катары кабыл алып жүргөн көзү жабык, көкүрөгү туюк адамдарга: "Манас мусулман болгон" деп койгондук эле жетишээрлик. Анын аки-чүкүсүн териштирип отурганга аларда кайдагы акыбал. Исламчыл авторитеттердин негизги контингенти ошолор болгондуктан, эч кимден каяшага кабылбаган молдолор, "Манастын" түбүнө түнөп чыккансып, "Манас мусулман болгон" деген жалганды өздөрү да чын жүрөктөн чын деп ойлоп алып айтып жүрүшөт. Чубак ажы ал тургай "Манас" деген теманын астындагы атайын берүүгө чыгып, Манас жана ислам боюнча эмгек жазуу ниетин дагы билдирген жери бар экен. Албетте, "Манас" эпосундагы исламдын элементтери атайын илимий изилдөөгө алыныш керек, мындай аспектидеги илимий иликтөөлөр жүргүзүлүп да жатса керек. Бирок, "Манас намаз окуган", "даарат алган", "ажылыкка барган" ж.б. деген сыяктуу кийинки манасчылар тарабынан кошулган саптарга таянуу менен Манастын мусулмандыгын "далилдегендик", сөзсүз түрдө илимий профанацияга жатат. Себеби, "Манас" эпосунун маңызында теңирчилик гана жатат. Анда бир гана руханый башталма бар. Курандын маңызы – Мухаммеддин транцендендалдуу

түрдө алган кабарларынан жана Мухаммеддин өз уруулаштары менен жүргүзгөн күрөштөрүнөн, Мухаммед баштаган исламдын пайгамбарларынын жүрүм-турумунан, кылган иштеринен, исламды жер-жерлерде кабыл алдыруу үчүн жүргүзгөн согуштарынан, ошентип отуруп ислам мамлекетин негиздегендерин сүрөттөөдөн турат го. "Манас" эпосунда – Манастын кыргыз элин түзүп, кыргыз мамлекетин негиздегендиги жөнүндө кеп болот. Бул экөө такыр эки башка дүйнө да. Чубак ажынын жогоркудай билдирүүсү, анын илим эмне экендигин түшүнбөгөндүгүн гана билдирет. Чындыгында, эпостон, кыргыз үчүн (ошол ислам менен анча-мынча тааныш болуп, үйүр алыша баштаган XIX кылымдагы кыргыз үчүн да) мусулманчылык биринчи орунда турбагандыгы дайыма сезилип турат: Мисалы,

Намазды бузуп барбактап,
Тура калды Эр Манас,
Аппаккожо, Айкожо,
Кереленип каласың
Кечке окуу саласың
Беренім Чубак келатат,
Бейишиңди өзүң ал!
Созолонуп окуйсуң
Адамдын денин талытып.
Султаным Чубак келатат
Сообуңду өзүң ал!
Султаным Чубак келатат
Намазыңды өзүң ал! (С.К.Инв. 2151-2152) [20, 65] деп эле

кыргыз өзү башынан баалап келген баалуулуктарын көргөндө, исламды элес албай басып кеткендигин көрсөткөн эпизоддор мусулманчылык кыргыз аң-сезиминин эң үстүңкү катмарындагы гана жукалаң чаңча экендигин көрсөтөт. XX кылымдагы манасчылардын ичинен эпоско диндик элементтерди көбүрөөк кошкон манасчылардын бири Р.Шапаков болгон. Бирок, анын варианты да диний көп түрдүүлүктөн куру эместигин, профессор А.Эшиев төмөнкүчө берген: "Жөө күрөшкө кытай, калмак тарап Жолойду чыгарышат. Ажыбайга эми Алманбет да кошулуп экөөлөп кырк уруу кыргыздан Жолойго каршы чыкчу балбан издеп чыгышат. Бир катар кыргыз эрендери ар кайсыны бир ай-

тып Жолойго күрөшкө түшкөндөн качат. Агыш деген жаш кыргыз жигити ("Каaласаңар барам деп// Ак салганын көрөм деп") жана Эр Төштүк ("Ак жазганым көрөйүн// Ажал жетсе өлөйүн") деп, макулдуктарын беришет. Караңыз, бул экөө тең "ак салганын", "ак жазганын" деп, исламга чейинки ак рухий дүйнөсүнө (жаратканга) ишеним артууда. Бул "ак" рухий дүйнөсү тууралуу ыр саптары варианттын биринчи манасчысынын ("Манасты" айтып баштаган эң биринчи манасчы жөнүндө кеп жүрүп жатат-Ч.Д.) жемиши экендиги күмөн туудурбайт. Ошону менен бирге ушул эле эпизоддо Эр Төштүк ("Бир алдадан сурайын") деп алладан үмүт кылат" (профессор А.Эшиев) . Эпосто мындай фактылар өтө көп жана буларды билген адам "Манас" мусулман болгон" деген фразанын канчалык абсурд экендигин түшүнөт. Манас кыргыз жараткан образ болсо, XIX кылымда да жогоруда Ч.Валиханов белгилегендей кыргыздын руханый дүйнөсүнүн башында шаманчылык турса, Манастын мусулманчылыгы жөнүндөгү сөз, эпос боюнча илимий маалыматтардан кабары жок карапайым акылды алдоо үчүн гана айтылган орду жок сөз экендигинин аныктыгы ушул. Ч.Айтматовдун "Манас" эпосун улуттук Библия катары кароого болот деген фразасында терең маани бар: демек эпостун тереңине Библияда, Куранда берилген маанилерге параллел семантика чөктүрүлгөн деген ойду түшүнүүгө болот. Ошондой эле Мухтар Ауэзовдун "Манаста" баары бар" деген фразасы: "Манаста" дин да (мусулманчылык эмес кыргыздын өзүнүн ак дини, бирок анда, ислам менен параллелдүүлүктөр көп), философия да, билим да, илим да, тажрыйба да бар экендиги жөнүндө. Демек, "Манас" кыргыз үчүн курандын ордуна кызмат кыла алат деген сөз. Ал эми иудаизм, христианизм, исламдын түпкү булактары – түрк тилиндеги алтай тексттери экендигин тастыктаган кийинки илимий табылгалар – Ч.Айтматов дайымкыдай эле, бул маселеде да интуитивдүү түрдө улуттук чындыкты сезгендигин көрсөтөт. Орус элинин дүйнөгө карата өзгөчө көз караштары жана аны берүүнүн (жазуунун) өзгөчө стили менен айырмаланган сынчы-адабиятчысы, философ-эстетиги Г.Гачевдин Айтматов жөнүндө мындай деп айтканы бар: "Гомер гректерге Кудайларды берди деп айтышат, Ч.Айтматов кыргыздарга

жүрүм-турумдун эрежелерин берди". Туптуура. Бирок, Айтматов ал эрежелерди асмандан албады, же, жоктон таппады. Ал улуттук архетипти көтөрдү. Ал эми атактуу кинорежиссер Б.Шамшиев бул маселелер боюнча төмөнкүчө ой жүгүртөт: "Асман, Манас, Алас – ар балээден калас!" Алла – Кудай Бак берген Ай Ата – Аз ээси, Улуу Умай эне – Жер, Эл Энеси, Ыйык кут – Манас баласы. "Манастагы" "Бакай" бул "Бак берген Ай Ата", "Алла" деген сөз кайдан чыкты? "Ал" деген сөз бул Күч (энергия). Ошол күч жерге космостон тике түшөт. Космоско жерден кайтарылган энергия "Ла" деп аталат. Экөө бириккенде – "Алла" (А.Эшиевдин Алда-Таала деген теоним эң байыркы мезгилде пайда болгондугу жөнүндөгү пикирин жогоруда келтиргенбиз-Ч.Д.) болуп калат да, "жашоо", "өмүр" дегенди билдирет! **Ошентип, Манас төрт диндин: буддизм, иудаизм, христианство, исламдын түпнегизи болуп саналат**". Буга дагы бир мисал, биз китебибиздин баш жагында: эң байыркы мезгилде Манас Күн Кудайынан (Теңирден) Баатырга трансформацияланган каарман деп эсептеген көптөгөн кадыр-барктуу окумуштуулардын далилдөөлөрүнөн аргументтерди келтиргенбиз: "Бир кудайга сыйынуудагы (теңирчиликтеги) эң негизги салттар – бул, протестант[16] дини сыяктуу, Көкө Теңирге (Всевышнему) түздөн-түз кайрылуу. Башкача айтканда, ортомчуларсыз. "Манас" эпосундагы төмөнкү тотемисттик антты жүрөк титиребей окуу мүмкүн эмес:

"Төбөсү ачык көр урсун,
Төшү түктүү жер урсун"

... Качан коргонуунун бардык керегелери кыйрап, качан эч жактан кымындай да жардам күтүү мүмкүн эместиги айкын болгондо, ошондо гана, буга чейин Теңирдин түркүн табышмагында бекинип жаткан архетипке үңүлүү, ага тереңдөө зарылдыгы пайда болот. Анан дагы дал ушундай айласыз абалда адамга сезим деңгээлиндеги интуация аркылуу Жер эске келет, өзү толук аңдабай туруп, анын фундаменталдуу карама-каршысы Асманга кайрылат, түбөлүктүү өз ара аракеттеги, түбөлүктүү кыймылдагы Асман менен Жерге кайрылат. Анткени, диалектикалык көз

[16] Провослав дининин теңирчилик менен жакындыгы жөнүндө атайын сөз кылууга арзыйт.

караш боюнча: бир гана кыймыл түбөлүктүү. Кыймылсыздык өлүм менен бирдей...” [21, 48-49] (биз котордук - Ч. Д.)

## ИУДАИЗМ, ХРИСТИАНЧЫЛЫК, ИСЛАМ ЖАНА АЛАРДЫН ПРОПОВЕДНИКТЕРИНИН МОРАЛДЫК ЖҮЗҮ

Бүгүнкү күндө: священниктер менен молдолордун илгертеден бери карай эңсеп күткөн заманы кыргызстанда ишке ашты. Дин таратуучулар: адамдар ойлонбой, эч нерсе окубай, салыштырып текшербей туруп эле бизге ишенишсе деп өмүр бою ак эткенден, так этип келишкен. Азыр Кыргыстандын 80-90 пайыз жаштары сокур түрдө молдолорду ээрчип калды. Бирок, алар, ошо молдокелер өзү кимдер? Бул жөнүндө орустун кийинки мезгилдеги гениалдуумистик окумуштуусу Николай Левашев мындайча жазат: “Адегенде Тора жөнүндө. Эмне үчүн? Анткени, Тора (Веткий завет): дүйнөлүк теисттик үч диндин: иудачылыктын, христианчылыктын жана исламдын башкы башаты. Торада Хрис менен антихрис бир эле нерсе. Анда кантип туура уурдап, туура тонош керектиги жөнүндөги кеңештер Кудайдын атынан берилет. Эгерде, бир шаардын өзүнүн тургундарын жок кыла алсаң, сен ал шаарда жашайсың – дейт Кудай. Мен сени адамдан курмандык чалмайынча кечирбейм дейт. Христтин динине кирбегендер тозоктун отуна кирет – дейт (Отец Небесный гневен тем, кто не верит в Иисус). Иисус Христос кайсы бир элди, башка бир элдин эсебинен жакшы жашоого жетишүүгө үндөйт. Иисус Христостун өмүр жолундагы чыныгы окуялар, анын жолун жолдоочулардын кураган тарыхына карата ушундай карама-каршы фактылардан турары жөнүндө көптөгөн окумуштуулар жазып келатышат. Иисус Христос катары таанылган адамдын өзүнүн ысымы Родомир болуптур. Мария Магдалина анын аялы экен. Ошентип, Иисус Христос жөнүндө айтылгандардын бу адамга эч кандай тиешеси жок болуп чыгат. Мисалы, Родомир көп тилдерди билген, окуган жана жаза алган адам болгон. Биринчи жалган: апостолдордун саны; 12 же 13 делет. Тарыхта алардын саны 15 же 17 болгон. Экинчи жалган: Христос жана апостолдордун баары окуганды жаз-

ганды билбеген сабатсыз адам болгондуктары жөнүндө. Христос иудачыларга келгенде: "Ваш отец дьявол" – дейт. Силер сыйынган адам шайтандын өзү – дейт дагы, анан ал өзү ошол шайтандын чабаганчысы болуп чыгат. "Ошондуктан – дейт, Николай Левашев, адамдар чиркөөгө сыйынууга баруудан мурда, Иисус Христос жөнүндөгү чыныгы булактардан алынган маалыматтарды окуп коюшса жакшы болмок, бирок, эч ким окубайт жана баары священный отец эмнени айтса, өздөрүнүн шоруна, ал эми священниктердин бактысына карай ошого сокур түрдө ишенишет.

Ошентип, священниктер адамдардын жалкоолугунан мүмкүн болушунча пайдаланышат. Адамдар жалкоо, ачык эле турган маалыматтарды окуп койгондон эрингендин айынан караңгы. Өздөрүн христианбыз деген адамдардын ичинде билимсиз наадандардын ушунчалык көптүгүнөн улам священниктер эсепсиз байышат: машина, үй, самолёт, яхталарды сатып алышат, ойнош күтүшүп, аларды каржылашат. Ооба так ушундай. Акчаларын Кудай жолуна курмандыкка чалып жатабыз деп ишенген адамдар, өз акчалары кандай керектөөлөргө жумшалып жаткандыгы жөнүндө түшүнүктөрү да жок" (булак-интернет). Иудаизм менен христианчылыктын айырмасы, болгону иудачылардын Христостун мессиясын кабыл албагандыгы, а христианизм болсо мессионер экөө деп ойлойт: Абраам жана Иисус. А иудачылар өздөрүн христианчылыкты иштеп чыккандар катары, ал эми христиандарга болгону өздөрүнүн идеяларын таркатуучулар катары гана карашат. Христианчылыктагы ушул окуялар тууралуу кыргыз журналисти Э.Нурушев "Иисустун илимий икаясы" аттуу макаласында буларды жазат: "Кыяматта" (Ч.Айтматовдун романы жөнүндө кеп болуп жатат – Ч.Д.) Кудайтааным маселесине байланыштуу Авдийдин монологдору менен диалогдорунда, жалпы ой жорумунда кабыргасынан коюлган башка да апаз-андазалар бар. Атап айтканда, баары колунан келген Кудай эмне үчүн жер бетинде баарына бирдей адилеттик орнотуп койгон эмес? Эмнеге адам баласы зарлап жүрүп бир Кудайды жаратып алып, кайра эле ааламдын санаа жеткис кыйырында башка да Теңир-Эге бардыр деп үмүт кылат. Жоктон башталган ушул себептин башкы себепкери Иисус деген

өзү ким? Балким, Городецкий айткандай, аны крест мамыга керип өлтүрүшпөгөндө Кудай да болбойт беле?

Америкалык библеист, Кудайтааным доктору, бестселлерге айланган отузга жуук изилдөө иштеринин автору Барт Эрманга ишенсек, Иисус тарыхый инсан – ал өзүн Кудайдын уулумун деп айткан эмес, болгону палестин жериндеги кыштакта – Галилеяда жашаган, кедейдин үй-бүлөсүнөн чыккан, диний үйүтчүлүккө өтүп, кыямат кайым идеясын ташбыйкат кылган, кийин мыйзам бузуп, рим мамлекети аны керме мамыга асып салган. Ошондон соң анын тарапкерлери Иисусту жөн адам эмес эле деп кеп таратып, адегенде аны Кудайдын уулу, анан барып Кудайдын нак өзү болгон деп ырасташкан.

Иисустун дал ошол он бир айылдаш шакирттери – апостолдор оозеки түрдө евангелиени (бир мааниси – Кудайдын падышачылыгы жана адам тукумун куткаруу озуйпасы башталганы жөнүндөгү жакшы кабар; экинчи мааниси – Иисустун өмүр таржымалы, анын иштери тууралуу баян) таркатышып, чиркөө түзүшөт. Христианчылык ошол чиркөөдөн башталат.

... Жаңы далилдерге таянып, Эрман: Евангелиени жазгандар Иисустун өзүн көргөн эмес, ал тууралуу башкалардан угушкан, болгону ошо ар кимден уккандарын кагазга түшүрүшкөн деп ырастайт. Атүгүл Жаңы Осуяттын айрым бөлүктөрүн апостолдор эмес, белгисиз авторлор жазышкан.

Адамдын эстеми улуу касиет – деп жазат Эрман, – эгер андай болбогондо адамзаттын тарыхы да болмок эмес. (Биздин “Манаста”, – эстеми кыйын бул элдин, эзелкисин унутпас – делет эмеспи). Болгону анын бир майып жери бар: ал реалдуу болгон окуяны, ишти бир кишиден экинчи кишиге, муундан муунга өткөндө көп жагынан бурмалап, бузуп салат. Иисустун тарыхы да ушундай болгон. (Барт Эрман. Евангелиеге чейинки Иисус. Бир канча адамдын үздүк-создук эскерүүлөрү кантип бүт дүйнөнү өзүнө багынткан Жараткан жөнүндөгү окууга айланды. М., ЭКСМО, 2018, с.10-15).

Ошентип, Иисус жөнүндө бир нече кишинин үзүл-кесил эскермелери кийин ыйык китепке айланып, дүйнөгө тараган улуу динге башат болгон.

Айтмакчы, ислам тарыхында да ушуга окшош жагдайлар бар. Маселен, Аль-Бухари (810-870) Мухаммед пайгамбарды көргөн эмес, бирок анын 700 миңден ашуун хадисин иштеп чыккан. Ал эми Ахмед ибн Ханбалдын (780-855) колунан чыккан хадистердин саны бир миллионго чукулдап барган [22, 32].

## АДАМ, ЛИЛИТ, ЕВА – ҮЧ БУРЧТУГУ

"Адамдын Евадан мурда Лилит деген аялы болгон экен (пайгамбарлардын өмүр баяндарында, т.а. алар жөнүндөгү мифтердин байыркы варианттарында кезиккен, бирок, кийинки адамдардан жашырылып коюлган көп фактылар бар, алар менен апокрифке (жашыруун китептерге) колу жеткен адамдар гана тааныша алышат), бирок, Лилит Адамга баш ийбей теңтайлаша берет (экөөбүз тең бирдейбиз, бир эле ылайдан жасалганбыз деген мааниде), ошентип, бир күнү турат да кетип калат. Адам Кудайга арызданып барат, Кудай Лилиттин артынан периштелерди салат. Алар аны кызыл деңиздин үстүндө кууп жетишкен экен. Бирок Лилит артына кайтпайт. Кудай Адамга Еваны жасап берет. Ева Адамдын айтканынан чыкпаган тил алчаак жана мээнеткеч аял болот. Бирок, Адам Лилитти эңсей берип, акыры Евадан кетип Лилит менен 120 жыл бактылуу жашаган экен" [23, 100-101]. Мында адам табиятынан кулду(-күңдү) эмес, эркин адамдын гана партнёру болгусу келген табиятынын өзгөчөлүгү катылган. Ислам философиясында ушул адамдык табиятты өлтүрүү аракети катылган. Ал эми "Манаста" болсо, тескерисинче, адамдын бүткүл чындыгы менен мүмкүнчүлүгү ачылат. Улуттук эпосубуздан кыргыз табияты, бүтүндөй жан-дени өзүн-өзү күчтөндүрүүдөн (самоактуализациялоодон) тураары даңазаланат. Бул Манастын 12 ге чыкпай, Семетейдин болсо 12 жашында кыргыз жерин издеп Жолго чыгуусунан көрүнөт. Курманбек болсо, атасынын амирине каршы кыргыз жерин душмандардан

коргоого аттанат. Тегерек-четтеги элдер бир президентти кубалай албай, анын эзүүсүндө отуз жылдап калып жатса, ошол убакыт ичинде кыргыздар 4 президентти кетирип, 6 сын тандоонун алдында тургандыгы дал ушунда, улуттун самоактуализациялоо сапатынын күчтүүлүгүндө. Т.Касымбековдун "Сынган кылычын" карап көргүлө. Роман, улам уюмдашып тоодон түшүп келип, Кокон хандарынын үшүн алып турган тоолук элдердин бийлик үчүн жүргүзгөн күрөштөрүн көркөм чагылдырат да. Чыгармада бир символдуу көрүнүш бар: ал, Алим хандын небереси Болотбек жөнүндөгү сөз: "Кайран Алим хандын тукуму дешке ооз барбайт. Динге берилип, кылжыңдаган эле бир дубана болуп калыптыр" – деп кабар беришет кыргыз бектери, "тактынын мураскерин таап келгиле" деп өздөрүн жумшаган Шер даткага. Азыркы коркунуч башкача: т.а. исламды туу тутушкан кыргыз жаштары улуттук самоактуализациялоо табиятын өзүндө алып жүргөндүгү болууда. Бир күнү алар ушул активдүүлүгүн өз улутуна каршы багыттап чыгышы мүмкүн экендигинде. Мусулманчылыкка берилген кыргыз жаштарынын француз президентине каршылык аракетин кандай көрсөтүшкөндүгүнөн улам мындай соболду журналист Бакыт Орунбеков коомчулук алдына алып чыкты. Муну кыргыз бийлиги түшүндүбү жокпу белгисиз бойдон калды...

## КУДАЙ МЕНЕН ЭРКИНДИКТИН ЭГИЗДИГИ ЖАНА ДИНДИН АЛАРДЫ АЖЫРАТУУГА БОЛГОН АРАКЕТИ

Адамдагы мына ушул "уялуу" сезими менен эркиндикке карата эрки жана аны баалоо сезимдери: адамдык сапаттын эң алгачкы башталмалары, же, тагыраак айтканда негиздери. Адам эмне үчүн жоош жана көз каранды Еваны эмес, тилазар, дили тентек, өзүн эч кимге көз карандысыз эркин адам катары тааныган Лилитти сүйүп, ага артыкчылык берет. Анткени, анын жан-дүйнөсү интуитивдүү деңгээлде көз карандысыздыкты, эркиндикти сүйөт, ошондуктан, ошондой адамга тартылат. Реалдуу турмушта деле жоош аялдан күйөөсү, жоош күйөөдөн аялы кетип калып, Лилит-

ке окшогон дили тентектерди тандаган окуялар көп эле болуп жатпайбы. Бул интуитивдүү фактордун иши, ошондуктан, жоош аял-эркектер жубайлары таштап кетсе, анын сыры аларда эмес, өздөрүндө экендигин түшүнүүлөрү керек. Себеби, кудай өзү ошондой. Ошондуктан, философияда эркиндик – кудайлык сапат деп айтылат, ал эми адам болсо Кудайдын кичинекей бир бөлүгү, океандын бир тамчысында анын бардык касиети бар сыяктуу эле, ар бир адамда кудайлык касиет толук жашайт, ал касиет, кимде канчалык деңгээлде "ойгонот" – бул өзүнчө тема. Бардык адамдык иш-аракеттер (курсак тойгузуу, тукум улоо с.ж.б. биологиялык муктаждыктардан тышкары), дал ушул эки негизги башкы сапаттын (маңыздын) ("уятты" жана эркиндикти сезүү жана таануу) адамдардагы түрдүү деңгээлдеринен, аспектилеринен, аларды түрдүүчө түшүнүүлөрдөн, талкуулоолордон жана комментарийлерден башталат. Адам менен Лилит, Адам менен Ева жөнүндөгү мифтин жаралышында дал ушул адамдагы эки башталма берилген. Бирок, дин тарабынан бул мифтин Лилит жөнүндөгү биринчи бөлүгүнүн жашыруун текстке (апокрифке) айланышы менен христианчылык жана ислам сыяктуу негизги дүйнөлүк диндердин экөө тең: адамдардын уялуу сезимдерин өөрчүтүп, бирок, эркиндикке болгон эңсөө-мүдөөлөрүн басуунун, азайтуунун амалын издөөгө өтүү менен, адамдыктын маңызына карата ушундай адилеттүү эмес позицияны ээлөө менен, алар өздөрүнө түбөлүктүү оппозиция табышкан. Диндин кылымы болгон, диний позиция баары-жокту ээлеген Орто кылымдарда да ошол оппозициялык үн басаңдаган эмес. Себеби, эркиндикке болгон кумар – адамдагы натуралдык (Кудайдан берилген т.а. адамдын жаны менен кошо жаралган), андан бөлүп салууга мүмкүн эмес, адамдын өзүнүн башы менен кетчү сапат экендигин, аны баса берүү табияттын мыйзамына каршы келерин, диндин өз ичинен "жаракалардын" кетишине жол берерин диний башкармалыктар көңүлдөн сырт калтырышкан жана ушу күнгө чейин аны улантып келатышат. Кызызы, бул, диний проповедниктердин Кудайдыкынан башка, өздөрүнүн да каалоолору бар жана ал Кудайдыкына караганда алда канча күчтүү экендиги менен гана түшүндүрүлөт болсо керек.

Тактап айтканда, Кудайды даңктоо үчүн уюшулган жана ошонун эсебинен жашап жаткан диндерге кадыресе пенделердин майда мүдөөчүл кызыкчылыктары абдан көп, эсепсиз көп аралашып кеткендиги далилдөөсүз эле белгилүү. Ошондуктан, XX кылымдын залкар философторунун бири Карл Поппер өзүнүн "Бүтпөс изденүү" аттуу китебинде "Туура эмес нерселердин көпчүлүгү башкаруучу динден улам келип чыгат. Менин айтайын дегеним, башкаруучу дин биз жашап жаткан социалдык дүйнөнү өзүнчө эле бир тозок катары санайт" [24, 234] деп белгилеген. Профессордун мындай оюн: эл арасында өздөрүн Кудай жолунда, Кудайдын кызматындабыз деген молдолор жөнүндө калыптанып калган макал-лакаптар дагы бекемдейт. Ар бир элдин өзүнүн молдолоруна (Кудайдын атынан сөз сүйлөөчүлөргө) карата берген бааларынан түзүлгөн макал-лакаптардын жыйымы бар экендиги, дин кызматкерлери бардык жерде эле бирдей экендиктеринен кабар берет (мындай жалпылыктын келип чыгышынын себептери бар). Динге каршы көз караш жогоруда айтылгандай дин аябай өнүккөн орто кылымдарда Батыштын, Чыгыштын ошол мезгилдеги интеллектуалдары тарабынан абдан күчтүү өнүккөн. Мисалы, чыгыштын жаркыраган өчпөс жылдызы, рух жарыгын бардык мезгилдерге жана бүт ааламга чачып турган түбөлүктүү Алтын казыгы Омор Хаямдын динге каршы өлбөс-өчпөс саптарын Батыш менен Чыгышта билбеген пендезатты табуунун мүмкүн эместиги эмнеден кабар берет?...

## МУХАММЕД ПАЙГАМБАР ЖАНА АНЫН КУРАНЫ

Мухаммед пайгамбардын жана курандын эң мыкты пропагандалоочусу иман Валерия Порохованын жакында эле көзү өттү жана ал өмүрүнүн акырына чейин "Мухаммед акыркы пайгамбар, куран дин боюнча эң мыкты китеп" деген көз карашынан тайган жок. Иман В.Порохованын ислам ортодокстарынан айырмаланган: **Куранды диалектикалуу, илимий жана улуттук көз караш менен окуш жана түшүнүш керек деген көз карашы исламга карата**

**абдан жаңы, терең жана прогрессивдүү көз караш болгон жана ал ушундай ойлору менен ислам динине карата интеллектуалдуу чөйрөнүн позитивдүү пикирлерин көбүрөөк жарата алган.** Албетте, анын аша чапкан жерлери дагы жок эмес, анткени, адамдардын аң-сезиминин өсүшү менен дагы жаңы пайгамбарга муктаждык пайда болору анык, бирок, ал (пайгамбар), эми балким башкача формада келер, мисалы, дүйнөлүк атак-даңкы бар кыргыз физиги Самат Кадыровдун уулу Демир Кадыров өзүнүн "Уңгу талааны таануу" аттуу китебинде мындай деп жазат: "... Кудайдын образынын идеясы чексиз Бирдиктүү, Уңгу Талаа катары бүгүн бүткүл прогрессивдүү адамзаттын акыл-эсин тездик менен ээлеп жатат. Аз эле калды – физика, физика Дүйнөсү жана талаанын мыйзамдары рухту түзгөндөр менен толтурулушу зарыл. **Бирдиктүү Мейкиндик Талаа адамдардын аң-сезиминде кайрадан "жандуу жана акыл-эстүү" болууга жана материалдык-физикалык жансыз түшүнүк болбоого тийиш"**. Кудай маселесинен, атактуу физиктердин (Ньютон, Эйнштейн, Бор, Гейзенберг, Тесла ж.б., ж.б.) эч кимиси четтеп өтө алган эмес. Д.Кадыровдон келтирилген тезис, негизинен ошол физиктердин жыйынтык ойлорунан куралган.

Ал эми Мухаммед пайгамбардын касиети анын көптөгөн сакабалары далилдегиси, Мухаммед пайгамбарга таандык кылгысы келген "сыйкырларда" эмес, анын, бул дүйнөдөгү чындыкты таанып-билүү боюнча абдан жогорку деңгээлге чейин көтөрүлө алган билимдүүлүгүндө (транценденталдуулугунда) болгондугун билүү шарт. Пайгамбардын окуй жана жаза албай туруп ушунча билимге ээ болгондугун, анын "сыйкырынын" эң күчтүү жери катары көрсөтүлүп келаткандыгы белгилүү. Бирок, буга (Мухаммед пайгамбардын ошондой экендигине) таң калуунун кажети жок. Транценденталдык жол менен билим алууга айрым бир адамдар жетише аларын илим эчак далилдеген. Мисалы, алардын бирөө Елена Блаватская... Мухаммед ошондой: транс аркылуу билим ала алган саналуу адамдардын бири, балким эң күчтүүлөрүнүн бири болгон. Башкалардан анын айырмасы бир эле: семит диндеринен чыгып бутактанган өзүнчө динди, исламды жараткандыгында эле эмес, ал өз

мамлекетин дагы негиздеген саясий ишмер болгондугунда, кудайдын сөзүнө жеке жана мамлекеттик кызыкчылыктарын аралаштырып жибергенинде болгон (пайгамбардын мындай иштери жөнүндө төмөндө кеңири окуйсуздар), пайгамбардын андай иштерин соратниктери кыйшаюусуз улантkан, ошондуктан, ислам азыркыдай ырынан чыры көп дин катары калыптанган.

**Куранды араб тилинде 50 жолу окуп чыккан С.Алескеровдун "Великий пародокс, или, два почерка в Коране" аттуу китебинин кээ бир жерлеринен комментариясыз түз котормо:**

*"Мусулмандар Жер шарынын алтыдан бир бөлүгүн гана түзгөнүнө карабастан бүтүндөй Жер шарынын жарымын ээлеп тургандан бетер ушунчалык ызы-чуусу көптүгүнүн себеби: мусулманчылыктын долбоорчусу дагы, прорабы дагы Мухаммед өзү. Бирок, ал үйдүн долбоорун чийип бүтпөй эле курулушун баштап жиберген прораб сыяктуу. Андай учурда курулуштун жүрүшүндө улам оңдоп-түзөөлөр киргизиле берет, ошентип отуруп аягында эмнени тургузгандыгын долбоорчу да, прораб да билбей калышы мүмкүн. Ислам дал ушундай жетилбеген план менен туура эмес тургузулган үйгө окшош. Бирок, ал үйдү сүрүп салууга мүмкүн эмес. Анткени, адамдар ичине кирип жашап алышкан. Көпчүлүгүнө бул үй жагат, бирок, китептин авторуна жана ага окшогон көпчүлүк мусулмандарга жакпайт. Бул үйдүн негизги кемчилиги: авторлор жеке өздөрүнүн амбициясын демонстрациялайт дагы, бүт Жер шарынын адамдарынан түшүнүүнү жана сүйүүнү талап кылышат. Ошондуктан, алар дайыма бир туугандарына: жашап жаткан үйүбүздү, андан чыкпай туруп эле оңдоп алалы, куруудан кеткен катачылыктарды жоёлу, ошондо гана имаратыбызга дүйнө элдери түшүнбөгөн жаман көз менен караганды токтотот" деген чакырык таштап келет. Себеби куранда Авраам, Иисус Христос, Мухаммеддердин генеологиясы, согуштарынын схемасы, мусулмандар үчүн ыйык болгон Мекке, Медина шаарларынын планы, Мухаммеддин үй-бүлөсүнүн жана анын жолун жолдоочуларынын оор тагдырлары сүрөттөлөт". Анан*

*ушул мазмун бүт дүйнө жүзүнүн адамдары үчүн мааниге ээ болуш керек деп ойлошот айрым мусулмандар. Эмне үчүн? Куран – бул көлөмү 500 беттен турган китеп. 114 главадан (баптан) ттурат. Анын 113 ү «Во имя Аллаха милостивого, милосердного» деген сөздөн башталат. 9-бапта мындай сөз жок: ...*

*Эгер туура айтчу болсок баптарды сүрөөлөр десек болмок, бирок антүүгө болбойт, анткени, сүрөөлөрдүн көлөмү өтө ар түрдүү... Ошентип, куран сүрөөлөрдөн, сүрөөлөр болсо аяттардан турат.*

*Мухаммед 570-жылы Меккеде төрөлүп 52 жашына чейин ошерде жашайт. Өзүнүн аяттарын 610-жылдан баштап өмүрүнүн акырына чейин 22 жыл айтат. Чыгыш таануучулар 22 жылды төрт бөлүккө бөлүшөт: үчөө "меккелик": поэтикалык, рахмандык жана пайгамбардык жана төртүнчүсү: "мединалык". Биринчи үч бөлүк 90 сүрөдөн, акыркы "мединалык" 24 сүрөдөн турат. Буларды билүү курандын маанисине жетүү үчүн абдан маанилүү. Алгачкы "меккелик" үч бөлүктө стилдик оттеноктор гана ар түрдүүчө болсо, "мединалык" бөлүктө оттеноктор эмес, сүрөлөрдүн өңү жана алардын мааниси өзгөрүлгөн. Курандын башында келтирилген ушул аятта:*

*Bismi Allahi alrrahmani alrraheemi!*
*Alhamdu lillahi rabbi al Aalameena*
*Alrrahmani alrraheemi,*
*Maliki yawmi alddeeni!*
*Iyyaka na Aabudu wa-iyyaka nasta Aaeenu!*
*Ihdina alssirata almustaqeema,*

*Бүтүн ислам дининин квинтэссенциясы берилген.*

*«Мусулман» бул кудайдын баш көтөрбөс кулу. Ал кудайга эч кандай суроо-сопкутсуз, шектенүүсүз ишениши керек. Бирок, ислам ортодокстары ушул кудайга баш ийүүчүлүк талабын Мухаммед пайгамбарга баш ийүүгө айландырышкан. Ооба Мухаммед улуу адам. Бирок, бардык адамдар сыяктуу эле жаңылыштыктары жана күнөөлөрү бар пенде. Бирок ортодокстар, анын абсолюттук күнөөсүз экендигине ишенүүнү жана бардык жерде аны тууроону талап кылышат. Кантип, анткени, биздин заманда сени кимдер таарынтса, алардын баарын союп салууга жана 11 аял менен жашоого*

*мүмкүн эмес да. Мусулманчылык “ширктен” башталат, бирок, кийин Мухаммеддин өзүн баш уруунун предметине айлантышты. Пайгамбар эмес кудай кылып алышты.*

*Экинчи сүрө – сүрөлөрдүн эң узуну. Ушул 2-сүрөдө берилген идеяларды мусулманчылык ишенимдин жерпайы деп койсо болот. Мындай алганда маңызы боюнча биринчи сүрөнүн расшифровкасы. Ал кыскартып айтканда төмөндөгүдөй мазмундан турат:*

*Куран эмнеге багышталган. Дүйнөнүн жаралышы. Иблистин бунту. Бейиштен куулушу. Иудейлерге кайрылуу. Саткынчылык жана кызыл алтын жөнүндө. Тора жана Евангелие. Сыйкырчылыктын пайдасыздыгы. Авраам – бир кудайга ишенүүнүн жар салуучусу. Мечиттин мааниси. Намазды кайжакты карап окуш керек. Адал жана арам тамактар. Өч алуу мыйзамы жөнүндө. Мурас жана мураскор. Орозону кантип тутат. Зыярат кылуунун жоболору. Аялдарга жана жетимдерге, ичимдикке жана кумар оюндарына кандай мамиле кылуу керек. Ажырашуунун жолдору. Талут жалутту кантип жеңди. Динге зордуктоо болбойт. Жакшылык эселеп кайтат.*

***Түшүнүү, же сокур түрдө ишенүү?***

*Кайсы бир мечиттин короосунда эки мусулмандын ортосунда ушундай диалог жүрдү:*

*– Сен чыныгы мусулманмын дедиң. Анда айтчы, Аллахтын, Курандагы: «Артка карай жылган планеталар менен карганам” дегени эмнени түшүндүрөт?*

*– Билбейм…*

*– Аллах: «сиздин кудайыныз – чыгыштар менен батыштардын кудайы» дегенде эмнени айткысы келген?*

*– Ошондой да болобу – көп «чыгыштар»? Чыгыш да бирөө, Батыш да бирөө да?*

*– Кыскасы, муну да билбейсиң. Ал эми Аллахтын «Мен силерди уюган кандан жасап, үч катар тоскоолдун ары жагындагы бекем жайга каттым» дегени эмнени түшүндүрөт?*

*– Өлөйүн, билбейм.*

*– Сен деген күнүгө куранды окуйсуң да, анын жарымын жаттап алганыңды, күнүнө беш маал үзбөй намаз окуга-*

*ныңды жетишкен ийгиликтерим деп эсептейсиң, кудайга терең ишенем дейсиң, бирок, кантип ишенесиң эгерде курандын маанисине түшүнбөсөң?*

*– Курандын маанисине түшүнөсүңбү, түшүнбөйсүңбү, ага карабай ишениш керек.*

*– О-го. Куран эмне жөнүндө экендиги кантип сени кызыктырбайт?*

*– Жетишет. Мени кечке уяткара бербе. Андан көрө чыгыштар жана батыштар жөнүндө айтып берчи...*

*– Бул узак сөз – деди сакалчан мойсопут киши жана өзүнүн пикирлеши менен көчөгө чыгып чайханага бет алды – канчалаган мусулмандар куранды жатка айтып жүрүшөт, анда эмнелер айтылганын билбестен. Ал эми куран болсо, билимдин булагы да, ошондуктан, аны христиандар менен иудейлер да түшүнүүнү каалагандары бекеринен эмес.*

*– Сен эмне, алар биздин душмандарыбыз да!*

*– Сен эмнени сүйлөп турасың! Мусулман имиш дагы! Биздин диндердин тамыры бир, бөлө турган эч нерсе жок, динге зордуктоо жок экендиги куранда айтылган...*

*– Койчу, сен кайда кирип кеттиң, а **жихад** деген эмне анда?*

*Алар көпкө айтышты, алардын сөздөрүнүн маанисинен ушул саптардын автору мындай жыйынтыкка келди: **мусулмандар куран эмне жөнүндө экендигин түшүнүшпөйт, анда эмнелер жазылгандыгын билишпейт, ал тургай өз динин бурмаланган тейде түшүнүшөт.***

*Сакалчан киши мындай деди:*

*– ар бир эл өз кудайына сыйынат, бирок бир эле Кудай, бардык эл үчүн бир кудай, Ал кудай – ал тургай өзүн таанproblems ыбаган, кабыл албаган кудайсыздардын да үстүнөн карап, жалгап турат;*

*– мейли, ар ким өз кудайына ишене берсин, жыйынтыгында баары эле бир кудайга сыйынышат;*

*– динге зордук жок;*

*– Куранды Кудай, Библия, Тора, Евангелие сыяктуу асмандан адамдарга түшүргөн, жана ушул бардык ыйык китептерде – кудайдын акылмандыгы берилген;*

*– Куранда бир өзгөчөлүк бар: Мухаммед пайгамбар Кудайдан анын адамдарга эмне айтканын гана эмес, өзү эмнени*

*угууну каалаcа ошону да уккан жана куранда экөө тең чагылдырылган.*

*Экинчи мусулман да, кудайга ишенген биринчи мусулман сыяктуу эле ишенет жана минтип ойлойт:*

*– Бүт жер шарынын адамдарынын үстүндө бир гана кудай бар – ал Аллах;*

***Биринчи мусулман болсо минтип ойлонот:***

*– бардыгы мусулман болуш керек, анткени, куранда мусулман дини бардык диндерден жогору турат, мусулмандар гана бейишке кире алат деп жазылган;*

*– ким, исламга кирбесе, ал – динсиз, кафир, гяур, андайларды өлтүрүш керек, Мухаммед ушундай кылган;*

*– ар бир мусулман бардык нерседе Мухаммедди туураш керек;*

*–* ***өзүңдүн мамлекетиңдин мыйзамдарына баш ийбешиң керек,*** *куран баарынан жогору турат;*

*– Куран – алгачкысынан акыркы тамгасына чейин Аллахтын өзүнүн сөзү;*

*– Мухаммед күнөө кылган эмес;*

*– ал эми сага окшогон мусулмандарды жөн эле, динсиз катары өлтүрүш керек.*

*Ушуну менен алар эки жакка кетишти, жана жанагы сакалчан мойсопут киши ушу китепти жазууга отурду.*

*Куранды түшүнбөө боюнча икаялар көп. Мисалы Омор Хаям:*

*“Куран ырын окуп жүрөт көптөрү,*
*Кантип окуйт? Түшүнүшпөйт өздөрү.*
*Таңдан окуп, күндүз окуп, кечке окуп,*
*Миң кайталап жадатты го сөздөрү” – Ч.Д.*

***Мухаммед башында (610-652-жылдары) кандай эле?..***

*Кудай Мухаммедди өзүнүн пайгамбары катары ишенич көрсөткөн кезде ал 40 жашта болгон. Ал адегенде малчы, анан соода кербенин коштоочу, андан соң ушундай кербендерди кабыл алуу жана жөнөтүү боюнча “менеджер” болуп иштейт. Сабатсыз болот, тамгаларды билгени менен*

*аларды бир-бирине кошуп сөз кураганды өмүрүнүн акырына чейин үйрөнө алган эмес.*

*Бирок, ал жашаган 62 жылдын 52 жылы үчүн Мухаммедди абийри жана жаман кумарлары үчүн эч ким претензия айта алган эмес, Мухаммед мыкты адамдын үлгүсүн гана көрсөткөн. Бою жана салмагы орто, көп сүйлөбөгөн, дайыма тыкан жана жөнөкөй кийинген, азыраак тармалданып ийнине чейин түшкөн чачы бар, дайыма иш үстүндө жүрчү, аябай катуу иштечү, өзгөчө такыба болгон. Мухаммед жашаган язычниктер арасында жыныстык катнаш, ысыктын күнүндөгү бир стакан сууга окшош, эч кандай прелюдия жана сүйүү талап кылынбайт деп эсептелген. Бирок, Мухаммед секске кызыккан эмес, 25 жашында Кадичага үйлөнгөн жана аны бирге жашаган 26 жыл бою никеге ак болгон. Мухаммедге "Аль-Амин" (ишенимдүү, таза, изги дегенди түшүндүргөн) деген кличка беришкен. Кыязы, дал ушундай сапаттары үчүн Кудай аны өзүнүн элчиси катары тандап алса керек.*

***Мухаммед кийин кандай болуп өзгөрдү...***

*Куранда ушундай саптар бар (Н.Османовдун которуусунда):*

*«Эгерде кимдир-бирөө менен ыйык китеп боюнча талашып калсаңыз, ага эң ынанаарлык мисалдарды келтириңиз. Эгер ал жаман сапаттарын көрсөтсө, сиз ага теңелбеңиз. Айтыңыз: биз кудай жөнөткөн сөзгө (Куранга) ишендик, сиздер да өзүңөргө жөнөткөн сөзгө (библияңарга) ишенгиле. Силердин кудай, биздин кудай, бир эле кудай, биз баарыбыз ошого гана берилебиз" (29: 46).*

*Ортодоксалдуу мусулмандар сыймыктануу менен "Куранда карама-каршылыктар жок" дешет. Бирок, Жаратkандын иудейлерге, христиандарга карата мамилесин өзгөрткөнгө, лоялдуулуктан, чыдамдуулуктан "Ооба, Кудай аларды өзү өлтүрөт" деп чакырык таштоого эмне алып келди. Жоок, кудай өзү жараткан пенделерин бири-бирине чыдамсыз мамиледе болушуна, өз ара бири-бирин жек көрүшүнө кантип жол берсин. Анан дагы "Ооба, аларды кудай өзү өлтүрөт" деген сөз кудайга кантип таандык болсун. Кудай, айтчу болсо, анда "мен аларды өзүм өлтүрөм" демек да. Де-*

*мек, бул сөз жаратканга таандык эмес, анда кимге таандык болушу мүмкүн. Каталык кудайга эмес, анын тандап алган кабарчысына Мухаммед пайгамбардын өзүнө таандык.*

*Эми бул сүрөнүн качан айтылгандыгын тактасак, табышмактын ачкычын тапкан болобуз: башка диндин адамдарына толеранттуу болууну пропагандалаган 29 жана 109 сүрөлөрдү Мухаммед Меккеде жүргөн кезинде айтат, ал эми Мухаммеддин башка диндегилерге карата кескин өзгөргөндүгүн көрсөткөн 5, 9 сүрөлөр Мухаммед Мединага келгенден кийин айтылгандыгы көрүнөт.*

*Жер которуу (Меккеден Мединага) Мухаммеддин өзүнүн алгачкы көз караштарын өзгөртүүгө, өзүнүн диндерди "жараштыруучу" баалуу башталмасын жокко чыгарууга эмне алып келди? Меккеде куугунтукта жүрүп исламды пропаганда кылган Мухаммед, Мединада бийликке ээ болуп чыга келди, мусулман коомунун башчысы, андан соң бардык Мединага, андан соң бүтүн Аравия жарым аралына башчы болду. Анда алтын, аялдар, бийлик пайда болду. Мухаммеддин көз караштарынын өзгөрүшүнүн себеби дал ушулар, анын саясий жана социалдык абалынын аябай бийиктеши болду. Мындай мүмкүндүктөргө чанда бир адам көөп кетпей чыдай алышы мүмкүн болчу. Ага Мухаммед да туруштук бере албады. Жаңы абалы аны сындырды. Анын көз карашында өзгөрүү пайда болду. Акча жана алтын Мухаммедди да бузду. Аллах бирди айтса, Мухаммед башканы айтып, башкача кылууга өттү. Күнөөнү кылып жатып өзүн туура жана күнөөсүз деп эсептеди. Өзүнүн күнөөсүз экендигине эч ким шексинбеш үчүн куранга 48-сүрөнү киргизди. Эң кызыгы мусулмандар өз пайгамбарынын күнөөсүздүгүн далилдеш үчүн дал ушул сүрөгө таянышат. Ал эми ал сүрөнү Аллах эмес Мухаммед өзү киргизген да. А ортодоксальный мусулман: Мухаммед күнөөсүз, куранда ошондой айтылган, курандын ар бир сөзү – бул, кудайдын сөзү деп кайталагандан чарчабайт. Ой жүгүртө алган мусулмандын дагы бир, эч ким жокко чыгара албай турган фактысы бар: 33 сүрөдө айтылат:*

*«Бүгүнтөн баштап өзүңдүн күңдөрүңөн башка аялга, анын сулуулугу эсиңден тандырган болсо да үйлөнүүгө тыюу салынат».*

*Мухаммед бул сүрөнү өзүнүн өгөй баласы Зейддин аялына үйлөнгөн мезгилде, 628-жылы айтат. Бирок, өзүнүн сөзүн өзү бузуп Мухаммед андан кийин дагы үч аялга үйлөндү. Бул эмне күнөө эмеспи? Дегеле, адам күнөө кылбай жашай алабы? Ушундай суроо коюлганда ортодокска кылычын кындан сууруп "еретиктин" башын кыя чапкандан башка эч нерсе калбай калат...*

***Кантип көп кудайлуулуктун борбору болгон Мекке кыбыла болуп калды?***

*... Чындыгында чындык ортодокстор түшүндүргөндөн кыйла башкачараак: кыбыланын өзгөрүшү, Мухаммед мединалык еврейлер менен конфликтке келген мезгилге туура келет. Адегенде Мухаммед өзүнүн жолун жолдоочуларга намазды Иерусалимге беттеп окууну буйрук кылган. Ал убакта ал иудейлер, христиандар менен мусулмандар бир тууган экендигин пропагандалап жүргөн убак болчу. Ал диндердин (иудаизм, христианизмдин) проповедниктери менен чатакташып калгандан соң Мухаммед кыбыланы кайрыдиндердин ыйык шаары Меккеге буруп койду. Ошого карабай исламда Мухаммеддин көп кудайлуулукту, таш бурканга сыйынууну четке каккандыгы кыйшаюсуз пропагандалып келиши, чындыгында эч кандай логикага туура келбейт.*

***Маршал Жуков курандан эмне издеген?***

*Исламдын дин катары калыптанышында бир өзгөчөлүк бар. Бул исламдын согуштун коштоосунда пайда болушу. Мында объективдүү фактор бар. Кудайдын элчиси Мухаммеддин биринчи жарлыгын курейш уруусу душмандык менен каршы алышкан. Мухаммед менен Иисус Христостун окшоштугу ушул гана, башка жок. Иисус жаңы диндин гана башында турган. Мухаммед болсо кудайдын элчиси жана ошол эле убакта саясий лидер да болгон. Исламдагы дуализм Мухаммаддын ушундай эки жактуу ишмердүүлүгү менен байланышкан. Ал кудайдан гумандуу болууга насаататрды алган, бирок, иш жүзүндө гумандуу болгусу келген эмес. Ал кылыч менен оттун жардамы менен өзүнүн мамлекетин негиздеген. Көп кудайга сыйынуучу курейш уруусу Мухаммед менен анын окуучуларын Меккеден куул чыгышкан. Ушундан*

*тарта мусулмандардын адилеттүүлүк жана олжо үчүн болгон согуштарынын сериясы башталган. Сегиз жылдан кийин Мекке мусулман шаарына айланган.* ***Курандын көптөгөн жерлеринде согуш жүргүзүүнүн мыйзамдары, соода кербендерин тоноонун жоболору, аскердик абийирдин Мухаммеддин түшүнүгүндөгү закондору берилген.*** *Маршал Жуков 30-жылдардын акырында ленинграддык Чыгыш таануу институтуна курандын ушул жерлерин которуп берүүнү тапшырган жана институт анын заказын аткарган. Жуков андан өзүнө керектүү жоопторду таптыбы жокпу белгисиз. Курандын дагы бир өзгөчөлүгү: андан жакшылык издегендер жакшылыкка, жамандык издегендер жамандыкка жол таба алгандыгында...*

***Эмне үчүн ислам жалаң коркутууларга негизделген?***

*Башка диндерден, айрыкча христианчылыктан исламды дагы бир айырмалап турган белги: исламда адамдын өсүп-өнүгүшүнө талаптын жоктугу. Христианчылык өз адамдарынан дайыма сүйүүгө, чыдамдуулукка, акыл-эстүүлүккө карай кыймылда болууну, өнүгүп отурууну талап кылса, ислам кудайга кыңк этпей баш ийүүнү, Аллахтан коркууну гана талап кылат. Тажрыйбалуу менеджерлер айтышат: эгерде фирмага коллективдин бардык мүчөлөрү бир максатты көздөсө гана өнүгүү болорун түшүнбөгөн начар адамдар топтолуп калса, анда менеджмент “коркутуу элементтери” (жумуштан айдоо, айлыкты төмөндөтүү сыяктуу) менен гана иш алып бара алат. Анын сыңарындай исламга чейин арабдар: өз ара ынтымагы жок, дайыма бир-бири менен суу, түшүмдүү жер, бак-дарак ж.б. талашкан чырдан башы чыкпаган, алсызын алдуусу тынымсыз кордогон, күчтүүсү күчсүздүн үйүн тартып алган эл болгон. Мындай атмосферада коркунуч менен башкарууну жактаган окуунун пайда болушу туура эле. Ошентип, көрүнүп тургандай Мухаммед өзүнүн кол алдындагы элдин нравасына ылайыктап өзүнүн окуусун түзүүгө аргасыз болгон. Исламдык окуунун жалаң коркутуулардан турганы ушундан.*

***48-сүрөдөгү табышмактуу жагдайлар...***

*Логикалуу ой жүгүрткөн адамга курандагы айрым ырлардын кудайдыкына окшобогондугу тынчтык бербей келет. Мисалы, анын бирөө 48-сүрөдө: кудайдын өзүнүн элчисинин буга чейинки жасалган жана мындан кийин жасала турган күнөөлөрүнө кечирим бериши. Өткөндөрүнө мейли десек да, кудайдын, күнөөнү алдын-ала индульгенция кылышы такыр акылга сыйбайт да. Ошондой эле эркекке 4 аялга гана руксат берген 33-сурөнүн Алланын элчисине тиешелүү эместиги. Ошондуктан ал он аял менен бир убакта жашаган (ал убакта каза болуп калган Хадичаны кошкондо 11 аял болот-Ч.Д.). Курандагы пайгамбарга гана пайдалуу мындай көрүнүштөр адамдарда: пайгамбар кудайдан эмнени уккусу келсе, ошону гана уккан го деген крамольдуу (козголоңчул-Ч.Д.) ойлорду пайда кылбай койбойт. Ошондой эле, курандын кудайдын сөзү экендигине шек жаратчу нерсе – курандагы фактылык каталыктардын көптүгү. Анын бирөөнү эле айтсам: Аллах өзү библияда эмчектеги Моисейди сактап калган жана үйгө алып келген фараондун кызы деп айтат дагы, Мухаммедге Моисейди фараондун аялы сактап калган деп айттырат. Жана мындай каталарга куран толтура...*

***Исламдагы көп кудайга сыйынуунун элементтери...***

*Каабанын имараты ислам пайда болгондон алда канча мурун эле арабдардын идолдорго (таш буркандарга) сыйына турган диний борбору болгон. Айтымдарга ылайык каабада 360 идол сакталып калган. Алар негизинен таш балбалдар менен графикалык сүрөттөр эле. Куранда Моисей менен анын уулу Исмаил идолдорду жок кылып, жаңы каабаны негиздешкендиги айтылат. Бирок, кааба кантип кийин язычниктердин ыйык жайы болуп калгандыгына куран түшүндүрмө бербейт. Ошондой эле ташка сыйынуунун калдыктары исламда эмгиче сакталып калганын мусулмандар мойнуна ала беришпейт. Таш буркандар жок кылынганы менен сыйынуунун негизги предмети болуп бир кезде асмандан түшкөн базальт ташы кала бергендиги чындык. Ага сыйынуу да негизинен ошол язычниктердин ырым-жырымдары боюнча ишке ашырылат. Каабанын бурчтарынын биринде жерден 1,5 метр бийиктикке бекитилген “аль-хад-*

*жар аль-асвад" деп аталган кара таш, т.а. үч бөлөк лава же базальт метеорити күмүш алкакка бириктирилип бекитилип жасалган таш. Каабанын ачкычы ошондон ушул күнгө чейин Мухаммеддин уруулаштары курейштердин күчтүү уругу хашымдарда. Сыйынуу үчун келгендер ал ташты өпкөнгө, жок дегенде кол тийгизип калууга умтулушат. Анткени, бул бейиштен учуп келип катып калган периште, тиги дүйнөдө сурак берип жатканда, учуп келип, аны кимдер өпсө, ошолорду сактап калат деп айтылат.*

*Куранда көп кудайлуулуктун белгилери мындан да даана көрүнгөн жерлер бар. Айталы, мусулмандардын адамдарды идолдорго айлантып алууга жөндөмдүлүктөрү. Мусулманчылыкта – Мухаммед күнөөсүз, ал эми анын аялдары бардык мусулмандарга эне, анын жолдоштору – таптаза адамдар, даанышман аалымдар деп табылышы. Алар жөнүндө жаман айтууга, аларды сындоого тыюу салынышы. Алардын баары ыйык жана кол тийгис адамдар деп табылышы. Жер тоголок, ошондуктан, кай жерден кетсең, кайра ошол жерге келесиң. Ошол сыяктуу исламда да таш буркандардан кетип, кайра ошолорго келдик...*

***Дагы бир жолу курандагы негизги катачылык жөнүндө...***

*Биз жогоруда Мухаммедди кудайга айлантуу жана анын күнөөсүздүгүнө басым коюу негизги жаңылыштык экендигин айттык. Мухаммед күнөө кылган эмес – деп бекемдөө менен биз өзүбүздүн сөзүбүздүн туткунуна айланабыз. Себеби, андан ары жалган айтканга, Мухаммеддин кылгандарын кылбады деп танганга, чындык үчүн тура билген адамдар менен күрөшүүгө, чындык чыкпаш үчүн аларды коркутууга аргасыз болобуз. Эгерде ислам жок дегенде ушул XXI кылымда Мухаммед бардык эле реалдуу адамдар сыяктуу жаңылып-жазган, жыгылып кайра турган убактары болгондугун мойнуна алса абдан жакшы болмок. Мисалы, библиянын каармандары кандай? Христиандар менен иудейлер өздөрүнүн ыйыктарынын жаман-жакшы жактарын айткандан тартынышпайт, аларды кумир тутушпайт, библияда Ной, Лот, Моисей, Авраам, Давид, Соломондордун ишмердүүлүгүндөгү оош-кыйыштар тууралуу берилет, ал*

*тургай Илия бир жолку оор сыноого туруштук бере албай шайтандын азгырыгына кирип кеткендиги, Иондун укпагандыгы, иудейлердин бутпарастыгы, Петрдун баш тартуусу, Павел менен Варнаванын чатагы тууралуу баары билишет. Христиандар Иисустун соодагерлерди храмдан кубалап чыккандыгын жана Мария Магдалина менен болгон мамилесин талкуулагандыгы үчүн куугунтукталбайт, өмүрүнө коркунуч келтирилбейт. Биз, мусулмандар, Мухаммедди күнөөсүз кылабыз деп жатып, өзүбүздү-өзүбүз кишендеп алганбыз: Мухаммедди күнөөсүз деп моюндагандан кийин анын соратниктеринин, Айшанын кылгандарынын туура экендигине шек санаганыбыз туура эмес болмок. Анткени менен Мухаммед өзүнүн күнөөлөрүн билген, муну, "кимдир-бирөөлөр канчалык суранышса дагы, алардын суранычы кудайга жетпей тургандыгы, ал өзүнүн элчисине жардам берип, аны тиги дүйнөдө бейишке ала тургандыгы" жөнүндөгү сырдуу аяты менен тастыктайт.*

***Эми Курандын кудайдыкы экендигин тастыктаган далилдер жөнүндө***

*Куран кудайдын сөзү эмес, Мухаммеддин өзүнүн сөзү, ошондуктан, ал эч кандай кудайдын элчиси эмес деген пикирлер жашайт. Мындай пикирди тутунгандар куранда карама-каршылыктар менен каталар өтө көп экендигин бетке кармашып, кудай ушунча ката кетириши мүмкүн эмес дешет. "Куранда бири-экинчисине карама-каршы келген жерлер 225 жолу жолугат"(Э.Т.24-б.). Ырас андай каталар бар, бирок, куранда чындыгында да асмандан түшүрүлгөндүгүн (муну түздөн-түз асмандан түшүрүлгөн деп эмес, Мухаммед пайгамбардын транска кирген убагында алган кабарлар экендигин түшүнүү керек-Ч.Д.) тастыктоочу мисалдар да бар. Мухаммед кабарларды өзүнө Гавриил (Жебрейил-Ч.Д.) периште жеткиргендиги жөнүндө сөз кылат. Ыйык китепке Мухаммед өзүнүн пенделик субъективдүү сезимдери менен каалоолорун киргизип жибериши мүмкүн, бирок, куранды толук жаратууга анын күчү жетмек эмес. Буга мисалды ыйык китептин көптөгөн жерлеринен табууга болот. Мисалы, курандын 15-сүрөсүндө: «Кудай асманга жылдыздар менен жылдыздар тобун жайгаштырды. Алар көзгө ушун-*

*чалык кооз көрүнөт. Аларга шайтандарды, жаркыраган кометаларды кароол кылып койду". Сабатсыз төөчү жылдыз топторун жана кометаларды кайдан билет, анын башында жылдыздардын сырын билгиси келген шайтандын образы кайдан пайда болот? Андан ары куранда адамдын жаралышы жөнүндө: "Ал силерди энеңердин ичинде түйүлдөк кылып, анан жатынга жаткырып, анан каканак жарып, үч туңгуюктан чыгарды"(Э.Т.384) дейт. Ошондой эле курандан планеталардын ретроград кыймылына ишараат учурайт, а чындыгында мезгил-мезгили менен планеталардын катарында артка жылып бараткандай кубулуш байкалары илимде куран жазылгандан алда канча кийин ачылган. Ушулар жана кудайдын өз элчисине каардануу менен эскертүүсү Мухаммедге жогору жактан берилген кабар экендигин тастыктайт. Анын кудай тарабынан өзүнө эскертүү берилгендигин адамдардан жашыра албагандыгына көңүл буруу керек. Бирок, куранда эки башка стилдин катуу айырмаланып турушу (мындай стилистикалык айырмачылыкты араб тилин билбеген, же билген болсо да орус, дегеле европалык котормочулар билүүсү мүмкүн эместигинин себептери жөнүндө сөз кылат автор-Ч.Д.) куран бир эле кудайдын сөзүнөн турбагандыгын, анда Мухаммед өзү угууну каалаган сөздөрүн дагы кудайдын атынан бергендигин тастыктайт. Көпчүлүк хадистер өтө эле примитивдүүлүгү менен таң калтырат: бут кийимди биринчи оң жагын кийүү керек, чечкенде сол жакты биринчи чечүү керек; эгерде сүткө чымын түшүп калса, аны стакандын түбүнө чейин малуу керек, анткени, анын бир канатында оору болсо, экинчи канатында шыпаа болот; ташты тешиктен атпоо керек, себеби, адамдын көзүн чыгара атышың мүмкүн; эгерде согуштан качып келген адам аялы менен жатпаган болсо, аны Аллах кечирет; эгерде, аялы күйөөсү суранган кезде аны менен жатпай койсо, ошол аялдыы таң атканча периштелер каргап чыгат; тамакты жеп бүткөндөн кийин адам колун өзү жалаш керек, болбосо башкаларга жалатуу керек ж.б.у.с. Эми бул примитивдерди төмөндөгү поэтикалык саптар менен салыштырып карап көргүлө: силердин көз алдыңарга накта кудайдын оозунан чыккандай керемет саптар – тартылат: Бул жер жана асмандар, бул түндүн күнгө, күндүн кайра түн-*

*гө айланышы, бул булуттар жана шамалдар, жерди, айбанаттарды жана чөптөрдү, ал тургай деңизде сүзгөн кемеден бери жандандырган бу жамгыр. Булардын баары кудайдын жаратканы. Бирок, адамдардын арасында ушу кудайга эмес, пенденин колунан жаралган жасалма кудайларга сыйынып жүргөндөрү бар. Кудай мындай адамдарды кыяматтын күнүндө кечирбейт. Ал эми адам колунан чыккан буркандар болсо силерди тагдырдын колуна таштап, эстеп да койбойт. Ошондо: жараткан, бизге баарын башынан баштаганга, таш буркандарды, алар бизди унутуп калгандай унутканга шанс бер дейсиңер. Бирок баары кеч болот. Кудайды унуткандардын алдында тозок оту гана күйөт.*

*Же, башка дагы бир мындай мисал:*

*Качан түн киргенде асмандагы жылдызга карап Ибрагим: бул менин кудайым – деди. Бирок көп өтпөй таң атты, жылдыз жок болду, ошондо Ибрагим жылдыз кудай эместигин түшүндү.*

*Анын эртеси асмандан айды көрүп: ушу менин кудайым – деди. Бирок ай да батып кетти. Анда Ибрагим: ай дагы Аллах боло албайт – деди. Кудай мени өзүн тааныткысы келбейт – деп, кайгылуу ойго чөмүлдү. Качан Ибрагим чыгыш жактан чыгып келаткан күндү көргөндө, күн жылдыздан, айдан чоң экен деп ойлоп: мына Ушул менин кудайым – деди, сүйүнгөндөн кыйкырып. Бирок кечкурун күн дагы горизонттон ары батып кетти. Ибрагим көпкө ойлонду: Аллах ага эмнени ойлоп жылдызды, айды, күндү көрсөттү экен. Акыры түшүнгөндө бекем үн катты: кудайым, мен түшүндүм: ай дагы, күн дагы, жылдыздар дагы кудай боло албайт, сен жалгызсың, сени байкоо мүмкүн эмес. Мен көзүм менен ушул асмандардын, күндүн, айдын жана жылдыздардын жаратуучусу, баарынан бийик турган жалгыз өзүңө тигилем.*

*Же, үчүнчү мисал:*

*Аллахтын жакшы сөз жөнүндөгү мындай притчасы бар: жакшы сөз – соо дарактай: тамыры бекем, а бутактары узун. Анын жемиши да, көлөкөсү да пайдалуу. А жаман сөз болсо – ооруулу дарак сыяктуу: тамыры шалкылдап бош, шамалга ыргалып, азыр-азыр сынып түшчүдөй болуп куураган бутактары кычырап араң турат. Курандын тили жана ойлору – Мухаммеддин хадистери катары жазылган*

*документтерден такыр айырмаланат жана салыштырсаң, жыйынтык Мухаммеддин пайдасына чыкпайт. Курандын тили – абдан кылдат философ-акындын тили жана ал VII-кылымдагы төө айдоочунун жаргондорунан жана анын жөнөкөй аңкоочалыш сөздөрүнөн өтө өзгөчөлөнүп турат. Ушундай болгондон кийин эмне үчун куранда Мухаммед кимдир-бирөөнүн сөзүн гана берген. Ал эми, ошол курандагы бийик ойлордун жана ошондой мыкты стилдин автору Мухаммедден такыр башкача ойлонгондугу жөнүндө эмне үчүн ой жүгүртпөйбүз (мисалы, Е.Блаватскаянын жанында жүргөн полковник, Елена текстти өзү жазганына карабай, кагазга ар түрдүү колдор (почерктер) түшкөндүгүн байкаган. Так ушундай нерсе башка трансгерлер сыяктуу Мухмаммед пайгамбарда да болушу толугу менен мүмкүн эмеспи. Алескеров куранды 50 жолу кайталап окугандан кийин гана андагы стилдик эки баскычты, эки түрдүүлүктү байкагандыгын, башка тилдүү котормочулардын муну байкашы өтө кыйын, же, мүмкүн эместиги жөнүндө айтат. Ошондо, ушундай, жарымы талант, жарымы аны улап тууроочу гана, демек, жарым-жартылай гана мыкты поэтикалык чыгарма үчүн ("Манас" эпосуна окшоп баштан-аяк бирдей поэтикалуу жана чыныгы эмес, же, Ч.Айтматовдун чыгармаларына окшоп баштан-аяк бирдей поэтикалуу жана гениалдуу саптардан турбаган) канчалаган адамдардын эле эмес, улуттардын, алар жараткан тилдердин тагдырлары садага чабылууда. Кандай гана өкүнүчтүү - Ч.Д.). Ал эми Мухаммед өзүнө гана пайдалуу сөздөрүн, ойлорун берген жерлерде – куран дагы Мухаммеддин өзүнүкүндөй карапайым, ал тургай примитивдүү тилге айланат. Мындай мисалдардын эченин жогоруда силер көрдүңөр, алдыда буга окшогон примитивдер дагы толтура жолугат (тилекке каршы биздин максатыбыз С.Алескеровдун китебин баштан-аяк которуп чыгуу болбогондуктан, алардын баарын биз бере албайбыз. Бирок, текстти түшүнүп жана ой жүгүртүп окууга жөндөмдүү адамга, Мухаммеддин маңызын түшүнүүгө буга чейинки мисалдар жетиштүү болот деп ойлойбуз-Ч.Д.). Баарынан жогору туруучу (бизче айтканда Көкө Теңир-Ч.Д.) адамдарга өмүрдү өзү берет жана өзү алат (куранда ушинтип жазылган, бирок ошол эле куранда жихад деп адамдарды өлтүр-*

*гөндөргө да, күнү азыр да мусулманчылыкты тоготпогондордун жанын суурул алууга даяр турган фанаттарга да жол берилиши, С.Алескеров атагандай курандагы Великий парадокс, же эки башка почерк эмеспи-Ч.Д.).*

*Куранды эки бөлүккө бөлүп карап, бирине ишенип, экинчисине ишенбегендерди (жогорудагы мисалда көрсөтүлгөндөй кылып-Ч.Д.) биз кудайдын атынан жазалайбыз дейт. Мухаммед алдын-ала кантип билет, куранга ушундай мамиле болорун. А балким ушул сүрөнү айткан убакта Мухаммеддин өзүндө, ал айтып жаткандардын баары эле кудайга таандык экендигине шектенүү пайда болсо керек. Ошондуктан, боло турган шектенүүлөргө карата алдын-ала коркутуу даярдалып жатат. Анын үстүнө бул сүрө болжол менен 618-жылдары айтылып жатат, бул мезгилде куран толук бүтө элек, анын текстинин жарымы гана айтылган кез болгон.*

***Түшүнүүгө мүмкүн эмес дүйнө. Дүйнө түзүлүшүнүн сыры жана адам-пайгамбар***

*Курандагы 16-19 сүрөлөр ушунчалык көркөм. Алар: биз жашаган дүйнө кандай кооз жана кандай татаал деген ойлорго бириктирилген. Алар ушунчалык гармониялуу болгондуктан, дүйнө өзүнөн-өзү эле стихиялуу түрдө ушундай жаралып калган деп ойлоого болбойт. Дүйнө сөзсүз түрдө кимдир-бирөөнүн чыгармачылык даанышмандыгы менен жаралган. Эки кымындай клеткадан киши жаралгандан баштап, Жердин Күндү айлануу кыймылына чейин баары – бир зор планга баш ийдирилген. Адам менен кошо аны азыктандыруучу тамак-аш заттары, анын тукум улап, жашоо чынжыры үзүлбөөсүнө стимул берүүчү сексуалдуулугу жана бардык материалдык жыргалчылык түзүүчү буюмдар, материалдык пайда бербесе дагы адамдын бул дүйнөнүн сулуулугунан ырахат алуусун шарттоочу укмуш гүлдөрдүн жаралышы – ушулардын баары бир Зор Акыл-Эске баш ийдирилген. Кудай тарабынан бардык улуттарга: орустар менен еврейлерге, африкандарга, православдар менен иудейлерге, мусулмандарга берилген дагы бир укмуш керемет жөнүндө: адамдык бардык ойлорду бири-бирине жеткирүү мүмкүнчүлүгү – болгону 3 ондун аркы-беркисиндеги тамгалар аркылуу жетишүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө ой жүгүртүп көрдүк беле?*

*Май куюлган банканын оозун ачсаң – ал төрт эсеге көбөйөт. Элестетип көрүңүздөр "Согуш жана тынчтык" болгону 33 тамганын гана түрдүү айкалыштагы комбинацияларынан турат, ушул жөнөкөй инструменттен башка Л.Толстойдун колунда эч нерсе болгон эмес. Жана мындай адамдын акыл-эси менен ой-кыялын көккө учурчу көркөм чыгармалардын баары ушул 33 гана тамганын иши. Бул кереметте кудайдын катышы жок деп айтуу мүмкүн эмес. Адамзат өзүнө түшүнүксүз нерселерди үйрөнүүгө аракеттенет. Окумуштуулар эксперимент жасашат: космостун караңгы жактарын көрүүгө, айдын арт жагында эмне бар экендигин билүүгө, адамдын негизги белгилерин тукумдан-тукумга алып өткөн жана биздин жашообуздун программасын сактаган ДНКнын молекуласынын табышмагын чечүүгө – ушундай жол менен адамзат: адамдын жана дүйнөнүн түзүлүшү жөнүндөгү чындыкка жакындайт. Бирок, мунун баары – акырындык менен Кудайдын өзү жөнүндөгү билимге жакындоо болуп эсептелет. Адамдардын баары: бардык заттардын жерге карай кулашынын табышмагы жөнүндө айтышат, анан Ньютон, заттарды жер өзүнө тартаарын ачат, башка бирөө, жердин тартуу кучунүн сыры, анын гравитациялык толкундарды чыгарып тургандыгында болорун ачат. Ал толкундар кайдан чыгат, кантип пайда болот? Окумуштуулар андан ары изилдөөнү улантышат. Жөн гана: мунун баары кудайдан деп жыйынтык чыгарып койсо да болоорун билип турушуп. Дүйнөнү жана анын сырларын түшүнүү – бул кудайдын өзүн түшүнүү, ошондуктан изилдөө токтобой келет" (С.Алескеров Великий парадокс, или два почерка в Коране, 5-6-8-9, 21, 68-69-беттер).*

Курандын илим үчүн эң кызыктуу жагы, дүйнөнүн табышмактарынын тереңине чейин башбаккандыгында. Ошондой эле бүт дүйнө үчүн эң эле кооптуу жагы: илимди түшүнбөгөн жана ага кызыкпаган массадан "мусулман эместерге өлүм" же, "Мухаммед күнөөсүз" деген догматтарды мээсине сиңирген миллиондогон фанаттарды чыгарып жаткандыгында, алар пайгамбарга кадыресе адам катары карагандыгы үчүн эле адамдарды кырууга даяр турушкандыгында.

# КЫРГЫЗГА ПАНТЕИСТТИК ЖАНА ОККУЛЬТТУК БИЛИМ КӨБҮРӨӨК ЖЕТКИЛИКТҮҮ

Светтик орто жана жогорку билим берүүчү окуу жайлардын программалары адамга “жогорку чындыкты” ачууга эсептелген эмес. Алар: коомдун тарыхы, адамзат иштеп чыккан нравалык баалуулуктар боюнча жалпы маалымат берүүгө жана профессионалдык билим берүүгө негизделген. Жазуучу К.Акматов “Архат” романында Тибеттин руханый окуусу: Адилеттин (сөз болуп жаткан романдын баш каарманы) адамдардын ички оюн окууну, телепатия-телекинездик, левитациялык сапаттарды өздөштүрүү үчүн канча жыл, кантип окугандыгын жана жетишкен натыйжаларын этаптары менен майдалап көрсөтүү аркылуу, оккульттук окуу адамдын ички мүмкүнчүлүктөрүн (т.а. адамдын кудайлык касиеттерин) ачууга багытталган реалдуу илим экендигин ишенимдүү көрсөткөн. Мисалы, тарыхый инсан Миларепанын үйдөй таштарды ички күчүнүн жардамы менен ордунан козгой алгандыгы да тарыхый чындык экендиги документалдуу маалыматтардан белгилүү. Бул окууда көңүл бура турган негизги нерсе: чыныгы билимге киргизээрден мурда Тибет уламалары окуучудагы эго сезимин өлтүрүп, жок кылышы шарт болгондугу. Эгосун жоюуга жетишкен адамга гана чыныгы илимдин эшигин ачууга уруксат беришкен. Анткени, пенделик майда мүдөөдөн (эгодон) арылбай туруп, адам өзүндөгү чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачып алса, аны коомго же жеке адамдарга зыян келтирүүчү максаттарга пайдаланып жибериши мүмкүн, мунун чындык экендигин жогоруда исламдын ызы-чуусу көп дин болуп калгандыгынын себеби, Мухаммеддин өз илимин жеке кызыкчылыктарына пайдаланып жибергендиги менен байланыштуулугун Алескеровдун далилдерин мисал келтирүү менен бердик. Ушуну менен аталган романында кыргыз жазуучусу дүйнөлүк чоң көйгөйдү козгогон. Орус жазуучусу А.С.Грибеодов ачкан “Акылдан азап” сыяктуу, эгонун азабы да түбөлүктүү маселе экендигин кыргыз жазуучусу К.Акматов ачкандыгына акыры адабиятчылар көңүл бурат болуш керек...

Миларепа өч алуу максатында жаш кезинде бороон-чапкын жөнөтүп, көп адамдарды өлтүргөндөн кийин, фундаменталдык негизде бир нерсени туура эмес кылгандыгын аң-сезиминин түпкүрүндө сезип кыйнала баштайт. Бул кыйноо аны Марпага алып келет. Булактардын билдирүүсүнө караганда, Марпа аны 20 жылдан ашуун убакыт кыйнап иштетип, бирок, эч кандай илим бербейт. ... Акыры илим алгандан кийин келген дакиниде[17] өзүнүн окуучусуна Марпа фундаменталдык аспектидеги бир окууну бербегендиги ачылат... Устат менен шакирти ээрчишип, Индияга жөө келишип Гуруга жолугушат, ошондо гуру таң калып: "аны билүү сенин деңгээлиң эмес эле го, кантип алдың бул маалыматты" дейт Марпага. Марпа, аны өзү эмес окуучусу Миларепа ачкандыгын айтканда, гуру Миларепаны көрүп, "акыры Түндүк Чыгышта жарыктын учкуну пайда болгон экен" деп кубанып, Марпанын эшигинде жүрүп карыйын деп калган Миларепага керектүү илимдин баарын берет. Ошондон кийин алардын орду алмашып, Миларепа устат, Марпа анын окуучусу болуп калат. Ал илимдин жардамы менен Мила Тибеттин духовный маданиятынын пайдубалын куруп чыккан. Бул жаатта жасалган кийинки иштердин баары, ошол Миларепа курган кыртыштан өсүп чыккан-дейт Садгуру. Буга чейин "Качан дүйнө чалкештенип кеткенде, теңирчилик дүйнө таанымындагы түрк-монгол элдеринен кылычы кандуу баатырлар чыгып, дүйнөнү тартипке салып турган" деп, жазган бир акылман. Бирок, техника менен тишине чейин куралданган азыркы акчалуу топту эч кандай баатыр жеңе албайт... Адамзат бул тажаалдардан кутулуш үчүн бүгүн Милерапанын деңгээлинде жаратылыштын мыйзамдарын өздөштүргөн – касиеттүү адамдын жардамына абдан муктаж болуп турган учуру... **Миларепа өздөштүргөн илимдин түбүнө чейин жетүүгө ким, кайсы улуттун адамдары көбүрөөк жөндөмдүү, же, ошондой өнөргө кайсы элдин баштапкы даярдыгы бар?** Эгерде "Манас" эпосунда оккульттук окуу жана анын натыйжаларын кыргыз кантип колдонгону жөнүндө көп айтылаарын эске алсак, эгерде, физиканын мыйзамдарына

[17] Аялдын образында келген адамдын көзүн аччу Кудай

негизденген шаманчылык көпкө чейин кыргыз элинин тиричилигин тейлеп келгендигин эске алсак, эгерде, кыргыздын рухунда пантеизмге негизденген теңирчилик жатса, анда, оккульттук окуу башкаларга салыштырмалуу кыргыздарга көбүрөөк жеткиликтүү экендигин моюнга алыш керек. Балким, келечекте, Миларепанын реинкарнациясын кыргыздан чыгарган Кыргыз эл жазуучусу К.Акматовдун көркөм чыгармасы ("Архат") накта пайгамбардык сөзгө айланаар. Кайсы элден чыкса дагы глобалисттерди бир жеңсе, чыныгы оккульттук илимдин бардык деңгээлдерин өздөштүрө алгандар гана жеңиши мүмкүн. Качан Америкага ак адамдар келгенде, аларды артка кайтарууга америкалык уруулардын шамандарынын алы жеткен эмес... Айтымдарга караганда ушу бүгүнкү күндө Тибет тарапта, оккульттук илимдин күчү менен кубаттуу аскер самолётторун буюктуруп адаштырып, кытайларды өз ээлигине жолотпой, бул дүйнөдөн окчун жашаган, кыргыз тилдүү уруу бар имиш, демек, бул, кыргыздардын оккультка болгон жөндөмү башкалардыкынан күчтүү экендигин көрсөтөт, айла кетсе, ошолордун илимин өздөштүрүүнү уюштуруу маселесинин үстүнөн ойлонуп, ошого жол табууга (алар аң-сезимдүү түрдө өздөрүн окчун кармашат экен) аракеттениш керек..

Көптөгөн окумуштуулар кыргыз элинин исламга оролушкандыгына эчен кылымдар өтсө дагы улутубуздан кеңирирээк чөйрөгө таанымал дин улама (окумуштуу) чыкпагандыгын кеп кылып келишет. Ал эми "Манас" эпосу менен Ч.Айтматовдун личносту, чыгармачылык көрөңгөсү кыргыз улутунун күчү оккульттук жана светтик (пантеисттик) окууда экендигин көрсөттү деген ойду айтып жатканыбыз...

# КЫРГЫЗ КАЛПАГЫН ТААНЫГАН ЧӨЙРӨДӨН, КЫРГЫЗДЫН РУХАНИЙ БАШАТЫН ИЗДӨӨ КЕРЕК

*(Кыргыз тарыхына өзгөчө көз караштар)*

*"Кайран кыргыз,*
*Бүркүт эле бир кезде.*
*Карт дүйнөнү:*
*карап турган мунардан.*
*Бир кыргызды:*
*көрүп өлсөм арман жок.*
*Бийигине*
*Кайра учуп чыга алган..."*

*Т. Казаков*

Д. Сарыгулов мамлекеттик катчы болуп иштеп жүргөн убагында болгон бир окуяны мындайча айтып жүрөт: "Далай Ламанын чакырыгы менен Делиге барып калдык. **Башыма калпак, үстүмө тик жака кыргызча күрмө кийип, сыртынан белиме кыргыздын курун тагынып алгамын.** Ушул кийимим, жанына барууга президенттер зар болуп жаткан Далай Ламанын өзүн мага келтирди: "Будданын түз урпагы келиптир, чыгыңыз бул жакка" деп, мени жанына чакырып алды. Экөөбүз колтукташып, манжалашып сүрөткө түштүк. Көрсө ал киши мени кадимки Саки Муни Будданын түз урпагы деп жатыптыр... (Д.Сарыгулов кыргыз калпагын кийген адамдардын маанилүү мамлекеттик жыйындардын башында отургандыгы түшүрүлгөн байыркы сүрөттөрдүн жыйымын (коллекциясын) түзгөндүгү белгилүү. Андай сүрөттөрдү кытайдагы монастрлардан өз көзүм менен мен да көрдүм-Ч.Д.). Көрсө кыргыз калпагын байыркы дүйнөнүн тарыхынан терең билими бар адамдар тааныйт экен, 2006-жылы 56 мамлекеттин падышалары Сауд Аравиянын башчысынын чакыруусу менен аравияга бардык. 1500 миң адамдын ичинен 150 адамды (жалаң президенттер менен падышалар жана премьер-министрлер) Каабанын ачылышына чакырышты. Каабанын ичи тар экен, 12 падыша киргенден кийин "башка батпайт" деп токтотуп коюшту, мен, жогорку чиндегилер кире албай жатканда, мендей мамлекеттик катчыга эмне бар деп,

четте гана тургамын, ошердин кызматчысы мени өзү чакырып алып 13-кылып киргизди – дейт Дастан Сарыгулов. Жазуучу К.Акматов жогоруда көп жолу сөз болгон "Архат" романынын бир жеринде: "Церен Цу (буддист-монах-Ч.Д.): "менин бабаларым да ак калпак кийишкен экен, балким экөөбүз бир тууган болобуз" деп, Адилетти ийинден кучактап койду" деп жазат. Көркөм чыгарманын негизги тили: белгилер менен символдор экендигин эске алсак, ушул сүйлөм аркылуу да жазуучу кыргыздын улуттук рухий дүйнөсүнүн башаты каякта жатканына ачык ишаара кылып жатканын түшүнмөкмүз. Ал эми атактуу кинорежиссер Б.Шамшиев түз эле мындай деп жазат: "Манастын издерин Орто Азиядан, Түштүк Сибирден эмес, Тибеттен издөө туура. Н.К.Рерихтин Улуу Гималай тоолорунун койнундагы түбөлүк өлбөс адамдар эсептелген махатмалар жашаган ак карлуу, сырдуу өлкө шамбала жөнүндөгү эскермелеринин негизинде орус географы А.В.Сташиневский менен этнограф С.Абрамзон эскерген тибет кыргыздарынын (ладак кыргыздары, санджуй кыргыздары, Кашгарга жакын жайгашкан Кыргызжангал айылы) руханий мурастарына кайрылуу илимге чоң салым кошмок, Кытай археологдору тарабынан табылган Такла-Макан чөлүндөгү европалык расага таандык мындан 4 миң жыл мурунку мумиялардын кыргызга тиешеси бар экендиги аныкталса, анда кыргыз этногенезисин Тибет багытына буруу туура болот". Манасты кыргыз элинин руханий феномени катары кароо туура экендиги жөнүндө режиссердун уулу Чыңгыз Шамшиев да жазууда : "Байыркы римдиктердин Янус менен Юпитери, арийлердин Митра менен Варуну, авеста мезгилиндеги Багу Мана менен Аса сыяктуу эле кыргыз элинин мифологиясында жогорку персонаждар катары акылман Бакай менен алп Манас жашап келет. Чынын айтканда Манас – бул айлан-көчөк дүйнөнү тартипке алып келүүчү кудай сымак жашоонун башаты менен аны таануунун күчүн тең салмакта кармап турган феномен. Ал кыргыз элине жыргалчылыкты белек кылуучу фактор".

Д.Сарыгулов айтат: "Манас" эпосуна сиздер эмне үчүн ушундай өзгөчө маани бересиңер? – деген менин суроомо, бир кытай: "биздин тарых, байыркы мезгилден тартып,

ушу күнгө чейин абдан так жазылып келген. Ошого карабай, биз “Манас” эпосундай эпосту жарата албаганыбыз үчүн, кыргыз элинин эпосуна таң калып, баа беребиз” деп жооп берди.

## РАДИКАЛДЫК ИСЛАМДЫН ЗЫЯНДАРЫ

Биринчи зыян: **Исламдын кыргыз фанаттары, фанат эмес кыргыздарды чоочун сезүүсү улам күч алып бараткандыгында. Кыргыз барган сайын этнос катары өз чөйрөсүндө эмес, башка элдин арасында жашаган бир топ сыяктанып сезилип баратат, анткени, кыргыздын өзүнө таандык адат-салттарына карата, мисалы, жер-сууга сыйынуусун “түркөйлүк”, “жапайылык” деп, ал эми өлүк коюу жана анын артын күтүү салттарына “ысырапчылык” деп баа берилип,** алардан баш тартуу идеясы кыргыз молдолор тарабынан көшөргөндүк менен жүргүзүлүүдө. Азыр мектеп окуучуларынын 4-класстан баштап эркек балдар (айрым кыздар дагы) дээрлик мечитке каттай тургандыгын эске алсак, анда бул мектеп программасына кирген сабактардын бири сыяктуу эле жаш муундун ар биринин мээсине киргизилип жатат деп эсептесек болот. Молдолор: кыргыздын өлүк коюуга, аш берүүгө кетирген чыгымдарын “ысырапкорчулук” деп үнүнүн жетишинче кыйкырышат дагы, Меккеге баруу үчүн кетирилген чыгым жөнүндө ооз ачышпайт. Кыргыздын жер-сууга сыйынганын айып көрүп, “жапайылык” дешет да, Меккедеги сыйынуунун предмети дагы таш (Кааба) экендигин “унутуп” калышып, Меккеге барып сыйынып келүү ар бир пенденин ыйык парзы деп жаш муундун мээсине болушунча отургузушууда. Элдин көпчүлүк бөлүгүнүн: өлүк коюуга кеткен каражат ысырапкорчулук деп эсептелип, Меккеге барыш үчүн андан кем эмес (тескерисинче андан көп) коротулган каражат эмне үчүн ысырапкорчулукка жатпай тургандыгы жөнүндө ой жүгүртүүгө барган сайын чамасы жетпей баратат. Тагыраак айтсак, **элибиз өз “көнүмүш жүрүш-турушун” мурдагы боюнча сактоо үчүн башкаларга каршы туруу күчүн жогото баштады**. Этнолог Д.Н.Гумилев: “эт-

ностук жалпылыктын биринчи белгиси – өз иденттүүлүгүн башкаларга каршы кое билүү”[18] – деп эсептейт. Чыгыш аалымы (индиялык йог) СадхГуру: иденттүүлүктү адамга чыныгы эмоция чакыруучу духтук фактор катары карап (мисалы, өз мамлекетинин туусун сактоо үчүн, ошол өлкөнүн атуулунун жанынан кечүүгө дайым даяр турушу), белгилүү бир шарттарда иденттүүлүк өзгөрөт дейт, мисалы, башка өлкөгө өткөн адамга ошол өлкөнүн герби, туусу ж.б. символикалык белгилери эмоция чакыра баштайт. Мында кеп: биз өз өлкөбүздө туруп эле, биздин улуттун көпчүлүк өкүлдөрүнө кыргыздын эмес, башкалардын баалуулуктары эмоция чакыра баштагандыгына күбө болуп жатабыз. Мисалы, интернетте Чубак ажынын, А.Нарматовдун, М.Арстандын ыйлап жаткан учурлары түшүрүлгөн эпизод илинип турат жана тынымсыз тегеренүүдө. Алар “Манасты”, “Курманбекти” угуп, же, Ы.Шайбековдун “Кайран элин” окуп, же, Д.Садырбаевдин “Кайран эл” документ фильмин көрүп, ошого ыйлап жатпагандары бештен-белгилүү... Бул үчөөнүн тең эл арасында күйөрмандары бар экендигин эске алсак, улуттук идентификацияга терең ажырым түшүрүлүп жатканын ушул эпизод даана көрсөтүп турат. Тактап айтканда, элибиздин көпчүлүк бөлүгү (азчылык болсо айтып отурбайт элек) өзүнүн улуттук иденттүүлүгүнөн билбей туруп (тарыхты билбегендигинен) башка иденттүүлүккө өтүп жаткандыгы жөнүндө сөз болуп жатат. Этностук биримдиктин күчүн Л.Н.Гумилев “асфальтты жарып чыккан бир тал чөптүн күчүнө” салыштырган. **Азыркы учурда кыргыз элинин этностук кубатынан айрыла баштоо процесси интенсивдүүлүккө өттү**. Шаардын көчөлөрүнөн жана айылдардан улутка таандык эмес мүнөздөгү кийимдерди кийген кыргыз эркектер менен аялдарды улам барган сайын көбүрөөк учурата баштадык. Мындай көрүнүштүн орун алуусунун себеби жөнүндө сөзсүз ойлонууга, талкуулоого жана бир чечимдерди кабыл алууга тийишпиз. Анткени, **азыр эми кыргыз улуту динге карата мамилеси боюнча да (жер-жерлерге, уруу, уруктарга бөлүнгөнү аз келгенсип) түрдүү топторго бөлүнө баштады: аң-се-**

[18] Гумилев 29-б.

**зими: ар кандай диний кулчулуктан эркин, жаратылыш менен коюн-колтук алышып, "табият менен таттуу мамиледе" жашаган, табиятты культ туткан "пантеисттик көз-караштагы" (Ж.Бөкөшев) байыркы ата-бабасынын жолун улаган кыргыз жана ар бир мүнөтүн молдолор сүрөтүн тарткан "каардуу" кудайдан коркуп калчылдаган кулдук аң-сезимдеги жана психологиядагы жаңы кыргыз болуп. Ушул эки топту тирешүүгө чейин жеткирбей, бул ажырымдын алыстоосун токтотуп калуу, бышып келаткан атуулдук согуштун алдын-алып калуу, азыркы учурда номур биринчи мамлекеттик маселеге айланышы керек.** "Адамдын өмүрүндө эки бирдей бийик, өз алдынчалуу башталма болушу мүмкүн эмес" деп, орустун белгилүү диний философы В.В.Соловьев[19] жазгандай, ислам эч качан кыргызга чыныгы духовный башат болуп бере албайт. Анын себептери, кыргыздын жан-дүйнөсүндө дагы эле теңирчилик тургандыгында. Ал кантип тургандыгы жогоруда конкреттүү мисалдар менен көрсөтүлдү. Демек, ислам кыргыздарга жакшы келечекке алып барчу багыт да боло албайт. Анткени, кыргыз башка башаттан өңүт алып өнүккөн эл. Муну жазуучу О.Айтымбет төмөндөгүдөй логикалуу чечмелеген: "Теңири сөздөрдүн биринде: "Тирүү жан-жаныбарлардын атасы ким? Энеси ким? Каны-жаны кайсыл?" деген суроо берилет да, ага "Тирүү жан-жаныбарлардын атасы – Күн, энеси – Жер, каны-суу, жаны-аба" деп жооп берилет... Исламсыз кыргыз көп кылымдап жашаган, Суусуз, Абасыз, Күнсүз, Жерсиз канча күн жашай алабыз ойлоп көрчү кыргызым. Ата-бабабыз табият жөнхндө айтканда көңүлүндө дайыма Кудай турган. Ошондуктан, улуттук жан дүйнөбүз дайыма гормонияда болгон...

---

[19] "Исповедь и теодицея в творчестве Достоевского (рецепция Аврелия Августина)" Кантор В.К. "Вопросы философии"20.06.2011.

## ДЕПУТАТТАРГА, ӨЗДӨРҮНҮН ИШИ ЖҮРҮШҮП, ИТТЕРИ ЧӨП ЖЕП ТУРСА ГАНА БОЛГОНУ...

**Адал, арамбы же, "халал", "харамбы" – кыргыз үчүн кайсынысы туура?** "Качан эки адам, эки башка Кудайга ишенип, менин Кудайыма ишенбеген тиги өлүш керек деп ойлогондор (Мухаммедди туурап-Ч.Д.), экөө тең туура эмес жолдо бараткандар" – деп, индиялык азыркы йог Садх Гуру диний фанатчылыктын ар кандай түрүн сынга алган. Негизи эле диний фанатчылык билимсиздиктен келип чыгарын, элдин баары түшүнүп калган мезгилде жашап жатышкан, өзүнүн карт тарыхында жогоруда айтылгандай, дин үчүн өзү да өлбөгөн, бирөөнү дагы өлтүрбөгөн пантеист кыргыздын тукумдары бүгүн агрессивдүүлүгү ашынып, тездик менен исламдын коркунучтуу фанаттарына айланып бараткандары, интернетте өзүнөн башкача ойлонгондорду: курагына, акыл-билимине, кадыр-баркына карабай, чыдамсыздык менен сөгүп-сагып жазгандарынан, бул жаңы пайда болуп жаткан динчил катмар: коом үчүн чыныгы коркунучка айланып бараткандыгын түшүнүүгө болот. Сөзүбүз куру болбос үчүн бир мисал: Жалал-Абад мамлекеттик университетинде мамлекеттик тилдин 30 жылдыгына даярдык көрүп жаткан учурда, биздин кадырлуу окумуштуу агайыбыз, Махмуд Кашкаринин "Түрк сөздөр жыйнагын" толугу менен кыргыз тилине которгон доцент А.Оморов Фейсбукка "халял", "харам" деген сөздөрдүн кыргызча өздөштүлгөнү "адал", "арам" тыбыштык турпатында, ушундай деп эле колдонулат, орфографиялык жана түшүндүрмө сөздүктө ушундай" – деп, жазыптыр. Ага карата жаш балдардын жазган комментарийлеринен: "бок жепсиң", "былжыраба" дегендери эң оозго алгылыктылуулары. Кыргыздын жаштары улууга качан ушундай акаарат кылчу эле? Диндин адамды жакшыртчу сапаты эмне үчүн биздин жаштарга иштебей, аларды, тескерисинче кылып тарбиялап жатат? Албетте, мындай коомдук кубулуштун пайда болушунун негизги себеби: мамлекет тарабынан дин ишмердүүлүгү керектүү деңгээлде контролго алынбагандыгында. Тескерсинче, жогорку бийликтегилердин көпчүлүгү, элди контроль кылуунун ордуна өздөрү да мол-

долордун артынан ээрчип, алардын чырагына май тамызууда (молдолор куруттай кылып санап отурушат: кайсы чоңдун айт намазга барганын, исламга лоялдуулугун кайсы жерде, кантип көрсөткөндөрүн ж.б.). **Айт намазын борбордук аянтта окууга руксат берүү жана чиновниктердин мамлекеттик иште иштеп жатышып, өздөрүн мусулман катары ачык ашкерелөөсүнө тыюу салуунун жоктугу менен: бул процессти, кыргыз элинин улуттук иденттүүлүгүн ичтен бошоңдотуу процессин тездетүүгө, бийлик ээлери өздөрү жана айрыкча депутаттар көп салым кошушууда.** Ушундай көрүнүшкө айрыкча депутаттар кызыкдар: анткени, аянтка барып намаз окуп коюу менен эле, көптөгөн шайлоочуларга өздөрүн бепбекер рекламалап калуу мүмкүнчүлүгү түзүлүп жатпайбы. Муну менен кыргыздык иденттүүлүккө доо кетип жаткандыгы аларды ойлонтуп да койбойт. Бул маселеде биздин караңгылыбыз ушунчалык чекке жетти: көпчүлүгүбүз кечээги эле тарыхыбызды таанибай, кыргыз, кыргыз болгону исламдын шарияты менен жашап келгендей түргө өтүп алдык. А чындыгында **биздин каада-салттарыбыздын көпчүлүгү мусулманчылыктын талаптарына туура келбегендигинин өзү, буга чейин биз башка жол менен өнүгүп келгенибиздин далили.** Ар бир элдин өзүнүн өнүгүү жолу бар: "... Ошол жол кыргыздын адат, салт, намыс, каада, нарк, жөрөлгө, ырасым, шарт, ырым-жырым үлгүлөрүнүн түбүнө кыттай чөккөн"[20].

## КУРАНДЫН ЭНЕ ТИЛГЕ ЗЫЯНДУУЛУГУ, ЖЕ, СЫЙЫНУУ СӨЗДӨРҮН ЭНЕ ТИЛДЕ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН МААНИСИ...

Куранды кыргыз тилине которгон белгилүү акын Э.Турсунов: "Арабдардын жеңиши, башка элдерге куран тексттеринин кириши – жеңилген элдерди эне тилден ажыраткан. Куран тили алардын адабий тилинин калыптанышына кедерги болгон. Жергиликтүү тилдер жоюлуу коркунучунда калган, көп тилдер жоюлуп да кеткен. Хорезм окумуштуусу

[20] Ч.Өмүраалы уулу Тенирчилик. 78-б.

Абу Райхан Беруни (973-1050) арап тилинин кириши менен хорезм тилинин жоюлгандыгын өз трактаттарында ачык көрсөткөн. Орто кылымда эле курандын мына ушундай терс жактары айрым ойчулдар, акындар, тарыхчылар тарабынан талкуугa, сынга алынган"[25, 20][21]. Исламды, христианчылыкты кабыл алган татарлар өздөрүнүн улуттук аң-сезимин, жүзүн жоготуп, ал эми караимдер улуттук жүзүн кантип сактап калгандыгын П.Н.Безертинов "Древнекыргызская религия "Тенгрианство" деген китебинде төмөндөгүчө көрсөткөн: "Тарых көргөзгөндөй, Польша, Литва, Белоруссияда жашап, христианчылыкты кабылдаган татарлар, өздөрүнүн өзгөчө белгилерин тез эле жоготушуп, жергиликтүү элге ассимилизация болуп кетишкен. Исламды кабыл алган татарлар болсо, алардан да тез сиңишип, эки-үч муундан кийин эле татардык белгилерин жоготушкан. Себеби, ислам дини татарлар үчүн чоочун болгон араб тилине негизденген, анда (араб тилинде) татарлардын улуттук аң-сезими чагылдырылбагандыктан жана тилдин дин менен байланышы жок болгондуктан, дин аларды сактай алган эмес. Бирок муну, этникалык тил менен кошо өздөрүнө таандык улуттук көп сапаттарын жоготуп алгандыгын, өздөрүн сактоо үчүн, өз тилин сактоо зарылдыгын польско-литовскийлик татарлар өтө кеч түшүнүштү.

**Ал эми ошол эле Литвада канча кылымдап жашап келаткан караимдер, татарлардан өзгөчөлөнүп өздөрүнүн улуттук жүзүн жоготпой сактап келаткандыгынын бир гана себеби бар, ал: сыйынууларды өз эне тилинде жүргүзгөндүгү**" [26, 142]. Демек, бата берүү, алкыш айтуу, тилек кылуу, өлгөндү эстөө, ага тиги дүйнөдө жакшы болуусуну каалоо менен, бу дүйнөдө калгандарды колдоп жүрүү тилектерин ар ким өз эне тилинде гана айтуусу өтө чоң

[21] "Куранды "Кудайдын тилинде жазылган" деп, исламдын фанаттары, анын кемчиликтерин жашырышкан, чындыгында куранда турмуш зарылдыгынан келип чыккан жоболордон сырткары, ашыкча нерселер да өтө көп". Мисалы, 95-аятта: "А кимде ким мусулман баласын атайы өлтүрсө – анда ал түбөлүк кыямат отунда кыйналат. Кудай каарына алып, наалат айтып, ага жан чыдагыс жаза колдонот"(113-б.) – делет. Кудай да анда мусулман экен да биринчиден, экинчиден, мусулмандар "мусулман болбойсуң" деп өлтүргөн миллиондогон адамдар үчүн мусулмандарды ким жазалаары куранда көрсөтүлгөнбү? Кыргыздар өзүнүн баатыры Манасты башка элге баскынчылыкка барганы үчүн жазалап, Кожожашты табиятка ашыкча зыян келтиргени үчүн жазалап, аларды өлтүрүү менен аяктайт өз эпосторун. Ошондо, ким көбүрөөк моралист? "Манас" эпосуна батырылган философияны жараткан кыргыздарбы, же, куранды жазган арабдарбы?

мааниге ээ. Элдин эл катары сакталуусунда мунун мааниси айтып болгус. Анын үстүнө, **тилек тилөө, алкыш айтуу, бата берүүлөр жана башка каада-салтты, наркты жүргүзүү, ырым-жырымдарды аткаруу тили өз эне тилибизде абдан өнүккөн, абдан бай лексикалык корго ээ.** Эмне үчүн аны пайдаланбай, чоочун, бизге такыр жакындыгы жок араб тилин колдонгонго аракет кылабыз. Татарларга окшоп, биз да өздүгүбүздү таптакыр жогото электе, эсибизге келип, этегибизди жыйганыбыз оң.

## КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДА ПАНТЕИЗМДИН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Улуттук көркөм адабиятыбыздын көөнө образдарынын бири ("Манас" эпосунан башат алган) "дубананын" образы экендиги белгилүү. Фольклордо жана жазма адабиятыбызда дервиш (дубана) молдонун эмес, философтун образында берилет. Профессор Ж.Бөкөшевдин жогоруда келтирилген макаласында бул жаатта абдан таамай айтылган дагы бир ой бар: "... биз билгенден кыргыз тилинде, кыргыз ичинен өзүн "суфий" (же "сопу") атап, өзүнүн кимдигин (идентичность) ушул көз караш, окуудан улам аныктап, суфизмдин башкы жол-жоболорун карманып-тутунганын айгинелеген чыгарма (поэтикалыкпы, теологиялыкпы, метафизикалыкпы) жазып калтырган эч ким болбоптур". "Казанда эмне болсо, чөмүчкө ошо чыгат" – дегендей, кыргыздын улуттук рухунун көрөңгөсүндө мусулманчылык терең калыптанбагандыгын, кыргыз жан-дүйнөсүнө анын терең сиңбегендигин, эгемендүүлүктөн кийин жаралган бир нече олуттуу метафизикалык романдардын авторлору: кайыптын (Ч.Айтматов "Тоолор кулаганда"), архаттын (олуянын) (К.Акматов "Архат"), арбактын (С. Раев "Жанжаза") жана (А.Койчуев "Бакшы менен Чыңгысхан") образдарына кайрылгандыгы таасын аныктап турат. А.Койчуевдин жогоруда аталган "Бакшы менен Чынгысхан" романынын 80-бетинде мындай деген жери бар: "Күн ооп баратты. Күңгүрөндү. Аныгында келме келтирди. Жараткан Алла Тааланын амирин кара, таңдайлуу кишиге айла жок тура,

тили “расулаллага” так күрмөлүп калыптыр. Анын келме келтиргенин көп жөкөрдүн ичинен ириде катчы жүргөн мысырлык жөкөрү байкады. Жүрөгү жылып жымыйды. Өзбек хан тигиндеги кайрыдиндер кейиптенип Көк Теңирге тайынган жок, “Көк Теңирлеп” улуган жок. “Оомийин!” деп алакан жайбаганы эле болбосо... Эми не кылаар экен деп жымыйды мысырлык катчы. Жаңы тапкан Кудайына төрт кайталап тооп-ибадат келтирсе да Өзбек хандын дале көңүлү төп болбой... Кудайга жагаар, Кудайына жагаар ишти өтөлүнө чыгаруу керек эле. ... “Тирүүлөй канын ичейин тирүү апкелиңдер!” деди эле, тигине Элбасар турат эки аягы шыйрактан, эки колу билектен кыл чылбырда байлоодо. “Йасачылардын башы. –Элбасар, **жер-суучул ушул каапырдын** башын өз колум менен албасам” деди”. Бул текстте Монголияда исламды, мусулманчылыкты жер-жерлерге жайылтуу процессинин башталган мезгили жөнүндө сөз болуп жатат. Азыркылар билгенди, ошондо эле арабдар билишкен. Исламды тез жайылтуу үчүн ириде эл башында тургандарды колго алышкан, жандарына өздөрүнө ишенимдүү адамдарды катчы кылып беришкен жана алар кол башчы монголдун кыймыл-аракетин көз албай карап тургандыгы келтирилген мисалдан көрүнүп турат. Кыргыз чиновниктеринин көпчүлүгү Меккеге чакыруу аркылуу акысыз барып-келип жаткандары ушул программада ишке ашырылаары белгилүү.

Ч.Айтматовдун дүйнө эли тамшанып окуган чыгармаларында эмне жазылган? Түз, куулук-шумдукту билбеген, бирөөнү алдоо эзели түшүнө кирбеген, көр дүнүйө жыйнабаган, ошол дүнүйө үчүн башка бирөөлөрдү кыйнабаган, барга топук кылып жашаганды билген ток көнүл, ток пейил кыргыз адамы жөнүндө жазылган да. Ал эми мындай сапат адамда өзүнөн-өзү келип чыкпайт. Башка элдер буга жетишүү үчүн диндерди ойлоп табышкан, бирок, ошондо да жетише алышкан эмес. Демократияны ойлоп табышкан. Элдер кийин ойлоп тапкан ноу-хаулар кыргызда башынан бар болгон. Анткени, кыргыз эли адамга Кудайдан берилген сапаттарды ошол бойдон сакташкан. Кыргыздын кыргыздыгы ушунда. Табиятка тап коюп, аны өзгөртүп, өз кызыкчылыгына буруп жиберүү ниетинен алыс туруп, андан керектүүнү керегинче гана алып, калганын жаратылыш-

тын өзүндө сактаган. Анткени, кыргыз табиятка түбөлүк өзүнүн багуучусу, колдоочусу, коргоочусу, демек, Кудайы катары караган. **Тактап айтканда, табиятты Кудай деп билген пантеист болгон. Ошол билгенин салттарында сактаган, адабиятында дегеле искусствосунун бардык түрүндө көркөм чагылдырылган.**

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН УЛУТТУК РУХ ТАРЖЫМАЛЫНА КИРГИЗГЕН ОҢДООСУ

"Эмне үчүн Чынгыз хан зор мээнет менен кураган Алтын ордолуу мамлекет кулаган?" деген суроого казак окумуштуулары: философ Нурлан Амракулов менен культуролог Е.Иманбек бир ооздон: "Алтын ордого исламдын кириши" деп жооп беришкен. Кыргыз жазуучусу, журналист жана тарыхчы А.Койчуев жогоруда эске алынган романында: Чынгыс хандын исламды кабыл алган тукуму Өзбек хан менен ата жолунда калган Элбасар хандын айыгышкан согушу – Элбасардын жеңилиши менен аяктагандыгын көрсөткөндүгү (ал жеңилиш Алтын Ордонун түп орду менен жок болушуна алып келген), чыгармадагы бул эпизод казак окумуштуулары менен кыргыз жазуучусу бул маселе боюнча бирдей пикирде экендигин билдирип турат...

Менин атам исламдан азыраак сабаты бар адам болгон жана мусулманчылыктын беш парзын, бардык талаптарын сактоо менен аткарууга аракет кылчу. Ошондуктан, убагында Меккеге баруудан: "айланасында жардамга муктаж адамдар турса Меккеге барып сыйынганы кабыл алынбайт" деген талапка тууралап баш тартыптыр жана карыптарга жардам берүүнү өмүр бою жүргүзгөн. Мен кичине кезимде атам оорудан улам үйдөн чыкпай калгандыктан, орозо убагында 30 күн бою тараба биздин үйдө гана окулчу. Тарабадан кийин дайыма масала айтылчу. Мен уктабай күтүп отуруп укчумун. Ошондон эсимде калган сюжеттердин бири: бир пайгамбарды (кайсы пайгамбар экендигин билбей калыпмын)[22] асманда дайыма булут ээрчип, кол-

[22] С.Аксыкенти калтырган маалымат боюнча Мухаммед пайгамбарды булут ээрчип, колдоп жүргөн экен

доп жүргөндүгү жөнүндө эле. Кийин билсем, исламда бир Кудайдан башка нерседен колдоо күтүү ширк болот экен. Анан кандайча пайгамбардын колдоочусу асмандагы булут болуп калат?... Ал эми кыргыз эл жазуучусу Ч.Айтматов "пайгамбарды коргоочу булутту" Чыңгыс ханга өткөрүп ("Чыңгыз хандын ак булуту"), аны теңирчилик дүйнө түшүнүгүнө кайра алып келди. Анда, Чыңгыс хан өзүнүн жогортон берилген тагдырына өтө корстон болуп кеткенде, булут Кудайдын кудурети менен аны таштап, хандын каарына калып, анын эрки менен асып өлтүрүлгөн Эрдене менен Догуландын жаңы туулган перзентине өтүп кетиши аркылуу Асман-Теңирдин ("Кудайдын асмандагы пиринин"-М.Абылов) теңдемечилик күчү көрсөтүлөт. Ошентип, бул байыркы эпизодду кыргыз элинин дүйнөлүк аты-жөнү бар жазуучусу формасы боюнча да, мазмуну боюнча да, логикалык жактан да толук өз ордуна коёт. Көркөм адабият кыялдагы нерсеге таянып жаратылган жасалма дүйнөдөй көрүнүп туруп, ал эч убакта жасалма боло албайт. Жазуучу же акын элдин көңүлүнө терең сиңип, биротоло отурукташкан көз карашка таянмайынча кыялый көркөм дүйнө кура албайт. Көркөм адабияттын коомдук илим же кубулуш катары олуттуулугу мына ошондо. Так ушундай себептерден улам улуттук көркөм адабиятыбызда теңирчиликтен башка диний көз карашты пропагандалаган текст эзелтен баштап ушул күнгө чейин жаралган эмес. **Теңирчилик улуттук адабиятыбыздын өзөгүн түзүп турат, себеби, ал адат-салтыбыздын дал ушундай калыптанышынын негизги жана бирден-бир себеби, мисалы, кыргыз көркөм адабиятынын каармандары дайыма элди, жерди, ата-энени, ата-баба арбагын ыйык деп эсептеген, жаратылыш менен андагы жаныбарларды коргоону, сактоону биринчи орунга койгон, андан кийин эле эркиндикти күсөгөн, эркиндик үчүн күрөшкөн, сүйүү сезимин тааныган, сүйүүсү үчүн жанын курмандыкка чалууга барган инсандар болушкан. Байыркы Манас, Каныкей, Семетей, Сейтек, Жаныш-Байыш, Эр Табылды, Курманбек, Жаңыл Мырза, Гүлгаакы, Олжобой менен Кишимжан, Ак Саткын менен Кулмурза, Эр Киши, азыркы: Ыманбай, Нүзүп, Искак, Алымбек датка, Курманжан датка, Токто-**

**гул, Мадаминбек, Жамыйла, Толгонай, Танабай, Эдигей, Бостон ж.б., ж.б. каармандардын ичинен кимиси дин үчүн күрөшөт? Улуттук адабияттын чолгунун ушулар түзөт да.** "Сынган кылычта" тескерисинче, Нүзүп шарияттын жолун өзүнүн каалоосуна жараша ордонун казысына түздөтсө (бийликке карап диндик жоболорду оңдой берүү бардык дин ишмерлерине тиешелүү сапат. Мисалы, Орто кылымдарда христианчылыкта "индульгенция" деген түшүнүк болгон, ал боюнча акча төлөгөн адамды чиркөө ар кандай кылмыштан жазасыз актап койгон), дин жолуна түшүп кеткен Алим хандын небереси Болотбекке кыргыз бектеринин баары ата жолунан адашкан бечара катары карашып, анын үстүнөн күлүп, "кылжыңдаган эле бир дубана болуп калыптыр" деп сындагандан жана анын ысымын өз максаттарына ылайык пайдалангандан коркушпайт. Ошондой эле мусулманчылыкка өтпөй койгондугу үчүн Даниилди өлтүргөн Абдымомун бек Исках тарабынан катуу жазаланат. Курманжан датка бетин жаппай алдынан чыкканы үчүн өзүн күнөөлөгөн Музаффарды "Сиз окуган куранды биз деле окуп жүрөбүз, аял бетин жаап жүрүш керек" деганди эч жеринен кезиктирбедик – деп кадимки эмирди (бир элдин падышасын) сөзгө жыгып, өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн коргоп, эмирди диний түшүнүгүнө каршы барууга, бети ачык аял менен сүйлөшүүгө мажбурлайт (Курманжан датка "куранды улуттук түшүнүк менен окуш керек" деген иман В.Пороховановын оюн ошондо эле ишке ашырган). Кыргыз-казакта көп эл чогулган жыйындарда төкмөлөрдүн арасында аялдар да болуп, кадимкидей эле эркек төкмөлөр менен айтышып келгени белгилүү. Ошондой эле XX кылымдын баш жагына чейин кыргызда: эркектер менен катар аялдардын да эр сайышы өткөрүлүп келгени илимий булактардан белгилүү. Ушулар кечээги эле тарыхыбыз экенине карабай, бүгүн айрым кыргыз аял-эркектер аял кишинин бети ачык жүргөнүн, арты ачык жүргөндөй сезип жаткандыктары, улуттук иденттүүлүккө терең жарака кетип жаткандыгынын ишенимдүү белгиси экендигин өтө кеч болуп кете электе аңдаганыбыз оң.

## КЫРГЫЗСТАНДА МУСУЛМАНДАРДЫН ӨЗДӨРҮНӨ АШЫКЧА УКУК ЫЙГАРЫП АЛЫШЫНА ЭМНЕ ҮЧҮН ЖОЛ БЕРИЛИП ЖАТАТ?

Адамдардын укуктарын коргоочу мамлекеттик органдар, иш жүзүндө динге тиешелүү маселелерди дин башкармалыгы, түз айтканда, молдолор чеччү маселе деген сыяктуу түр көрсөтүп жатышып, өзүнөн-өзү эле молдолордун укугун көбөйтүп салышты. Ушунун айынан кийинки кезде, жер-жерлерде өлгөн адамды өзү жатууга тийиш болгон мазарга койдурбай, өлүктү куугунтукка алып, сөөктү бир канча жолудан которуп көмгөн инциденттер орун алды. Ал маркумду Кыргыз Республикасынын атуулу катары өзүнүн ата-бабасы жаткан жерге жатуу укугунан жөн эле, ошол маркумга окшогон атуулдар ажыратып жатса, б.а. мусулман болгону үчүн эле, бирөөлөр өзүнө башкалардан ашыкча укук ыйгарып алып, башка бирөөнү кол тийгис укугунан ажыратып жатса, тийиштүү органдардын эч нерсе кыла албаганы, бул мамлекеттин өз мыйзамдарына анча бекем эместигин көрсөтөт. Конституцияда "дин эркиндиги" жөнүндө статья болгондон кийин, ал эркиндик иш жүзүндө укуктук жактан бекемделиши эмнегедир эске алынбай, кыргыз жерине жалаң мусулмандар гана ээдей туюлуп, алар ал эмес "теңирчилер" деп, титулдук улуттун өкүлдөрүн, кыргыз каада-салттарын тутунууга артыкчылык бергендиги үчүн күнөөлөп жиберүүгө ыкыс берип араң турушат. Тактап айтканда, жогоруда айтылгандай, мамлекеттик күч органдарынын компотенттүүлүгүнүн анча эместигинен, кыргыз мамлекетинде ислам барган сайын өтө агрессивдүү формага өтүп баратканын байкатып келатат... Урматтуу улутташтар, аштан кийин агара, түштөн кийин загара болбойлучу. Дүйнөдө азыр бардык адамдар түшүндү: диндер көп, кудай бирөө экендигине. Кудайды таануунун бардык жолу колдоого татыктуу экендигине. Анткени, кудай фундаменталдуу (ааламдын курулушу менен адамдын курулушунун ортосунда өзүнөн-өзү ишке ашып жаткандай көрүнгөн байланышты ааламдын өзөгүндө жолго салып туруучу), ал эми диндер сырткы формалдуулук гана экендигине. Ошондуктан азыр дин үчүн артта калган, эң наа-

дан адамдар гана күрөшөт. Азыр ар ким өз жолунда, өзүнүн тагдырдан энчиленген тарыхый тамырынан ажырабай, өз нугунда агуу, эң туура жол боло тургандыгы далилденди. Ошол **ЖОЛ** бизде дагы бар. Ал **ЖОЛ** дүйнөдөгү бардык диндер башат алган, башкы булак катары ошол баштапкы калыбында тунук боюнча, ааламдын өзөгүндө жатып, бүгүнкү күнгө чейин бурмалоолорго кабылбай, таза боюнча сакталып калган, бүгүн адамдардын көпчүлүк бөлүгү кайтууга, кайрылып барууга аракет кыла баштаган **ТЕҢИРЧИЛИК** экендигин, кыргыз менен казактан чыккан чыгаандардын баарынын айткандарын жогоруда мисал кылып бердик. Кыргыздын тарыхы менен тагдырын өз жеринен тартып, бүт дүйнөдөн казып окугандар менен аравияга барып, исламдын тарыхын үйрөнүп келгендер менен алардан чала-була үгүт алган молдолордун теңтайлашып жол талашып жатканы, бизде караңгы телебай тентектердин чокуга чыккандыгынын гана белгиси жана бул жол, биздин улутту эч кандай жакшылыкка алып келбестигин дагы бир жолу кайталап айтам. Азыр “**мен мусулманмын, андан кийин гана кыргызмын” –** деген жаштар көбөйүүдө. Аларга айтаарым, убагында: Египет өзүнүн адамдарына карата: **биринчи египеттик экендигин, андан кийин гана кайсы динге таандыктыгы боюнча айтуусу жөнүндө** атайы мыйзам кабыл алган экен. Мунун түпкү себеби, **“Улуттук тагдыр деген эң улуу, эң ыйык, эң касиеттүү, эң аялуу аруу түшүнүк”** деген Чоюн акенин сөзүндө жатат. Исламды жайылтып жаткан арабдар да биринчи кезекте өздөрүнүн улуттук кызыкчылыгын эске алып жаткандыгын бир ойлосоңор боло кыргыздар. Аравияга баргандар айтып жүрүшөт: негизи, арабдардын ичинде исламды тоготпогон, анын бар экендигин этибар албагандар көп деп.

# III БАП

# Салт

## САЛТ ДЕГЕНИБИЗ ЭМНЕ?

“Кытайды кытай кылган Конфуций” – деген кеп бар. Ага шакирттери: “Сиз көптү билесиз” дешкенде, Конфуций: “Кайдан, мен тек гана каада-салтты катуу кармайм” деп жооп берчү экен. Кыргыз элинин бүгүнкү күндөгү чоң философторунун бири, профессор Ж.Бөкөшов салтка мындайча баа берет: **“Салттын салмагы, күч-кудурети аны канчалык ардактаганыбызга, кадырына жеткенибизге жараша болот. Салтты сактасаң, салт сени сактайт. Эмнеден сактайт? Жаңылыштыктан, алабармандыктан, өзүм билемдиктен, осолдуктан, коркоктуктан, чыр-чатактан. Салтты билсең, салтты кармансаң, ал сени көптөгөн жагымсыз, күтүүсүз, жарамсыз касиеттерден, уяла турган, арыңа тийчү жорук-жосундан сактайт. Салтка кам көрсөң, ал сен үчүн кам көрөт, сага иштейт”** [27, 28]. Анда салт дегенибиз эмне? деген суроо коюлса, токтоосуз түрдө: эскиден бери келаткан жашоо нормалары салт деп аталат дей саларыбыз бышык. Ал эми китептин тили менен айтканда: салт дегенибиз, эч жерде жазылбаган, бирок, жазылган мыйзамдарга караганда катуу сакталган элдик жашоо мыйзамы же нормасы.

**Элдик салт эзели соолубаган энергияны кайдан алат?** Салт эски экенине карабай, эч качан шалдырап, алдан-күчтөн тайыбаган, дайыма жапжаш жана жашообуздун, жүрүш-турушубуздун бардык жагын тескөөгө түбөлүккө жетерлик кубаты бар, күүлүү-күчтүү кыйын нерсе. Ага бийликтин дагы, кара күчтүн дагы, акчанын дагы алы жетпей тургандыгын мен эс тарткандан бери бүгүнкү күнгө чейинки өмүрүмдө көп жолу күбө болдум. Салтты жоёбуз дегендер, жоймок турсун, өздөрү жоюлуп жок болгонун

көп көрдүм. Демек, салттын жаны кайда экендиги, ал соолбогон энергияны кайдан алары жөнүндө ойлонууга негиз бар. Салттын күчү падышаны тайдырганын жомоктогон икаяларды бардык элдер жараткан...

**Салттан падыша кантип жеңилген?** Мисалы, биздин заманга чейинки IV кылымдарда Софокл деген таланттуу грек драматургу болгон. Анын, бүгүнкү күнгө чейин актуалдуу бойдон кала берген "Антигона" аттуу трагедиясында Креонт деген падышанын салтка каршы чыгам деп баласынан, аялынан айрылган трагедиясы көрсөтүлгөн. Падыша Креонт Полиник деген саясий каршылашын жазаламак болуп, анын өлүгүн талаада калтырууну чечет да: "Ким Полиниктин сөөгүн жерге берсе, ал өлүм жазасына тартылат" деген өкүм чыгарат. Полиниктин Антигона деген карындашы, ал буйрукка карабай бир тууганынын сөөгүн көмөт. Падыша эч кимди, ал турсун уулу Гелон суранса дагы укпай өз өкүмүн ишке ашырууну буйрат. Ошол учурда оракул келип, бул иштин арты жаман болорун айтат. Падыша буйругун бузууга аргасыз болот. Бирок, чабарман жеткенче, буйрук ишке ашырылып калат. Сүйгөн кызынын өлгөнүн угуп, ханзаада Гелон өзүн-өзү өлтүрөт. Баласынын күйүтүнө чыдабай, күйөөсүн каргап-шилеген бойдон Креонттун аялы каза болот. Ошентип, салттан таям деген падышаны катуу жазалап, ал эми бир туугандык парзын аткарган эр жүрөк кызды даңазалоо менен трагик Софокл өзү элдик салттын көшөргөн жактоочусу экендигин көрсөткөн – деп жазышкан байыркы комментаторлор. **Демек, салт Кудайды алмаштыра алгандыгы менен жандуу, дайыма жаңы жана күчтүү экен.**

**Салттын тарбиялык мааниси.** Салт деген кылымдап калыптанат жана анын себептери абдан тереңге катылган. Бүгүн андан баш тартуу менен биз эртеңки келечекте улуттук тарбиялоо мектебиндеги жаш муундарга өткөрүп берүүчү орчундуу адамдык нарктарды жоготуп алып, эч кандай кыртышта отурук албаган, эч кандай тамырга байланбаган камгактарды тарбиялоого өтүшүбүз мүмкүн...

## ӨЛГӨНГӨ КОШОК КОШУП, ӨКҮРҮҮ КЕРЕКПИ, ЖЕ...

Белгилүү коомдук ишмер жана философ Ж.Сааданбеков өзүнүн "Манас" эпосунун философиясы" аттуу китебинде, элдик каада-салт, үрп-адаттар, алардын ичинен айрыкча өлүктү акыркы сапарга узатуу ырым-жырымдарынын пендени Адам кылып тарбиялоодогу мааниси жөнүндө кеңири сөз кылат. Бул маселеде: ысымы бүт дүйнөгө белгилүү философтор О.Шпенглердин, М.Мамардашвилинин жана кыргыз эл жазуучусу Ч.Айтматовдун өлүктү узатуу салты жөнүндөгү төмөндөгүдөй көз караштарына таянат. О.Шпенглер: **"Өлүк коюудагы ритуалдар бир эле адамдын эмес, бүтүндөй улуттун эс-тутумун калыптандырат".** М.Мамардашвили: "Үрп адаттар пендени Адам кылуучу машина". **"Үрп-адаттар: адамдын өзүн-өзү жаратып, өзүн-өзү жетилдире алчу асыл жөндөмдөрүн ишке ашыруучу материалдар"** дейт Жумагул Сааданбеков өзү. Адамдык феномендин өнүгүшүнүн тарыхы – бул болгону пенденин өзүн-өзү жаратуучу актылардын тизмеси (үрп-адат, каада-салтка байланыштуу окуялардын катталышы), адам феноменин жаратылыш жаратпайт, табият болгону биологиялык материалды берет. Ошол биологиялык материалды адамга айландырыш үчүн коом тынымсыз иштөөсү керек. Коом болсо, мында бир гана элдик каада-салттарга, аларды ишке ашыруунун технологиясына (үрп-адаттарына) гана таяна алат. Мисалы, азыркы мезгилдин улуу философторунун бири, улуту грузин Мераб Мамардашвили минтип жазат: "Бул менин биографиямдын, менин толгонууларымдын грузин айылында өткөн бала күндөгү мезгилдерине тиешелүү өмүрүмдүн бир бөлүгү. Менин өлүк узатуу салтанатындагы бир нерсеге, тактап айтканда, кошокчуларга жиним келчү, алар жасалма, анткор, эч ыйлагысы келбесе да ыйлашып ( профессионал кошокчулар жөнүндө сөз болуп жатат – Ч.Д.), элдин баарын ыйлоого аргасыз кылышат, атайлап ошентишет, мунун эмне кереги бар деп ойлочумун. Кийин бой жеткенде буга башкача карай баштадым. Көрсө: мунун өзүнчө мааниси бар экен: сезим экзальтациясы өзүнөн-өзү бул кырдаалдын катышуучусун маданий эс-тутумдун, маданий механизмдин кучагына алып өтөт.

Дал ушуга жетишүү үчүн адамдар ритуалдарды пайдалана тургандыгын түшүндүм. Ал эми ритуалдар болсо адамдардагы адамдык касиеттерди козгоп ойготот экен. **Адамдык сапат өзүнөн-өзү пайда болбойт, аны пайда кылганга чейин ал жок болот, алардын болушу жана уланышы мифтер, каада-салттар ж.б. ырым-жырымдардын бар болушу, алардын адамдар тарабынан аткарылышы менен шартталган. Адам ушулардан өтүү аркылуу өзүнөзү жараткан искусстволук туунду**". Чындап бала төрөлгөндө, үй куруунга киришкенде, жаңы үйгө киргенде, келин келгенде, кыз узатканда, адам өлгөндө, уй-кой, жылкы, төө төлдөгөндө, жаз келгенде, бир жакка көчөөрдө жасалган ырым-жырымдардын баарын алып таштап, анан улуттук турмушубузду элестетип көрөлүчү, жайдак эле калчудай экенбиз. Бирок, кийинки кезде мындай ритуалдар, ушуну билген, маани берген адамдар бар жерде, үй-бүлөлөрдө гана жасалып, көпчүлүк учурда жасалбай, маани берилбей калып бараткан учурлары көп, демек, **азыркы жаштардын жашоодогу көп нерселерди аңдабай бараткандыгынын бир себеби**, **адамды адам кылчу жогорудагыдай маанилүү куралды пайдаланбай, жоготуп бараткыныбызда болуп жатпасын?** Кыязы, бул да сөзсүз түрдө бир себеп болууда. Ошондуктан, өтө кеч боло электе ата–бабабыздан калган тарбия мектебин (институтун) жоготуп баратканыбызды мойнубузга алып, абалды оңдоого киришкенибиз туура болор эрте күндү кеч кылбай...

"Элеси эстен кеткис, эсил кайран Чынгыз Төрөкулович – деп, улантат оюн андан ары профессор Ж.Сааданбеков, ушул өлүк коюуну, ушул атайын культурологиялык, турмуш-тиричиликтин сферасын сүрөттөп жатып да бизге ата-бабалардан калган өлбөс-өчпөс нарк-нусканы кантип сактап, кантип өнүктүрүү боюнча өзүнүн "инструктажын" берет: "... Танабай Чоронун үйүн көздөй нарытан бастырып келаткан топ атчанды көрдү. Унчукпай жоон карайткы болуп келаткан атчандар жакындай бергенде жабыла өкүрүк салып чаба жөнөдү:

Ойбай, баурым-ай! Ойба-ай баурым!

Казактар келген экен деди ичинен Танабай. Шумдуктун болгонуна күдүктөнгөн көнүлү ошондо ишенди. Чоро өл-

гөн тура! Күркүрөө суунун өйүзүндөгү казактар Чорону өз тууганындай көрүп, жалпы аймакка кадырлуу киши экенин урматтап, казасына кайгырып, суу кечип, эртелей жетип келген тура.

"Рахмат силерге казак туугандар, – деди ичинен Танабай. Ата-бабабыздан илгертен бери кайгырсак кайгыбыз орток, кубансак кубанчыбыз орток, мааракe-тойдо байге жарыш, көкбөрүбүз орток. Ыйлагыла, туугандар, Чородон айрылган биз менен бирге ыйлагыла!"

Ошентти да Танабай таңга маалкы айыл ичин жаңыртып, боздоп өкүрүк салды:

Эсил кайран бир боорум-оой! Эми кайдан көрөйүн! Боорум-оой! Оо-о-ой!...

Ат үстүнөн теңселип, дүйнөдөн көзү өтүп кеткен жан досун жоктоп, Танабайдын бели бүгүлүп, кабыргасы сөгүлүп, көзүнөн жашы төгүлдү.

Мына короо-жайы, мына эл. Тигине байлануу турган Гүлсары. Кара жабуу жаап коюптур. Карага кар жаап, эрип кетип жатыры. Ээсиз калган эсил жорго. Кара жамынган кайран жорго, эми ушинтип тул турмак!... [28, 35-36].

**Адамдын кимдигин, кандай жашап өткөнүн өлүмү билдирет.** Ал эми, андан кыйла мезгил өткөндөн кийин жазган, эң алгачкы романы "Кылым карытар бир күндө" кыргыз-казактын өлүк коюу салтына дүйнөлүк масштабда, тарых тереңдиги менен ошол мезгилде өзү жетишкен акыл-эс бийиктигинин призмасынан карап туруп, бул салтка мурдагы берген оң баасын ого бетер тереңдетет, бийиктетет, адамдын адамдыгына жыйынтык баа, анын сөөгүн жерге берүүдө көрүнө тургандыгын, кыргыз-казак каада-салттарынан чыгып туруп, дүйнөгө тартынбастан жар салат. **Айтматовдун улуттук касиети ушул жерде дагы бир жолу кашкайып ачыкка чыгат. Адам өлгөндө айгайлап, ай-ааламдын баарына жар салмай, бир эле кыргыз менен казакта бар да. Жазуучу муну жактап, буга өзгөчө баа берип, ушул салт ушул боюнча калышын туура көрө тургандыгын, аталган романында өлүк коюунун майда-чүйдө ырым-жырымдарына чейин шашпай отуруп сүрөттөгөнүнөн көрүнөт.**

**“Смерть должна быть публичной”.** Эдигейге Казангаптын өлүмү, өзгөчө жоопкерчиликти жүктөйт. Себеби, ал, Казангаптын жакын досу эле эмес, сары-өзөктүктөрдүн эң улуусу катары да өлүктү коюу ырым-жырымдарын элдикиндей кылып орундоо анын милдети экендигин тереңден сезип, “мындайда дагы эмне кылчу эле” деп, улам-улам чымыркана эстеп, өзгөчө катуу түйшөлөт. Жазуучу, советтик идеологиялык тарбиядан улам көп нерсе эстен чыгып калганын айтып, аны эстеп, калыбына келтирип алгыла деп, ошого ишаарат жасап жатканы деп түшүнүү керек муну. Бул романга чейин өздөрүн билимдүү-илимдүү интеллигент сезген адамдар өкүрүк-кошоктон өздөрүн алыс кармап, аны колдонбой калгандыгы белгилүү. Ал эми XX кылымдын залкар философу М.Мамардашвили айтып жатат: “Смерть должна быть публичной” деп, казак-кыргыздыкынан өткөн публичный өлүм барбы? Ч.Айтматов, албетте, өлүк коюу кимде кандай деп илимпозчосунан иликтөө жасап отурган эмес. Ал жазуучу катары, кыргыз катары өзүн ошол салттарда кандай сезгенин гана көркөмдөгөн. Ал, ар бир башка өлүм келгенде, анын жашоосу канчалык деңгээлде адамдыкындай болгонун өлүмү көрсөтөт деп эсептеген элдик философияны жактап жатат. Казангаптын өлүмү, беш-алты үйдөн турган станцалыктарды баарын бутуна тургузат. Баары, ушул жакшы адамды акыркы сапарга узатуу аземинде, өзүнүн акыркы сыйын каада-салттын чегинде көрсөтүп калууга аракеттенип жатышат. Казангаптын адамдыгы ушундан көрүнөт. Мисалы, “Эдигей аялы менен бир маселени сүйлөшпөй калганын эстеп кайра кайрылды” – дейт жазуучу. Ал алыстагы өзүнүн кыздарын чакыруу керекпи-жокпу деп ойлонуп алып, “чакыруу керек” деген чечимге келет. Туугандыгы жок болгону менен эчен жолу интернатка атына өңөрүп алып ташыган Казангапты, алар тууганда да жакын эсептээрин эстеп чакыруу керек деп чечет. “Ар кандай өлүм элдик болуш керек жана ал жөнүндө кабар элдин баарына таркаш керек. Ошондо гана өлүм жашоого катыша алат. Анткени, өлүмдөн да жан-дүйнө жана жашоо үчүн маанилүү үрөн алыныш керек. Ким өлгөнүн айтпасаң, жарыялабасаң, аны кантип аласың. “**Өлүм жөнүндө унчукпай коюу, аң-сезим менен жан-дүйнөнү**

**согуштан да катуу талкалайт"** – дешет философтор. Эгерде согуштун курмандыктары жөнүндөгү тизме элдин көз алдында турбаса, ал эми жоокерлердин туугандарынын өлүк коюу үрп-адаттары, атуулдарды элдин эсине калтыруу үчүн мамлекеттик ритуалдар болбосо, ошол өлүм алып келген жан-дүйнө кайгысы толугу менен аңдалбайт"[1]. Чоң окумуштуу XXI кылымда ушинтип жазып олтурат. Ал эми кыргыз менен казак тээ байыртадан эле өлүгүн дал ушундай коюп келишкен да. Айтматовдун генийлиги ушунда, өз элдеринин (кыргыз менен казактын) артыкчылыгы менен кемчилиги эмнеде экендигин ашык-кеми жок көңүл тереңинен туя алгандыгында. Аларды эч ким кайдыгер калбастай кылып бүт дүйнөгө угуза айта алгандыгында. Ошондуктан, Айтматовго алтындан балбал тургузсак да аздык кылар. Бирок, андан да мурда, Айтматовдун жардамы менен өзүбүздү-өзүбүздүн тааныгандыгыбыз, ар бир кыргыздын көкүрөгүндө кыргыздык касиетинин, сапатынын ойгонгондугу, жазуучуга кош-коштоп, алтындан айкел тургузганга барабар болор эле....

## ЭЛМИРБЕКТИН ЭРТЕ ӨЛҮМҮНҮН ФИЛОСОФИЯЛЫК МААНИСИ

Ар замандын улуулары өлүмгө өз учурунун эң маанилүү маселелери катары караган. Мына, кечээ: Элмирбек Иманалиев – каза болду. Алдыңкы эки сөз, айтылган сайын адамга – "жарк" деп күн чыга калгандай кубаныч тартуулап турчу эле, эми буларга түрүнүн сууктугу теңдешсиз кийинки эки сөз жанашып келип туруп алды. Бул экөөнү бөлө албай, айласы алты кеткен кыргыздын баары, "Короновирус жуктуруп өлүп калбайын" деп чочулабай эле (ошентип, коркуп үйүндө жаткандар да болгондур), элден чыккан асылды акыркы сапарга узатууга кантип барбай коем, менин жаным, аныкынан артык беле дегендер да толтура экен, кылкылдап келип, ийиндешип катар турушат, кучакташып алып ыйлап жатышат. Кайран гана кыргыздарым десе,

[1] М.Мамардашвили Сознание и цивилизация,2011.

кыргыздын кыргыздыгы ушунда экен да. Ушул асыл сапатты жоготуп албасак экен. Менин качантан бери убара болуп жатканым да ушундан да туугандар. Жаштар жапырт, кыргыздын каада-салтына кыянаттыгы бар, чоочун динди пир туткан молдолордун кыябына түшүп бараткандыгы чочулатып, бүгүнкү улуу окумуштуулардын аң-сезими аңдап, акылы жеткен нерсени, элибиз байыртан эле билгенин айкындап турган асыл салттарын сактоонун керектигин, маанисин дагы бир жолу элдин, айрыкча, жаштардын эсине салып кое алсам экен деген аракет болуп жатпайбы. Өкүргүлө, кошокту созолонткула туугандар, Элмирбектей асыл жан, оригинал жана уникалдуу кыргыз эми кайра келбейт. Ошентип айтсак-десек, өкүрүп-өксөп, көзүбүздөн кан чыкканча ыйласак, ал сакталып калса, адам кантип жашап, кантип элге кызмат кылыш керектигине миң жылдар бою кыргыздын кийинки муунуна үлгү болмокчу, жогоруда үлкөн окумуштуулар айткандай, кыргызга адам болгонду үйрөтүп турмакчы. Өмүрү өрнөк адам, тирүүсүндө кылган жумушун, ошентип, өлүмү менен да түбөлүккө аткарып калмакчы. Сүйүктүү төкмөбүздүн 42 жашка эми келип, чыгармачылыгы толуп-ташып, кыска элдин кыйырына, узун элдин учуна чейин кабары жетип, кыргыз эле эмес, казак боорлорго да кадыры артып, эки элдин сүйүүсүнө татып турганында келбеске кеткенинин арманы ушундайча акталмакчы. Кудай эч нерсени бекеринен кылбай тургандыгын эстейли туугандар. Бирок, мен, Кудайдын иши деп Элмирбекке ыйлабай, кайгырбай коелу деп жатканым жок. Тескерисинче, биз ошол ыйыбыз, кайгыбыз менен акынга болгон сүйүүбүздү көрсөтүү менен гана анын өлүмүн түбөлүккө өрнөккө айландыра алаарыбызды айткым келип жатат.

**Дагы бир жолу салттар жана салттуу билимдер жөнүндө. ...**Кыргыздын каада-салттары абдан прогрессивдүү экендигин баалай билишибиз керек дедик. Аны эмне менен далилдейбиз: бул ата-энени, кайната, кайненени, ата-журтту, тай журтту, кайын журтту, уулду, кызды, келин менен күйөө баланы, жээн небере менен уулдун бала-чакасын, тай тарап менен досчулукту, кудачылыкты орду-ордуна коюп, булар менен мамиле түзүүнүн өзгөчө жолдорун иш-

теп чыккан, аны ошол үрп-адат, каада-салттары аркылуу ишке ашырган улуу тарбиялык мектеп экендигинин сезилип турушу менен далилдесек болот. Аталган каада-салттар аркылуу кыргызда ар бир адамдын орду келип чыгат. Кыргызда ар бир адам баалуу. Бул эми укмуштай зор философияда. Ошондуктан, кыргыздарда адамдардын өз ара мамилесин (туугандык мамилелерди) аныктаган аталыштар эң көп экендигин лингвисттер далилдеп келатышат. Эгерде кыргыз салт-санаа, үрп-адаттарынын – кыргыздын этнос катары өз алдынчалуулугу үчүн, рухий маданиятынын өз нугунда өсүп-өнүгүп, улут катары уникалдуулугун сакташ үчүн, адамдын адамдык деңгээлин кыргызча (кыргызга таандык жол менен) сактоонун мааниси кандай экендигин дүйнөлүк маданияттын тарыхынын контекстинен карай турган болсок укмуштай гигант маселелер баш көтөрөт дагы, анын жанында кыргыздын өлүк коюу жана тууган-урук менен катнашты кармоо үчүн коротулуп жаткан чыгымдар түккө турбаган "чепухага" айланат. Окумуштуу Л.Н.Гумилев сунуш кылып келаткан этнос боюнча белгилүү теориясында: ар кандай эл, ар түрдүү жол менен этноско айланат, бир жерде дин аркылуу адамдар этностук топту түзө алса, башка бир элдерде дин этностук топ түзүүгө такыр жарабайт. "... Ошентип, сикхилер диндин негизинде, моңголдор урук-тууганчылыктын негизинде, төрт тилде сүйлөгөн швейцарлар австриялык фоедалдарга каршы ийгиликтүү жүргүзгөн согушта биригип, баш кошуунун негизинде этносторду түзүштү. Этностор ар кандай жолдор менен жаралат, анын жалпы мыйзамченемдүүлүктөрүн баамдап аныктоо, биздин милдетибиз" [29, 60]. Келтирилген цитатадан байкалып тургандай **тил да, дин да кыргыздар үчүн этносту түзүүгө жарабайт. Биз салттарыбыз, үрп-адаттарыбыз жана туугандык мамилелер аркылуу этноско бириге алчу топпуз деп эсептесек болот.** Такыр кыргыз тилинде сүйлөбөгөн кыргыздар бар, бирок, алар кыргызга тиешелүү салт-санааны баары-бир алып жүрүшөт. Ислам динин туткандар да, ага каршылар да, эч бир динге каршы эмес, бирок ошол эле учурда эч бир динди карманбагандар да кыргыздын туугандык мамилелерин чанып, салттан чыгып кеткен жок. Демек, биз азы-

рынча этноспуз. Элдик салт-санаа, туугандык мамилелер аркылуу биригип турган этноспуз. Бирок, молдолордун тилине кирип жогорудагы мисалда көрсөтүлгөндөй кыргыздын салт-санаасын чана баштагандар пайда болууда. Жана бул акырындык менен кыргыздын бир этнос болуудан калуусуна алып келиши мүмкүн. Анткени, этностуктун эң негизги белгиси Гумилевдин аныктамасына караганда бир топтун "биз" жана "бөтөн" деп өзүнүкүн башкаларга карама-каршы коё билүү табигый өнөкөтүнүн бар экендигинен көрүнөт. **"... этностун жоюлушу этностук жүрүш-турушнун көнүмүш адаттарынын жоюлушунан башталат"** [30, 338]**. "Кыргыз антпейт, кыргыз минтпейт" деп, башкаларга белгисиз, өзүбүзгө гана белгилүү ички критерийлерибиз менен айрым адамдардын жоругун жемелеп калчу адатыбыз, биздин этностук белгилерибиздин бар экендигинин белгиси.** Албетте, кээде адашуулар, жаңылуулар да болбой койбойт. Мисалы, Ч.Айтматовдун Жамыйласына карата, улуттун түпкү нравалык нормаларына каршы – деген нааразы пикирлер эмгиче айтылып келатканы белгилүү. Чындыгында дал ушул аялдын эркиндигин чектеген көз караш кыргыздарга ислам (сабеизм) аркылуу киргендигин эске алсак, анда улутка чыккынчылык кылгандар жазуучу эмес, аны сындап жаткандар экендиги анык болуп чыга келет. Коркунуч мына ушунда...

## Ч.АЙТМАТОВ ТААП ЧЫККАН БИРИНЧИ УЛУТТУК ЧЫНДЫК

Исламдан кабары жок кездерде, кыргызда, аял эркектин кабыргасынан жаралган деген түшүнүк болгон эмес. Ошондуктан, Сайкал, Каныкейлерди көп сапаттары Манастан жогору тургандыгын моюнга алып, жомоктоп айтып келишкен. Керт башын кордоп сүйлөгөндүгү үчүн кыргыздын эл баштаган үч мырзасын сулайта атып өлтүргөн Жаңыл кызды элибиздин "Жаңыл мырза" деп даңктап келаткандыгынын себеби ушунда. Күйөөсүн чанып таштап баса берген Курманжанга датка Алымбектин үйлөнгөндүгүнүн себеби ушунда. Эгерде элдин аң сезим архибинин түпкү-

рүндө жаткан ушундай баалуулуктарды “өйдө көтөрө албаса” Айтматов Айтматов болуп дүйнөгө тааныла алмак эмес. Айтматовду көтөргөн дал ушул кыргыздын элдик философиясы, кыргыздын өзгөчө дүйнө таанымы, айлана-чөйрөсүнө жасаган мамилеси, прогрессивдүү салттары болгондугун тереңден түшүнүүбүз зарыл. Ошондо Айтматов жаңы дин жаратпай эле кыргыздын аң сезиминде бар динин кайра жараткандыгын, элдик салттарга салынган улуттук динди кайра баштап жаңыртып, заманбапташтырып, жаңы деңгээлге көтөрүп чыккандыгын, кайрадан актуалдаштыргандыгын түшүнгөнүбүздө гана Айтматовдун айткан дегендери денибизге жугуп, акылыбызга орноп, анын акылы улутту жакшыртууга, көтөрүүгө, өзүн-өзү реализациялоого иштей баштайт. Болбосо, азыр биздин көпчүлүгүбүз үчүн, Айтматовдун аты алыстан, Европа, Евроазия, Америка континенттеринен келип жаткан гана курулай жаңырык. Ошолор айтып атканы үчүн гана ооз учунан айтып коюп жүргөндөр көп, чыгармаларын окубай, үйрөнбөй туруп. **Айтматовдун чыгармаларынын маңызы эмнеде жаткандыгын билгенде гана, жазуучу, дүйнөлүк деңгээлге кыргыз адамынын кылыгын сүрөттөп отуруп көтөрүлгөнүнүн түпкү себебин түшүнгөндө гана улуттук каада-салттарыбыздын кандай кымбаттыгын түшүнөбүз.** Мисалы, Г.Г.Маркес деген дүйнөлүк масштабдагы латын-америкалык жазуучу бар. Анын негизги чыгармасы “Жалгыздыктын жүз жылында” деп аталат жана анда, Маконда деген кыштактын тургундарынын мисалында, адамдардын бузукулугунда чек жок болуп калганын, баласы энеси менен, агасы карындашы, атасы кызы менен жыныстык катнашка барганы эрөөн-төрөн алынбай калганы сүрөттөлүп, чыгарма, акыры бир күнү ошол кыштакты, бардык тургундарына кошуп жер жутуп кеткендигин көрсөтүү менен аяктайт. Эми буга чейинки биздин айылдык адамдардын нравасын макондолуктар менен салыштырып көрүңүздөр...

Белгилүү журналист Э.Нурушев сүйүү маселеси боюнча дүйнөлүк шедеврлер жөнүндө сөз кылып келип, Жамыйланын табышмагын чечмелегенге аракет кылып мындай дейт: “Шекспирдин тушунда түгүл “Жамыйла” жарыялан-

ган жылдарда эле Батыш коомунда “эрос репрессиячыл маданияттын туткунунан бошоно элек” болчу; “бардык илимий сыяктанган теориялар, гезиттер менен журналдар, реклама индустриясы ургаачылар уркуна өзүнүн аялдык асыл касиеттерин сактап калуу үчүн кызмат, мансап керек эмес, жогорку билимдин кажети жок, мунун ордуна алар бой тарта баштаган кезинен күйөө издегени абзел жана бала төрөгөнгө камынышы керек” деп жабыла ташбыйкат айтып турушкан” [31, 68]. Жана ошондой эле бир жагынан феминисттик кыймылдар күчөп турган маалда кыргыздын бир тентек келини жөнүндөгү чыгарма мындай коомдук кубулуштар менен куюлушуп төп келип калгандыгы “Жамыйланын” атын дүңгүрөтүп көтөрүп кеткендигинин себеби болгон – дегендей ой жоруусунда чындыктын чоң үлүшү жаткандыгын айтпай коюу жарабас. Эң негизгиси Жамыйла кыргыз турмушунун реалдуу кыртышынан өсүп чыккандыгында. Ал барып кыргыздын аялды Кудай катары тааныган түпкү үйүтүнө кошулаары, эркиндикти сезүү кыргыз аялынын канында бар болгондуктан (муну, советтик доор баштала электе кыргыз жерине келген батыштык саякатчылар байкашкан жана белгилешкен), Жамыйланын образы реалдуулукка канык, жасалмасы жок, чыныгы, реалдуу адамдын образында жаралгандыктан, анын энергетикасы абдан күчтүү чыккан. Жана бул бекеринен эмес. Бүтүн дүйнөдө Эросту башкы Кудайлардын бири катары кабылдаган философия өзүнөн-өзү (табыгый түрдө) калыптангандыгы белгилүү. Ошентип, “Жамыйлада” кыргыз элинин Кудайларынын бири жандандырылып, бетиндеги кылаңгыр диний беткапты сыйрып таштап, чыныгы улуттук жүзү менен чоң дүйнөгө аттанып, анда чоң колдоолорго ээ болот. Бул чындыгында кыргыз элинин байыркы диний ишениминин дүйнөлүк аренада колдоо тапкандыгы эле...

## АБИШ КЕКИЛБАЙ УУЛУ[2]

“Кайсы күнү мага Шыкаң (Ч.Айтматовду айтып жатат- Ч.Д.) – Брюсселден телефон чалып калды. Добушу кардыга чыгып “Уктуңбу, Төлөмүш дүйнө салды” – деди. Уга элек болчумун. Төбөмдөн асман кулагандай болду.

... Бир ирет салтка айланган “Мухтар Ауэзов күнүнө” Чыңгыз Айтматовду чакырдык. Биз эрдине эми жаңы түк конгон бала элек. Ал жалын жел тараган самби талдай узун бойлуу жигит эле. Абаң Абдижамил Нурпеисовдун дасторконунун башында Тахаун Ахтанов, Калтай Мухемаджанов, Зайнолла Кабдолов, Аскар Сулейменов – баарыбыз төрткүл дүнүйөнүн кем-карчын толтурчудай болуп пикир талашкан кезектеги “кекиртек жыртыштан” кийин бир тоонун эки бетине (казак-кыргыз маселелерине дегени – Ч.Д.) кайрылганбыз. Анда Чыкеңдин көзү жайнап чыга келген. Өздөрүндө операда Болот Миңжылкиев, балетте Бүбүсара Бейшеналиева менен Чолпонбек Базарбаев, мүсүн өнөрүндө Тургунбай Садыков деген “үлкөндөр” чыгып келе жатканын желпине аңгемелеген. Асыресе, кинодо өнөр жарыштырып жүргөн Төлөмүш Океев, Болот Шамшиев, Мелис Убукеев жөнүндө тамшана да, тамылжый да сүйлөгөн. **Бирин-бири баатыр деп баалап жаткан кыргыздардын чыгар тоосу бийик боло турганына нагыз ишенип, сүйсүнө тыңдаганбыз.**

Дал ошондой болду. Эми-эми кишилик келбетке көчө баштаган кеңеш экранынын эң алгач көкүрөгүнө тагып, аалам жанарын таңыркаткан акак жамбысы – кыргыз киносу болду десек, акыйкаттан алыс кетпейбиз” [32, 176-177].

Бул текстти келтирип жатканыбыздын жөнү мындай: кийинки кезде көрө албастыкты, ичи тардыкты кыргызга кудай таала энчилегендей биротоло жеке өзүбүздүн менчигибизге басып алып сүйлөчү болдук: “көрө албастык кыргыздын канында бар” деп келебиз. Чындыгында, чыныгы кыргыз андай эмес, башкача, дал ошол Чыкеңдей кең пейил, ак көрпө жайыл болгон да. Жамыйланы, тактап

[2] Казак эл жазуучусу

айтканда, кыргыз аялынын көкүрөгүнөн эркин экендигин түп үлгүдөн (архетиптен) сууруп чыккандай эле, мында да ошол кадимки кыргыздын каадасын көрсөтүп, казактарды тамшанткан жерин атайлап келтирип жатам. Чыныгы адамдын, улуу адамдын, наркы бийик адамдын сөзү менен иши ушинтип дал келишип турат. Бул да салттуу билимге жатат. Ата-бабабыз ошондой болбосо, азгантай кыргыз жанын уучтап кылымдарды карытып өз атын, өз тилин сактап, жер ажыратып, жерин сактап келмек беле ушу кезге чейин. Уй түгүнөн көп канча элдер улуттук жүзүн сактай албай, башка элдерге ассимиляция болуп кетишти. Канча миллиондогон саны бар элдер азыр мамлекети жок андаалап жүрүшөт. Ата-бабабыздан калган улуулуктун күчү менен, алардын жолу менен (эс тутумунда бар нерсе, элдин тарыхында эчен жолу ишке ашарын илим тактабадыбы) азыркыдай, эбелектей аз болуп туруп эгемен мамлекет болуп, эчендеген элдердин көзүн күйгүзгөн абалда турабыз. Бирок ошол абалыбызды сезбей, көр дүйнөнүн көйүнө түшүп, алтынды жезге алмаштырып акылыбыздан кетип жатканыбызды жаштар сезсе дейм да. Улуулук сапатты жаштар үйрөнсө дейм да. Кара ниеттик, көрө албастык өтө көбөйүп кеткени анык болсо, анда, биздин кыргыздардын адамдык сапаттан артка кеткенибиз, мурдагыдан начарлап, алсызданганыбыз, демек ата-бабаларга татыктуу боло албай жатканыбыз. Биздин ата-бабабыз биздей эмес Чыңгыздай болуптур. Ошондуктан, улуттук жазуучубуздун ар бир сөзүн жерге таштабай, айткан дегенинин баарын ошондой кылсак, дал өзүндөй кылганга алыбыз келбесе, жок дегенде алыбыздын жетишинче кылсак эле ошол бизди гүлдөтөт, өстүрөт, баягы баралыбызга келтирет. Эң негизгиси Чыңгыздын илими биз менен (азыркы кыргыз менен дегеним) "Манастын" ортосунда көпүрө болуп берчү илим, аны менен биз Манаска жете алабыз. Манастын илимине жеткенибиз, биздин асманга учканыбыз, көккө чыканыбыз болор эле. Бирок, дал ушул жөнөкөй чындыкты өздөштүрүштүн кыйынын айт... Себеби, кыргыздын дагы бир улуу уулу К.Акматов айткандай: "биз баба илиминен өтө алыстап кеттик да...".

## ЮВЕНАЛДЫК ЮСТИЦИЯБЫ, ЖЕ, КЫРГЫЗ САЛТЫБЫ?

Германияда немецтердин ислам динин кабыл алуусу активдешип баратканынын себебин изилдеп көрүшкөндө, алар ювеналдык юстициядан кутулуу үчүн ушул жолго барып жаткандыктары байкалган. Ювеналдык юстиция аркылуу көпчүлүк ата-энелер өз балдарынан айрылып жаткандыгы жөнүндө кыргыз жергесине качып келген беш балалуу немец үй-бүлөсүнүн айтып бергендерин мындан он чакты жыл мурда кыргыз тилдүү гезиттердин бири жарыялаган эле. Ювеналдык юстиция деген желмогуз Кыргызстанда да билинбей канатын жаюуда. Менин бир келиним айтат: анын кошунасынын ээнбашыраак кызы бар экен. Айласы кеткен апасы опузаламак болуп, бир күнү кеч келгенде эшигин ачпай коюптур. Кыз телефон чалып койгон экен, дароо жетип келишип, кызды алабыз, энесин энелик укуктан ажыратабыз деп, байкуш аял жалынып, кошуналарын чакырып күбө кылдырып "акыркы жолкусу" деп суранып жүрүп араң алып калыптыр. Адам ооруп өлгөнү жатат, же, бирөөнү бирөө уруп өлтүргөнү жатат деп кабарласаң, тиешелүү органдардын келиши кандай кыйын бизде, бирок, жанагы кыз кылган звонокко дароо реакция кылгандары, болгондо да эки-үч организация чогулуп (кызды тартып алууну, энелик укуктан ажыратууну, документти оформить этүүнү жүргүзө турган органдар) дароо жетип келгени, бул алдыдагы коркунучтуу бороондун ачык кабары да. НПОлор аркылуу үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка каршы тынымсыз иш-аракеттер жүргүзүлүп, түрдүү мыйзамдар сунушталып, алардын айрымдары кабыл алынып жатканы белгилүү. Балакеттин башында дал ушу иш-чаралар турат. Мисалы, 25 жылдан бери Америкада жашап жаткан Ирина Мухина европалык үй-бүлө институтунун жок болушунун башында үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жөнүндө кабыл алынган мыйзам тургандыгы жөнүндө айтат. Мыйзам болгондон кийин андан ашыкча пайдаланган аялдар жана балдар болгон. Күйөөсүн сотко берген аялдар, ата-энесин сотко берген балдар көбөйгөн, ошентип, үй-бүлө институту жашоосун токтотконго жакындап барган.

Албетте, үй-бүлө али бар, бирок, ал мурдагы үй-бүлө эмес... "Биз жаңы келгенде – дейт, Ирина Мухина, кыздарым мектепке бара баштагандан кийин: эмне биздин тапшырма аткаргандыгыбыз, жакшы баа алгандыгыбыз, үй жумуштарын жасагандыгыбыз үчүн силер акча төлөбөйсүңөр – деп, чыгышты. Анда силер да мага тамак жасагандыгым жана башка үй иштерин аткаргандыгым үчүн акча төлөгүлө – дедим. Өз ара сыйлоого, сүйүүгө негизделген салттуу үй-бүлөнү сактап калууга болгон күч менен аракет кылуу керек. Ал үчүн орус тилин, орус салтын сакташ керек". Демек, анда, **кыргыз үй-бүлөсүндө азыркыга чейин сакталган үй-бүлөлүк өз ара мамиле, кагазга жазылбаган, бирок, ар бир кыргыздын көкүрөгүндө жашаган милдет-укуктар, ушул турушунда деле бүт дүйнөгө үлгү болгонго жарайт экен да.** Албетте, карылар жана жетим балдар үйлөрүнүн көбөйгөндүгү, кыргыз салты, элибиздин эчен кылымдар бою сакталып келаткан каада-наркы күчүнөн кайтып бараткандыгын көрсөтөөрүн айтпаган адам калбады. Анын натыйжаларынын түсү, биз элестеткенден да суугураак экендигин, жогорудагы ювеналдык юстиция жөнүндөгү кабар тастыктап турат. Ошондуктан, жаңы пайда болгон "үй-бүлөлүк зомбулук" деген сөз айкалышын кыргыз тилинин лексикалык корунан чыгарып эле салыш керек. Себеби, андан үй-бүлөдөгү зомбулук азайып кетпейт, зомбулук көрсөткөн адам, ал, каерде болбосун (ал тургай үй-бүлөдө да) кылмышкер деп эле аталыш керек. Анткени, "үй-бүлөлүк зомбулук" деген аталыштагы статья үйдөгү зомбулукту азайтпай, тескерисинче нормалдуу үй-бүлөнү сөзсүз жок кыла тургандыгын, европалык үй-бүлө институту кантип талкаланганы тастыктап турат.

IV БАП

# Санарип деген эмне?

*Санарип – бул жогорку технология, ал адамдын колундагы инструмент. Ал өзүнөн өзү эч кимге коркунуч келтирбейт. Келтире албайт. Ошол технология кимдин колунда? кандай максатта колдонулат? Маселе ушунда.*

*Ирина Мухина*

Ош-Бишкек чоң жолунан Жалал-Абадга бурулган жерде, тогуз жолдун тоомунда асылып турган: "Сен санариптүү болсоң, мен санариптүү болом. Санариптүү бол" деген ураанды көрүп, дайыма жаным кейийт. Эмне деген элбиз өзү биз – деп. Тез эле, турган жерибизден жаңы кудай таба салып, жүгүнүп эле жатып калабыз. Бул, ошол экс-президентибиздин жүргүзгөн саясаты. Коррупцияга каршы реалдуу күрөшүүнүн ордуна, баарын санарипке шылтап коюп, өзүн да, элди да алдап келди. Ал эми М.Иманалиев минтип жазат: "Экономическая культура не есть стремление заниматься модными отраслями и профессиями, а есть доведение до самого конца и ума того, что умеешь делать сам. Мы хватаемся за все, и ничего до ума не доводим! Возмите Австралию, Новую Зеландию, Исландию и многие другие страны. Кто-нибудь слышал о компютерах, телевизорах, машинах и ракетах оттуда? Вряд ли. **Зачем вам цифравизация и что вы с ней будете делать, если вы элементарно не можете накормить собственное население?** Доведение животноводства до логического конца в Кыргызстане разве не есть цель? Надо упорно доводит до логического конца: если занимаешься животноводством, то "доведи" его до консервов и колбасы, до дубленок и шуб и т.д."

Белгилүү журналист Э.Нурушев: "... азыркы биотехнологиялар адамдын ден соолугун ар кай оорулардан арылтуу, анын өмүрүн узартуу деген азгырмалуу ураан астында адам насилин өзгөртүп, аны кишисымак техникалык макулукка айлантып коё алат. Муну токтотуу керек. Робототехника, генетикалык инженерия жана нанотехнология – адамды тукум курут кылып коё алат. Алар атом бомбасынан алда канча коркунучтуу, эң негизгиси, **мындай технология үркөрдөй болгон бир ууч адамдын – дүйнөлүк элитанын гана колунда болот,** калган орточо арифметикалык кишилер алардын кызматынан пайдаланганга даремети жетпейт, алардын баары биологиялык тип катары өзүнөн-өзү кырылып жок болот, биз байлыгы ашып-ташыган көпөстөргө керек эмеспиз, келечекке да керегибиз жок" деп, ""Интернеттин Эдисону" аталган Билл Жойдун сөзүн келтирген [33, 48-49].

Ал эми улуту орус, Советтер Союзу маалында Россиядан билим алган жана физика-математика илимдери боюнча кандидаттык ишин жактаган, 25 жылдан бери Америкада (Канадада) жашап, жасалма интеллект боюнча иштеп келаткан Ирина Мухина: "Дөңгөчтөн икона да, токмок да жасоого болору сыңарындай, өнүккөн технологиянын мүмкүнчүлүктөрүн да ар түрдүү максатта колдонууга болот" - дейт. "Мы создаём цифровой щит России" – дейт, өзүн санарипке оппозиция катары эсептеген Наталья Касперская. Мындай күрөштүн (санариптен коргонуунун) зарылдыгы бар экендиги жөнүндөгү ой-пикирлер окумуштуу, доцент, международник Ольга Четверикова, экономика илимдеринин доктору, профессор Валентин Катасонов, батюшка Максим Колесников жана башка көптөгөн окумуштуулар, духовный кызматкерлер, коомдук ишмерлер, журналисттер тарабынан байма-бай айтылууда.

**Кимден кимди, эмне үчүн коргоо керек?** Дал ошол өнүккөн технологиянын мүмкүнчүлүктөрүн адамзатка каршы колдонуу жөнүндөгү ниеттерден коргоо жана коргонуу керек. **Технологияны колдонуунун түпкү максаты: адамдардын жашоо-шартын жакшыртып, өнүгүүсүн тездетүүгө, ден соолугун чыңдоого, билимин өркүндөтүп, инсандыгын арттырууга эмес (сөз жүзүндө ушундай**

**деп айтылганы менен), адамдын адам катары сапатын бардык тараптан төмөн түшүрүүгө, каяша сүйлөтпөөгө, адамгерчиликке тиешелүү ар түрдүү маселелер жөнүндө ойлотпоого, тирүүлүктүн мөөнөтүн аң-сезими жок макулуктарча ичип-жеп, чектелген функцияларды аткаруу менен гана өткөрө турган деңгээлге чейин ылдыйлатууга, ошентип, ар тараптан кысып отуруп бурчка такап, жогоруда Билл Жой айткандай: ошондон ары жок кылууга багытталган.** Муну "баканы акырындык менен кайнатуу" методу менен эчактан бери ишке ашыруу жолдору аткарылып жаткандыгы жөнүндө дүйнөдө көптөгөн окумуштуулар жазышууда. Баканы кайнак сууга салып жиберсе, ал шарт секирип чыгып кетет, муздак сууга салып коюп, акырындап кайната баштаса, күйүп жатканын билбей жатып өлөт. Трансгуманисттер тарабынан адамзатка карата ушул метод колдонулуп жатканы жөнүндө окумуштууларлын коңгуроо чала баштаганына көп болуптур. Бирок, анын натыйжалары азыркыдай болуп, сезилээрлик деңгээлге жеткиче, көпчүлүк көңүл бурбай келиппиз...

Натыйжада, улам кийинки муун: акыл-эсти, адамдык сапатты өстүрүүгө багытталган маалыматтарга эмес, байлыкка, комфортко жеткирүүчү кабарларды табууга гана кызыгып отуруп, акыры, адам адам боло баштагандан тартып, бүгүнкү деңгээлине жеткенге чейинки жолунда топтогон тажрыйбалары, баалуулуктары, жаш муун үчүн өзүнүн баалуулугун жоготуптур. Ошентип, бул адамзаттын аң-сезим эволюциясын үзгүлтүккө учуратуучу, тарыхты бифуркация чекитине алып келүүчү эң коркунучтуу жолго каршы тура ала турган жаңы жолду, жаңыча методологияны табууну ушуга чейин эч ким ойлонуштурбаптыр. Ошондуктан, азырынча, бардык иш трансгуманисттердин пайдасына гана чечилүүдө. Азыркы жаштарга, буга чейинки эчен муун чоңоюп, тарбияланган ата-баба жомогун мурдагы боюнча айтып отуруу такыр жеткиликсиз жана таасирсиз болууда, ошентип, биздин колубузда адамды тарбиялоонун ата-баба калтырган салттуу жолунан башка жол, башка метод жок. Экинчи метод, бул, дүйнөгө жаңы тартип орнотуучулардын методу. Алардын методу күчтүү технология жана күчтүү методология менен жабдылган.

Ошондуктан, алар дайыма адамзатты утуунун гана үстүндө болууда...

## ТӨКМӨЧҮЛҮК, МАНАСЧЫЛЫК ЖАНА САНАРИП

Бирок, бизде, кыргыздарда, көңүл соороттуучу бир нерсе бар. Ал Садык Шердин жана айрым төкмөлөрдүн аракети менен төкмөчүлүк өнөр кыйла жанданып, жаштардын кайсы бир бөлүгүнө болсо да таасирин тийгизип, аларды өзүнө тарта алгандыгында. Бул эне тилге болгон кызыгууну туудуруп, анын өсүп-өнүгүшүн, адам жөнүндө, анын түрдүү сапаттары жөнүндө, жакшы адам, жаман адам кандай болору жөнүндөгү ой жыйынтыктарын, дегеле, улутубуздун этикалык, эстетикалык түшүнүктөрүн, ой жүгүртүү өзгөчөлүктөрүнөн улам келип чыккан ой корутундуларын, адамдын өмүр өтөө боюнча элдик философиясын жаштардын өздөштүрүүсүн, акыл-эсине сиңирүүсүн, демек, кыргыз улуттук идентификациянын муундан муунга өткөрүлүшүн сөзсүз түрдө шарттап жатат. Ошондой эле, искусствонун азыркы жаштарга эң жеткиликтүү түрү болгон кино чеберлеринин "Курманжан датка", "Атанын керээзи" ж.б.у.с. улуттун тарыхы жана улуттун руху боюнча темаларга кайрылып жатышы, элибиздин рух куржунунда бул жаатта ар түрдүү аспектидеги темалар түгөнгүс экендиги, азырынча угармандар азыраак болгонуна карабай "Манас" айтууга кызыккандар жаштардын арасынан жетишээрлик санда чыгып жатышы (бул өзү өтө таң каларлык, табышмактуу кубулуш да), кыргыз элинин келечегинен таптакыр эле үмүт үзүп коюудан сактап турат. Ошондой эле, биздин дагы бир көзүрүбүз: адамда нравалык касиеттерди тарбиялап жетилдирүү максатындагы күчтүү салттарыбыздын элдин жадынан такыр чыгып кете электиги, алардын көпчүлүгү, азыр да активдүү колдонулаары бизди, жаңы технология боюнча да, экономика боюнча да эң алсыз, айласыз экендигибизге карабай, рух талаасында технологиясы күчтүү, акчасы көп азуулуулар менен майдандаша алаарыбызды билишибиз жана ошого эркибизди бүлөшүбүз керек. Ант-

кени, окумуштуу О.Н.Четверикова айткандай: “электрондук кулдукка адамдык руханый күч гана каршы тура алат”...

**Кимдер кимден эмнелерди талашып жатышат?** Кылымдарды карытып келген “Алтын миллион” идеясын ишке ашырууга – ар ким, ар башкача атап жүрүшкөн акчалуу топ (“хозяева денег” В.Катасонов, “Мировые элиты” К.Сивков, “глобалисттер”, “Комитет 300” Дэвид Айк ж.б.), бетиндеги маскасын сыйрып таштап, шымалана киришкенине күбө болуп жатабыз... Игорь Острецов: “Демократия глобалисттер тарабынан табылган форма, ага таянуу менен бийликке ар кандай жуликтерди келтирүүгө болот. Ошол демократтар дүйнөнү өнүктүрүүдө “алтын миллиондун” критерийлери аркылуу сценарий тандашкан. Ал сценарий боюнча алдыда эки гана жол бар эле: же, социалдык теңдик, анда, жүз миллион байлар жок болушу керек, же, тескерисинче болсо, анда 5 миллиард эл жок кылынышы керек”. **Ортого ташталган талаш ушул болгон.** Т.Мордун “Утопиясынан” баштап К.Маркстын “Капиталына” чейинки эмгектерден социалдык идеяларга каныккан В.И.Лениндин жетекчилиги астында 1917-жылы октябрь революциясынын жеңиши менен Жер планетасында биринчи жолу социалдык теңдикти туу туткан мамлекет пайда болгон. Байларга каршы күрөш кандай айыгышкан формада жүргөндүгүн тарыхтан, көркөм чыгармалардан эле окубастан, биз өз ата-энелерибизден эле угуп калдык. Менин өзүмдүн атам дагы ал куугундун объектиси болгон. Маңызы социалисттик СССР жок кылынгандан кийин, ошол күрөш теңирден тескериге айланды, Эми, глобалисттер байларды (өздөрүн) сактап, бакырларды жок кылуу аракетине, ПЛАН Бны ишке ашырууга өттү...

Себеби, глобалисттер алдында аска-зоодой каскак болуп туруп алган СССРди ар түркүн амалга салып эптеп жыккандан баштап, жалгыз тоскоолдукту кулаткан күндөн баштап өздөрүнүн түпкү максатына өтө алыстан, айланма жол менен кирише баштаптыр. Мында алар чындап эле демократияга, болгондо да анын жаман, кыйраткыч күчүнө басым коюшат. **Кантип?** Демократиялык өлкөлөрдө, өкмөттүк эмес уюмдар – деген, өзүнчө мамлекет ичиндеги мамлекет пайда болгондугу элдин баарына эле белгилүү да. Алар

акча ээлери (глобалисттер) жарыялаган программалар боюнча түрдүү проекттерди жазышат, жаккан долбоорлорго глобалисттер тарабынан акча бөлүнөт. Аз эмес акчалар (эми булардын ичинде социалдык жана маданий маселелерди оң тарабына чечкен чындап пайдалуу проекттер деле бар экендигин көрүп эле жүрөбүз. Бирок, негизи, "бекер сыр капканда гана болот" деген макалды унутпаган жакшы). Ошентип, глобалисттер, ошол өкмөттүк эмес уюмдар аркылуу жер-жердеги мамлекеттердин түркүктөрүн "солкулдата" баштаганына көп болуптур. Адегенде мамлекеттик структураларды, медицинаны, билим берүүнү дал ушул өкмөттүк эмес уюмдар аркылуу методикалык "жардам көрсөтүү" деген кооз лозунгдун алдында "талкалоого" жетишкен. 90-жылдары булар бизде жаңыдан гана ишмердүүлүгүн башташса, өздөрүндө (Европада) бул процесс аягына чыгайын деп калган экен. Мисалы, 90-жылдары Америкада окуганга жетишип калган биздин теңтуштарыбыз: Америкада окуу абдан жеңил экендиги жөнүндө айтышчу. "Мен азыр Бишкектин окуу жайларында окуй албайм, ага менин мээм жетпейт" бир кыз ачык мойнуна алган. Көрсө билим берүүнүн болондук системасы – билим берүүгө эмес, компотенция берүүгө ыкталган окуу системасы экен. Ошентип, жанагы ӨЭУлардын ортомчулугу менен советтик окуу системасын Болондук системага алмаштырып алганыбыз, алтынды жезге алмаштырганга эле тете болуптур да. Мисалы, ошол эле И.Мухинанын айтканына таянсак, азыр Америкадан ЖОЖДу бүткөндөр: рецепт менен суп кайнаткандан башкага жарашпайт (азыр бизде деле ушул абал). Анткени, аларга теориялык билим такыр берилбейт – дейт. **Эмне үчүн мындай? Ким, кандай кызыкчылыктын негизинде, көп акча төлөп, жогорку билим бере турган окуу жайларды, жөн гана компотенция (навык) берип койчу мекемелерге айландырып жатат?** Мындайды илгери СССРде профтех училищалар жасачу эле го. Кантип, азыркы университеттер ошол профтех училищанын милдетин аткара баштаганыбызды сезбей жатабыз (чындыгында, профтех училищалардын окуучуларына деле: тарых, коом, маданият боюнча маалымат берген сабактар берилчү да)? Экинчи жагынан, ошол билимсиз бака-

лаврлардын билимсиздигин чеберлик менен жаап-жашырып койчу алдамчы ыкмалар, “окутуунун инновациялык методдору” деген кооз лозунгдун алдында, суктанарлык туруктуулук менен жайылтылып жатат. Албетте, алар негизинен абдан тажрыйбалуу педагог-окумуштуулардын методикалык табылга-иштелмелери. Бирок, окутуунун негизги куралы – бул, мугалим, бор жана доска экендигин көңүлдөн сырт калууда. **Мугалим өзү билимдүү болсо гана, ар түрдүү методдорду билим берүүнүн куралына айландыра алат.** Андай мугалим, ал тургай өзүнүн жеке методун иштеп чыга алат. Кыргыз билим берүүсүнүн тарыхында Бектур Исаковго окшогон билим берүүнүн канча чеберлери чыккан. Ошондуктан, бардык көңүл: **ар тараптан терең билимдүү мугалимди окутуп, тарбиялап чыгарууга бурулуш керек болчу.** Бизде болсо тескерисинче иш жүрүүдө. Сааттарды кыскартып отуруп, азыр кыргыз тил, адабият бакалаврын чыгарган адистиктеги тил менен адабияттын сааттары, мурдагы филологиянын сааттарына салыштырмалуу, союлуп, жүнү жулунган тооктун жонунда бирин-серин калып калган түктөрдү гана элестетет. **Кайда шашып жатабыз? Каражатты, убакытты эмнеге, ким үчүн үнөмдөп жатабыз?...**

**Инновациялык метод – “зомбилөө системасы” же, маңкурт жасоочу шири.** Азыр мугалимди мүмкүн болушунча билимден өксүтүп туруп, анан колуна түркүн-түстүү оюнчуктарды карматып коюп жөнөтүп жатабыз да. “Бар эми, барып, мектеп окуучуларын эптеп алаксытып, убактысын өткөрө бер” деп. Кашайган чындык мына ушундай. Кийинки мезгилде, адабиятты окутуу методикасынын өзгөрүү тендендиясы байкалып жатат: ал, практиканттын темадагы негизги билим эмне, аны кантип окуучуга жеткирем деп эмес, кантип, көбүрөөк ойнотуп, көбүрөөк сүрөттөрдү презентациялайм деген маселенин үстүндө иштешинен көрүнөт. Мисалы, мындан үч-төрт жыл мурда мен жетектеген студент-практикант “А.Осмоновдун лирикалары” деген теманы отчеттук саат катары өтүп жатат. Ал сабактын 35-мүнөтүндө 4-оюнду уюштура баштады. Башка студенттердин сабагынан мен бул методду көргөм,

цифралар аркылуу ыр саптарын чыгарат. Оюн жок дегенде 5-6 мүнөттү алат, натыйжада 2 же төрт сап ырды чыгарат. Алыкулдун адам жан-дүйнөсүн аңтар-теңтер кылчу лирикалык керемет саптарынын баары көнүлдүн сыртында калды. Студент-практикант методдун артынан методду гана презентациялап жатат. Педагогикалык-этиканы сактап унчукпай отура берүүгө чыдай албадым. Анткени, бул тема балдардын окуучулук өмүрүндө бир гана жолу өтүлөт. Ушул учур текке кетерин көргөндө, чыдабай ордуман туруп, студентти отургузуп коюп, калган сабакты өзүм өттүм. Мында мен адабиятчы катары өзүмдүн мээнетиме күйгөндөн да ошенттим. Алыкулдун лирикалык ырларынын терең мазмуну, көркөмдүк бийиктиги, тилинин, стилинин өзгөчөлүгү, философиясы жөнүндө б.а. биз, адабиятчылар берген билим жөнүндө сөз жок (барган сайын студенттердин көркөм чыгармалардын мазмунун үйрөнүүгө кызыкпай бараткандыктарынын бир себеби, адабият сабагын өтүүдө көркөм мазмунду билүү талабы 2-орунга түшүп калгандыгында десек болот). Азыркы адабият сабагында мазмунга орун да, убакыт да жок. Азыркы талап боюнча убакыттын баары презентациялар үчүн сакталышы жана сарпталышы керек. Айрым куплеттер, айрым саптар гана тиги-бу инновациялык методду көрсөтүүнүн куралы катары колдонулуп жатты. Себеби, азыр, мугалимдин эмгегин инновациялык методду колдонуп жатабы, же жокпу ошого гана карап баалап калышкандыгында жатат. Инновациялык метод – билим берүүнүн жападан-жалгыз жолу катары берилип жатышы кооптондурат. Себеби, инноватор-методисттер сабактан чыгарманын мазмунун “кубалап” салышып жалаң гана методду үйрөтүшүүдө. Метод үчүн метод кыскасын айтканда. Ушундай жол менен билим берүүдөн советтик метод түп-тамырынан бери жок кылынып жатат. Түпкүлүгүндө негизги максат ушу. Натыйжада, жогоруда айтылгандай, сөз менен айтып берилген түшүнүктөрдү түшүнүүгө даремети такыр жетпеген, сөзгө карата аң-сезими кулпуланып калган, түшүндүрүүнү эмес сүрөттөрдү же видеолорду көрсөтүүнү гана күтүп отурган балдар-кыздар студенттик скамейканын 90-95 пайызын ээлешүүдө. Ошентип, жаштарды сөздөн, сөздүн маанисине жете билүү

билиминен алыстатуу процесси жүрүп жатат ("Баарынан мурда Сөз болгон. Сөздүн өзү кудай болгон" Библия). Жаштардын билим алуусуна каршы карөзгөй саясат билим берүүгө ушундай өтө байкалбаган "ууру" жол менен кирүүдө. Болбосо, методика билимге каныктырылып, аны "жеп" алган окуучу кантип билимдүү болуп калганын сезбей калыш керек эле да, а мында, тескерисинче, сүрөттөр аркылуу, же кино ж.б. маанисине жетпей туруп үзүк-үзүк фрагменттерди гана эске сактап калат (ошондой болуусуна "кам" көрүлгөн да). Болбосо, советтик методду инновациялык метод менен айкалыштыруу аркылуу сонун билим берсе болот эле, бирок, инновациялык метод менен чектөө аракети жүрүп жаткандыгы тан калтырат. Биз буга чейин сааттардын ыгы жок кыскартылгандыгы жөнүндө сөз кылганбыз. Чындыгында, ошол аз сааттты да нормалдуу окутуу жок. Ар 50 мүнөттө кирип-чыгышың керек, эки ай окуп-окубай жатып бир жумага токтотулат модуль деп. Дагы ушунча убакыттан кийин, дагы ушундай көрүнүш. Эгерде, аарылар же кумурскалар биздин ушинтип жатканыбызды билишсе, арты менен "күлүшөт" болсо керек эле "булар эмне жиндиби?" деп. Анткени, иштөө ыкмабыз акыл-эси жок, логикасы жок жиндиникиндей болуп жатпайбы. Ал эми жаратылыш эч качан фальцификацияга барбайт. Ошондуктан, кумурскалар менен аарылардын жан багуу ыкмасы түбөлүктүү, дайыма ушундай болуп келген, аягына чейин ушундай боюнча калмакчы (адамзат алардын да түбүнө биротоло жеткиче), анткени, аларга муну өзгөртүү сунушу эч качан өтпөйт. Советтик система – билим берүүнүн программасы чындап билим бере тургандай кылып түзүлгөндүгү менен айырмаланган. Ал аарылардын, кумурскалардын жан багуусу сыяктуу табигый мүмкүнчүлүктөргө жана кызыкчылыктарга эсептелген. Жогорудагы жаңы ыкмалар болсо мугалимдерди билим берүүдөн алаксытып, башка түйшүктөр менен алаксытып коюу үчүн (презентация жана отчет менен) атайлап иштеп чыгылган, жалпы адамзаттын билим алуусуна каршы ыкма. Максат: билим жаштарга жетпей, көмүскөдө калып калыш керек. Глобалисттердин каалаганы ушу: көпчүлүк масса жүзгө чейин санаганды билсе жетишет. Алардын андай максатын ЖАМУда, же, дагы баш-

ка кыргызстандын окуу жайларында ким көзөмөлдөйт? Жанагы, проект жазып, акчалуулардын акчасын алып, кара жанын багуунун гана камында жүргөн долбоорчулар да...

**“Не люди” ойлоп тапкан онлайн... адамзаттын түбүнө жетет?!.** Экономика илимдеринин доктору, профессор В.Катасонов аларды (глобалисттерди) дайыма “не люди” деп тергейт. Мен кошулам ага. Туура айтат. Мисалы, окуучу жана студент ойлоп жүрөт да билим алып жатам деп. Ал эми мектеп, коллеж, университеттерде чыныгы билимди алардан кантип жашырып коюунун айла-амалдары гана ишке ашырылып жатканын билбейт. Буга да алымсынбай эми онлайнды ойлоп табышты. **Онлайн пандемияга байланыштуу келип чыккан окутуунун утурумдук гана формасы деп ишенип алгандар өтө жаңылышат. Бул эми ар кандай шылтоолор менен улантыла берип, акыры биротоло орнотула турган окутуунун барып турган эң алдамчы, эң карасанатай жаман формасы. Ар бир бала бепбекер офлайн билим алала турган кайран мезгил кайрылгыс болуп кетти. Эми ал доорду көзүбүздөн кан аккыча ыйласак дагы кайра кайрый албайбыз. К.Маркс, Ф.Энгельс, В.И.Лениндер кайра туулбайт эми...** Анткени, санариптен чыгып кетүүнүн, же, жолдо түшүп калуунун эч кандай аргасы жок. Мындан сактануунун бир гана жолу бар, ал: технологиядан баш тартып, байыркы жашоого, акча жок мезгилге (товарды натуралай алмашууга) кайтып баруу... Болбосо өнүккөн технологиянын ээлерине кул болуу варианты гана калат.

Ч.Айтматов: “**... Адамдын эс-учун алат деген шумдукту ким ойлоп, кимдин колу барды?”**

Окуучу, же студент өзү окуп жаткан окуу жайдан билим ала албай тургандыгын убагында билбегендей, көп мугалимдер да, ал, окуу жайга сабатсыздыктын үрөнүн чачуу үчүн коюлганын билбей, билим бердим деп ойлоп жүрө берет. Анткени система ошондой уюштурулган, мугалим иштеп аткандай түр көрсөткөн, ыгы жок ашыкча тапшырмаларды аткарууга көмүлүп калган. Ушундан акчалууларда демондук ниет ушунчалык ашынып, аларда адамга таандык сапат калбай калганы көрүнөт. Ошентип, адамзат азыр жалаң демондордон турган абдан коркунучтуу тажаал

топтун колундагы куурчагы сыяктанып калдык. Алар өздөрүнөн кем эмес, ашынган желмогуздай технологиясы менен бардык адам аттууну мээлеп калышты. Андан адамды акыл-эстен ажыратуунун түркүн амалдары, тынымсыз жааган октон бетер адамзаттын башына төгүлүүдө. **“Жерди алса болбойбу, мал-мүлктү алса болбойбу, анчалык душман экен башты алса болбойбу... Адамдын эс-учун алат деген шумдукту ким ойлоп, кимдин колу барды? О жараткан, эгер сен бар болсоң, адамдын арам ниетине ушуну кантип киргиздиң? Мындан башка жер жүзүндөгү кыянатчылык аздык кылдыбы?”** деп, кайран, пайгамбардай болгон жазуучубуз Ч.Айтматов мына ушуну айткан экен да. Өткөндү эмес, келечекти айткан экен да...

**Ал эми Каббалада кандай айтылган?** А дүйнөдө канча миллиард адам жакшы үмүт менен жашап жүрүшкөндүгү аларды ойлонтуп да койбойт. Биз алардын көзүнө: болгону адамдыктын эң төмөнкү тепкичинде турган жексур жандыкпыз, ошондуктан биз, алар атагандай “лишные едоки”, канчалык эрте жоголуп, Жерди аларга канча эрте бошотуп берсек, ошончо жакшы. Жерде өздөрүндөй алтын миллион, аларды тегеректеп-тейлей турган миллиард маңкурт калса болду. Мына глобалисттердин акыркы максаты. Эң жаманы, муну кантип ишке ашыруунун үтүр-чекитине чейин пландаштырылгандыгы жана аны жасаганга алардын күчү, айла-амалы жете тургандыгын, азыр ар бирибиздин башыбыздан өтүп жаткан окуялар көрсөтүп жатат. Булар өздөрү банкирлер болуп туруп, билим берүүгө ушунчалык кастарын тигип жаткандары ошондон, адамзатты – адамдык сапатынан ажыратуунун жолу билим берүүнү токтотууга гана катылгандыгынан улам. **Билим берүү мурдагыдай оң жолдо турса, глобалисттер өздөрү каалаган максатына жүз, миң жылда да жете алышмак эмес.** Ошондуктан, билим берүү менен медицинаны (мамлекеттин негизги иммундук системаларын) азыркыдай кылып ишпалдасын чыгарып жатышат. Глобалисттер үчүн – булар дагы аз. Жанагы калган миллиард дагы, адамдык ой жүгүртүүдөн ажыратылган жана рухий байлыктан куру жалак калган, өз тирилигинен башкага баш оорутпаган, жөн гана керектөөчү болуш керек. Герман Грефтин айтуусуна кара-

ганда, Каббаладагы насаат ушундай имиш: эгерде, адамдар билимди мол алса, алар өздөрүнүн самоидентификациясын түшүнүп калат дагы андай адамдарды манипуляциялоо мүмкүн эмес болот. Ошондуктан, **жалпы эл үчүн маалымат булагынын көзүн жаап, же, аны адамдарды агартуучу күчүнөн ажыратып, таанылгыс кылып ылайлап салыш керек.** Эми түшүнгөндүрсүз, урматтуу окурман, билим берүүчү мекемелерде билим берүүгө атайлап, жасалма тоскоолдуктун коюлуп жаткандыгынын логикасын. Ушул реалдуу фактылар, биз менен сиздин көз каранды эмес мамлекеттин атуулдарыбыз деп кампайып жүргөнүбүз, канчалык деңгээлде иллюзиялуу экендигин көрсөтүп турат. Биздин келечегибизди биздин президент, парламент, өкмөт эмес, Н.Михалков айткандай, бизди такыр билбеген океандын ары жагындагы адамдар ченеп-бычып жатышат...

**Санариптин акыры, бизге түшүндүрүп жатышкандай: жалпы адамдардын жыргалчылыгы, комфорт жашоосу эмес, электрондук концлагер менен бүтө тургандыгы жомок эмес чындык** экендигин көрүш үчүн, адамдар көзүндөгү глобалисттер кийгизген: дүйнөнү кооз көрсөтүүчү алдамчы көз айнекти мүмкүн болушунча эртерээк чечип салып, билим-илимден турган очкини тезирээк кийиш керек, бир аздан кийин кеч, өтө кеч болуп калат...

## МАҢКУРТ ЖАСООНУН АЗЫРКЫ ТЕХНОЛОГИЯСЫ

Ч.Айтматов “Кылым карытар бир күн” романында маңкурт жасоонун байыркы технологиясында негизги предмет шири экендигин сүрөттөгөн. Азыр, жазуучу айткан **шиининин** функциясын “окутуунун инновациялык методдору” аткарат. Бекеринен О.Четверикова бул методго “зомбилөө системасы” деген аталыш берген эмес. Ушундан улам, биздин Ч.Айтматовдун Новель сыйлыгын албагандыгынын себеби түшүнүктүү боло баштайт. Демек, Ч.Айтматов жалпы адамзатты, анын кызыкчылыктарын сатпаптыр. Ал санарипке каршы тура ала турган руханий күчтү, кыргыздын каада-салттарынан көрүп, аны дүйнөгө пропагандалаптыр. Рим клубунун мүчөлүгүндө туруп алган маалыматтарын

адамзатка “дүйнө кыйындары” (глобалисттер) кандай келечек камдап жаткандыктары тууралуу: “Кылым карытар бир күн”, “Кыямат”, “Кассандра эн тамгасы” сыяктуу романдары аркылуу айтып коюптур. Ал эми европада глобалисттерсиз бир да маанилүү маселе чечилбөөсү, эчак эле күн тартибине кирген экен. Ч.Айтматовдун Новель сыйлыгын ала турган жерден албай калышынын себеби ушул да болушу толугу менен мүмкүн...

## КӨЧМӨН ДУХТУН ЖАҢЫ ФОРМАСЫ ЖАНА МАЗМУНУ

Ал эми “Фейсбук”, “Амазон”, “Гугл”, “Майкрософт” сыяктуу жана башка дүйнөлүк желелер жаңы көчмөндү жаратууга абдан ылайыктуу кыртыш түзүүдө. Азыркы балдар өз атаэнесинен, ага-туугандарынан алыстап, дүйнөнүн түрдүү бурчтарындагы теңтуштарын издөөдө, табууда жана ошолор менен болууда. Өзүнүн ата салтынан, өзү өнүп чыккан кыртыштан ушундай жол аркылуу улам алыстап баратат. Ошентип, дүйнөнүн кайсы жеринде болсо да жүрө бере турган жаңы, тоталдуу көчмөн тентимиш даярдалууда...

Биздин балдарыбыз күнү колунан түшүрбөй, түнү койнуна алып жаткан смартфон, айфон дегендерди чыгарып, бизге жөнөтүп жаткандар, өз балдарына аларды күнүнө бир-бир жарым сааттан ашык карматпайт экен. Мунун эки максаты бар: биринчиси, балдарынын ден соолугун сактоо, экинчиси, адамдар менен түздөн-түз баарлашуу тажрыйбасын жоготпоо. Анткени, булардын планы боюнча: келечекте коммуникация жалпы эл үчүн компютер, смартфон, айфон аркылуу гана жүргүзүлүшү керек. Анткени, алар өлгөндөн калган элди керектөөчү катары пайдаланууну көздөп жатышпайбы. Эгер, адамдар бет маңдай сүйлөшүп, мамилелешсе, компютер, айфон, смартфондорду ким сатып алат дагы, бирдикти ким салат? Албетте, буларга талап дайыма болот. Бирок, кожоюндар үчүн ал аз. Аларга күнүгө: көп, ушунчалык көп, бүт дүйнөдөгү адамдардын чачынан, бүт дүйнөнүн сайларынын ташынан да көп, өтө көп сатылып туруш керек. Анткени, капиталисттик аппетит ушундай. Дал ушул максатта билим берүү мамлекеттин

колунан жылбышып, чекеден банкка өтүп жатыптыр. Мамлекет азыр билим берүүнүн ээси эмес, кызмат көрсөтүүчү гана мекеменин ролунда калып, ал эми билим берүүнүн ээлиги – банктарга өтүүсү жакынкы эле келечекте ишке ашат. Урматтуу мекендештер, биз балдарыбыздын смартфон менен айфондорду фетишизировать этүүсүн токтотуп, ата салтын үйрөтө башташыбыз канчалык маанилүү экендигин эми түшүнгөндүрсүз (бул техникалар өзүнөн-өзү күнөөлүү эмес, алар аркылуу адамдарды электрондук кулга айландыргысы келип жаткан глобалисттер менен буларды биротоло жан шеригибизге айлантып, аларсыз жашай албай калган өзүбүз күнөөлүүбүз). Глобалисттердин эсеби боюнча балдардын 10 проценти гана таланттуу болот. Ошолорду гана окутуп, калганын караңгы боюнча калтыруу, натыйжада, билимдүүлөрдү да, билимсиздерди да жеке максаттарына ылайык пайдалануу. Табияттын эсеби боюнча: 10 пайыз таланттуулар Кудайдын долбоорундагы ажайып нерселерди жаратышса, калган 90 пайыз катардагы адамдар, ошол таланттар жараткан ажайып дүйнөнү түшүнгөндөр, ошонун ырахатына батып, адамдык маңызын алардын жардамы менен тереңдеткендер, жакшырткандар болуш керек эле да. Глобалисттер, Кудайдын ушундай планына каршы, өздөрүнүн адамдарды жок кылуу планын коюп, аны санариптин жардамы аркылуу ишке ашыргылары келип жатат...

## ЭСИЛ КАЙРАН СССР, ЭМИ КАЙДАН КӨРӨЛҮ...

Ырас, дүйнөдө Жер планетасын өз менчигине басып алгысы келген күчтөрдүн бардыгы, алардын өз максаттарына жетиш үчүн тынымсыз аракеттенип жаткандыктары жөнүндө, алардын мүчөлөрү ар бир мамлекеттин ичинде, алардын катарында Кыргызстанда да бар экендиги жөнүндө мурда деле айтылчу, бирок, алар орду жок имиштердей туюлуп, көпчүлүк масса, анча деле таңазарыбызга албай жашап келгенбиз. Кантип эле ошондой болуп калсын дечүбүз, ишенчү эмеспиз (чындыгында да ишенүүгө кыйын нерселер жөнүндө айтылат...). Айрыкча "Советтик социа-

листтик республикалар союзу” деген ири державанын курамында жашап, “мамлекет бизге гана кам көрөт, мамлекет бизди багуу, коргоо, кам көрүү үчүн гана бар, билим, илим бардыгы жалпы адамдар үчүн” деген, мамлекет социалисттик гана маңызда болот деген түшүнүктөн анча ажырай албай жүргөн жогорку муун ишенчү эмеспиз. А убагында дал ушу “социалисттик” деген сөздүн маңызына маани бербеппиз. Батыштын сырткы жылтырына алданып, капиталисттик системада деле ар бир адам жыргап жашай алат тура деппиз. Социалисттик маңыздан кутулганга, аны кыйратып, жок кылганга шашыппыз. Ошол маңызды эч бир ичибиз оорунбай туруп, өзүбүздөн шарт алып, “ыргытып” жибериппиз. Көрсө, СССРибиз дүйнөдөгү тең салмактуулуктун тиреги, капитализмди кадимки наркына ылайык иш кылгандан ооздуктап, анын да маңызын социалисттикке жакындоого аргасыз кылып турган эбегейсиз күч болгон тура. Көрсө, бизге окшогон майда элдердин өкүлдөрүнө, өзүн ошондой күчтүү державанын бир бөлүгү катары сезип, көңүл ток жашаганга шарт түзгөн, бизге окшогон артта калган, туташ сабатсыз, кош кабат эзүүлөрдүн алдында кор болуп тебеленген, жок болуп кете жаздаган элдерге бир келген бакыт-дөөлөт, ырыс болгон тура СССР деген. Сөздүн чыныгы маанисинде артта калгандарды сактоочу, коргоочу, өнүктүрүп-өстүрүүчү болгон тура. Ырас, анын да кемчиликтери болгон. Анда да адамдык факторлордон улам каталарга, болгондо да өтө олуттуу каталарга жол берилген. Бирок, ошого карабай негизги багыт, негизги маңыз сакталган. Жеке кызыкчылыктар, жалпы мамлекетти түбүнөн-башына чейин солкулдатып, анын кулап түшүшүнө коркунуч келтире алган эмес. Эң негизгиси, СССРдин мазмунуна, концепциясына сөздүн чыныгы жана бийик маанисинде социалисттик маңыз абдан терең сиңдирилген экен. Пайдубалынан баштап, чокусуна чейин ошол маңыз негиз катары сиңдирилип курулган экен. Сырткы күчтөр акыры ушуну түшүнүп, ошого көздөрү жетип, сырттан күч менен алууга, кыйратууга мүмкүн эместигин билип, узак убакыт бою, өлкөнүн ичинде “бешинчи колонияны” даярдаган тура. Качан өлкөнүн өз ичинде кыйратуучу күч пайда болгондо, ал мамлекетти сактоого мүмкүн эмес бо-

луп калат. Ошондуктан, кыргыз эли “өзөктөн чыккан өрт жаман...” (өзөктөн өрт чыкканда анын өчүрүүнүн бир гана жолу болот: өзүңдү-өзүң өлтүрүүң керек), – дешкен. Баарынан дагы, **ар бир адамдын акысыз билим алуу укугун камсыздоого жетишкени, СССРдеги эң чоң дөөлөт болгон экен...** Эми ушулардын баары чет-четинен көз-көрүнөө эле элден тартылып алынып жатпайбы... Тарыхчы А.Фурсов айтат: “мен азыр окутуп жаткан студенттердин арасында 1969-жылы төрөлгөн, жашы чоң студент бар. Ошол эмне айтсаң, ошонун баарын өз деңгээлинде түшүнөт. Ал эми жаштар эч нерсе билбейт, түшүнбөйт, түшүнүүгө аракет дагы кылбайт. Бир жолу таксиге отуруп калып, таксист экөөбүз көпкө аңгемелештик. Коштошордо кайсы окуу жайды бүткөнсүз? деп сурасам, менин суроомо таарынуу менен жооп кайтарды: “мени эмне шылдыңдап жатасызбы, онунчу классты эле бүткөмүн” деп. Мына советтик он жылдыктын күчү. Аны эми кайрылгыс кылып жоготтук”. Ушул улуу жоготуу, мурдагы социалисттик өлкөлөрдүн баарына таандык. Кайран СССР, кайран социализм, эсил кайран өлкөм, эми кайдан көрөйүн өөх, бир ууч шүмшүктөрдүн айынан ушинтип кор болмок беле, ушинтип жок болмок беле адамзат...

## СУВЕРЕНДҮҮЛҮКТҮН БИЙИК БААСЫ

Асылган оору албай койбойт дегендей, кызыккан күчтөр акыры СССРди кулатып тынышты. СССР 15 майда-чоң республикаларга ажырап-чачырап кетти. “Суверендүү болдук” деп “кыйкырган” боюнча, республикалар ар кими өз түшүнүгү жеткенинче, колунан келгенинче суверендүү мамлекет болуп кайрадан курулуп жатышты. Бирок, суверендүүлүк деген биз ойлогондой оой-олтоң эместигин эми-эми гана чындап аңдай баштадык сыяктанат. Көрсө, биз эмес, Россия көп маселелер боюнча дегеле суверендүү эмес экен. Биз араңжан мамлекетибиз менен бирге өз согубузга кайнап, башыбыз менен башмалдак атып, кара жаныбызды багуунун түмөн-түйшүгүнөн бошой албай жүргөнчө, дүйнө жаман жакты көздөй ушунчалык катуу өзгөрүп кетиптир.

"Ааламдагы бардык нерсе жалпы адамзаттын кызыкчылыгына кызмат кылат" деген гуманитардык концепция таптакыр күчүн жоготуптур, дүйнөлүк ири держава Америка адам эркиндигинин, сөз эркиндигинин тиреги болууну токтотуптур, мыйзам бир эле Кыргызстанда эмес, бардык өлкөлөрдө эле акчалуулардын жетим жүгүрүгүнө айланыптыр, билим берүү – билим берүүгө эмес, адамдардын башын айлантып, адамды адамдык негизги сапатынан: ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүнөн ажыратуу максатында иштеп калыптыр. Мамлекеттердин үстүнөн башкарып, аларсыз, алардын тагдырын чече турган, чечүүгө камынган аракет күчүнө кирип, анын темирдей чеңгели АКШ, Россия, Кытай сыяктуу гигант мамлекеттердин "денесине" кандуу тырмагын матыра баштаган экен. Дүйнө ушундай абалда турса, кичинекей, экономикалык, социалдык, идеологиялык туташ кризисте турган кыргызстандын суверендүүлүгүнүн абалы кандай болору өзүнөн-өзү түшүнүктүү да. Мисалы, 2008-жылы жарык көргөн К.Акматовдун "Архат" романында Адилет менен кытай Компартиясынын биринчи катчысынын ортосунда мындай сөз болот: "Ыйык Миларепанын бирден бир максаты – адам дилиндеги тазалык менен адилеттиктин уругун өнүктүрүп өстүрүү болгон экен.

... Демек менин дагы ошол жолго түшүүм милдет. Болгондо да оор милдет. Анткени, ыйык Миларепа сыяктуу адамзааданын жүздөгөн генийлеринин аракети менен кишилерди Адам болуу жолунда тынымсыз өйдө сүйрөп келаткандарына карабастан, **акыркы бир эле кылымда кайра артка кетүү өтө күч алды. Ушул тейи менен адам ылдый кулай берсе, анда "Комитет 300 дүн" жашыруун пландары алдыдагы элүү жылда эле ишке ашчудай, таксыр. ...**

Өткөн эле жылдын аягында Нью-Йорктун Манхеттенинде "Комитетчиктердин" жаш муундары чогулуптур. Британиянын принци баш болуп, Лондондон бир "Боинг" жаш төбөлдөр учуп келишип, Кошмо штаттардын мультмураскерлери менен бирдикте кеңеш өткөрүшүптүр. Кеңеште комитеттин "Отчет Глобал-2000" деген программасындагы "Адамдардын мүнөзүн өзгөртүү боюнча Тависток институтунун илимий сунуштарын" карашкан. Андагы биринчи

маселе – көп өлкөлөрдө наркозаттарды колдонууну мыйзам түрүндө легалдаштыруу экен.

Ал үчүн башка континенттердин жаштарына үлгү катары адегенде Европанын бир нече шаарында наркозаттарды студенттик жана жумушчу ашканаларында, көчөдөгү кафе, ресторандарда иче турган сууга, тамак-ашка, суусундуктарга расмий түрдө кошуп берүүнү башташат. Лондондо мисалы, биринчи болуп атайын наркобарлар ачылды.

Экинчи маселеси: мал менен жана жашы жете элек балдар-кыздар менен жыныстык катнашуу, аялдардын-аялдарга, эркектердин-эркектерге үйлөнүүсүн, алардын "үйбүлөлүк укугун" көп мамлекеттер расмий каттоого жана колдоого ала баштамакчы. Буга кошумча катары: "бир үйбүлөдө бир гана бала" ураанын бүткүл дүйнөгө кеңири таркатуу. Ушулардын эсебинен жер шарындагы адамдардын санын зордуксуз жол менен, мурдагы пландаштыргандай эпидемия таратуу, химиялык заттарды колдонуу, "Ибилис секталарын", "кара сыйкыр борборлорун" түзүү жолдору менен гана элдерди кырбастан, алардын санын, мына минтип "жумшак", "гумандуу" жолдор менен дагы кыскартууга жетишүү. Башкача айтканда, "Комитет 300 дүн" мүчөлөрүнүн бала-бакыра, укум-тукумун жана алар жашоого ылайым эткен гана төбөлдөрдүн алтынга бөлөнгөн, жомок турмушун камсыз кылып туруш үчүн жер үстүндө бар болгону бир миллиард кана киши калтыруу. Ошондо дагы ал жумушчу күчү тандалган гана төрт өлкөдө күндүзү иштеп, түнкүсүн наркобарларда, рок музыка угуп, порнофильмдерди көрүп эс алуусу керек. Баардыгы тең үй-бүлө күтүп, балалуу болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылат. Анткени, бара-бара алар дагы киборг-робототодоиддер менен толук алмаштырылмакчы ..." (К.А.3-т. 409-410-беттер).

Жогоруда келтирилген фактылардын бирөө дагы жазуучунун кыялый дүйнөсүнөн жаралган көркөм фантазия эмес, карандай реалдуу фактылар. К.Акматовдун аталган романынын башка бир жеринде тибеттин качык Далай Ламасынын ордунда отурган Далай Лама бийликте убактылуу эмес, биротоло отуруш үчүн Тибеттин өзүнүн каада-салттарын жоюп, дүйнөлүк модалуу тенденциялардын баарын өлкөсүнө киргизип, бир кездеги Тибеттин энер-

гетикасы күчтүү ыйык жерлеринин, таштарынын баарын туристтерге тебелетип ишпалдасын чыгарып жаткандыгын көрсөткөн. Ал эми өлкөнүн чыныгы ээси Далай Лама XIV болсо, өзүнүн креативдүү ой жүгүртүүлөрү менен бүт ааламдын акылмандарын өз оозуна каратып олтургандыгы реалдуу факт. Бирок, өз жергесине анын кымындай пайдасы жок. Анткени, азыркы тибеттиктердин андай зор акылмандын акылы менен иш алып барууга даремети жетишпейт. "Архатта" тибеттиктерди өздөрүнүн түпкү фундаменталдуу философиясынан тайдыруу үчүн кандай иш-чаралар өткөрүлгөндүгү сүрөттөлгөн ...

## АДАМ БОЮНЧА КАЛУУ ҮЧҮН КҮРӨШҮҮ КЕРЕК...

К.Акматовдун аталган романында: азыркы кыргыздардын да байыркы бабалары калтырган улуу салттарын түшүнүүгө, карманууга жөндөмсүз болуп, көр оокаттын көйүнө түшүп, ушунчалык майдаланганын көркөм фактылар аркылуу көрсөтөт. Тилекке каршы бир эле кыргыздар ушундай эмес, адамдын акыл-эс жактан артка кетүү трагедиясы, азыр бүт дүйнөнү кучагына алды... Биз ушуну түшүндүк, демек, артка кетүүнү токтотуп, Адамды кайрадан ачып, адамдыкты өнүктүрүүнү гана көздөгөн, ата-бабаларыбыздын жолоюна кайта түшүү үчүн күрөшкө аттанышыбыз керек...

# ШИЛТЕМЕЛЕР


1. Өмүралиев Ч. Теңирчилик, Б.: -1994, 34-б.
2. Акмолдоева Ш.Б. “Манас” ааламы. Б.: 2003, 25-б.
3. Кыдырбаева Р.З. Эпос “Манас”: Генезис. Поэтика. Сказительство Б., -1996, 18-б.
4. Борбугулов М. “Манас” эпосу: башаттары, эволюциясы Б.: 2004, 17-б.
5. Борбугулов М. “Манас” эпосу: башаттары, эволюциясы Б.: 2004, 18-б.
6. Кайыпов С.Т. Жылга бергис жарым күн. Б., -2006, 100-б.
7. Сулейменов О. Аз и Я, Алма-Ата, 1990, 571-б.
8. Сааданбеков Ж. Философия эпоса “Манас” Б.: 2020, 62-б.
9. Сааданбеков Ж. Философия эпоса “Манас” Б.: 2020, 46-47-б.
10. Сааданбеков Ж. Философия эпоса “Манас” Б.: 2020, 53-54-б.
11. Сулейменов О. Аз и Я, Алма-Ата, 1990, 567-б.
12. Сулейменов О. Аз и Я, Алма-Ата, 1990, 570-б.
13. Сулейменов О. Аз и Я, Алма-Ата, 1990, 571-б.
14. Жусупакматов Л.Дж. Структура пиктографических текстов петроглифов Саймалы-Таша Ош, -2006, 279-б.
15. Сааданбеков Ж. Философия эпоса “Манас” Б.: 2020, 88-б.
16. Бөкөшев Ж. Окуя өтөт, ой калат. Б.: 2013. 144-б.
17. Кадыров Д. Уңгу талаа таануу Б., -2014, 339-б.
18. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. –Б. 187-б.
19. Безертинов Р.Н. Древнекыргызская религия “Тенгрианство” Казань, 2006, 107-б.
20. Сааданбеков Ж. Философия эпоса “Манас” Б.: 2020, 65-б.
21. Сааданбеков Ж. Философия эпоса “Манас” Б.: 2020, 48-49-б.
22. Нурушев Э. Айтматология: “Жамыйла” жана улуттук эрос. Б.: 2018, 32-б.
23. Нурушев Э. Айтматология: “Жамыйла” жана улуттук эрос. Б.: 2018, 100-101-б.
24. Поппер К. Бүтпөс изденүү Б.: 1999, 234-б.
25. Турсунов Э. Куран. Кыргызстан басмасы, Бишкек – 1991, 20-б..
26. Безертинов Р.Н. Древнекыргызская религия “Тенгрианство” Казань, 2006, 142-б.
27. Бөкөшев Ж. Окуя өтөт, ой калат. Б.: 2013. 28-б.
28. Айтматов Ч. Чыгармаларынын беш томдук жыйнагы. 2-том. Б., -1999, 35-36-б.
29. Гумилев Л.Н. Этногенезис жана жердин биочөйрөсү. Б.: 1991, 60-б.
30. Гумилев Л.Н. Этногенезис жана жердин биочөйрөсү. Б.: 1991, 338-б.
31. Нурушев Э. Айтматология: “Жамыйла” жана улуттук эрос. Б.: 2018, 68-б.
32. Кыргызы на мировой исторической арене. Сост. Талканов Э., 2013. 32-б.
33. Нурушев Э. Айтматология: “Жамыйла” жана улуттук эрос. Б.: 2018, 48-49-б.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Абдылдаева Т.Ч. Дин философиясы Б.: 2019
2. Акматов К. Чыг. 7 томдук жыйнагы Б.: 2012
3. Акмолдоева Ш.Б. "Манас" ааламы Б.: 2003
4. Айтматов Ч. Чыгармаларынын беш томдук жыйнагы Бишкек-1999
5. Айтматов Ч., Шаханов М. Аскада калган аңчынын ыйы (Кылым кыйырындагы сыр ачуу) Бишкек-2001.
6. Айтымбетов О. Көкө Тэңир Б.: 2006
7. Безертинов Р.Н. Древнекыргызская религия "Тенгрианство" Казань 2006
8. Борбугулов М. "Манас" эпосу: башаттары, эволюциясы Б.: 2004
9. Бөкөшев Ж. Кыргыз философиясы. Б.: 2013.
10. Бөкөшев Ж. Окуя өтөт, ой калат. Б.: 2013.
11. Бөкөшев Ж. Салт жана салттуу билимдер. Б.: 2014.
12. Бубер М. Два образа веры М.: 1999
13. Буркхардт Я. Культура. Возрождение в Италии М.: 1996
14. Вашингтон Ирвинг Жизнь Магомета М.: 1990
15. Гумилев Л.Н. Древние тюрки М.: 1993
16. Гумилев Л.Н. Этногенезис жана жердин биочөйрөсү. Б.: 1991
17. Есенберлин Ильяс Кочевники Алма-Ата 1980
18. Жашыл китеп. Кыргыздар дүйнө элин жакшылыкка алып барат Бишкек-2004
19. Жусупакматов Л.Дж. Структура пиктографических текстов петроглифов Саймалы-Таша Ош-2006
20. Жусупакматов Л.Дж. Петроглифы Саймалы-Таша как объект пиктография Ош-2006
21. Иманалиев К. Улуулукка таазим Бишкек-2017
22. Иманалиев С.С. "Манас" эпосундагы адам болмушу Бишкек-2014
23. Иманалиев С.С. Тайтору, тарых, философия Бишкек-2018
24. Ибраимов О. История кыргызского государства Бишкек, 2015
25. Кадыров Д. Уңгу талаа таануу Бишкек-2014
26. Кайыпов С.Т. Түркияда жашаган Памир кыргыздарынын макал-лакаптары Бишкек-2017
27. Кайыпов С.Т. Туркияда жашаган Памир кыргыздарынын кошогу Бишкек-2017
28. Кайыпов С.Т. Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты 3томдук Үрүмчү, 2016
29. Кайыпов С.Т. Жылга бергис жарым күн Бишкек-2006
30. Кайыпов С.Т. Жок жерден жомок жаралбайт Бишкек-2011
31. Кэмпбелл Дж. Мифический образ М.: 2002

32. Кыдырбаева Р.З. Эпос “Манас”: Генезис. Поэтика. Сказительство Бишкек-1996
33. Куран Перевод смыслов и комментарии В.Порохова
34. Куран Кыргыз тилине орусчадан которгон Э.Турсунов
35. Кыргызы на мировой исторической арене.
36. Кыргыздын улуттук каада-салты, үрп-адаты Бишкек-2012
37. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки Ф.:1973
38. Лосев А.Ф. Философия. Мифология. Культура. Москва, 1991.
39. Махмут Кашгари Дивану лугати-т түрк 3томдук Которгондор: Абдувалиев И., Ахматов Т., Оморов А., Султаналиев И., Толубаев М., Бишкек-2013
40. Махмут Кашгари: Ырлар, макалдар, уламыштар жана тил теориясы. Которгон жана түзгөн А.Оморов Жалал-Абад-2016
41. Мурад Аджи Кыпчактар Москва, 1994
42. Мэнли П.Холл Энциклопедическое изложение герметической, каббалистической и розенкрейцерской символической философии Тайные учения всех времен М.: 1993
43. Нурушев Э. Айтматология: “Жамыйла” жана улуттук эрос. Б.: 2018
44. Поппер К. Бүтпөс изденүү Б.: 1999
45. Четверикова О. Цифровой тоталитаризм.
46. Сааданбеков Ж. Философия Чингиза Айтматова Бишкек-2013
47. Сааданбеков Ж. Философия эпоса “Манас” Б.: 2020
48. Сведенборг Э. Мудрость ангельская о божественной любви к божественной мудрости Киев 1997
49. Макс Вебер Избранное Образ общества М.:1994
50. Сулейменов О. Аз и Я Алма-Ата 1990
51. Матикеев К. Боробордук Азия Манас доорунда Ош-1995
52. Сайф ад-дин ибн Дамулла Шах Аббас Аксикенти жана анын уулу Нооруз-Мухаммат (Нурмухаммат) Тарыхтардын жыйнагы (“Мажму ат-таварих”) Б.: 2016
53. Сыдыков Ж. Байыркы кыргыз эли – кыргыз тили Бишкек-2002
54. Токоева Г.С. Кыргыз философиясындагы адам болмушу Б.: 2015
55. Токтогазиев Т. Тибетте жашаган кыргыздар Б.: 2014
56. Тойнби А.Дж. Постижение истории М.: 1991
57. Чичерин Б.Н. Наука и религия М.: 1999
58. Фетгуллах Гюлен Пророк Мухаммед венец рода человеческого Бишкек-2014
59. Фрезер Д.Д. Фольклор в ветхом завете М.: 1990
60. Эшиев А.М. Батыштагы Байыркы түрктөр Ош-2008
61. Эшиев А.М. Орто кылымдык орток түрк жана Иран-Тажик поэмасындагы интеграциялык процесстер: гумандуулук идеялары Бишкек-2008

62. Эшиев А.М. Древний SACRI мир ... (этно-код концепция) Бишкек-2014
63. Эшиев А.М. Манастын улуу кыргыз мамлекети: рухий дүйнөсү, идеологиясы, геосаясаты, маданияты. 1-китеп. Б.:2014
64. Эшиев А. Истоки и параллели в эпосе “Манас”
65. Эгембердиев Р. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин төркүнү (этимологиясы) Бишкек-2016.

*Илимий-популярдуу басылма*

**Чокоева Д.М.**

**"КУДАЙ, ДИН, САЛТ ЖАНА САНАРИП"**

*Редактору* **Гүлбайра Ашимбаева**
*Корректору* **Майрам Нурматова**
*Жасалгасы* **Хуррам Газибаев**

ЖИ "Буланов А" басмаканасында басылды.
Нускасы 5000 д.